ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧУ УУЛУ

# СЫЙНАТ



ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧУ УУЛУ

# СЫЙНАТ

*Роман*



«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2020

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
О 87

*Бил китепти басмадан чыгарууга каржылык жардам көрсөткөн Чолпонбай айыл аймагынын депутаттарына ыраазычылыгымды билдирем.*

*Автор*

О 87 **Отунчу уулу Элүүбай.**
**Сыйнат:** Роман. – Б.: «Улуу Тоолор», 2020. – 288 б.

ISBN 978–9967–29–285–7

Китепке кыргыздын сыймыктуу кыздарынын бири – Социалисттик Эмгектин Баатыры Сыйнат Садыкова жөнүндө документалдуу баяндар кирди.

ISBN 978–9967–29–285–7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

© Отунчу уулу Э., 2020



# БИРИНЧИ БАП

1974-жылдын жазы. Сыйнат эмнегедир эрте ойгонду. Кең керебет, мамык төшөк, куш жаздык. Жашыл шоола чачкан шам бөлмөнү ала көлөкөлөп турат. Терезенин ачылган кичине торчосунан сирендин жыты буркурайт. Аны ушул төрт кабат чоң үй жаңыдан курулуп бүткөндө апрель айынын башындагы жаандуу күндөрдө тургундар ишембиликке жабыла чыгышып, арык бойлото отургузушкан эле. Эми ал өзүнөн-өзү көбөйүп, дүпүйгөн бакка айланган. Жыл сайын жазында гүлдөп, тургундар андан кучак-кучак дестелерди жасап, майрам күндөрү көчөгө алып чыгышат, бөлмөлөрүнө апкелип кооз вазаларга салып, суу куюп коюшат. Анын жагымдуу жыты мээ сергитип, көңүлдү кушубак кылат. Сыйнат да элчилеп сирендин эки-үч бутак гүлүн Москвага Жогорку Кеңештин сессиясына барганда Кремлден сатып алган кооз вазасына салып, терезеге коюп койгон. Анын суусун тез-тез алмаштырып, кооз гүлүнөн, керемет жытынан ыракат алат.

Сандыкчанын үстүнө койгон саатына кол сунуп карап көрдү эле, жебеси төрт жарымды көрсөтүп чыкылдайт. Аңгыча алыстан күкүктүн үнү угулду. Бир аздан кийин булбул сайрай баштады. Эми анын уйкусу биротоло ачылды.

Ал Таластын Кара-Буура аймагындагы Сарымсакты өңүрүндө карапайым үй-бүлөдө 1917-жылы төрөлгөн.

Атасы Садык Мырзалы байдын койчусу, апасы Кыйбат байдын жалчысы болуп күн көрүшкөн. Чоң энеси Турду күйөөсү Өмүр өлгөндөн кийин төркүндөрүн пааналап көчүп барган экен. Сыйнаттын эсинде – жыртык кара алачык, «кирди жакшы жуубайсың» деп алкынган байбиченин апасы Кыйбатты урушканы, «улакты кайда жоготтуң?» – деп Мырзалы байдын үксөңдөп, атасы Садыкка камчысын тап кылганы, уулу Мырзалы байга сурданып, ордунан атып турганда, чоң энеси Турдунун «Кой, айланайын, улуу кишиге кичүү каяша айтчу эмес. Сабыр кыл, садагасы. Баарын Жараткан Алла өзү көрүп турат. Ачууңду бас!» – деп каргылданып ыйламсыраганы калган эле. Атасы Садык тиштерин кычыратып тим болгон. Анан Кошмамбет бий баштаган Анабаарын туугандары келип, Чымкент айылына, байыркы журтка көчүрүп кетишти...

Сыйнат бир капталына оодарылып, ата-энесинин бай менен байбичеден көргөн кордугу, кедейлиги анын көкүрөгүндө өчпөс так болуп калганын ойлоп оор үшкүрүп онтоп жиберди. Эгерде жаңы заман болбосо, эл теңчиликке жетпейт эле. Мүмкүн алардын бүт өмүрү байлардын эшигинде өтмөктүр... Бирок тагдыр аны жаңы заман менен замандаш кылып, анын бардык ысык-суугун, ачуу-таттуусун, мээнетин, ызат-урматын көрүп, мына эми улгайып, чачын ак аралады...

Анын оюн алысыраакта бак жактан чыккан күкүктүн дабышы алаксытты. Ал тынымсыз «Күк-күк, Күккүк, Күк-күкк» деп үн салып жатты. Апасы айтты эле: «Бул куштун аты Күкүк эмес, Зейнеп. Алар эжесиңди болушкан экен. Анан бир замандарда биринен бири адашып калып, Зейнеп эжесин издеп күнү-түнү анын атын чакырат экен. Күкүк болсо дагы бир жерде күнү-түнү «Зей-непп, Зей-непп» – деп какшап биринбири табыша албай жүрүшөт экен».

Терезенин ачык турган көзчөсүнөн сирендин жытын ала келген жибек жел Сыйнаттын жүзүн сылап өттү да, күкүктүн дабышын басып жакын жердеги дарактан булбулдун таңшыгы башталды. Бул эмне деген керемет, ыя?! Бир кайрыгынан бир кайрыгы артык угулган таңшык жаныңды жыргатып, көңүлүңдү көкөлөтөт. Башка паренделер да сайрап жатат. Булбулдун таңшыгы алардын баарын басып өтүп, таң бешигин терметет...

Бир маалда көчө шыпыргандардын узун чий шыпыргылары менен асфальтты бир калыпта сыдырып шуулдата шыпырганы угулуп, анан көп өтпөй суу чачкан оор машиналар жайбаракат өтүп, аба бир азга чаң жыттана түштү.

Сыйнат акырын туруп, халатын кийип, терезеге басып келип, парданы ачты. Жуулган көчөнүн айрым жерлери чөөт болуп, кир суулар жолдун чет жакасын карай жылтылдай агып, сиңип жаткан экен.

Көчөнүн эки жагындагы жан жолдон жумушка эртелеп жөнөгөн кишилердин караандары көрүнүп, бирин-бири кубалап каршы-терши өткөн жеңил машиналардын агымы улам көбөйүп, түн тынчтыгы бузулуп, бака-шака, күү-шаа күчөп, ыш менен түтүн жыттана баштады. Эми керели кечке бул кыймыл басылбай түндүн бир оокумунда гана сээлдейт.

Ал муздак сууга шашпай чайынып, сергип алып чоң күзгүгө келип чачын тарай баштаганда, чачынын агы артып, буурул тартып калганын, чачтары мурдагысындай эле коюу жана кайраттуу экенин байкады.

Чекесиндеги бырыштар көбөйө баштаптыр. Сол ка-шынын үстүндөгү узунча так аны селт эттирип, На-рындагы сапарынан келатканда болгон автокырсык-ты эске салды. Ала салып кеткен автобустан жаракат алып, алгач Чолпон-Атада, анан Фрунзеде оор опера-цияга дуушар болуп, бир ажалдан калган эле...

Бир аз тыным алып, көздөрүн жумуп ойго бата түштү. Ооба, көрөр күнү бар экен... Тууган-туушкан-дарынын, жоро-жолдошторунун, замандаштарынын ага болгон астейдил сый-урматы, ак пейилдери ал кыр-сыкты акырындап унуттуруп, илгерки күүсүнө салып койгонун өзү да байкабай калды.

Ал өмүрүндө далай оор сыноолорду башынан өт-көрдү. Алар анын өзүн чыйралтып, бышырып жетил-те берди. Улгайып, эмгек өргүүсүнө чыккандан кийин Республиканын Мамлекеттик архивине катардагы кызматкер болуп орношуп, иштин көзүн таап, өзү-нүн уюштуруучулук, жетекчилик жөндөмдүүлүгүнүн, адамгерчилик касиетинин артыкчылыгы менен бат эле көзгө көрүнө түштү.

Жакында белгилүү коомдук ишмерлердин, атактуу жазуучу, акындардын, өнөр адамдарынын жеке фон-дун түзүү боюнча атайын бөлүм ачылып, анын жетек-чилигине Сыйнатты дайындашты.

Мунун алдында Сыйнатты архивдин директору Бү-бүнур кабинетине чакырып, өзү ордунан элпек туруп, утурлай тосуп күлүп-жайнап учурашты да жумшак креслону көрсөтүп, өзү ага бет маңдай олтурду.

– Эже, ден соолугуңуз жакшыбы? Күүлүү-демдүү жүрөсүзбү? Үй-бүлөңүз жакшы турушабы? – деген су-роолорду жаадырды.



– Баары жакшы, сиңдим. Кудайга шүгүр, эл ка-тары жашап, эл катары күн көрүп жатабыз, – деди да директордун күлүңдөгөн кой көздөрүн, нур төгүл-гөнсүп ажары ачыла түшкөн өңүн таңдана карап, ага кандайдыр бир маанилүү маселе айта турганын сезип, «эмне дээр экен» – деп астейдил көңүл буруп, анын айтар сөзүн күтүп калды.

– Архив кызматкерлеринин Москвадагы жыйыны-на катышып келгенден кийинки эки жумада өзүбүздүн Борбордук Комитеттин жана Өкмөттүн бизге тиешелүү бөлүмдөрүнүн башчылары менен кеңешип, талашып-тартышып, акыры алардын макулдугун алып, өзүбүздө жаңы фонд ача турган болдук.

– Ал кандай фонд?

– Ал жеке фонд деп аталат. Анда белгилүү коомдук ишмерлердин же атактуу жазуучу, акындардын, өнөр адамдарынын, илимпоздордун өмүрүнө, ишине тие-шелүү бардык документтери, сүрөттөрү, каттары, кол жазмалары сакталат.

Биз көңүл бурбаганыбыздан көптөгөн тарыхый баа-луулуктарыбыздан ажырап калып жатабыз. Азыр биз-дин арабызда жашап, иштеп жүргөн улуу адамдарыбыз бар. Алардын айрымдарынын көздөрү өтүп кеткенден кийин уул-кыздары, келин-кесектери, небере-чөбө-рөлөрү мурастардын баркын билбей, сакталган доку-менттерди керексиз деп, ашка жүк, башка жүк болуп бөлмөлөрдүн көркүн кетирет дешип, эски сандыктарга салып караңгы, ным сарайларга же жертөлөлөргө чы-гарып салышат. Анан дагы бир топ жылдар өткөндөн кийин колго кармоого болбой калды деп өрттөп жок кылышат. Ошентип көп мезгилдер өткөндөн кийин аларды таппай жер сыйпалап калабыз. Себеби кийин-

ки муундар ал тарыхка айлана баштаган атактуу адамдардын ким болгонун билгиси, көргүсү, алар урунган буюм-тайымдарга колдорун тийгизгиси, алардын кол жазмаларын, каттарын окугусу келет. Айлап-жылдап архив аңтарып изилдегендердин мурда белгисиз болуп келген жаңы документти таап алганда жүрөгү жарыла сүйүнгөнүн көрүп жүрөбүз го!...

– Ырас айтасың, сиңдим! Мына биздин муун отузунчу жылдары окуп, иштеп, өлкөбүздүн алгачкы кадамдарына күбө болгонбуз. Бизден улуу муундар республиканын пайдубалын түптөшкөн. Эми алардын катары суюлуп баратат.

– Ии, мына, мен дал ошолорду айтып жатам. Дагы да кудайга шүгүр, көптөгөн асыл адамдарыбыздын көздөрү бар. Ошондуктан жеке фонддорду түзүп, алардын баалуу документтерин түгөлү менен архивде сактайлы деп чечтик.

– Эң жакшы чечим болуптур, сиңдим.

– Эми ошол бөлүмдү өзүңүз башкарып берүүңүздү суранам.

– Менби?

– Ооба, сиз!

– Мен силерге жакында эле аралашпадымбы?! Колумдан келер бекен?

– Колуңуздан келишине ишенип турам. Анткени сиз партиялык-советтик жетекчилик кызматтарда узак жылдар бою иштеп, көп тажрыйбага ээ болдуңуз. Эл менен иштөөнүн ыктарын билесиз. Ар кайсы мүнөздөгү, ар кайсы даражадагы кишилер менен сүйлөшө аласыз. Бул ишке сиз өтө ылайыктуусуз. Анткени өтө улгайган, акылман таланттуу жана кексе кишилер



менен сүйлөшүп, аларды баалуу мурастарын архивде сактоонун артыкчылыктарына ынандыруу керек.

– Ырас, ырас, сиңдим! – деди Сыйнат.

– Демек, макулсуз да! – деп директор Бүбүнур ордунан тура калып, Сыйнаттын колдорун кысып, бек кучактап, бетинен сүйүп, жадырап-жайнап сүйүнүчүн жашыра албады. – Мен дал ушинтип макул болот деп ойлогом. Азыр эле буйрук чыгарам. Эки кызматкер кошуп берем. Бүгүндөн баштап ишке кирише бериңиздер...

Анда март айы эле. Эми май айы. Сыйнат бөлүмдүн кызматкерлери Зина жана Жаңыл үчөө көпкө кеңешип, ишти эмнеден баштоо керек деп, ар кимиси өз ойлорун ээн-эркин айтышты.

– Менден бир жаш улуусуз. Жарык дүйнөнү менден мурдараак көргөнсүз. Кана, Зина эже, сөздү сиз баштаңыз, – деди Сыйнат акырын сүйлөп.

– Бир жаш да кеп бекен? Экөөбүз курбалдашпыз, замандашпыз. Өзүң эле башта. Башчынын иши баштоо да – деди Зина жылмайып.

– Мейли, – деди Сыйнат да күлүмсүрөп. – Жаңы ишти баштоо бир аз сүрдөнтүп турганы чын. Директор үчөөбүздү жөн жеринен тандаган жок. Зина – тажрыйбалуу партиялык-советтик кызматкер, педагог. Калеми төшөлгөн журналист. Сүйлөй да билет, сүйлөтө да билет. Жаңыл жаш болгону менен билимдүү. Өтө ийкемдүү, кичипейил, ак көңүл жан. Ошентип үчөөбүз эң алгач кимдер менен иштеше тургандыгыбызды акылдашып алалы. Менимче, өнөр адамдарынан баштасак. Алардын арасында СССРдин, республикабыздын Эл артисттери бар. Алды пенсияга эчак чыгып, карып бара-

тышат. Кыргыздардан биринчи болуп Лениндин ролун аткарган Ашыралы Боталиев менен сүйлөшүп көрсөк кантет. Макул болор дейм. Эгер макул болсо, бул ишибизге да символикалуу акжолтой болор эле. Жаңы заманды Ленин баштабадыбы?!

– Сонун ой болду, курдаш! – деп кубана түштү Зина.

– Мен он алтынчы, сен он жетинчи жылы туулуп, жаңы заман менен тең өстүк. Жаңы менен эскинин кармашын көрдүк.

– Ой, Зина, аны карап эле турбай, өзүбүз кармашпадыкпы. Ал өз башыбыздан өтпөдүбү.

– Ырас айтасың, курдаш. Ал ар кимибиздин башыбыздан өттү...

– Эжекелер, мен Ашыкемдин телефон номерин сураштырып билдим. Адегенде ал киши менен сүйлөшүп алсакпы, же түз эле бара беребизби? – деди Жаңыл.

– Сүйлөшүп алганыбыз оң. Максатыбызды айтып архивдин маанисин түшүндүрүп, макулдатып, анан келгиле деген күнү, убадалашкан убагында баралы. Ал кишиге өзүм телефон чалайын! – деди Сыйнат.

– Бул туура акыл болду, – деди Зина.

Сыйнат Ашыралы Боталиевдин үйүнө телефон чалды. Бир аздан кийин жагымдуу коңур добуш угулду. Сыйнат өзүн тааныштырып, максатын шашпай так түшүндүрдү.

– Сиз макул десеңиз, биз үйүңүзгө барып, кең-кесири сүйлөшүп, иреттеп алсак.

– Жакшы болот, качан келесиңер?

– Бир аптадан кийин, дүйшөмбү күнү баралы. Агачейин сиз шашпай даярданып, эски документтериңизди, сүрөттөрүңүздү таап турсаңыз.



– Ырас айтасың. Эски сандыктардан аңтарып, куржундарды оодарып, байбичем экөөбүзгө иш табылат экен, – деп күлдү Ашыралы.

Мына ошол телефон аркылуу убадалашкан дүйшөмбү күн келди. Сыйнат бул күндү чыдамсыздык менен күттү. Бүгүн ал өзүнүн шериктерин ээрчитип алып атактуу артисттин үйүнө бармак.

Сыйнат жеңил тамактанып, сыйлуу кийимин кийип, кызматка жөө жөнөдү. Жол бою бүгүнкү иштеле турган иштин бардык аки-чүкүсүн элестетип ойлорун бышыктады. Ал башынан көнгөн адатынча иш учурунда пайда болуучу ар кандай абалдарды ойлоп, алардын ар биринде кандай иштерди аткаруу жакшы натыйжаларга алып келерин териштирип келе жатты...

## ЭКИНЧИ БАП

Коңгуроо шыңгыраганда эшикти ачкан байбиче: – Келгиле, сиңдилерим! Силерди Ашыкеңер күтүп жатат, – деп төркү үйдү карай колун жаңсады да, – Оо балдардын атасы, коноктор келди! – деп дабыштады. Байбиченин сүйүнүп толкунданганы анын жагымдуу дабышынан байкалды. Далысы эңкейип, көк ала гүлдүү кенен тигилген узун этектүү көйнөк кийген эткел байбиче Ашыралыны тезирээк чыксачы дегенсип, алды жакты жал-жал тиктейт.

– Оо, келип калдыңарбы? Кана, кана, бери төркү үйгө өткүлө! – деп Ашыралы узун жол-жол кара күрөң кең пижамасынын топчуларын кармалап, төркү үйдүн эшигин кең ачып, ортодогу ак дасторкон үймөлөнүп жасалган чоң үстөлдү көрсөттү. Ал үстөлдү теге-

рете коюлган күрөң булгаары капталган кызыл күрөң орундуктардан орун алууну өтүндү. Сыйнаттын көзүнө Ашыралы байкенин ак чачтуу кең маңдайы, барбагай мурду өзгөчө көрүнүп, баркылдаган коңур үнү жакты. Байбиченин кыймылынан, көз карашынан мээримдүү, жоош экенин байкады.

– Балдардын энеси, чайыңды алып келе сал. Карындаштарым узак жол басып чарчап келишпедиби, – деп жылмайды Ашыралы.

– Жок, байке! Чарчаган деле жокпуз. Кобурашып отуруп кандай келгенибизди байкабай да калдык, – деди Сыйнат.

Анан байбиче менен Ашыралы байкенин бири-биринин атын атабай тергешкенин эсине түйүп койду. «Бул кишилер ата-салтты бекем сакташат турбайбы» – деп көңүлү жылыды. Байбиче чай куюп, Ашыралы пияланы элпектик менен сунуп жатты.

– Чайды шашпай ичкиле. Анан акырындап таанышып алабыз, – деди Ашыралы. Дасторконго көмөч, ар түрдүү таттуу токочтор, шоколаддар, конфеттер, өрүк, мейиз, жаңгак коюлуптур. Сары май, каймак, кефир да бар экен.

Сыйнат чайды шашпай ичип, көмөчтүн даамдуулугунан анын сүт жана жумуртка кошулуп даярдалганын байкады да, таттуу токочторго караганда жагымдуулугун сезди. Чай эки-үч жолу кайталангандан кийин челери нымшып, шоколаддан татышты да, акырындап сөз баштады:

– Ашыке, чын көңүлүңүздөрдөн кучак жая тосуп алганыңыздарга өтө ыраазыбыз. Эми шериктеримди тааныштырып коеюн. Менин оң жагымда олтурган – Зина Мамбетсейитова, партиялык-советтик жетекчи



кызматта иштеген. Райондук газетага редактор болгон. Кесиби боюнча мугалим. Түп районунан. Атасы Мамбетсейит жүгөн, куюшкан, камчынын түр-түрүн өргөн, жылкы баласын ардактаган, колхозго биринчи болуп өткөн адам экен. Чоң атасы Байгазы Матай уулу өтө чоң комузчу болуптур. Атактуу «Сынган бугу» күүсүн ошол киши чыгарыптыр.

Ашыралы таң калганынан Зинага бурулуп, көздөрү бакырая түштү:

– Ошондойбу? Ошол кишинин небереси экенсиң да.

– Ооба, байке.

– Чоң атаңды көрүп калдыңбы?

– Жок. Ал киши өлгөндө атам Мамбетсейит жети жашта экен.

– Оо, кайран киши. Кандай сонун кайталангыс күүнү чыгарган. Анын тарыхын жакшы билем. Карамолдо айтып да, чертип да берген. Уккан сайын уга бергиң келет го, чиркин, андай күүлөр өтө сейрек жаралат, – деп Ашыралы ойго чөктү.

– Молдокем да уккан-көргөнүн айткан чыгар. Ал жаш кезинде чоң атама жолуккан экен. Мен жаш кезимде апамдан көп жолу угуп, жадыма сиңип калганын айтып берсем кантет?... – деп, Зина Ашыралыны суроолуу тиктеди.

– Айта кой, карындашым, айта кой. Баарыбыз эле угалы.

– Байгазы чоң атамдын атасы Матай, Балбай баатырдын иниси болгон. Байгазы чоң атам жашынан ыр-күүгө шыктуу, аш-тойлордон кыз оюндарынан калбаган. Өзү өң-келбети келишкен, сымбаттуу жигит болуптур. Жакшы ат минип, жарашыктуу кийинип жүрчү экен. Оюн-зоок, жыйындарда анын алдына чыккандар бол-

боптур. Ошол кезде Алматыдан докторлук окууну бүтүрүп келген Бектендин үч карындашы бар экен. Улуу карындашы Бурулду – Тоңго, ортончу карындашы Калыйманды – Сарытологойго узатат. Кичүү карындашы Шааркады жети-өгүздүк бардар адамдын бир баласына бермек болуптур. Шааркан акыл-эстүү, сулуу кыз экен. Аны узатуу тоюна Байгазы да келет. Оюн кызыганда кызыйт. Шааркага Байгазы чоң атамдын ышкысы түшүп, тойдо таңшып ырдап, кубулжута күү чертет. Шааркандын көңүлү да ага оойт. Анан экөө жеңелеринин жардамы менен качып кетишет.

Кайындап койгон кызды ала качып, салтты бузгандыгы үчүн Байгазы чоң атамдын урук-туугандары кошо чоң доого жыгылат. Байгазы алган жары Шааркады жасанта кийинтип, экөө келишкен эки торуну минип, Ысык-Көлдүн кайсы жеринде чоң-аш той, белгилүү оюн-шооктор болсо ээрчишип барышчу экен. Кийинки жылы Шааркан кош бойлуу болуп, уул төрөйт. Ал менин атам Мамбетсейит. Чоң энем Шааркандын өмүрү келте экен. Айыкпас дартка чалдыгып, турмушка чыкканына үч жыл болгондо дүйнөдөн кайтыптыр. Чоң атам сүйүп алган жарынан айрылып, комузунун боорун тырмалап, бүк түшүп калыптыр. Атам Мамбетсейит жетим болуп, жеңелери жакшы бакпай, жүдөңкү болуптур. Анан Байгазы атамдын черткен күүлөрүн уккандар: «Күүлөрүң муңдуу экен», – дешет.

Аларга чоң атам: – Кайындуу кызды ала качып, урук-туугандарыбыз менен чоң доого жыгылып, «бир сындым», алган жарым менен моокум канганча узак жашай албай үч жылда колумдан алдырып, экинчи жолу сындым, анан калган жалгыз туягымды жакшылап бага албай, жетим атка кондуруп, үчүнчү жолу



сындым. Анан күүм кантип муңдуу болбосун – дечү экен. Кийин «Сындым» күүсү – «Сынган бугу» деп аталып калыптыр.

– Баракелде карындашым! Асыл адамдын урпагы турбайсыңбы! Чоң атаң Байгазынын күүсү кыргыздын рухун байыткан өлбөс-өчпөс чыгарма. Анын канат-куйругун тарап, толуктап, туу чокуга чыгарган Молдокемдин эмгеги да унутулбайт, – деди Ашыралы.

– Эми экинчи шеригимди тааныштырайын, – деди Сыйнат, – бул сиңдим – Жаңыл Касымбекова, Жети-Өгүздөн. Жогорку билимдүү. Университеттин кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. Биздин фонддун улук архивисти. Өзүмдү да айта кетейин. Атым Сыйнат. Таластан болом. Педагогикалык институтта окугам. Партиялык мектепти бүтүргөм. Мугалим болуп иштедим. Анан көп жылдар бою партиялык-советтик кызматтарда жүрүп, пенсияга чыктым. Азыр архивдин өздүк фондун башкарам.

Сыйнат өзү жөнүндө толук айтпай токтоп калганын байкаган Зина сөздү улап жиберди.

– Сыйнат курбум өзү жөнүндө толук айтпады. Ал Таласта обкомдун аялдар менен иштөө бөлүмүн башкарган. Буденный райкомунун секретары болгон. Кийин бир топ жылдар бою Киров райондук аткаруу комитетин башкарып, бул район республика боюнча алдыңкы катарга чыкканда «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам алган. Бир нече жолу республиканын Жогорку Советине депутат болуп шайланган. СССР Жогорку Советине да депутат болгон.

– Ооба, ооба, бул карындашымдын баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү эле элдин кишиси болгонун айтып турат, – деп жылмайды Ашыралы, – баарыңар азамат

экенсиңер. Таанышып алдык. Дагы бир-эки чыныдан чай ичели.

– Жок, чайга ыразыбыз. Эми келген ишибизге өтөлү, – деди Сыйнат.

– Болуптур! – деди Ашыралы, – Силерди жакшы таанып алдык. Эми биз өзүбүздү тааныштыралы.

– Сизди баарыбыз эле таанийбыз. Элге белгилүү адамсыз, – деди Сыйнат.

– Албетте, сыртымдан көптөр билет. Бирок ар бир адамдын жалпыга белгисиз жактары да болот. Ошолордон айтып берсем жаманбы?!.

– Анда сонун болбойбу! Жан-дилибиз менен угабыз! – деди Сыйнат.

– Мен илгерки кишилерденмин! – деп жылмайып сөз баштады Ашыралы. – Чүйдүн Сынташ деген айылын уккан чыгарсыңар. Мен ошол жерде 1906-жылы, эң эле кедей үй-бүлөдө төрөлгөн экенмин. Ата-энем башкаларга жалданып күн көрүптүр. Боталы, Кутан деген эки бир тууган экен.

1916-жылы эл үркүп калды. Мен анда тестиер болуп калгам. Эгин бышып, сары каймак болуп турган. Ошондо элдин баары талаадан көчүп чыгып, Бел-Саз деген жайлоого бардык. Ал жерде бир айча туруп, анан Кегетинин оозуна жөнөдүк. Ошондо мал айдашып жүрүп көргөн окуяны айтайын. Бир кедей чоң кара өгүзгө жүгүн тегерете жүктөп алып, үстүнө беш-алты баласын отургузуп, бири-биринин колдорун кармаштырып коюптур. Баары чиедей жаш балдар экен. Бир маалда келишкен тору кашка бээнин буту кыпчылып чыкпай калды. Жулкунуп жатып, бээнин буту сынып кетти. Ошол эле замат кишилер аны мууздап жиберишип, терисин сыйрыбай туруп ичин жара коюп, кардын алып



таштады да, этин териси бойдон кескилеп алып кетишти.

Түн болду. Капчыгайдын ичинин баары жылтылдаган от. Уйдун мөөрөгөнү менен жылкынын кишенегени, кой-эчкилердин маараганы, иттердин үргөнү менен улуганы, төөнүн боздогону кайсы экени билинбей, көз чекчейип, уйку качып, жылдыз санап чакчаясың....

Эми үркүн жөнүндө көп айтылып, көп жазылды дечи. Бирок ошол тополоңду башынан өткөргөн ар бир тирүү жандын өзүнүн эсинде калган эзели өчпөс элестер көп болду. Ал өзүң менен түбөлүккө калат турбайбы?! – деп Ашыралы үшкүрүп тыным алды.

Сыйнат анын оор күндөрдү эскерип кейий түшкөнүн байкап сөздү буруп калды:

– Ашыке, андай оор тагдыр элибиздин башына кайра келбесин дейли, кандайча артист болуп калдыңыз, бизге ошону айтып бериңизчи? – деди.

– Макул, макул айтып берейин, – деп Ашыралы жайдары боло түштү. – Өзүм бала кезден оюн-тамашага, сөзгө жакын өстүм. Үйлөнүү тойлорунда, кыз оюндарда жакшы ырдап, оюн-тамашаларга катышканым үчүн эл жакшы көрөр эле. Анан ким үйлөнсө да, мени күйөө жолдоштукка ала барышчу. Анда үнүм коңгуроодой эле. Домбураны да жакшы чертчүмүн.

1926-жыл эсимде. Анда жыйырмага чыккан убагым. «Фрунзеде театр ачылып, артистке кабыл алып жатыптыр» деген кабарды угуп, шаарга келгем. Эмен багынын арасында «Ударник» кинотеатрынын алдында режиссер Николай Николаевич Еленин артист болсом дегендерди сынап жатыптыр. Чогулган эл көп. Бир маалда кезек бизге жетип, Касымалы Эшимбеков экөөбүзгө бир этюдду ойноону тапшырды.

– Бириң базарга буудай сатканы келдиң. Экинчиң баасын келтирип сатып алышың керек. Мына ушул этюдду ойноп бергиле, – деп сунуш кылды.

Биз турган жерде кап да жок, буудай да жок. Касымалы мунун баарын кыймылы менен көрсөтө баштады. Ал кабынын оозун түрүп, эки колдоп буудайын ууч-тап алып сапырып: «Караколдун таш буудай, кана суу ичкен ак буудай!» – деп кыйкырып турат. Мен басып келип, буудайдан алып тиштеп көрүп, көпкө чейин талашып-тартышып, кызыл чеке болгуча кыйкырыштым. Көзүмдүн кыйыгы менен бизди тегеректеген элди карап коем. Алар биздин оюнубузга кызыгып, ар кимиси ар кайсы абалда, бири андан ашып аңкайса, дагы бири эдирейип, дагы бири жылмайса, дагы бири боору катканча күлүп жатат. «Ээ, түзүк эле ойноп жаткан экенбиз» деп коем. «Ыйманыңды жебей, берер жериңди айт» – деп өз баасына чыгарып соодалаштым. Оюнубуз Еленинге жагып калды. Ошол жерден Аманкул Куттубаев, Жапар Садыков деген жигиттер менен таанышттым. Ошентип ошол жылы Фрунзедеги музыкалык-драмалык студияга кабыл алындым.

– Алгачкы аткарган ролдоруңуз эсиңиздеби? Аларды кандай кабыл алышкан? –деп сурады Зина.

– Албетте, эсимде бар, – деди Ашыралы. – 1927-28 жылдарда «Молдо Насириддин», «Кайгылуу Какей» аттуу пьесаларды койгонбуз. Эл аларды абдан жакшы кабыл алды. «Молдо Насириддинде» полковник Хайдардын ролун ойногом. Ал менин тунгуч ролум.

Театр студиясынан кийин кыргыз мамлекеттик театрына кирдим. 1934-42-жылдары кыргыз музыкалык драма театрында иштедим. 1938-жылы Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» пьесасын койдук. Анда башкы ролдордун бири – Искендерди ойнодум.



– Ашыке, сиз операларда көп арияларды аткарып, анан эмне үчүн кийин драма театрына которулдуңуз? – деп суроо салды Жаңыл.

– Абдан туура байкапсың, Жаңыл! – деди Ашыралы, – Операда арияларды талаптагыдай орундатуу үчүн образга киришиң керек. Үнүң бийик жана уккулуктуу болуп, кыймыл-аракетиң да, кулк-мүнөзүң да жарашып турса, угуучуну да сыйкырлап аласың. Болот Миңжылкиевди азыр баарыңар угуп, билип жүрөсүңөр. Анда келишкен бой да, кубаттуу үн да, баатырлык касиет да бар. Ал атайын окууну бүтүрүп, Милandын атактуу «Ла Скала» театрынан стажировкадан өтүп келди. Анын Манасты, Мефистофелди, Борис Годуновду аткарганы бүт дүйнөнү таң калтырбадыбы. Биз куракту у артисттер «өрдөк жокто, чулдук бий» болуп жүргөнбүз да. Анан өзүмдүн чамамды байкадым да, драма театрына которулдум. Ушунум туура болгон экен. Балык сууда сүзгөндөй, канчалык татаал, кыйын образдар болсо, ошончолук кызыгып, кан-жаным менен берилип ойногон сайын моокумум канат.

– Ашыке, сиз кыргыз артисттеринен биринчи болуп, Лениндин ролун аткарып, тарыхта калдыңыз го, дейм! – деди Сыйнат күлүмсүрөп. – Аны аткарууга кантип батындыңыз?

– Оо, Сыйнат карындашым, менин ишиме өтө жогору баа бердиң го?! Ырахмат, ырахмат! – деп Ашыралы кубанганын жашыра албай өңү жадырай түштү.

– Бул менин гана баам эмес, жалпы элибиздин баасы, гезит, журналдар бапырата жазышпадыбы. Театрда шатырата кол чаап, күүлдөп турган көпчүлүктү

көрбөдүкпү, – деди Сыйнат шашпай олуттуу сүйлөп. Ашыралынын жүзүнө кызыл жүгүрүп, кең маңдайы жаркырап, көздөрү жалжылдай түштү. Бетарчысын алып суртунуп, бир аз тыным алды да, Сыйнатты карап ыраазычылыгын билдирди.

– Садагасы, Сыйнат, сен эң жакшы суроону бердиң. Кайсы артист болсо да эң кыйын, эң татаал деген ролдорду аткарсам деп кыялданбай койбойт. Мисалы Шекспирдин Гамлетин аткарсам, же Король Лирди ойносом деп кыялдангандар жок дейсиңби. Бирок ал ролдорду аткаруу үчүн артисттин таланты менен кошо өң-келбети, үн-кубаты, кыймыл-аракети да шайкеш келиши керек. Менин өң-келбетим, дене-боюм Ленинге окшошураак болгонунан уламбы, айтор ойноп көрсөмбү деген ой көп жылдар бою тынчымды алып жүрдү. 1940-жылы Власов менен Ференин «Элдин уулу» деген операсында Фрунзенин образын түзүү үчүн анын революциялык ишмердүүлүгү менен таанышууга Москвага чыгармачылык командировкага бардым. Музейлерден, архивден көптөгөн материалдар менен тааныштым. Москванын театрларын көрдүм. Орустун мыкты актёрлорунун чеберчилигин үйрөндүм. Ленинди ойноп көрүшүм керек деген оюмду дагы да бекемдедим. Бирок кийин согуш башталып, ал оюм аткарылбай кечиге берди. 1946-жылы Кыргыз драма театры Николай Погодиндин «Мылтыкчан киши» деген оюнун коё турган болду. Ошондо Ленинди ойноону мага тапшырышты. Анан Ленин жөнүндө жазылган эскерүүлөрдү окудум. Согуштун алдыңкы жылдарында «Ленин октябрда» жана «Ленин 1918-жылы» деген кинофильмдер тартылган. Лениндин ролун СССРдин Эл артисти Борис Васильевич Щукин аткарган. Мен анын роль атка-



руудагы чеберчилигине айрыкча баа берип, устатым катары эсептедим. Мени Ленинге окшоштуруу үчүн үч гример иштеди. Айткандай, Москвага барганымда Лениндин өз катчысы Фатеева Лидия Александровнага жолуктум. Ал Лениндин музейинде иштейт экен. Ал Ленин жөнүндө билгендерин айтып берди. Режиссёр Свистунов билбегендеримди үйрөттү. Оюн коюуларга бир ай калганда менден уйку кетти. Ээн бөлмөдө Лениндин баскан-турганын, сүйлөгөнүн, бүт кыймылын туурайм. Анын сөз ыргагын үйрөнөйүн деп эл алдында чыгып сүйлөгөн сөзү жазылган грампластинканы кайра-кайра коем. «Ай эми, эл алдында шерменде болбосом экен!» – деп сар-санаага батам. Арыктап, шапайып да кеттим.Анар болсо менин кыйналганымды көрүп, боору ооруп, көздөрү жашылданып ыйлагысы келет. Бирок унчукпайт. Анан оюн мына болот, ана болот деп калганда, Анарым бир күнү мени кучактап маңдайымдан өптү да: «Болду, болду, Ашыке, Ленин болдуң!» – деп ыйлап жиберди. Ошондо жүрөгүм болк этип, денем дүр этти. Анан оюн болду. Эч такалбай, буйдалбай, Лениндин өзү болуп, өзүмдү дал Кремлде отургандай сездим.

Көшөгө жабылгандан кийин кол чабууларды айт. Эл алдына чыксам, зал жаңырып, колдор дуулдай чабылып, баары жабыла туруп кыйкырып турушат. Сүйлөйүн десем сүйлөтүшпөйт. Ошондо өзүмдү эң бактылуу сездим...

– Ооба, Ашыке, сиз абдан бактылуу адамсыз, – деди Сыйнат. – Театр дегенди өмүрү көрбөгөн, илим-билим менен иши болбогон кара тамандын уулу, Октябрдын шарапаты менен кат-сабатын жоюп, кыргыз элинин алгачкы театрын түптөгөнгө катышып, анан бүт дүй-

нөнү дүңгүрөтүп, ач-жылаңач, кембагал бечаралардын башын курап, байлардын бийлигин оодарып таштаган улуу көсөмдүн образын кыргыздын театр өнөрүндө биринчи болуп көрсөткөн адам катары тарыхта каласыз.

– Сыйнат туура айтат, Ашыке. Сиз чынында да тарыхый адамсыз! – деп жылмайды Зина, – мына ошондуктан кийинки урпактарга сиз жөнүндөгү бардык маалыматты чып-чыргасын коротпой сактап коелу деп жатпайбызбы.

– Ырахмат карындаштарым! – деди Ашыралы. – Мен мына Анар менен баш кошконума бактылуумун. Мунун бир да жаман сөзүн уккан жокмун. Ысык-суукту, жаман-жакшылыкты бирге көрүп келе жатабыз. Кабагым-кашым дебей, тамагын даамдуу даярдап, кийим-кечегимди таза жууп, таптап, баптап турат.

– Ал ар бир аял иштей турган иш да, – деди Анар.

– Жо, жок, аял болгондун баары эле ойдогудай иштечү болсо кана, – деди Ашыралы күлүп, – анда ар бир үй-бүлө бактылуу болбойт беле. Канча үй-бүлөнү көрүп жүрөбүз, деги чыры арылбайт.

– Жеңем менен кандайча таанышкансыз? – деди Зина Ашыралынын Анарды өтө жогору баалаганына кызыгып.

– Жана айтпадымбы, оюн-тамаша менсиз өтчү эмес деп. Анан дайыма эле күйөө жолдош болуп жүрсөм, бардык кыздардын көздөрү менде болбойбу. Ошентип, Анарды сынап жүрүп алгам да .... Бул көп сүйлөбөгөн, токтоо, сүйкүмдүү кыз болчу...

– Ийе, мактанып алчы, балдардын атасы! – деп жылмайды Анар. Сыйнат Анардын өз күйөөсүнүн атын атабай, илгерки кишилердей ыйбаа кылып, ийменип турганына таң калып... Издешпей табышкан асыл



адамдар экен деп тамшанып койду. Анан Ашыралыга кайрылды:

– Эми, Ашыке, сизден көп маалыматтарды алдык. Архивдин тартиби ушундай экен. Сиз өз өмүр баяныңызды өз колуңуз менен шашпай жазып бериңиз. Аны да этияттап сактап коёбуз.

– Оо, бул кыйын болот го?!

– Эмнеге?

– Өзүм башынан жазууга жокмун. Оозеки сөзгө көнгөм. Колума калем алдым дегиче чаржайыт болуп, бир да сөздү кармай албайм. Баары кыргый тийген таранчыдай туш-тарапка чачырап, корголоп калгансыйт.

– Анда жазууга шыктуу бирөөгө айтып берип жаздырсаңыз да болот.

– Мейли, ошентейин.

Эшик ачылып, Анар башбакты эле, бышып жаткан эттин жыты бур этти.

– Оо балдардын атасы, эртеден бери жобурай берип кыздарды чарчата турган болдуң. Мен ашканага дасторкон жайып койдум. Келип, даам таткыла! – деп Анар күлүмсүрөдү.

– Ырас кылбадыңбы, балдардын апасы! – деп жылмайды Ашыралы. – Чын эле чарчаткандай болдум. Кана жүргүлө! Калганын анан бүтүрөрбүз.

Чакан ашканадагы үстөлгө саймалуу ак дасторкон жазылып, үстү дүйүм ашка толуптур. Так ортодо таза жуулуп, жылтырата сүрүлгөн чоң-чоң кызыл жана ак алмалар үймөлөнгөн кооз хрусталь идиш, анын жанындагы гүлдүү чоң тарелкада жаңгак, мейиз, өрүк кактары. Боорсок, таттуу токочтор, тандыр нандар, салаттар. Терезе жактагы газ мештеги ак кастрюлда эт бүлкүлдөп, жылкынын эти жыттанат.

Анар абышкасынын жанында чоң чайнекке чай демдеп, ак чыныларга мамил чайдан куюп, улуулата сунат.

– Ичкиле, садагалар! Силер жакшы иш кылат экенсиңер. Агайыңар кайсы бир оюн коердо үй бетин көрбөйт. Гастроль дегени бар. Анда айлап-жылдап жоголот. Эми пенсияга чыгып, ишке жарабай калганда, өткөн күндөрдү ойлоп, ушинтип күчүбүздү чайдан чыгарабыз. Анан агайыңарды эстеп, анын эмгегин урпактарга сактайлы деп келгениңерге төбөм көккө жетип, силерге кандай сый көрсөтсөм экен деп далбастап жатпайымбы!. Кана, шашпай жай олтуруп, кана чай ичкиле, садагалар! Салаттардан жегиле! – деп Анар улам салаттарын жылдырып, кыздардын сылык-сыпаа олтургандыгына алымсынбагансыйт. – Алсаңар, өз үйүңөрдөй көрүп, кенен-кесир эле отуруп ичип-жесеңер!..

– Алып атабыз, жеңе! Пейлиңиздерге ыраазыбыз, – деди Зина.

– Ээ, айланайындар! Биз силерге караганда бир-эки ит көйнөктү мурда жыртпадыкпы. Мындай заман болот деп ойлодук дейсиңерби?!. Келин болуп келгенде мындай дасторконду көргөн эмеспиз... – деди Анар.

Ашыралы жубайынын сөзүн кубаттап башын ийкегиледи:

– Ээ, ал кезде катыкталган ысык жармага курсакты демеп алып, көмөч нандан бурдап жеп, чалаптан кере-кере жутуп, кечке ток жүрө берер элек.

– Анын ырас, карындашым. Согуштун запкысын тарттык. Миллиондогон элибизден айрылдык. Кыйраган айыл-шаарыбызды калыбына келтирдик. Тынчтыктын жыргалы эми гана сезиле баштагансыйт, – деди да Ашыраалы чоң кызыл алманы алып, суктана карап,



тамагын тык эткизип койду. – Бул алманы карасаңар, кечээ эле сабагынан үзүлгөндөй. Тиштээр замат ширеси бырт этип чачырай тургансыйт.

– Чын эле ошондой, – деди Сыйнат жылмайып.

– Каердин алмасы экенин билдиңерби?

– Менимче Көлдүн алмасы. Чолпон-Атада ушундай апорт алмалары бар, – деди Зина.

– Аа, көлдүк экениң билинди, карындашым! – деди Ашыралы кубана жылмайып, – бирок бул Чолпон-Атанын эмес, ошол айылдын жанындагы Бостеринин алмасы. Ал жерде кудам бар. Анын чарбасы толо бак. Апорт алмалары, алмурут, өрүктөрү көп. Апортторун жер төлөсүнө сактайт. Текчелерине эринбей жыйып, ортого суу куюп коет. Анан жайдын ортосуна чейин сопсонун сакталат экен.

– Мен Москвага поезд менен баратып, Рязандын алмасын жеп көрдүм эле. Эмнегедир супсак, даамсыз сезилген, – деди Сыйнат.

– Ооба, ооба, – деди Ашыралы. – Ал жак салкындык кылат. Жаан-чачыны да көп, жери саздак. Ал эми баздин алмалар күндүн нурун каалашынча шимирип, тоо топурагынан азыктанат эмеспи. Ошондуктан даамы таңдайды такылдатат да, – деп Ашыралы алманы жукалап кесип, конокторунун ар биринин алдына койду.

– Кана, Бостеринин апортунан алгыла, анан, мына бул Ысык-Атанын кымыз алмасынан ооз тийгиле, – деп тарам-тарам кызылы бар ак алманы алды.

– Муну жесеңер кымыз ичкендей болосуңар. Кана, Сыйнат, өзүң баштап ооз тийип көрчү!

– Ырахмат, Ашыке! – деп Сыйнат жука кесилген ак алмадан ооз тийип, чынында эле кымыз даамданган ачкылыраак алманын жагымдуу ширесине тамшанды

да, – чынында эле ууз кымыз сыяктанат экен, – деди күлүмсүрөп.

Зина да, Жаңыл да кымыз алмадан ооз тийишип, аны жактырышканын билдире баш ийкешти.

– Бул өзүңүздүн алмаданбы? Өзүңүз тиккен белеңиз? – деп жадырай сурады Жаңыл.

– Ооба, өзүбүздүн айылдын алмасы. Туугандар ала келишиптир, – деди Ашыралы, алманы карс дегизе тиштеп, жайбаракат чайнап, моокумун кандыра ырахаттанып. Анан бир далайга унчукпай башын салаңдатып отурду. Өңү түнөрүп, көзү жашылданды. Анын өңүнүн өзгөрүп, мелтиреп отуруп калганына таңыркаган Сыйнат чочулады:

– Ашыке, сизге бирдеме болдубу?..

Зина менен Жаңылдын өңдөрү да түктүйүп, көздөрүн албай карап калышты. Ашыралы аларды көзүнүн кыйыгы менен карап, акырындып өзүнө келип, жылмайып койду.

– Мага эч нерсе болгон жок. Болгону Үркүн маалындагы бир окуя эсиме түшө калды.

– Ал кандай окуя эле ? – деди Сыйнат кызыга.

– «Бел-Саз» жайлоосунан Кегети жакка өтүп, ашуу аша турган болуп калганыбызда, атам өзөндүн боюнан чепкенинин этегине карагат терип келди, апам шиш менен арчанын түбүн чукулап чогулткан топуракты бир чүпүрөккө түйдү. Анан карагаттан үчөөбүз жеп, калганын жанагы топуракты түйгөн чүпүрөктүн экинчи учуна түйдү. Атам арчанын үч-төрт бутагын сындырып алып, түйүнчөктөр менен кошуп куржундун көзүнө салды. Мен булардын эмнеге керек болорун анда билген эмесмин. Кийин Кытайда жүрүп, аябай куса болуп, эл-жерди эстегенде, ыйлап-сыктап жүдөгөндө,



апам баягы түйүнчөктү акырын алып, топуракты жалатып, анан арчаны түтөтүп, аны жыттатып, отурган жерибизди аластар эле. Кургап калган карагаттын экиүч бүдүрүн берип, тилиңдин алдына салып кой дейт. Апамдын айтканын кылып, карагаттын кагын соро берип, соро берип, көңүлүм кадимкидей ачылып, кусалыгым тарап кетер эле. Ошол карагат кагынын даамы өмүр бою эсимде калды. Мына азыр жеген алмалардын даамы ага жетер эмес...

– Ой, тооба! ... Кызык экен!?.. – деп Жаңыл таңыркады.

– Дагы бир таңкалганым – бир бактын ичинде катарлаш өскөн алма болобу, алмурут, же шабдалы болобу – ар биринин өңү, даам, касиети өзүнчө. Ал эми топурагы, ичкен суусу бирдей. Ушуга акылым эч жетпей койду.

– Ал жаратылыштын мыйзамы да, Ашыке. Дүйнөдө миллиондогон адамдар, миңдеген улуттар жашайт. Биринин кыялы бирине окшобойт. Тагдырлары да ошондой.

– Зина туура айтты, – деди Сыйнат, – өмүр бою партиялык, советтик кызматтарда элге аралашып жүрүп, миңдеген кишилердин тагдырлары көз алдымдан өттү. Бири-бирин кайталабайт.

– Ии, мен ошого, дүйнөнүн ушунчалык татаал жана табышмактуу жаратылганына таңкалып жатпайымбы. Роль ойногондо, каармандардын образдарына сүңгүп кирип, анын кыял-жоругун, ой-тилегин, максатын тереңдеп билгениңде, дал турмуштагы окуянын өзү болуп жаткандай сезилип, башка бардык нерсе унутулат да, көрүүчүлөрдүн кол чабуусу дуу эткенде гана бир жолу эсиңе келесиң...

– Мен бармактайымдан карыялардын сөздөрүнө үйүр болуп, аларды кунт коюп тыңшаар элем – деди Зина, – кээде кемпирлер да илгерки окуялардан айтышар эле. Ошондо бүгүнүн манабы Боромбайдын, Балбай баатырдын кептерин көп эскеришчү. Аалынын «Өлбөстүн үрөнүндөгү» Боромбайды ойногонуңузду үч жолу кайталап көрүп, чыныгы Боромбай манапты көргөндөй ыраазы болгом.

– Ырахмат, карындашым! – деди Ашыралы, – макул десеңер, мен бир-эки оюндан көрсөтүп берейин ээ, Анар, мага көмөктөшчү? – деп казан-аяк менен убараланып жүргөн байбичесин чакырды.

– Кыздарга мактанайын деп жатасыңбы?! – деп жылмайды Анар.

– Эмнеге мактанмак элем, акын ырын окуп берет, сүрөтчү тарткан сүрөтүн көрсөтөт, актер оюн коюп, өнөрүн байкатат да... жүр, мага керектүү кийимдерди бере сал...

Сыйнатка көзүн кысып, жылмайып койду.

– Кыздар Ашыкем аябай ачыла турган болду. Колду аябай чабалы!

– Макул, макул! – дешти Зина менен Жаңыл.

Бир аздан кийин Ашыралы бейкасам чапан кийип, күмүш кур курчанып, суусар тебетейин кулпунтуп, бөлмөдөн жай басып, кабагына кар жаап, жер тиктеп чыга келди да, ортого токтоп түнөрүп турду. Анан кара көк тарткан өңүнө акырындап кан жүгүрүп, көздөрү чакчайып, колдорун асманга арбайта сунуп ачуу кыйкырды:

– О, Богдохан, Кудаярхан! Силер кайдасыңар? Кимиңерге ишенем? Колуңарды сунган болосуңар. Мен минтип жел кармап калдым. Баарыңар жоосуңарбы?



Жакадан алдыңар! Баарыңар бөрүсүңөрбү? Этектен алдыңар.... Бирөөң моминтип таш сайдыңар, бирөөң моминтип алтын чапан жаптыңар. Жардам берем десеңер, үнүңөр угулат, өзүңөр жок. Дабышыңар чыгат, карааныңар жок! Мен кимиңерге ишенем?!. Өз башымды өзүмө көтөртүп отурат... Боромбай! О, Боромбай, сен карайлап калдың! Сенин тууран түгөндү. Сени ким жетелейт? Сен эми кай жакты карап басасың? Сени эми ким коргойт?!. Ким!??.

Ашыралы теңселип, жыгылар-жыгылбас болуп калтырап турду...

Бир азга эч кимден дабыш чыкпай, баары таңыркай тиктеп туруп калышты. Анан шатырата кол чаап жиберишти.

– Ой, Ашыке... Укмуш ойнодуңуз го! – деди Сыйнат.

– Боромбай манаптын өзү болдуңуз! – деди Зина. Жаңыл эч сөз айта албай колун чаба берди. Ашыралы аны ашыра мактап, дуулдашканына сабыр кыла жылмайды да, колун көтөрүп акырын сүйлөдү:

– Бул мен үчүн өтө оор ролдун бири болду. Бугу менен сарбагыштын урушу күчөп, боз үйлөр кыйрап, катын-бала ыйлап, эр өлүп, ериши бузулуп жатканда, Боромбайга анын уулу Зарлыктын кесилген башын алып келишпедиби. Ошондо Боромбай кандай абалда болду? Анын ичи өрттөнүп, жүрөгү кабынан чыга тургандай булкунуп, кандай айла кыларын билбей карайлап калбадыбы. Бул урушту акыл-эстүүлүк менен сабырдуулук менен токтотпосо, эл кырылып түгөт болоруна көзү жеткен Боромбай аты жыгылып, колго түшкөн сарбагыштардын колбашчысы Төрөгелди баатырды өлтүртпөй, аман алып калбадыбы. Ушундай оор күн-

дөрдө кол учун бербеген коңшулардын кыйдылыгын кеч түшүнгөнүнө өкүнүп жатпадыбы. Эки бир тууган элдин өчөштүгүн жакшылык менен боорукердик гана ынтымакка келтирерин сезбедиби. Мына, анын кемен-герлиги! Мен Боромбайды мына ушундай деп билдим.

– Ооба, ооба – деди Зина, – мен секелек кезимде чоң энелер Боромбай манаптын кеменгерлигине там-шанып, биринен-бири өтүп жобурашып олтурушар эле. Ал киши абдан эстүү жол башчы болгон экен...

– Жашым силерден улуу болгондуктан эски доор-дун чет жакасын көрүп калбадымбы. Сарбагыш менен бугунун урушун эски карыялар көп кеп кылышчу. Мен да алардын айткандарын кунт коюп укчумун. Бо-ромбайдын сыйын көргөн, аны кол менен сүрөткө тарт-кан Чокан Валихановдун, орустун атактуу саякатчысы Семенов Тянь-Шанскийдин жазгандарын кайра-кайра окудум. Ошондон улам барып анын кандай адам эке-нин билдим да ! – деди Ашыралы.

Ашыралынын Боромбай манапты бир серпим болсо да көзгө даана элестетип, ал кишинин дал өзү сүйлөп тургандай аткара алган талантына таң калган Сыйнат:

– Ашыке, эми Ленин болуп бериңизчи?! – деп жыл-майды.

– Ленинби? – деп ойлоно калды Ашыралы, – Грим жок да... Бирок аткарса болот! – Ал башын ылдый са-лып, өзүнүн бөлмөсүнө кирди.

– Ашыкемди убара кыла турган болдук го! – деди Зина.

– Тубаса талант үчүн бул убаракерчилик эмес, Зина, – деди Сыйнат, – ал киши өз өнөрүнөн өзү ыра-хат алат...

Аңгыча шыпылдай басып, бир колу менен бөйрөгүн таянып, бир колуна боз шапкесин мыжыга кармаган



Ленин чыга келди да, костюмун чечип олтургучтун сүйөнчүгүнө илип коюп, кара чырмый, ак көйнөкчөн болуп үстөлгө үңүлүп бирдемелерди жазды. Анан ор-дунан ылдам туруп, тыпылдай басып дубалга илинген дүйнөлүк картаны карап көпкө турду.

Бир маалда чукул бурулуп, маңдайын жаркыра-тып, көздөрүн бажырайтты. Анан сол колун чырмый-дын колтугуна салып, оң колун бийик көтөрүп, бүт жер жүзүн имере көрсөттү да: «Бардык бийлик проле-тариатка!» – деген ураанды чакырды.

Сыйнат чындап эле Ленинди көргөндөй болду. Оку-ган китептери, көргөн кинолору элестеди. Мына, бас-каны да, турганы да, сүйлөгөнү да, бардык кыймыл-аракети окшошту.

– Ой, Ашыке! – деп Сыйнат жаркылдап, Ашыра-лынын колун кысты: – Ырахмат сизге! Карындашта-рыңыздын көңүлүн калтырбай, эң сонун өнөрүңүздү көрсөттүңүз. Узак жашаңыз, аке!

Бир аздан кийин Анар алып келген чабадандан алынган эски сүрөттөр колдон-колго өтүп жатты. Эски гезит-журналдардагы макалалар, оюндардын саргай-ган афишалары баарын кызыктырды.

– Мына, Жаңыл, ушулардын баарын иргеп, тактап, орду-орду менен конверттерге салууну өзүң колуңа ал. – деди Сыйнат.

– Макул, эже! – деп Жаңыл ал кужаттардын ар би-ринин сыртына калем менен белги коюп, шыпылдап иштей баштады.

– Ашыке, эми кам санабасаңыз болот! – деди Сый-нат, – мунун баары мамлекеттик архивде этият сакта-лып, кылымдар бою кыргыз элине кызмат кылат.

## ҮЧҮНЧҮ БАП

Архивдин түйшүгү көп. Колго тийген жүздөгөн жана миңдеген ар кандай кужаттар түр-түрүнө, маанилүүлүгүнө карата иргелип, өз-өз орду менен кутуларга, папкаларга, конверттерге салынып, айрымдары көктөлүп, мукабаланып, ар бири тизмеленип мазмуну жазылат. Алар атайын текчелерге жүздөгөн жылдар бою илимий-маданий жана тарыхий мурас, таберик катары сакталат. Ошондуктан архивчилер өтө жоопкерчилик менен иштешет. Ашыралы Боталиевдин кужаттарын иргөөгө бир жума коротуп чарчашса да архивчилер жакшы иш бүтүрүшкөнүнө сүйүнүштү.

– Бүткөн боюмду зил баскандай эсим ооп турат, – деди Зина эң акыркы папканы жаап жатып.

– Мен да чарчаганымды эми билдим, – деди Жаңыл, – бирок абдан кызыктуу болгондуктан эч өкүнбөйм.

– Иш жаңы башталбадыбы, али дагы көп ишмерлердин кужаттары менен таанышып, иреттешибиз керек. Алар азыркыдан да кызыктуу болушу мүмкүн. Андан көрө үйүбүздөн жакшы эс алып келели! – деди Сыйнат жылмайып, – Силерге ырахмат, чын ыкыласыңар менен иштедиңер.

Сыйнат үйгө келери менен чечинип, муздак сууга жуунуп, халатын кийип, креслого отура кетти. Баятан бери кызынын катуу чарчап келгенин кыймылынан да, өңүнөн да байкаган апасы Кыйбат унчукпастан үстөлгө нан, токочторду, өрүк, мейиз, набат, сары май, камкаймак коюп газ меште шакылдап турган чайдөштү алып келип, кызыл гүлдүү чайнекти кайнак суу менен чайкап, – мамил чайдан демдейинби же көк чай ичесиңби? – деп сурады.



– Мамил чай эле ичейин! – деди Сыйнат.

Кыйбат апа чай кашык менен мамил чай салып, кайнак суу куюп, гүлдүү ак тасмал менен чайнекти тумчулап ороп койду.

– Апа, карагаттын кайнатмасы бар беле? – деди.

– Бар, – деди Кыйбат апа. – Азыр алып келем.

Сыйнат чайга карагаттын кайнатмасын кошуп, табын кайтарбастан үстөкө-босток карандай ичкендиктен бир аздан кийин нымшып, дене бою жазылып, көңүлү сергиди. Ошондон кийин гана ал камкаймак менен бир сындырым нан жеди.

– Өзүңдү аясаң боло, кызым!? – деди Кыйбат апа, – мурда күн-түн дебей иштеп жүрдүң. Анда жаш элең, жетекчи элең. Бут оор жүктү өзүңө алып, көксөгөнүңө жетмейинче тынчу эмессиң. Эми өргүүгө чыктың. Жаныңда жардамчы келиндер бар. Ошолорго ылайыктуу көрсөтмө берсең, аткарбайбы?!.

– Алар аткарат, – деп жылмайды Сыйнат, – бирок жетекчи андай кыл, мындай кыл деп отуруп албай, өзү шымаланып кошо иштесе, иш ойдогудай бүтөт да. Ишеним да болот, ынтымак да болот. Мен ошондон ырахат алам, апа! Сиз өз катары өз кызыңызга жаныңыз ачып жатат. Бирок алардын да апалары бар да. Анан баары жанын аяса, кайсы иш ойдогудай бүтөт?.. Кыйбат апа Сыйнаттын жообун ырас көрүп, унчукпады.

– Сатылган менен Айчүрөк кайда? Балдары да көрүнбөйт? – деди Сыйнат, иниси менен келинин айтып.

– Ал экөө Сагындык менен Муратты ээрчитип, Ала-Тоо жакка басып келебиз деп кетишкен.

– Аа, жакшы кылышкан экен. Балдарды ойнотуп келгени жакшы.

– Эртең күн ачык болсо, үй ичин сыртка чыгарып, жууркан-төшөктөрдү күнгө жайып, үйдү бир сыйра ак-тайбыз – дешти.

– Ал экөөнүн колунан келеби? Башка бирөөлөр жардам бербесе, – деди Сыйнат.

– Бурмачачты кыздары менен чакырып коюшту. Алар эртең менен келишет. – деди Кыйбат апа.

– Абдан туура. Бурмачачты, анын кыздарын сагынып жүрөт элем. Жакшы болгон турбайбы! – деп кубанды Сыйнат.

Кыйбат апа идиш-аяктарды алып, үстөлдүн үстүндөгү оокаттардын үстүнө тасмал жапты да, акырын басып чыгып кетти. Сыйнат бир аз олтургандан кийин өз бөлмөсүнө келип, радиону бурады эле классикалык ырлардан концерт берилип, Сайра Кийизбаева менен Кыдырбек Чодронов Семетей менен Айчүрөк болуп ырдап жатышкан экен. Ал Сайранын назик добушун бериле тыңшады. Айчүрөктүн ак куу болуп учканын элестетип, опера театрынан көргөн оюну көз алдына тартылды. Сайра экөө жашташ. Жогорку Кеңештин сесссияларына катышканда катар олтурушуп, далай сырдашып, чер жазышкан. Ал анын үнүнүн жагымдуулугуна, ырчылык зор талантына адамгерчилик, курбулук касиеттерине өзгөчө баа берип, терең кадырлайт. Ал да Сыйнатты көрсө кучактап, ал-абалын сурап, ызаттап турат. Сайранын ыры бөтөрү менен Арстык Мырзабаев Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» пьесасынан Искендердин ариясын аткарды. Анын жагымдуу коңур добушу, сөздөрдү угумдуу жана дайындуу айтканы, өктөмдүгү, шаңдуулугу, азыркы кыргыз



артисттеринин эң алдыңкы катарына чыгарды. Сыйнат эң жакшы ырларды укканына кубанып, концерт дагы улана түшсө экен деп ойлонгуча, радио башка маселеге өттү. Анан ал радионун үнүн өчүрүп, дагы ыр уккусу келип ойноткучту иштетип, текчеде турган ыр табактарды аңтарып, Атай Огомбаевдин ырларын тапты.

– Атай акени угайын, – деп ал, «Ой булбул», «Күйдүм чок», «Гүл» деген ырлары жазылган ыр табакты ойноткучка койду да, диванга чалкалай олтурду. Ошол замат Атайдын созолонгон, эч кимге окшобогон керемет муңдуу үнү бүткүл сезимди ээлеп алды. Ал чын ыкыласы менен жүрөгүндөгү ымандай сырын аңтарып төгүп таштады. Чиркин ыр бирде пастап, бирде жогорулап созулуп, ар бир кайрыгы жүрөгүңдү титиретет. Ээн талаада жалгыз калган ботодой боздоп, буркурайт. Ана, бадырайган капкара тунук көзүнөн тып-тып этип жаш тамды... Желаргы тегиз өсүп келаткан боз күрөң жүндөрүн үлпүлдөттү...

Сыйнат Атайдын ырларын эң алгачкы уккан күнүн эстеди. Анда ал Талас обкомунун аялдар менен иштөө бөлүмүн башкарып, кызматына жаңы эле киришкен. Обкомдун биринчи катчысы Молдогазы Токобаев баш болуп бюро мүчөлөрү менен кошулуп, эл жык толгон залга киришкенде, шатырата кол чабылып, эл дуулдап басылар замат Алымкул төкмө сахнага чыккан. Ал эл менен саламдашып узакка ырдап, Таластын баш-аягын сүрөттөп, анын салкын абасын, шар аккан Талас дарыясын, көк токоюн мактап, Манастын эрдигин даңазалап, анан аяк жагында «Кайгылуу Какейди» жазган Молдогазынын курч калеми өткөн заманды таамай көрсөткөнүн айтты. Эми Талас элин калыс башкарып, жаңы заманды даңктаган чыгарма жазсаң

экен – деп акырын бүтүрдү. Эл Алымкул төкмөнүн ар бир сабынын бири-бирине кынала түшкөн уйкаштыгына, сөздөрүнүн элестүүлүгүнө жана таамайлыгына таң калып, аны көз ачып-жумганча кантип таап, кантип шыңгыраган күмүштөй таптаза добушу менен ырдаганына суктанышты. Молдогазы ордунан тура калып кол чаап, «Бали, Алыке! Токтогул акындын анык шакирти экенсиз. Көп жашаңыз!» – деп кыйкырганда, залдагылардын баары орундарынан жапырт көтөрүлүп, дуулдата кол чаап турушту.

Анан артисттер биринин артынан бири чыгып, ар кимиси өз өнөрлөрүн көрсөтүштү, комуз чертишти, кыл кыяк тартышты, темир комузда ойношту. Бир маалда концертти алып баруучу келин:

– Азыр өзүңүздөрдүн кулунуңуздар, Көк-Кашат деген айылда туулуп-өскөн, Токтогул, Жантакбай, Айдаралы-жөргөлөк сыяктуу улуу таланттардан таалим-тарбия алган Атай Огомбаев өз ырларын аткарып берет! – деп жарыялаганда, эл кубанып дагы дүрүлдөтө кол чабышты.

Ошондо Атай «Күйдүм чокту» аткарып, эл демдерин ичине тартып, бардык көңүлдөр ага тартылып, миңдеген көздөр кадалды. Ал эч бир ырчылардыкына окшобогон, ушул кезге чейин эч кимден укпаган бир укмуш обонун созгондо, өз сүйгөнүнө жете албай муңга батып, зарлап ыйлап жаткандай, улуу махабаттын сырын чыгаргандай сезилди. Үнүнүн тазалыгы, тунуктугу бир укмуш экен. Ырын улаган сайын дагы ырдаса экен, дагы созо түшсө экен дейсиң. Ал ырынын акыркы сабын созуп барып муңканып токтоду да, башын салаңдатып, жерди тиктеп акырын үшкүрдү... Зал жымжырт боло түшүп, анан капысынан тарс жа-



рылды да колдор шатырай чабылып, «Жаша, Атай, жаша!», «Үнүңөн, сенин үнүңөн!», «Дагы ырдап бер!» – деген кыйкырыктар чыкты. Кол чабуу токтобой, зал дүрүлдөп турду. Концертти алып баруучу кара тукаба чырмый, ак көйнөкчөн, үкүлүү кара топу кийген жаш келин чуркап чыгып, Атай менен шыбыраша түштү да:

– Сиздердин өтүнүчүңүздөр менен Атай Огомбаев «Ой, булбул» деген ырын аткарып берет! – дегенде, зал кайрадан дүрүлдөп барып басылды. Атай комузунун кулагын бурап, күүгө келтирип бир аз тыңшап турду да, анан ырды акырын баштап, уламдан-улам бийиктетип сөзүнүн ар бир муунун өз жарашыгы менен келтире созуп, кайрыктары бара-бара татаалдашып, ички муң буулуккандан буулуга муңканып, булбул кара көзүнө бар болгон сырын ачып, көз жашын көлдөтө төгүп турат. Бул кандай терең, кандай тунук аруу сезим!... Бул ырды уккан жандын бүткөн бою эрип, жүрөгү балкыйт... Сүйүүнүн ташпишин, анын сыйкырдуу кереметин сезет. Сыйнаттын жүрөгү эки курдай булкунуп алды: ал кандуу майданга кетип, көптөн бери дареги билинбеген жан курбусун элестетти. Ал кандай күндө болду экен? Жарадар болуп, госпиталда жатабы? Же башаламан кармашта ок тийип кансырап, туткунга түшүп калдыбы? Эмнеси болсо да, аман болгой эле. Колу-бутунан ажыраса да, чымындай жаны аман келсе гана?!...

Атайдын ботодой боздогон ыры аны кайтадан эсине келтирди. Ал эки жагын караса, жайнаган көздөр ырчыга кадалып, баары демдерин ичине алып, кээ бирлеринин жүздөрүнөн күмүштөй сызылып жаш жылжыйт. Аларды көрүп Сыйнат да жашып, бетарчысын колуна алды...

Бир маалда Атай орундугунан туруп элге ийилип таазим кылды. Зал кайрадан жарылды: колдор дүркүрөй чабылып, кубанычтуу кыйкырыктар күчөгөндөн күчөдү. Атай кайра-кайра таазим кыла ийилип, жылмаят. Бирок кол чабуулар басылар эмес.

– Болуптур, болуптур! – деп Атай колун булгалады. Ошондо гана зал тынып, эл өз ара күлө шыбыраша баштады.

– Эми макул көрсөңөр, бир күү чертип берейин! – деди Атай.

– Сталинге черткен күүңдү чертип бер! – деп кыйкырды бирөө.

– Ии, ошент, бычагың менен черт! – деди дагы бири. Атай кара тебетейин саал кыйшайта жылдырып, оң жеңин түрдү. Сол колу менен сулуу кара мурутун сылап, кашын серпе жылмайды да:

– Бул «Ак тамак, Көк тамак» аттуу күү деп, анын тарыхын айта баштады: Ак тамак – ургаачысы, Көк тамак – эркеги. Ак тамак – аксылык, Көк тамак – таластык. Экөө бир күнү сырдашып олтурушса, Ак тамак айтат: «Таласың мага жакпады, кышы жылуу, жайы салкын болгону менен жер-жемиш азыраак экен, Аксыга кетели, ал жактын мөмө-чөмөсү, жер-жемиши мол» – дейт. Көк тамак: «Андай болсо экөөбүз сайрашалы, кимибиз жеңсек, ошонубузду ээрчийли» – дейт. Экөө тең ушул сөзгө макул болуп сайрап киришет. Атай Көк тамакты сайратып, ал тамагын бүлкүлдөтүп, көздөрүн сүзүп түркүн обонго салып, Ак тамакты телгеренип, бутактан-бутакка конуп бар өнөрүн чыгарып, жанын сабап басылды. Анан: «Ак тамак сайрап кирди» – деп Атай жылтылдаган кара хром өтүгүнүн кончунан мүйүз саптуу бычакты күмүштөлгөн кынынан сууруп, жалт-жулт эткизе булгап коюп кылдарды терип, бычактын мизи менен чертип кубулжутту. Ак тамактын канаттарын дилдирете какканын ишара кылып, анан бычагын өйдө-ылдый жалаңдатып, колун ойното черткенде, комуздун кылдары мына-мына кырчылып калар бекен, кантээр экен деп кысылгандар көбөйдү. Бирок күүнүн кайрыктары улам-улам өзгөрүп, мурдагысынан кийинкиси жагымдуу угулуп, кандайдыр бир сыйкырдуу дүйнөнү элестетти. Эки чымчык терең капчыгайдын ортосунан таштан-ташка жанчылып, күмүш тамчыларын чачырата күрүлдөп агып жаткан дарыяны жээктеген кайың, замби тал, тобулгу, долоно, шилби аралаш өскөн жашыл токойду аралап, биринен-бири өтүп, көкөлөп учуп баратты... Ак тамак мындан да кооз, мындан да жыш, асман тиреген жаңгактары сапсары, ширин өрүктөрү, бөйрөктөй кызыл алмалары, кара кочкул алчалары, мөлтүрөгөн жүзүм-карагаттары бар, түркүн куштар мекендеген, дүйүм чөп, гүлдөр өскөн ажайып токойду көз алдыңа келтирип, суу ылдый сергил жел жүрүп саамайды желпилдетип, бетинди сылагандай көңүлдү көкөлөттү. Атайдын колу чымчыктардын бирде ылдый, бирде өйдө көтөрүлүп, канаттарын дирилдетип, тилин безегенин келиштирип, уламдан-улам бийиктеп ашууну ашканын комуздун мойнунан өтүп, кулагына жетип, андан ары асмандап учканын көрсөттү да: – Алар Кара-Бууранын ашуусун ашып, Чаткалга өтүп, андан ары Аксыга өтүштү, – деп бүтүрдү.

– Бали, бали! Колуңа береке! –деп Молдогазы Токобаев биринчи болуп ордунан туруп кол чапты эле, элдин баары дүпүрөп тура калып, кол чабышып:

– Жаша, Атай!

– Колуңа дарт бербесин!

– Мына ырчы болсоң, комузчу болсоң ушундай бол!...

– Ой, бай, ушул убакка чейин мындай таамай, так черткен комузчуну көргөн эмесмин! – деген үндөр угулуп жатты.

Бир маалда арт жактан бир аялдын:

– Кайран кишинин жашы өтүп баратканын карачы! – десе, анын жанынан дагы бири: – Жашы кырктан эбак ашса да, үнү баягы эле бойдон экен! – деп тамшанганы угулду.

Атай колун бооруна алып, ийилип кайра-кайра таазим кылды. Ансайын шатырата кол чабылып, ар ким өзүнүн алкоосун айтып кыйкырышып, зал көпкө күүлдөп турду. Бул унутулгус элес көз алдына тартылганда, Сыйнаттын көңүлү көтөрүлүп, чарчаганы басыла түшөт. Азыр да ал кадимкидей эс алып, көңүлү жай болду да, ойноткучтагы кара табактын бир калыпта жай айланганына көз жүгүртүп, Атайдын ырын акырын демин ичине ала угуп, көздөрүн жума магдырады...

Эртең мененки чайдан кийин иниси Сатылган, келинчеги Айчүрөк экөө жүктөрдү бузушуп, сыртка ташый башташты. Сыйнат апасы Кыйбат экөө жууркан, төшөктөр арта салынган аркандардын ар кайсы жерине бакандарды коюшуп, төшөктөр жерге тийип булганбаса экен деп сак-сактап жүрүштү.

– Эң акыркы төшөктөрдү алып чыктык, эже, эми апам экөөңүздөр үйгө кире берсеңиздер болот, – деди Сатылган Сыйнатка, – оор сандыктар калды, аларды Бурмачач эжемдер келгенде чыгара баштайбыз.

– Килемдер чыгарыла элек го? – деди Сыйнат.



– Аларды да бир аздан кийин чыгарабыз.

– Макул, анда! – деп Сыйнат апасы Кыйбат экөө үйгө киришти.

– Газга чай коюп коёюн, Бурмачачтар келер убакыт болду – деди Кыйбат апа.

– Бурмачачты сагынып калсаңыз керек ээ, апа! – деп Сыйнат күлүп койду.

– Сагынбаганда, жаңы жылда бир келди эле. Ошондон бери каттай элек. Телефондон эле сүйлөшүп коёт, – деп нааразы болгонсуду Кыйбат апа.

– Алардын да тирилиги бар да, апа! – деди Сыйнат.

– Билем, айланайын! – деп Кыйбат апа ак чайдөштүн түбүн аймалаган газдын көгүлтүр жалынынан көзүн албай орундукка учкай олтурду, – Бурмачачты эле эмес, анын жаңы эле турмушка чыккан Чолпонун катуурак сагынбадымбы. Ал кантип жүрөт болду экен?

– Бир аз чыдаңыз, апа. Жолдо келаткандыр. Анан божурашып, жыттапшып, сагынычыңызды таратып аласыз.

– Ырас, ырас! – деп Кыйбат апа жашый түштү.

– Аябай сагыныпсыз да. Мурдараак айтсаңыз, такси чакырып алып барып келет элем го. Же аларды чакырат элек.

– Силерди убара кылбайын дедим да! – деп Кыйбат апа үнүн жай чыгарып, жоолугунун учу менен көздөрүн сүрттү. Сыйнат стол үстүнө дасторкон жайып, керектүү нерселердин баарын орду-ордуна койду. Аңгыча коңгуроо «чыр» этти. Сыйнат эшикти ачты.

– Келип калдыңарбы? Кана, жүргүлө! – деди Сыйнат.

Буудай ирендүү, кара көздүү, ак маржандай тиштерин кашкайта күлгөн сулуу Бурмачач Сыйнатты өөп,

анан апасын кучагына кысып, көпкө чейин өпкүлөп, жыттап, күлүп да, сүйлөп да жатты.

– Апа, кандай жүрөсүз? Күүлүү-күчтүүсүзбү? Көптөн бери келалбай жүрдүм, тумоолоп, дарыланып, кайра да тумоолоп….

– Эми кандайсың? Биротоло айыктыңбы? Антпесе сасыктумоону күчөтүп алсаң, эски ооруларды күчөтөт деп жатышат го? – деп Кыйбат апа Бурмачачты өзү да кучактап, кайрадан өптү. – Өңүң азыңкы го Бозоруп алыпсың.

– Жакшымын апа, жакшымын.

– Болсун, болсун.

– Ой, апа, таенемди бошотподуңуз го? – деп Бурмачачтын кызы Чолпон Кыйбат апаны кучактады. – Жакшы жүрөсүзбү, таене?

– Оо, айланайын Чолпонум! Садагам, алтын неберем! – деп Кыйбат апа небересин өөп-жыттады. – Күйөө бала да келдиби?

– Кылыч да келди, таене. Сыртта Сатылган таякем менен калды.

– Аа, жакшы болгон экен. Кана, орун алгыла! Чай ичели, – деди Кыйбат апа.

Чолпон тез кыймылдап, чай демдеп, чай сунуп, баары өз ара ал-абал сурашып, пикирлешип жайбаракат отурушту. Сыйнат сиңдиси Бурмачачтын сымбаттуу денесине, жарашыктуу кийингенине суктанып, анын өткөн-кеткенин эсине түшүрүп, азыркы бактылуу турмушун көз алдынан өткөрдү.

Бурмачач андан беш жаш кичүү. Ал айылдык мектепти бүтүргөндөн кийин колхоздо эсепчи болуп иштеп, кийин айылдык Жанышбек деген жигитке турмушка чыкты. Экөө аябай бактылуу жана ынак жашашты.



Кайнатасы Текеш кайратман, дыйкан киши болгондуктан бакыбат турушчу. Кайненеси Үрпек да ишке тың, эстүү киши болгондуктан, келинин өз кызындай көрдү. Бурмачач таң ата туруп, үй ичин жыйнап, короого суу сээп, даңгырата шыпырып, уйду саап, бадага кошот. Кайненеси Үрпек сүт машинасын бурап, чоң шашкеге чейин коңшу-колоңдорунун сүтүн тартып, анын акысына жумасына бир күндүк каймагын алат. Анан чогулган каймакты сызгырып, карын-карын май куят. Күнүнө жаңы каймак, ысык жапкан нан менен чай ичишет.

Кийин согуш башталды. Жанышбек армияга чакырылды. Ишке жарактуу эркектердин баары согушка аттангандыктан, колхоздун активдери жетишпей Бурмачачты билимдүү катары алгач эсепчи кылып, кийин кой фермасына башчы кылып алышты. Шакылдап ачык сүйлөгөн, сымбаттуу, өңдүү-түстүү жаш келин ишин илгерилетип, эл оозуна алынып кетти. Ага көз арткандар, суктангандар болбой койгон жок. Ушакайың кептер көп болду. Алардын чет-жакасын укса да, өзү таза болгон соң көп элес алган жок. Анын теңтушу, Качкымбайдын келини Алчакүл да эсепчи, ферма башчысы болуп иштеп жүрдү. Анын күйөөсү Турсунбай да согушка кеткен эле. Эжеси Батма – селолук кеңештин төрайымы. Анын байы Умарбек да согушта. Үчөө тең анабаарын уруусунун кыздары болгондуктан, кээде өзүнчө баш кошуп калышса: «Ии, анабаарындын кыздары, эмне кеп-сөз бар?» – дешип уккан-билгендерин ортого салышып, ыйлап алышар эле. Ошондо тиги экөөнөн улуу болгондуктан, Батма кайрат айтып, жол көрсөтөөр эле. «Мындай сөздөр илгертен илешип келаткан адат, сиңдилерим. Өзүбүз ак болгондон кийин

ким бизди булгай алат? Кудай элдин тилегин берип, согуш жеңиш менен аяктаса, өмүрлүк жарыбыз аман-эсен келип, бактыбыз ачылар» – дечү ал.

Согуш да аяктады. Жанышбек согуштан аман-эсен келди. Алчакулдун күйөөсү Турсунбай, Батманын күйөөсү Умарбек кайтып келбеди. Кат-кабар да жок. Ал экөө үмүттөрүн үзүшпөй, узак жылдар бою күтүштү.

Жанышбек мугалим, кийин партиянын областтык комитетинин нускоочусу болуп, анан Покровка районунун катчылыгына шайланды. Анын акылы жетик, уюштурууучулугу мыкты эле. Сыйнат күйөө баласы келечекте көрүнүктүү партиялык кызматкер болот деп ишенип, чоң үмүт кылган. Көрсө, анда Сыйнат байкай албаган текеберчилик, бой көтөрүүчүлүк касиеттери да бар экен. Бул ал бийликке аралаша баштаганда билинди. Иче баштады. Бурмачачка мурдагы айтылып келген айрым ушактардан уккандарын эстеп, кээде ага кол көтөрүүчү болду. Экөөнүн баш кошконуна көп жылдар болсо да, Бурмачачтын согончогу канабады. Бул да ага шылтоо болуп, бара-бара экөөнүн ортосу сууду. Акыры ажыраша турган болушту. Бурмачач апасы Кыйбат, эжеси Сыйнат менен көп жолу сырдашып, арыз-армалын далай жолу ыйлап айткан.

– Апа, эже, мен далай күндү уктабай, ыйлап өткөрө турган болдум. Денемдин баары көгала. Ал көп иче турган болуп баратат. Аны менен ажырашпасам, азап тартып, акылымдан адашып каламбы деп корком. Андан көрө көп ырбай электе ажырашып алайын деп чечтим.

Апасы да, Сыйнаттын өзү да аны «сабыр кыл, чыда. Эркек деген ошентип үстөмдүк кыла берет. Сен аны



боорукердигиң, кечиримдүүлүгүң менен жең. Анан төрөп алчу болсоң, ага өзүң үстөм болосуң» – дешер эле. Бирок болбоду. Бир күнү кечинде чемоданын көтөрүп келип калды. Кайра барган жок.

## ТӨРТҮНЧҮ БАП

Бурмачач көпкө чейин көңүл чөктү болуп, үйдөн чыкпай, апасы Кыйбаттын колун узартып, үй-тиричилиги менен жүрө берди. Апасы өткөн-кеткенден кеп салып, анын көңүлүн жооткотту. Сыйнат кызматтан кол бошунда атайын келип жаңылыктардан айтып, машинасына олтургузуп, дүкөн кыдыртып, кино көргөзүп келет.

Бир күнү Бурмачач экөө үйдө жалгыз олтурушканда, Сыйнат аны сөзгө тартты.

– Букен, жакында бир сонун түш көрдүм. Ошону айтып берейинби?

– Макул, эже! – деди Бурмачач, – жан-дилим менен угайын.

– Экөөбүз бир ажайып жайлоодо жүргөн экенбиз. Түркүн кооз гүлдөр. Жамгыр жаап, жаңы эле басылып, булуттун арасынан күн көрүндү эле гүлдөрдүн таажыларынан, жалбырактарынан жайнаган тамчылар чагылышып, тимеле ак берметтер чачылгансыйт. Төр жакта мөңгүлөрдөн эрип келген чакан көл мелтирейт. Бир маалда Асан-Үсөн чыгып, бир учу көлгө, бир учу токойго тийди. Экөөбүз аны суктанып карап турганыбызда кебездей аппак булут каалгып көлгө түштү. «Жүр, эже, булутту жанынан көрөлү!» – дедиң. Мен макул болуп, экөөбүз чуркадык. Сен жаштык кылдың

көрүнөт. Көлгө менден мурда жеттиң. Мен барганда булут көздөн кайым болду да, көлдүн четинде ак куунун эки балапаны сүзүп жүрүптүр. «Эже, бул ак куунун эки балапанын жанагы булут таштап кеткендей болду» – дейсиң да көлдү кечип барып, балапандарды кармап, колуңа кысып алып чыгасың.

– Ээ, Букен, бирин мага бербейсиңби? – дейм мен. Анда сен айтасың: «Эже, бул эки бир тууганды бири-биринен ажыратканыбыз болбостур. Мен эле багып өстүрөйүн». – Мейли, мейли. Сен буларды биринчи болуп таппадыңбы. Ала гой! – дейм. Анан аркысы булаңгыр болуп эсимде калбаптыр. Бирок мен муну жакшылыкка жорудум.

– Ии, эже, эмне деп жорудуңуз? Ошону айтыңызчы! – деп Бурмачач Сыйнаттын ийинине башын жөлөдү.

– Кудай кааласа, балалуу болосуң! Булуттан түшкөн эки ак куунун балапаны – ал уялаш эки наристе! Мен ушинтип жооруп, өзүмчө аябай сүйүндүм!

– Оозуңузга май, эже! Мен түңүлүп калдым эле. Он жылдан ашык күтүп, бир да жышаанды байкабадым.

– Антпе, Букөнтай! Мына, мен райкомдун аялдар бөлүмүн башкарып жатам. Ишенсең жүздөгөн, миңдеген аялдардын түркүн-түркүн оор тагдырларын билдим. Окууну бүтпөй жатып, эрге тийген кыздарды, токолдукка барган келиндерди көрдүм. Алардын баары караңгылыктан, илгерки түркөйлүктөн, ишенчээктиктен болуп жатат. Былтыр кабинетиме аябай жүдөгөн, жупуну кийинген бир келин баш бакты. Таластын жогору жагынан экен. Сүйлөшүп олтуруп, ал өзүнүн башынан өткөргөн оор азаптарын ыйлап отуруп айтты. «Ата-энем жашымда өлүп, аталаш туугандардын колунда чоңойдум. Алтынчы классты бүтүргөнүмдө



эле жеңем: «Кыздар окуп эмнени жарытмак эле, сага жуучулар келип жатат. Атаң калыңын алып койду. Күйөөгө тийесиң!» – деп мени окуттурбай койду да, тоо арасында жашаган бирөөгө кармата берди. Ал токтолуп калган, мурдагы аялдары төрөбөгөн неме экен. Үч жыл турдум. Анан ал жылкыларды кайтарып жүрүп көчкүнүн алдында калды. Анан мени аталаш атам дагы улгайган бир кишиге токолдукка берди. Ал да бала көрөм деп тиленген киши экен. Эки-үч жылдан кийин көп табыптарга алып барды. Мазарларга түнөдүк. Баары бир болбоду. Анан ал киши да дүйнөдөн өттү. Эми аталаш атам дагы бирөөгө берейин деген оюбар. Менин баргым жок. Эмне кылаарымды билбей, башым маң болуп жүрсөм, кудай жалгап бир кемпир жолугуп, сизди айтты. «Ошол кишиге бар. Ал далай аялдардын багын ачкан киши. Барган аялдарга жок дебей жардам берет» – деп сизди аябай мактады. Ошон үчүн сизге келдим» – дейт. Аны аялдарды көргөн докүчүн сизге келдим» – дейт. Аны аялдарды көргөн доктурга алып барып көрсөттүм. Доктор аны абдан суракка алып, текшерип көрүп, «балалуу болосуң» – дептир. Ал тим эле терисине батпай сүйүндү. Анан аны облустук оорукананын ашканасына идиш жуугуч кылып орноштуруп койдум. Ошол жерде бир бөлмөдө жашап жүрдү. Кийин бир жигит менен таанышып, турмушка чыгыптыр. Азыр боюнда бар...

– Чын элеби, эже? Ал байкуш көп азап чегип жүрүп, акыры тилегине жеткен экен да.

– Чын эмегенде. Мындай учурлар турмушта көп эле кездешет. Ошондуктан көңүлүңдү чөгөрбө, жакшылыктан үмүтүңдү үзбө.

Бурмачач Сыйнатты кучактап өөп, көзүнө жаш алды.

– Кой, Бүкөн, сен жашык эмес элең го? – деди Сыйнат.

– Сүйүнгөнүмдөн кандай жашыганымды билбей калдым, эже...

– Эми сага көптөн бери көкөйдө жүргөн оюмду айтып берейин. Сен жетинчи классты бүткөндөн кийин окубай калдың. Эми жашым өтүп калды дебей, тилимди алып, кечки мектепке кирип, онду бүт. Анан чоң окуулардын бирине барып кесип алышың керек. Азыркы замандын талабы ушул, сиңдим! – деди Сыйнат.

Бурмачач эжеси Сыйнаттын акылын туура көрүп, кечки мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзеге барып, айыл-чарба техникумунда окуду. Акырындап шаарга көнүгүп, билими кеңейип, маданиятты үйрөнүп, жарашыктуу кийинген, көп жигиттер суктанган, капкара эки өрүм чачы соорусуна жеткен, кара көз, күлмүңдөгөн сулуу болуп чыга келди.

Ага ар кимдерден арзуу каттары келер эле. Айрым өтүмдүү жигиттер окуу жайындагы кечелерде бийге чакырып, ашык болгонун билдирер эле. Аларга ачык жооп айтпай, сылыктык менен кутулчу. Анткени анын оюн онго бөлүп, тынчын алган өздөрүнө сабак берген Шергазы деген жаш мугалим эле. Ал маңдайы жарык, шайыр мүнөз, ачык-айрым аксаргыл жигит. Сөз сүйлөгөндө ойлонуп, ар сөзүн тактап, кыска айтчу. Көп сүйлөгөндү жактырбайт. Жарашыктуу кийинет, жыттуу жакшы атыр себингендиктен анын жанында болуу өзүнчө ырахат. Сабакты өтө жакшы түшүндүрүп, жообун да тактап укканды жактырат. Бааны көтөрбөйт, ар бир студентке жообуна жараша коет. Ошондуктан студенттердин баары өтө калыс, адилет деп урматташат.



Жайы-кышы жерге сиңген суу эртеби-кечпи сызылып, өзүнө жол таап алгандай, Бурмачач менен Шергазынын сүйүүсү да булакка айланды. Экөө тең токтоо, сабырдуу болгондуктан, шашылбай бирин-бири узак сынап, анан үйлөнүштү. Эки кыздуу болушту. Улуусу Чолпон, кичүүсү Толкун.

Бурмачач өзүн «өмүр бою согончогум канабай куу баш өтөмбү?» – деп сарсанаа болуп, чүнчүп, кор санап калганда, эжеси Сыйнаттын периштедей болуп канатына калкалап, акыл берип, үмүт пайда калганына, бир туугандык асыл касиетине өмүр бою ыраазы. Азыр андан өткөн бактылуу зайып жок! А, Сыйнаттын өзүчү? Ал бактылуубу?.. Сыйнат ордунан козголуп, онтоп жибергендей болду.

– Ай! – деп Кыйбат апа чочуду. – Эмне болду? Бир жериң оорудубу, садага!..

– Эже! – деп Бурмачачтын өңү кубара түшүп, Сыйнатты кучактап калды. – Кудай, сактай көр!

– Кой, чочубагыла! Мен үргүлөп кетипмин! – деп жылмайды Сыйнат.

– Ии, ошентсеңиз! – деп өңүнө кызыл жүгүрө түшкөн Бурмачач тынчый калды.

Кыраакы Кыйбат апа унчукпастан Сыйнаттын башаягына көз жүгүртүп байкоо салды да, анан чоң кызынын өңү-түсүндө кабатырлана турган өзгөрүү болбогонуна көзү жеткендей болгондо гана кайра Бурмачач менен сөзгө кирди.

– Таеже, чайыңыз муздап калды, бериңиз ысыгынан куюп берейин – деп Чолпон Сыйнаттын жообун күтпөстөн пияласын алып, жаңы чай куюп сунду.

– Кана, өзүң да ич! – деп Сыйнат ысык чайдан акырын ууртап, Чолпонду сынай карады.

– Кой, Бүкөн, сен жашык эмес элең го? – деди Сыйнат.

– Сүйүнгөнүмдөн кандай жашыганымды билбей калдым, эже...

– Эми сага көптөн бери көкөйдө жүргөн оюмду айтып берейин. Сен жетинчи классты бүткөндөн кийин окубай калдың. Эми жашым өтүп калды дебей, тилимди алып, кечки мектепке кирип, онду бүт. Анан чоң окуулардын бирине барып кесип алышың керек. Азыркы замандын талабы ушул, сиңдим! – деди Сыйнат.

Бурмачач эжеси Сыйнаттын акылын туура көрүп, кечки мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзеге барып, айыл-чарба техникумунда окуду. Акырындап шаарга көнүгүп, билими кеңейип, маданиятты үйрөнүп, жарашыктуу кийинген, көп жигиттер суктанган, капкара эки өрүм чачы соорусуна жеткен, кара көз, күлмүңдөгөн сулуу болуп чыга келди.

Ага ар кимдерден арзуу каттары келер эле. Айрым өтүмдүү жигиттер окуу жайындагы кечелерде бийге чакырып, ашык болгонун билдирер эле. Аларга ачык жооп айтпай, сылыктык менен кутулчу. Анткени анын оюн онго бөлүп, тынчын алган өздөрүнө сабак берген Шергазы деген жаш мугалим эле. Ал маңдайы жарык, шайыр мүнөз, ачык-айрым аксаргыл жигит. Сөз сүйлөгөндө ойлонуп, ар сөзүн тактап, кыска айтчу. Көп сүйлөгөндү жактырбайт. Жарашыктуу кийинет, жыттуу жакшы атыр себингендиктен анын жанында болуу өзүнчө ырахат. Сабакты өтө жакшы түшүндүрүп, жообун да тактап укканды жактырат. Бааны көтөрбөйт, ар бир студентке жообуна жараша коет. Ошондуктан студенттердин баары өтө калыс, адилет деп урматташат.



Жайы-кышы жерге сиңген суу эртеби-кечпи сызылып, өзүнө жол таап алгандай, Бурмачач менен Шергазынын сүйүүсү да булакка айланды. Экөө тең токтоо, сабырдуу болгондуктан, шашылбай бирин-бири узак сынап, анан үйлөнүштү. Эки кыздуу болушту. Улуусу Чолпон, кичүүсү Толкун.

Бурмачач өзүн «өмүр бою согончогум канабай куубаш өтөмбү?» – деп сарсанаа болуп, чүнчүп, кор санап калганда, эжеси Сыйнаттын периштедей болуп канатына калкалап, акыл берип, үмүт пайда калганына, бир туугандык асыл касиетине өмүр бою ыраазы. Азыр андан өткөн бактылуу зайып жок! А, Сыйнаттын өзүчү? Ал бактылуубу?.. Сыйнат ордунан козголуп, онтоп жибергендей болду.

– Ай! – деп Кыйбат апа чочуду. – Эмне болду? Бир жериң оорудубу, садага!..

– Эже! – деп Бурмачачтын өңү кубара түшүп, Сыйнатты кучактап калды. – Кудай, сактай көр!

– Кой, чочубагыла! Мен үргүлөп кетипмин! – деп жылмайды Сыйнат.

– Ии, ошентсеңиз! – деп өңүнө кызыл жүгүрө түшкөн Бурмачач тынчый калды.

Кыраакы Кыйбат апа унчукпастан Сыйнаттын баш-аягына көз жүгүртүп байкоо салды да, анан чоң кызынын өңү-түсүндө кабатырлана турган өзгөрүү болбогонуна көзү жеткендей болгондо гана кайра Бурмачач менен сөзгө кирди.

– Таеже, чайыңыз муздап калды, бериңиз ысыгынан куюп берейин – деп Чолпон Сыйнаттын жообун күтпөстөн пияласын алып, жаңы чай куюп сунду.

– Кана, өзүң да ич! – деп Сыйнат ысык чайдан акырын ууртап, Чолпонду сынай карады.

– Макул, таеже! – деп Чолпон өзүнө азыраак гана чай куйду.

– «Ии, сымбатымды жоготуп албайын дегени го» – деп ойлоду Сыйнат, жээнинин чайды азыраак куюп алып, эринин тийгизип гана олтурганын байкап. «Кыз-келиндердин ар-бири өзүнүн сымбатын сактоо үчүн ашыкча салмактан качып, өзүн-өзү көп нерседен тыйып, куштай сергек жүргөнү жакшы. Биздин убакта мындайга айрымдар гана маани бербесе, көпчүлүгү курсагын эптеп тойгузууну ойлочу. Эми шаардын көчөлөрүн карасаң, мүчөлөрү келишкен не бир аруулар көбөйбөдүбү. Чолпон турмушка чыга элек, студент кезинде тал чыбыктай буралган ичке, өтө назик, көп сүйлөбөгөн, уялчаак эле. Бети жумуртканын агындай, анчалык көп байкала бербеген кызгылтым тарамдары анын жүзүнө өзгөчө нур чачкандай. Узун кирпиктүү кара көздөрү көркүн ачар эле. Баскан-турганы жеңил жана кооз, үнү да жылаажындай жагымдуу. Ар дайым бети нурданып, жылмая карап, айрыкча сүйкүмдүү болгондуктан ага суктанбаган киши болчу эмес. Эми мезгилдин, турмуштун кылганын карачы. Баягы үлпүлдөгөн, кол тийгис, көзүң тойбос, кыз курак өтүп, келин болгондон бери Чолпон эттенип, кыймыл-аракети жайыраак тартып, өзүн салабаттуу кармап, токтоо боло түшсө да кадимки сулуулугу сакталып калган. Өзүнүн дене боюна чапталып, эң мыкты ательеден тигилген агыш-жашыл көйнөгүнүн этеги тизелерин жаап, аппак жүндөн токулган кымбат кофтасынын топчулары салынбаган. Мойнундагы жашыл-ала гүлдүү шарфтын эки учу тирсийген көкүрөгүн жаап турат.

Чолпон менен Толкундун балалыгы бактылуу өттү. Алар эч нерседен кем болгон жок. Шаар турмушу, мектеп, анан жогорку окуу жайы, жайлуу кызмат. Көптөгөн үй-бүлөлөр байгерчиликте, тынч өмүр сүргүсү келет.



Сыйнаттын балалыгы илгерки катаал заманга туш келди. Ал кез эске түшсө, дайыма ичи сыйрылып сыздай түшөт. Эми да ичи эңшериле түшкөндөй, көңүлү караңгылады. Бир азга көздөрүн жумуп, кан тээп лукулдаган чекесин басып онтоп жиберди.

– Таеже, сизге эмне болду? Өңүңүз бозоро түштү го! Тез жардам чакырайынбы? – деп Чолпон чочулап ордунан тура калды.

– Жо-жок, эч камсанаба! – деп Сыйнат аны тынчытты. Апасы менен Бурмачач сөздүн кызуусу менен муну сезишкен да жок. Апасы айылдагы абысындары, тамекиде иштеген күндөрүн жобурап, Бурмачач аны момурап угуп олтурат. Сыйнат оюнан саал алаксып, алардын сөзүнө кулак салды.

– Биз, абысындар урушчу эмеспиз. Айлуу түндө да тамеки жулуп, үшүк алып кетпесе экен деп, күнү-түнү эс алууну билбей далбастачу элек. Ошондо эмгекке деп алганыбыз бир баштык кумшекер, он чакты тоголок кир самын болор эле. Кийген көйнөктөрүбүз бөздөн же катектен. Чапаныбыз кара сандип... – деп апасы Кыйбат үшкүрүп койду. Бурмачач апасынын сөзүн ырастады:

– Бизди ойнотпой көк чыбык менен чыпылдата сабап алдыңызга салып, тамекиге алып барчу элеңиз. Турсунбай күлүк эле, чыбык тийгизбей тызылдап жөнөчү. Менин жонум ачышып, анан ысып чыкчу эле. Көздүн жашын бир төгүп алып, үн-сөз жок, желе-жортуп кара суудан өтүп, тамекиге жетип барчубуз.

– Ийе, айла жоктун иши да. Бир мен эмес, элдин баары ошентип далбас урчу. Антпесек, тамекибиз үшүккө чалдыгып, мээнетибиз күйүп кетсе кантмекпиз?! – деди Кыйбат апа Бурмачачтын күлмүңдөгөн көзүн карап. – Сен анда тестиер болуп калгансың. Кара жумушка жок элең. Илмийип арык болчусуң. Азыр да илип алар этиң жок. Аа, кагылайын Тууганбайым, сенден кичине болсо да, тири карак эле. Бат кыймылдап, ишти орду-орду менен бүтүрчү. Жүзүң кургур согуш болбосо, анын бала-чака, неберелери менен төрүндө отурат элем го! – Кыйбат апанын үнү каргылданып, жашып кетти. – Бир мен эмес канча-канча энелер кан какшап, жер муштап калды. Пенде экенбиз башка түшкөн кайгы-муңду айла жок көтөрөт экенсиң....

Бурмачач апасынын жашын көрүп чоочуй түштү. «Каап, Тууганбайды кайдан айта койдум, жүрөктөгү жарасын козгоп!» – деп шашкалактап Сыйнат эжесин карады да, анын демейкисиндей токтоо, сабырдуу жүзүнөн кабатыр болуунун белгисин байкабагандыктан алаңдаганын коюп, бетарчысын алып, апасын кучактап, жашын сүрттү.

– Апа, сизге эмне болду?.. Абдан кайраттуу элеңиз. Биз сизди көрүп түзөлчү элек.

– Ээ, балам ай, өткөн күндүн баары-жогу эсте турат турбайбы, ал өзүңдүн башың менен чогуу кетет болсо керек. Тууганбайым болгондо, силерге канат-бутак болбойт беле. Силер төркүн деп эркелеп келип, ойноп, күлүп келип-кетет элеңер го!...

– Оо, апа, көп кейибечи эми. Уучугуңуз кур эмес го, Сатылганыңыз бар, Майрам менен Жеңишиңиз бар. Аска-зоодой тирек болгон эжебиз бар. Мен бармын.



– Ырас, ырас, айланайын! – деп Кыйбат апа Бурмачачтын бетарчысы менен жашын аарчып, бозоро түшкөн бетине болор-болбос кызыл жүгүрдү – Кудайдын мунусуна да шүгүр!...

– Тууганбай иним өткүр жигит болду эле, – деп Сыйнат апасынын кайраттанып, жоолугун ондонуп, кадимкидей боло түшкөнүн байкап, көңүлүн көтөргүсү келди. – Ал атамды тартып, сөөк-саактуу, балбан болмок. Туура айтамбы, апа?!.

– Туура, айланайын! – деди Кыймат үнү саал калтырап, – Түкөнүм атасына абдан окшош болчу.

– Согуш башталганда жетинчини бүтүп, колхоз ишине аралашып, жылкы фермасын башкара баштаганын айтсаң!...

– Ии, ошондой болду. Бир күнү колхоздун башкармасы үйгө келип атасы менен көпкө сүйлөштү – деди Кыйбат апа. – Мен алардын эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн билген жокмун. Жаңы жасаган жүгөрү жарманы сапырып, анан айран катыктап алып келип, дасторкондун четинде олтурдум. Ошондо атасы, «Тууганбай андай ишке жаштык кылат. Дагы окусун. Иш качмак беле!» – деп калды.

– Оо, Садыке! Баарын четинен аскерге жөнөтүп, жалаң жаш балдар, кемпир, чалдар калды. Эми жылкы фермалыгына кайсы чалды коебуз? Алардын баарынын сабыры жок. Эсеп-кысабын так жүргүзүп, маал-маалы менен санап, катуу көзөмөлдөп турбаса, жылкыларыбыздан кол жууп калбайбызбы. Тууганбайды бизге бересиз!

– Балам андай жооптуу ишке жаштык кылат, – дейт атасы. Мен да атасынын оюн туура таап, Тууган-

байды ферма башчысы болбой койсо деп турдум. Бирок оюмду ачык айтуудан тартындым. Аңгыча, Турсунбайдын өзү келип калды.

– Мына, Турсунбайдын өзү келгени ырас болду. Кана, атаңа өзүң айтчы. Бая күнү сүйлөшкөнүмдө макул болбодуң беле, ырааспы? – деди башкарма.

Турсунбай атасы экөөбүздү алмак-салмак жылмая карап алып, бир аз ойлонуп турду да:

– Ата, макулмун деп айтканым чын. Карап көрсөк, ылайыктуу киши жок экен.

– Эй, мурдуңду урайын! – деп атасы күлүмсүрөдү. – Ферманын иши оңой деп жүрсөң керек. Жылкыга анын туягынан катуу киши чыдаарын билбейсиңби. Ак кар, көк музда, катуу бороон-ызгаарда да жылкычы деген анын кашында болбосо, ит-куш деген, ууру дегендердин аңдыганы аңдыган. Анан сен ошондой кыйынчылыкка түтө аласыңбы? Жылкычылардын сөзүнө ишенип, сыртынан эсеп-кысап кылып жүрө бербей, кыш күрөөдө алардын жанында болууң керек.

– Болом, ата! – деди Тууганбай, – сиз чоң тонуңузду, ээр-токумуңузду берсеңиз болду.

– Оо, көрсө, булар сөздөрүн бекемдеп алган турбайбы! – деп атасы карс-карс күлдү.

– Ээ, Кыйбат, сен кандай дейсиң? Макул болобуз го дейм. Тууганбайым жетилип калган турбайбы!..

Мен ичимден макул болбой турсам да унчуга алган жокмун. Үчөөнө жармадан куюп бердим. Алар жарманы шашпай ичишип, күүлдөп сүйлөшүп отурушту.

Сыйнат апасын кунт кое тыңшап, анын сөзүнүн ыргагынан сыймыктануу да, өкүнүү да байкалып, акыры жүрөгүндө өчпөй турган муңдуу из калганын сезди.



Балага деген махабат, ызат жана үмүт эненин жүрөгүндө өлөр-өлгөнчө жүрөт баштанат.

– Апа! – деп Сыйнат айтар оюн ыраатап, ичинен кайра-кайра тактап, жайбаракат сүйлөп, – Тууганбай ферма башчысы болуп дайындалган жылы мени Чоң-Коргон орто мектебине директор кылып жибергени эсиңиздеби?

– Ии, эсимде эмей, аны мага атаң сүйүнчүлөгөн. Экөөбүз аябай сүйүнүп, ошол күнү бир улагыбызды союп, туугандарды, коло-коңшуларды чакырып, шорпо-шилең ичиргенбиз. Баары сүйүнүп, бактылуу, өмүрлүү болсун деп дуба кылышкан.

– Ооба, ооба, «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» деген чын турбайбы. Элдин батасы тийип, ишим оңолгондон-оңоло берди.

– Кудайга шүгүр де, кагылайын! Тууганбайым ферме болгондо да ошентип элдин батасын алганбыз. Бирок тагдырга айла жок экен. Кол жууп кала бердик.

– Ээ, апа, бул бир гана биз эмес, дүйнөнүн бардык элинин башына түшкөн мүшкүл болуп, миллиондогон үй-бүлөлөр жакындарынан айрылып, кан-какшап калбадыбы. Андай согуш эми эч качан болбосун деп тилейли.

– Андан башка кандай тилек болсун, айланайын. Согуш дегениң бары-жокту кыйратып, орду-түбү менен жок кылып жиберет турбайбы. Баарыбызды жайыбызга койсо, ар үй-бүлө өзүнөн-өзү көбөйүп, өсүп-өркүндөй берет да. Ар ким өз бешенесине жазганын көрүп, мээнети менен агарып-көгөрүп жашай берет, – деди Кыйбат апа муңайым карап.

– Мектептин түйшүгү менен районго келип, анан айылдыктардын бир-экөөнө жолугуп, силердин ал-аба-

лыңарды сурасам, алар: «Ии, баары аман-эсен. Андан көрө сүйүнчүңдү бер, иниң Тууганбай жылкы ферме болду! – дешпедиби. «Кой, тамаша кылбагыла. Ал али жаш да. Чоң кишилер араң аткаруучу ишке кантип барсын» – десем, «Ал иниң абдан тың чыкты. Өзү теңдүүлөрдүн алды. Ага кам санабай эле кой» – дешти. Анан ишенип, аларды ашканага алып барып сыйлап, анан үйгө тие кетейин деп атайын келбедимби.

Автобустан түшүп, силерге арнап алган татти-чайымды, өрүк-мейизимди көтөрүп алып келатсам, алды жагымдан бир атчан жигит көрүндү. Сындуу кара кашка атынын көкүлү серпилип, басыгы элпек, суусар тебетейи күн нуруна жылт-жулт этип, боз чепкенинин этегин бекем кымтып, ээрге каккан казыктай түп-түз отурган кең ийиндүү, бойлуу жигиттин келбети мага Манастын уулу Семетейди элестетип жиберди. «Бул ким болду экен? Айылда ушундай жигит бар беле?» – деп бушүркөп, таң калып, жайыраак басып калдым. Аңгыча жигит атынан секирип түшүп, чылбырын кармап, мени утурлай шаша басты.

– Ой, эже, кайдан келатасыз? – деп күлүмсүрөдү. Ошондо үнүнөн тааныдым.

– Тууганбайсыңбы, садагасы!? – деп шаша жүткүндүм.

– Ооба, эже! Тууганбаймын. Тааныган жоксузбу? – деп каткыра күлдү. Мен жооп бербей эле кучактап калдым. Ал дагы кучактады. Экөөбүз көпкө чейин кучакташып, жытташып, өбүшүп турдук.

– Боюң өсүп кеткен турбайбы!? Көрүшпөгөнүбүзгө төрт-беш ай болуп калды го. Мектептен мектепке которулуп, иштин көптүгүнөн айылга каттай албай жүрбөдүмбү.



– Боюмдун өсүп кеткенин кийимдеримдин тар боло баштаганынан билдим. Үйдөгүлөр анчалык деле байкашкан жок. Алыскы айылдагы тааныштар райондон жолукканда таанибай таң калып жүрүштү.

Анан экөөбүз ээрчишип үйгө келип, чай ичип көпкө сүйлөшүп, кумардан канган элек – деди Сыйнат.

Кыйбат апа Сыйнаттын кебин угуп, муңайып уламулам бетарчы менен көзүнүн жашын сүртүп коюп, Тууганбай жанында олтургандай эт-жүрөгү элжиреп, муун-жүүнү бошоду. Бурмачач да бир тууганын элестетип, өзү райондун борборуна бир нече жолу барып, суусар тебетей менен ак чепкенди тиктирип келгенин, аны кийгенде Тууганбайдын эки бети албырып, жаш баладай кубанып, Бурмачачты кучактап, маңдайынан кайта-кайта өпкүлөгөнүн эсине түшүрдү.

– Суусар тебетей менен ак чепкенди райондогу мыкты бычмачы жана тикмечилерге кайра-кайра барып, тиктирип келгем. Тебетейдин сыртын жашыл тыбыт менен тыштаткам, – деди Бурмачач. – Чепкендин каба жибин чоң энем Турду ийирген го?! Мен үйгө келген сайын ийиги колунан түшчү эмес эле, – деди Сыйнат.

– Мен да ийиргем, – деди Кыйбат апа, – анын ташпышы күч. Эң мурда жүндү тандап, анан окшото жууп, кургатып, сабап, анан чүйкөлөйсүң, бир кылка кылып ийрийсиң. Муну менен иш бүтпөйт. Өрмөк куруп, токуш керек. Анан гана бычмачы менен тикмечинин колдоруна тийет.

– Ооба, апа, тикмечилер таарды кармалап көрүшүп, «эринбей, абдан мудаалап ийрип, жакшы токушуп тур» – деп катуу макташкан. Анан мен аларга «эми сиздер да эринбей, абдан сындуу кылып тигип бергиле. Инимди быйыл үйлөнтсөкпү деп жатабыз. Кыздар

жактыргандай, жарашыктуу чепкен болсун» – десем, «макул, бардык өнөрүбүздү жумшап көрөлү» – дешип, кынтыксыз бүтүрүштү, – деди Бурмачач.

– Тууганбайды ошол ферма башчысы болгон жылы үйлөндүрдүк да –деди Сыйнат.

– Ошенттик! – деп Кыйбат апа баарын көз алдынан сыдыра өткөрүп, ошондогу кубанычка балкып, жаңы бүлөнүн ак жолтой болуусун тилеп, бары-жогун чачып той бергендерин эсине түшүрдү. Ошол жылы согуштун күчөп турган учуру. Улам жашы келгендерди шыпырып майданга айдап жаткан убак. Тууганбайдын жашы аскер курагына жакындаган сайын кыпылдайбыз. Бир күнү кечинде бейиши болгур атасы: «Келин кылып алсам деп назар салып жүргөн кызың барбы?» – деп сурап калды. «Ии, эмне болду? Кимди үйлөнтмөксүң?» – десем, – «Ким болмок эле. Тууганбайды үйлөнтүп койсокпу?» – дейт. «Али жаш го?» – дедим мен. «Бир колхоздун бакандай фермасын башкарып жүргөн баланды кантип жаш дейсиң! – деп күлдү атасы. – Үйлөнтүп коелу. Эрте үйлөнсө, эрте балалуу болот». Ошентип келин издеп калдык. Энемдин таежелеринин бир кызын көрүп, кыймыл-аракети, мамилеси жагып, көңүлүмө түйүп жүрчү элем. Ошого жуучу жибердик. Тууганбай да эки-үч жолу барып жактырып калыптыр.

– Согуштун кесепети гана болбосо, келинде айып жок, жакшы бүлө болду – деди Сыйнат. – Үн-сөзү жок, илбериңки, кичи пейил жан эле.

– Аның ырас, Тууганбайым аман-эсен кайрылып келсе, эмдигиче өзүнчө бир айыл болуп бапырап калмакпыз. Тагдырга айла жок турбайбы. Кайран балам дагы деле көз алдымда. «Апа!» – деп кирип келе тургансып кетет. Кээде жалгыз калганымда, аны наристе



кезинен бери эстеп, эки эмчегимди алмак-салмак эмизгеним, же бешигин терметип олтурганым элестей берет, – деп жашыды Кыйбат апа.

Апасынын жашыганын көрүп, Сыйнат катуу чайналды. Чачтары куудай агарып, беттеринин бырыштары көбөйүп, карылыкка моюн суна баштаса да али кайраттуу. Оору-сыркоодон алыс. Уйкусу сергек. Газга чай коюп, өзү демдеп, анча-мынча тиричилигин иштей берет. «Апа, келиниңиз бар го, телевизор көрүп тынч отура бербейсизби?» – дешсе, «Колумду куушуруп, кантип тынч отурам. Мага кыбырап басып жүргөнүм жакшы. Тынч отурсаң, ар кайсы нерселер ойго келип, эсиңди оодарат. Минтип майда тиричилик менен алаксысам, көңүлүм сергек болот» – деп коёт.

Бурмачач апасына боору ачыганынан эмне деп айтаарын билбей олтуруп калды. Өзү менен бирге чоңойгон, кээде чоң энеси бекитип жүрүп, Тууганбайым деп маңдайынан сүйүп, чөнтөгүнөн бетарчысынын учуна түйүп алган өрүк-мейизин, набатын эч кимге көрсөтпөй бергенде, ал анысын Бурмачачка көрсөтүп мактана калчу. Акыры көздү кычыштырып, кызыктырып, ала качып жүрүп, анан бөлүштүрүп берчү. «Оо, садагасы, бир боорум ай! Кайсы жердин топурагы буйруду экен?!» – деп ичи эзиле түшүп, сустайды.

Чолпон таенеси менен таежесинин, апасынын абалдарын байкап, алардын башынан өткөргөн кайгы-кадарын байкап, алардын башынан өткөргөн кайгы-касиеттеринин өлчөөсүз экендигин сезип, бели майыша түшкөндөй болду. Ал мунун баарын алар эмес өзү көтөрө тургансып, денеси дүр-дүр этти. «Биз тынч заманда төрөлүп, доорлордун кагылышуусун көрбөй, согуш деген эмне, жакындарынан айрылуу эмне экендигин билбей, май көл, сүт көлдө туулуп-өскөн муун кандай

бейкапар, кандай чалпоо, муун-жүүнү бош бирдемелер болуп калдык го. Булардын мууну адам чыдагыс оор сыноолордон муңбай өткөн кандай асыл кишилер». Ал ушул оюна тунжурап таене менен таежесин, апасын бийик тутуп, бир гана булар эмес, бардык улуу муун-дарга өмүр бою таазим этип өтүү керектигин түшүндү.

Кыйбат апа көздөрүн жайбаракат сүртүп, кыздарын карап сөзүн улантты:

– Саадабү быйыл отузга чыкмак!

– Ал ким эле, таене? –деди Чолпон таң калып, – мен аны билчү белем?

– Ал менин неберем, согушка кетип, кайрылбай калган Тууганбай таякеңдин кызы да. Жеңишбү таежеңди билесиң го. Экөө жашташ болчу.

– Саадабү талпынып, күлүп калган эле, баарыбыз көтөрөбүз деп талашып калчубуз, – деди Бурмачач на-ристени көз алдына элестетип, аны кучактап, жытына кумары канбай, кайра-кайра жыттагысы келгенин эс-теп, – ал чарчап калганда, баарыбыз ыйлаганбыз. Энем ошондо баарыбызды урушкан, «Жаш баланын үстүнө үзүлүп түшпөй, сугуңарды түшүрбөй, салкын карагы-ла деп канча жолу айттым, аны кулагыңарга илбей жүрүп, көзүктүрүп алдыңар!..» – деп.

– Атам да ошол жылы катуу ооруга чалдыгып көзү өтүп кетти! – деди Сыйнат катуу үшкүрүп, – тим эле түндүгүбүз түшкөндөй томсоруп калдык.

– Кырсык бир тооруп алса, айланып жүрө берсе ке-рек. Тууганбайдан кат келбей, «тирүү эле болсо экен, жарадар болсо да аман-эсен кайрылып келсе экен» – деп кыпылдап жүргөндө неберемдин чарчаганы, анан атаңдын катуу оорудан көз жумганы, жаныбызды ка-



шайтып муңкүрөтүп койду, – деп Кыйбат апа дагы да тыйылбаган жашын сүртүп сыздап отурду.

Чолпон таенесин кантип жубатаарын билбей, анын ийинине башын коюп, дабышын чыгарбай солуктайт. Аппак ичке жана жумшак колдору менен таенесинин эти качкан сөөктүү муздак колдорун кармалап, аны жылыса экен, таенесинин капалыгы жазылып, демей-дегидей боорукер, мээримдүү болуп, камсыз-муңсуз бо-луп олтурса экен дейт.

Кыйбат апа жээни Чолпондун ага жаны ачып, боо-ру ооруганын сезип, ичинен ыраазы болуп, анын маңда-йынан өөп, бооруна кысты.

– Бооруңан садага, айланайын. Таенем эмне эле алда качан өткөн нерсеге кемшеңдеп кейип калды деп жатасың го! Ал эки көзү капкара, абдан сүйкүмдүү на-ристе эле. Өмүрү келте экен, кантели. Болбосо «Туу-ганбайдын урпагы» деп жыттап жүрсөм, кандай сонун кубат болот эле, – деди ал Чолпонду кыса-кыса кучак-тап.

Сыйнат апасы, жээни Чолпонду кучактап, алда ка-чантан бери оор кайгыга басынып келатканы бир аз жеңилдей түшкөндөй болор-болбос күлүмсүрөгөнүн байкады. Бир эле жылда күйөөсүнөн, небересинен ай-рылып, анан Тууганбайдан да кат-кабар келбей, бир нече жыл жол карап, акыры келини да кетип, акыркы үмүтү үзүлгөндө, жалпы элдин башына түшкөн мүш-күлдөн ал да куру эместигин сезип, айласыз чыдаган. Эне жүрөгүндөй чыдамкай жүрөк болбосун түшүнгөн эле. Апасы калган балдарын канат кылып, белин бекем бууп, өзү теңдүү жесирлер менен тамекиге улгайганча иштеп жүрдү. Ал апасынын чектен тыш сабырдуулугу-

на таң калып, кээде ичинен сызып сыймыктана түшөт. Өзү да ал кишидей чыдамдуу, сабырдуу болгусу келет.

– Мен эми эт асайын! Бурмачачка сактап жүргөн сүрлөрүм бар эле! – деп Кыйбат апа ордунан турду. – Сыртка чыгарылган жууркан-төшөктөр жыйылып, килемдер кагылып бүткөн чыгар. Шашпай олтургула, алар күн жесин, анан күндүн табы кайтканда киргизе баштасаңар да жетишесиңер.

– Макул, апа, сиз айткандай болсун! Менден бекитип жүргөн дүнүйөлөрүңүздүн баарын чыгара бериңиз! – деп күлдү Сыйнат.

– Чыгарбай анан! – деп күлүмсүрөдү Кыйбат апа. – Мына Чолпонум да келбедиби. Бүгүн бир кенен олтуруп черибизди жазып алалы.

– Ошентели, апа! – деп Бурмачач да апасынын сөзүн кубаттай күлүмсүрөдү.

## БЕШИНЧИ БАП

Күндүн табы кайтып, акырындап салкын жел жүрө баштаганда, төшөк-жууркандарды жыйнаштырып үйгө алып киришти. Чолпон эки жаздыкты ары-бери оодарып, жыттап көрүп, жаркырай күлдү.

– Таене, жаздыктарыңыз көпөлөктөй жепжеңил болуп, күн жыттанып калыптыр. Тимеле ыпысык...

– Ооба, төшөк-жууркандарга да күндүн табы аябай өтүптүр, көпшөктүгүн айт! – деп Сыйнат да жадырай түштү. Сатылган, Бурмачач, Айчүрөк үчөө шырдактарды, килемдерди кайра-кайра кагышып, түрмөктөшүп, аларды Сатылган үйгө ташып жүрдү. Сыйнат Чолпон экөө столго жайылган китептерди барактышып, кагып, таза чүпүрөк менен аарчып, сылап-сыйпап көпкө убараланышты.



– Буларды аралаштырбай, ушул текчеленген боюнча шкафтын жанына койгула! – деди Сыйнат Сатылган менен Чолпонго. – Шкафга өз колум менен жайгаштырам. Антпесем, кийин керектүү китепти издеп убара болом.

– Ой, таеже, бул эски китептерди качантан бери сактап жүрөсүз? Баары латын арибинде экен го? – деди Чолпон мукабаларынын айрым жерлери жыртылып, барактары саргайып калган китеп-журналдарды барактап.

– Колуңдагы «Жаңы маданият жолунда» деген журналдар. Буларды отузунчу жылдары педагогикалык окуу жайында окуп жүргөндө алгам. Кыргыз жазуучуларынын жаңы чыгармалары ушул журналга чыгып турчу. Азыр «Ала-Тоо» деп аталып чыгып жүрөт.

– Эпостор да көп турбайбы?! – деп Чолпон согуш алдында басмадан чыккан «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш» баш болгон бир нече китептерди барактап көрдү да, Сыйнат таежесине суктана карады.

– Таеже, ушул эпостордун баарын окуп чыккансызбы?

– Албетте! – деди Сыйнат күлүмсүрөп. – Ал кезде кыргыз тилинде китептер өтө аз болчу. Кайта-кайта окуй берип, айрым жерлерин жаттап да алчубуз. Кечкисин бир үйгө чогулуп алып, үн чыгарып окучубуз. Карыя-кемпирлер айрыкча кунт кое тыңшап, муңдуу жерлерин окуганда, бышаңдап ыйлашып, жаштарын тыя албай калышчу.

– Эже, мына эң акыркы таңгакты алып баратам. Эми үйгө кирип, шкафтарыңызга каалагандай жайгарып алыңыз! – деди Сатылган чарчаңкы. – Мен сергитмеге түшүп, чайканып албасам, жонумдан тер куюлуп кетти.

– Макул, садагасы, жуунуп сергип ал. Бүгүнкү оор жүк сенин мойнуңа түштү,– деди Сыйнат.

Сыйнат менен Чолпон калган-каткан китептерди көтөрүшүп үйгө киришти.

Палас, килем, шырдактар салынып, айнек, эшик пардалар тартылып, баары орду-ордуна келип, үй ичи сергилденип, тазара түшкөндүктөн баарынын көңүлдөрү куунак.

– Бүгүн абдан жакшы иш кылдык. Эми тамак да бышып калды. Шашпай олтуруп тамактаналы, – деди Кыйбат апа.

– Таежемдин китептери ордуна коюла элек, – деди Чолпон жылмая.

– Эжең китептерине башканын колун тийгизбейт. Аны өзү жайгарып алат, – деди Кыйбат апа.

– Апам ырас айтат! – деди Сыйнат Чолпонго күлүмсүрөп, – мурда китептеримди ким сураса да бере берчүмүн. Алар «окуп бүтөрүм менен алып келип берем» – дешчү. Ошентип бере берип, көп китептеримден кол жууп калдым. Айрымдары кайтарып беришти. Бирок бир да соо жери жок, барактары айрылган, чийилген, балдары кармалап сүрөт тартышкан, кир колдору менен кармашкан. «Ушинтип да китеп окуйсуңарбы?» – деп нааразы болсоң, «балдардын кылганы да, кантебиз» – деп коюшат. Анан: «Баланча-түкүнчө жазуучунун китебин таап берсең экен?» – деп келишет. «Мындан кийин китептерге этият мамиле кылсаңар!» – деп



көңүлүн кыйбай бересиң. Кайра эле баягы көнгөн адатын койбогондор болот экен. Андайларга сылык-сыпаа жооп айта турган болдум.

Чолпон таежесинин китептеринин арасында орусча, казакча китептер да көп экенине кызыкты. Сырты кызыл, күрөң, көк түстөгү, катуу мукабалуу калың китептер таежесинин ишине байланышкан саясий адабияттар экенин, алардын арасында Маркстын, Энгельстин, Лениндин, Сталиндин эмгектери да жүргөнүн көрдү. Ал университетте жүргөндө, коммунисттик партиянын тарыхы боюнча лекцияларды укканда көп талаш-тартыштар болуп, кээде студенттер өз ара кызыл-чеке болуп мушташа кеткен учурларды эстеп, таежесинин пикирин билгиси келди.

– Таеже, сиздин 1917-жылы, 7-ноябрда туулуп, октябрь менен жашташ экениңизди жакшы билем. Сиз ошол ыңкылапка катышкандарды, алгачкы Кеңеш Өкмөтүн түптөгөндөрдү, эл бийлигин орноткондорду көрүп-билип, иштеп да калдыңыз. Айтыңызчы, алар кандай кишилер болгон? Деги ошол ыңкылаптын кереги бар беле? Менин сураган себебим, дүйнөдөгү көп өлкөлөр ыңкылабы жок эле азыр өнүгүп-өсүү жагынан биздин өлкөдөн алда канча бийик даражага жетип, сонун жашап жатышат го?!.

– Оо, жээним, сен академик, философтор араңдан зорго жооп бере турган оор суроолорду бердиң го! – деп Сыйнат күлүмсүрөп, ойго бата түштү. Анан бир топко чейин үнсүз олтуруп, жайбаракат сөз баштады. – Тарыхтан билесиң. Адамзат нечен-нечен доорлорду башынан өткөрдү. Ошонун баары сабак болуп, улам кийинки коомдор, улам кийинки муундар мурдагы каталыктарды кетирбей, жакшы жашоого жол издейт, талашып-

тартышат, согушат, жеңет, жеңилет. Ким болбосун, азап-тозокту билбей, эркиндикте, теңдикте жашагысы келет. Бирок дүйнөдө андай коом жок да! Демек, адам ошондой жыргал заман болсо деп кыялданат, ошондой заманда жашап өткүсү келет. Өткөн доордогу кыялкеч философтор-утописттер жыргал заманды курууга болот деп эсептешкен. Анан Маркс баштаган акылмандар капиталисттик коомду кулатып, социалисттик, андан кийин коммунисттик коомду курууга болорун негиздеп чыгышкан. Ленин Маркстын илимин улантып, анын теориясын большевиктер партиясынын колдоосу менен Россиянын шартында иш жүзүнө ашырды. Сен алгачкы большевиктер кандай эле деп сурадың. Мен көргөн жана билген большевиктеримдин көпчүлүгү фанаттар болгон. Алар өз керт башынын кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын, мамлекеттин кызыкчылыгын жогору коюшкан, абдан таза, нагыз адамдар болушкан.

Ыңкылабы жок эле бизден алдыга озуп кеткен мамлекеттер көп го, – деген сурооң да жөндүү. Өнүгүүнүн ревоюциялык жана эволюциялык жолдору бар. Биздин партия анын революциялык жолун тандап алып, ал көп курмандыктарга алып келди. Эгер Михаил Шолоховдун «Тынч Донун» окусаң, граждандык согушта эл кызылдар жана актар деп экиге бөлүнүшүп, айрымдар кайсы тарапка тартаарын билбей чайналып, бирде кызылдар жакка, бирде актар жакка ооп, бардык туугандарынан, үй-бүлөлөрүнөн ажырап, жалгыз уулу жана карындашы гана калган баш каарман Григорий Мелеховдун кайгылуу тагдырын унута койбойбуз. Чоң өлкөнүн бир бучкагы болгон биздин элде да андай кайгылуу тагдырлар көп болду. Бай, манап, кулак деп, анан эл душманы деп, миңдеген кишилер курман бо-



лушту. Эгер өнүгүүнүн эволюциялык жолун тандап алган болсок, ал өтө узакка созулмак жана анын да эл үчүн жакшы жана жаман жактары болмок.

– Эми бир суроом калды, таеже. Партия «коммунизмдин алгачкы стадиясы 1980-жылдары курулат» деп программасында жарыялады. Ага алты эле жыл калды. Сиз ушуга ишенесизби?

Сыйнат Чолпондун суроосун кунт коё тыңшап, күлүп койду.

– Садагасы, Чолпон, өзүң ишенесиңби? Менимче ишенбей, шектенип тургансыйсың.

– Туура байкадыңыз, таеже. Мен ишене албаганым үчүн сизден сурап турам.

– Мен ишенем. Анткени коммунистмин. Коммунист партиянын уставына жана программасына ишенип, партиялык уюмдардын биринин эсебинде болуп, мүчөлүк акысын төлөп турса гана коммунист боло алат. Бирок сага Сталиндин бир сөзү менен жооп бергим келет. Андан чет элдик бир кабарчы: «Дагы дүйнөлүк согуш болобу же болбойбу?» – деп сураганда, «Эгер дүйнө эли тынчтыкты каалаunion, тынчтык сакталат» – деп жооп берген. Анын айтканындай, эл коммунизмди кааласа, ал болот.

Чолпон Сыйнат таежесинин бекем ишенимине жана терең курч жообуна ыраазы болду. Чын эле, эгер элдин баары коммунизмдин идеясын жактырып, аны бирден-бир туура жол деп эсептесе, кантип ишке ашпай калсын? Бирок ал качан болушу мүмкүн? Муну эч ким так айта албайт го!.

Кыйбат апа бөлмөгө акырын баш бакты.

– Китебиңерди анан деле жыйнай бересиңер. Тамак муздап кала турган болду. Кана жүргүлө!..

Колдору жуулуп, чоң столду тегеректей улуулата олтурган ар биринин алдында бирден кооз гүлдүү кичинекей тарелка, анын жанында кагаз салфетканын үстүндө бычак менен сайгыч коюлган. Сыйнат өз ордуна олтурары менен келини Айчүрөк булоолонгон ак чараны көтөрүп келип алдына койду. Сатылган ордунан шып көтөрүлүп, ашканага жыла кирип мүйүз саптуу чоң бычакты сууга чайып, эжесине карматты да, чыктуу кынды столдун четине жылдырды.

– Ээ, Сатиш, этти өзүң кармабайсыңбы, качанкыга чейин мен жөндөй берем! – деди Сыйнат.

– Анын акы-чукусун биле албай адаша берем. Өзүңүз эле жайгара бериңиз, – деп жылмайып ордуна олтурду.

– Болуптур анда! – деп Сыйнат бычактын мизин баш бармагы менен эки-үч курдай жанып көрүп, күрптүн этин бузуп кирди. Алгач эки канатын ажыратып, анан анын муундарына бычактын мизин тийгизип, кырс-кырс сындырып илегенге катарлап коё баштады. Мойнун кесип, аны да үчкө бөлдү. Эки санын ажыратып, аны да жиликтеп жиберди. Эттин ысыгына чыдабай күйүп бараткан колдорун салкындатып бир аз турду да, бычактын мизи менен из салып, жамбаштарды жиликтеп, төш этин сыйрып, кабыргаларын, арка омурткаларын кайрыды.

– Баарыңар көз кырыңарды салып, байкап отурасыңар. Ушинтип даярдап алып, анан устукандарды орду-орду менен бергенди билип алсаңар, уят болбой күтөсүңөр. Келечекте ар кимиңер кадырлуу меймандарды

Чолпон таежесинин шыпылдаган колдоруна таң калды. Биз уяттуу меймандарды күткөндө Кылыч экөө-



бүз бири-бирибизге «Сен жаса, жок, сен жаса!» – деп шылтап качып калабыз. Таежем болсо ар бир устуканды алдын ала дайындап, эми шашпай өз шааниси менен таратып атат. Мунун да көңүлдү алып, туугандыкты жакындата турган касиети бар турбайбы. Мындан мурда да ушундай маани менен устукан тараткanын көрүп жактырып калдым эле. Бирок негедир үйрөнө албадым. Эми кунт коюп олтурайынчы, – деп Сыйнаттын кыймылынан көзүн айрыбады.

– Эң биринчи устуканды баарыбыздын аксакалыбыз, ардактуу алтын апабызга тартамын. Ак сүтүн ээмп, колунан ар кандай даамдарды татып, канаттууга кактырбай, тумшуктуурга чокутпай, алдейлеп баккан апама жамбаш менен куймулчак жана төш этинин бир тарамы. Кана, апа, тамагыңыз жагымдуу болсун! – деп тарелканы кош колдоп сунду.

Кыйбат апа күлүмсүрөп, бырыш баскан бетине болор-болбос кызыл жүгүрүп, тарелканы алдына алып койду.

– Ии, эми кыргыз салтында кыз өтө сыйлуу болот. Барган жерине келин болуп кызмат кылып, улагада олтурса да төркүнүнө келгенде төрдөн орун алат. Кана, Бурмачач сиңдим, күрптүн саны менен төш этинен тартайын. Тамагың сиңимдүү болсун, сиңдим! – деп Сыйнат экинчи устуканды Бурмачачка сунду.

Бармачач да күлүндөп, сулуу ирейи көркүнө чыгып жадырай түштү:

– Ырахмат, эже! «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» дегендей, сиздин жакшы сөз, жакшы тилегиңиз көңүлүмдү көкөлөтүп жиберди – деп Бурамачач шаңкылдай күлүп устуканын алдына койду.

– Илгертен эле кыздарга паренденин канаты тартылып, «айланайын кызым, кыз башка жердин бүлөсү,

асманда учкан канаттуу канча-канча жерлерди учуп өтүп, өзү каалаган гана жерге конгондой, сен да өзүңдүн сүйгөн теңиңди таап, ошонун колуна конуп, ошол жерден балалуу-чакалуу болуп, агарып-көгөр!» – дешчү. Мен да Чолпонго өз колум менен далай эле жолу паренденин канатын берчү элем. Мына өз теңин таап, орун-очок алып, бактылуу өмүр сүрүп жатат.

– Ырас айтасыз, таеже. Мен паренденин канатын жакшы көрүп калдым. Дагы деле бере бериңиз, – деди Чолпон чын жүрөктөн жадырай күлүп.

– Жок, – деди Сыйнат күлүмсүрөп, – сен өзүңчө үйлүү-жайлуу болдуң. Эттүү кашка жилигин, төш эти менен кошо тартайын!

– Мейли, таеже! Менин даражамды көтөрүп жибердиңиз! – деп Чолпон Сыйнаттын оюна макулдугун билдирди.

Сыйнат үстөлдөгү тегеректей отурган жакындарынын ар биринин жакшы пейил, жакшы мүнөздөрүн баптап, тамаша-азилдерин ааралаштыра күлүп-жайнап айтып, устукандарын сунгандан кийин баарынын көңүлдөрү көтөрүлүп, шатыра-шатман олтурушту.

– Эже, сиз командировкада көп болосуз, көп жерлерден сый көрдүңүз? – деди Сатылган эжесине кайрылып, – Меймандостук, сый устукан тартуу, жөрөлгөлөрү жактан кайсы аймактын элиники жакты?

– Конокторду сыйлоо, урматтоо жагынан дүйнөдө кыргыз менен казакка жетер эл жокко дейм! – деди Сыйнат, – ал эми өзүбүздүн кыргыздын аймактарында бул жөрөлгөлөр элдин, жердин шартына жараша ар түрдүү. Анын мунусу мыкты, тигиниси мыкты дешке болбойт. Каерде болбо, колундагы бар тамагын коногу-



нун алдына жая салышат. Албетте, өтө жоомарттары, ашкере конокчулары, сараңдары да кездешпей койбойт.

– Ысык-Көл, Нарын тарапта койдун башын коноктордун эң кичүүсүнө тартат деп уктум эле, – деди Кылыч. – Биздин Таласта баш менен жамбаш, куймулчак аксакалга тартылат. Калгандарына жиликтер улуударга берилсе, Алайда устукандарды бир киши чарага салып улагадан төрдү карай жөнөткөндө, ар ким колуна тийгенин алып, төрдө олтурган аксакалдар кабырга же омуртка алып калган учурлар болот экен.

– Мүмкүн! – деди Сыйнат, – бирок Алайда болгонумда, ичеги-карындан тарта кичинеден кесип меймандарга таратып бергенин көргөм. Ал эми Аксыда баш алган киши, ошол бөлмөдө жыйырма киши олтурабы, отуз киши олтурабы, башты ошончо кишиге куйкасын сыйрыбастан бөлчөктөп бөлүп жеткизгенин билем. Кээ бир жерлерде кабырганы улук устукан деп билишет, айрымдары арка омуртканы баалашат. Кыскасы, ар кайсы жердин өзүнө гана таандык илгертен калыптанып калган жөрөлгөлөрү бар. Мунусу туура, анысы туура эмес деш болбойт. Менимче, дал ушундай ар түрдүүлүк кызыктуу сезилет.

– Ырас эле, эже, ар ким өзүнүн каалаган ишин иштегени дурус го! – деди Сатылган.

– Ооба, биз деле азыр такмазалабай, шаанилебей, ар кимибиз өз ашканабызда олтургандай, өз энчибизди жеп-ичип туруп кетсек деле болмок. Бирок анда үйдүн касиети кетет, ынтымак менен ырыс жоголот. Кеп, кара курсакты тойгузушта эмес, кеп үй-бүлөнүн, жакын тууган, жек-жааттардын, дос-жарандардын бирибирин кадырлап сыйлоосунда, урматтоосунда. Ушин-

тип, бири-бирибизди көтөрмөлөп, сүйөмөлөп, кубаттап, сырдашып, акылдашып, кеңешип, өткөн-кеткенди эстеп бабырашып кетсек, ал жаныбызга канчалык азык, кубат берет.

Бир аз тыным болуп, ар ким өз алдындагы устуканды жеп, сөөктөрдү мүлжүп, кээ бирлери шимип да жиберишти.

«Семиз күрптүн этинин шириндигинен сөөгү да таттуу сезилет» – деп ойлогон Сыйнат өзүнүн устуканынын калганын Чолпонго сунду.

– Ме, кагылайын, менин кешигимден ооз тийип койчу!

Чолпон кара көздөрүн күлүңдөтүп, таежесинин устуканын кош колдоп алды.

– Кулдук, таеже, сиздин кешигиңизди жеп, сиздей эл кызы болсом кана?!.

– Оо, садагасы, кулдугуң кудайга! – деди Сыйнат Чолпондун жообуна ыраазы болуп. – Илгерки байбичелердин сөзүн эстедим, алар өз стукандарын өздөрү жакшы көргөн кыз-келиндерге узатканда, ушинтип айтышчу эле. Эми бул сөз да калып бараткансыйт. Шаарда айтылбаганы менен айыл-апада дагы деле айтылып жүрөт, – деди Кыйбат апа өзүнүн устуканын келини Айчүрөккө узатып. Айчүрөк алары менен жүгүнүп, кайненесине урмат көрсөттү. «Кудай жалгасын айланайын! Алганың менен тең кары!» – деп алкады келинин Кыйбат апа.

Сыйнаттын көңүлү бүгүн абдан куунак. Бир туугандары менен көрүшүп, ал-абалды сурашып, бири-биринин дидарын көрүшүп, курсант болушту. Азыр баары устукандарын жеп болуп, өз ара аны-муну сүйлөшүп, күңкүлдөшө баштады эле, ал өкүм үнүн чыгарды.



– Эми баарыңар тим олтурбай ишке киришкиле. Ашкана, кафе, ресторандардын тамагынан даам татып, борщ, гуляш, котлеттерин жеп жүрүп, Таластын күлчөтайын, шалдамасын сагынган чыгарсыңар. Бүгүн шашпай олтуруп, күлчөтайды майдалап туурагыла, мен этти туурап берейин.

– Макул, эже! – дешип, үчөө-төртөө күлчөтай тууроого киришти. Сыйнат курч бычагын жалаңдатып эт туурай баштады.

– Мен бир колуна эки бычак алып тууураган кишини көрдүм – деди Сатылган жылмайып, – шыпылдаган курч жигит экен, тим эле эт үбөлөнүп түшүп жатты.

– Жылкынын семиз эти болсо ошентип тууроого болот –деди Сыйнат. – Семиз койдун эзилип бышкан эти же баглан козунуку болсо антип туурай албас.

– Көлдө аялдар этти жакшы туурайт дешет. Айчүрөк жеңеме эт тууратып көрбөйлүбү? – деп күлүмсүрөдү Кылыч. – Көлдүк кыз-келиндер кандай туурай турганын көрсөтсүн.

– Эжем туурап жатканда мага эмне? – деп Айчүрөк дароо жооп кайтарды.

– Анын казан-аяктагы жумушу да бир далай, – деп койду Кыйбат апа, – болбосо этти деле жакшы туурайт.

Эт менен күлчөтай тууралып бүтүп, буусу бурулдаган майлуу шорпону көтөрүп келген Айчүрөк аларды шашпай шалдады. Анан аны жайык табактарга салып, үчөөнө бирден алдыларына койду. Шалданган күлчөтайды ар кимиси өзү каалаганча тарелкаларына салып жей башташты.

– Укмуш, укмуш болуптур! – деп тамшанды Бурмачач. – Көптөн бери мындай даамдуу күлчөтай жей

элек элем. Мындан ары жума сайын ушундай тамак жасашыбыз керек экен.

– Биз да ушинтеличи! – деп Кылыч Чолпонго жылмая карады.

– Ага пул керек! – деп күлдү Чолпон. – Жума сайын болбосо да ай сайын жасаса болот.

– Ээ, жээним! – деп жылмайды Сатылган Чолпонду эркелете, – силер Кылыч экөөң пулуңарды таап, өзүңөрчө кужулдөй бербей, бизди конокко чакырып турсаңар гана тамагыңар ширин болуп, шааниси артат. Антпесеңер, тамагыңардын даамы болбойт.

– Албетте, баарыңыздарды чакырабыз, таяке. Ансыз кантип тамагыбыздан өтсүн! – деди Чолпон жылмайып. – Мунуң жөн, жээним, мунуң жөн, – деп Сатылган ыраазы болду.

Кыйбат апа да, Сыйнат да Чолпондун пейилин жактырышып, аны карап баштарын ийкешти. Тамактан кийин чай ичилип, шашпай олтурушуп, бири-бири менен сырдашып, тамашалашып, көптөн берки буктарын чыгарышып, черлерин жазышты.

## АЛТЫНЧЫ БАП

Бурмачач балдары менен көпкө олтуруп, сүйлөнө турган сөз калбай үнсүз калышканда да, бири-бирин кыйыша албай, узакка тиктешип, анан гана Сыйнат синдисинин ызаатына ичинен сүйүнүп, ыраазычылыгын айткысы келди.

– Бүкөнтай! – деди Сыйнат аны эркелете жагымдуу жылмайып, – эми үйүңөргө бара койгула, кеч болуп күүгүм кирип кетпесин. Бүгүн кечели-кечке кыймылдап чарчадыңар. Барып жакшылап эс алгыла. Ишти да, сөздү да бүтүрдүк.



– Ой, эже, дагы бир аз олтура туралы да, – деп жылмайды Бурмачач. – Али күн бата элек го.

– Мейли, мейли! – деп Сыйнат шаша түштү. – Мен кубалагандай болбоюн. Айчүрөк, кайра чай алып кел!

– Жок, эже, чай ичпейбиз. Жөн гана сүйлөшүп, өткөн күндөрдү эскергим келип турат – деди Бурмачач. – Апамдан сурайын деп эле сурай албай жүрөм. Апа, айтыңызчы, канчаны төрөдүңүз? Илгери үйүбүз толо бала сыяктуу эле. Кийин эле бириндеп калгандай болдук да?

Кыйбат апа үчүн бул күтүлбөгөн оор суроо болгонун анын өңүнүн бозоро түшкөнүнөн, ээгин тиштенип, бырыш баскан жүзү байкалар-байкалбас жыйрыла калганынан байкалды.

– Оо, балам ай! ... Качанкы өткөндү айтасың да! – деп үшкүрүнүп алды. – Аны айтканда не арга? Тагдырга айласыз баш ийесиң да.

– Айланайын апа, кечирип коюңуз. Сизге мынчалык оор келерин ойлонбопмун.... – деп Бурмачач апасын кучактап бетинен сүйдү.

– Ээ, садагаларым, биз көргөн азапты силер көрбөгүлө. Ал кездеги турмушту эми ойлосом, онтоп-онтоп ичимден кан өткөндөй болот. Онду төрөдүм... Анан элибизге көчүп келип, «Тоз» дегенге кирип, жер алып, үй салып, атаңдын Сергей деген орус досу менен орток тошуп иштеген жылдын кышында төрт балам бирдей тумоолоп учуп кетти.

Кыйбат апанын үнү каргылданып, көзүнөн жаш тамды. Сыйнат да, Бурмачач да нес болгондой үнсүз отуруп калышты.

Сыйнаттын көз алдына кийиздери сүзүлүп, ар кайсы жери жамаачыланган кичинекей боз үйдүн элеси тартылды. Бетеге төшөлүп, анын үстүнө эски таар салынган, өңү өчүңкү тарткан эски шырдак жаткан төрдөгү чоң кара сандыктын үстүнө төшөнчүлөр жыйылган комсоо көрүнүш анын эсинен чыгар эмес.

Алардын үйүнөн алысыраак жерде Мырзалы байдын ак өргөөсү шаңкаят. Жанындагы чаканыраак боз үй – ашканасы. Ал жакта дайыма опур-топур. Казан асылып, от жагылып, кой союлуп, келим-кетим көп...

Бир күнү Сыйнат апасы экөө талаадан термечик терип, аны апасы тыкчыйта таңып, колтурмачтап көтөрүп алды да, капка салган кургак тезектерди Сыйнатка көтөртүп койду.

Алар үйгө жакындап калганда, Мырзали байдын байбичеси Бурулуш күмүш чачпагын шыңгырата келберсип утурлай басып өкүм үнү менен:

– Эй, Кыйбат, алдагы термечигиңди ашкана үйдүн жанына кой да, каптагы тезегиңди өзүң ал! – деп буйруду.

– Байбиче, кызым экөөбүз керели-кечке убара болуп тердик эле... – деп Кыйбат жай күбүрөдү.

– Кайсы жарыган оокатыңды бышырмак элең. Бизден мейман-ысман үзүлбөй, отун жетишпей жатпайбы. Ошолордон арткан оокаттан шам-шум этерсиңер...

Кыйбат бир аз кыйылып турда да, отунду байдын ашканасынын жанына таштоого аргасыз болду. Сыйнат каптагы тезекти өз үйүнө апкелди.

Дагы бир эсинде калганы....

Жазгы тумандуу суук күндөрдүн биринде кечки ире-ширеде атасы Садык кой жайып келгенде короонун оозунда малын санактан өткөзүп жаткан Мырзаалы



бай жаак эттери түйүлө калып, камчысын алаканына кармап, баятан бери кызыл тобулгу сабын сороңдото санап жаткан бай, эми тобулгу сапты оңдой кармап атасы Садыктын башына үйүрдү.

– Улактуу токол эчки жок го! Аны каякка жайгарып келдиң?

– Ой, бай аке! Баары эле түгөл болчу. Калың туманда адашып эле калбаса...

– Адашып калбаса дегенин кара мунун. Сен эмне бок жеп жүрөсүңбү? Минте берсең, баарын түгөтөсүң го?!

– Табылар, бай аке!..

– «Табылар» деп коет дагы! – деп бай камчысын Садыктын жонуна басты. Узун бойлуу, албеттүү Садыктын көк гүлдүү чыттан тигилген атасы Өмүрдүн эскилиги жеткен чапанынын жону тилинип, буласы чыга түштү. Мырзалы камчыны кайра чабарда, Садык анын билегинен шап кармап, камчыны жулуп ыргытып жиберип, байдын жакасын муунта кармады. Байдын төө чепкени өйдө түрүлүп, чаначтай курсагы ачыла түшүп, кыкынып, эки бетине кан тээп көгөрө баштады.

Үй жактан бөз катек көйнөкчөн, эски кемселинин эки өңүрү жамачыланган, далысы чыгып, бели эңкээ баштаган Садыктын энеси Турду бүжүрөп жете келди:

– Кагылайын, кулунум! Сабыр кылчы. Таяке деген-ге жээни илгертен кол көтөрчү эмес! – деп баласын кучактап бышактап жиберди.

Ачуусу шакардай кайнап, байды жамбашка сала жерге чаап, тизеси менен ныгырып, эки-жолу муштап, өчүн алгысы келип турган Садык энесин кыя албай, колдорун бошотуп жиберди. Беттери көгөрүп, көздөрү

алаңдап калган Мырзалы бай эки-үч курдай жөтөлүп, жерге отура калды да саал эсин жыйганда:

– Кичине какыс-кукус кылып коеюн десе, ушинтесиңби!. Оо, жолуң болгур десе, – деп наразы болду.

Кечинде жаңы жасалган таруу көжөгө тоюп, анын артынан булактын суусунан бир кесе жутуп алган Садык, таарынычынан үн дебей олтурган энесине үн катты.

– Эне, таякесине кол көтөрөт деп мага таарынып олтурганыңызды билип турам. Эми элибизди таппасак болбойт. «Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт» дейт го. Жаман да болсо өз туугандарыбызга баралы. Бир четине батарбыз.

– Ээ, балам ай, жакын бир туугандарың болбогондон кийин кимге барып корголойбуз? Биздей жетим-жесирди ушу күндө ким батырат дейсиң. Атаң Өмүрдөн ажырап калганда, жеңең Асел, карындашың Баян үчөөңдү алып төркүнүмө келдим эле. Кудайга шүгүр, жетилдиң, үйлөнүп, кыздуу болдуң. Мына Сыйнатың, Кудай кааласа, кол арага жарап калды.

– Эне, айткандарыңыздын баары чын. Таякелериме ыраазымын. Бирок эсейген сайын ар-ар кимден тил угат экенсиң. Атыңдан айтпай, Мырзалы байдын жалчысы, «тентип келген баарын» деген сөздөрдү угуп калып жүрөм. Ушинтип кемсинткен уулу сөз жүрөгүмдү мыжыгып, кыжырымды келтирет. Бир күнү ачуум менен бирөө жарымын майып кылып койсом, кун төлөп калабызбы деп корком.

– Кой, антчу эмес. «Ачуу душман, акыл дос» деген. Жалгыз өзүңдү караан тутуп, Кудайга миң мертебе жалынып, дуба кылып жүргөндө, жаман ойлорду ойлобо, балам!



Садык үн дебей олтуруп калды. Сыйнат апасы Кыйбатты караса, ал сыңар тизелеп олтурган бойдон башын өйдө көтөрбөйт. Бир маалда Садык энесинин колун кармап, өөп туруп:

– Эне, сиз эмне десеңиз, ошомун. Жаман ойлордон алыс болууга аракет кылам. Бирок менин сөзүмдү да ойлонуп көрүңүз. Азыр илгерки замандын алмашканын угуп жүргөндүрсүз. Жаңы заман кедей-кембагал, жетим-жесирге карамдуу дешип жатпайбы. Ушундайда элибизди таап алганыбыз дурус го!?

Ушул окуядан канча убакыт өткөнүн Сыйнат толук билбейт. Бирок анда Сарымсактынын ичи көк жашыл килемдей кулпунуп, түркүн гүлдөр ачылып, жыпар жыт аңкып турган кез эле.

Бир күнү шашке ченде эки төө жетелеген бир топ атчандардын Сарымсактыны өрдөп келаткан кабары жетти. «Кошмамбет бий баштаган баарындар экен. Садык тууганын көчүрүп кетүүгө келатышыптыр» – деп ар-ар кимдер Мырзалы байга угузуп коюшкандыктан, бай күндө кийип жүргөн кемселин чечип, күмүш баканда илинип турган кийимдерин шашыла кие салган. Башында ак калпак, кара баркыттан жаңы тигилген кемселди кийип, күмүш кемерди курчанып, бейкасам чапанын желбегей жамынып, узун кончтуу маасысын сылап-сыйпап коюп, тээ алыстан карааны көрүнгөн баарындарды күтүп олтурду. Байдын үйүнө келген чабармандардан туугандардын келатканын уккан Сыйнат үйгө тызылдап келип, чоң энеси Турдуга кабарлады. Ал шашып: «Кокуй, шыпыргыңды алып, үй ичин тез жыйнай кой. Жүктөгү эки жер төшөктү алып, төргө сал», – деп чебелектеди. Сыйнат үйдүн ичин бат эле

иретке келтирип, жол карап, байдын үйүндөгү сөздөрдү да укту.

– Ай, байбиче! – деди Мырзалы бай байбичеси Бурушка, – тигилердин карааны көп көрүнөт. Алар Садыктын жаман үйүнө батпайт го. Үйүндү иреттей салбайсыңбы?

– Ии, аларды үйгө киргизип сый көрсөтөйүн деген оюң барбы? Бир кезде батырбаган туугандар, эми батырат бекен. Тим кой, сырттан келип, сырттан кетишсин. Атам тааныбаган немелерге кайдагы сый, ботом?

– Кой, байбиче, антчу эмес. Биз сый көрсөтпөсөк, эл-журтка шерменде болобуз. Канткен менен, алар да бир уруу эл. Арасында эл аралаган, жөн билги кишилер болсо, сөзгө жыгылып калбайлы. Элдин каада-салтын колдонбосок, айыпка да жыгылып калабыз.

«Айып» деген сөз эсине келтирдиби, Буруш байбиче жумшарып, келиндерин чакырып, буйрук бере баштады.

Эки төө жетелеген атчандар конушка жакындаганда, байдын эки жигити салам айтып алдыларынан тосуп алышты. Төөлөрүн чөгөрүшүп, аттарды куюшкандарына байлашкан туугандар:

– Садыктын үйү кайсы? – деп сурашты. Байдын жигиттери Садыктын үйүн көрсөтүштү да, Мырзалы бай алардын өз үйүнө түшүүсүн суранганын айтышты:

– Бай сиздерди күтүп жатат! – дешти.

– Мырзалы байга келген жокпуз, тууганыбыз Садыктыкына келдик! – деди эң алдыда келаткан ак калпак кийип, боз кемселин кере карыш күмүш кур менен курчанып алган, кылкандуу узун каштары көздөрүн далдалаган катамал киши. Ал байдын жигиттеринин



артынан баспай, Садыктын үйүнө бурулду эле, баары анын артынан ээрчишти.

Саламдашып, ал–жай сурашып, келген туугандардын баарын тааныштыргандан кийин Кошмамбет сөз баштады.

-Турду балам, силердин элден кеткениңерге бир топ жыл болуптур. Эми ал убакты эстесек, өтө оор жылдар эле. Жут болуп, эл салык төлөй албай, ар ким өз алдынча далбас уруп калганда, төркүнүңө келдиң. Төркүнүңө, сага да, ырахмат. Балдарды кор кылбай, бирөөдөн өйдө, бирөөдөн кем жашасаң да, тиричилигиңер түзүк эле экен. Өгүнчөрөөк Садык бизди издеп барып, «туугандарга көчүп келсем кантет?» деп сурангандa, жалпы туугандар мастаат кылып, «Өзүбүз барып көчүрүп келебиз» деген элек. Мына бүгүн Кудай буйруп, келип калдык. Кандай дейсиңер?

– Жалгыз баламды элине кошсом экен дегенде эки көзүм төрт, аке. Төркүнүмө келгеним менен жакшы оожала албадык. Эптеп күн өткөрүп жатабыз, – Турду бышактап жашый түштү.

– Кой, балам, жашыба. «Туугандын топурагы алтын» деген кеп бар элде. Эл-журт кол кабыш кылып, айылга жаңы өргөө көтөрүп койдук. Кудай каалаcа, жашооңор оңолуп кетет.

– Оозуңарга май, аке! «Жакшы сөз жарым ырыс» деген сөз ырас турбайбы. Бизди абдан сүйүнтүп койдуңуздар. Болгондо Садык азыр үйдө жок эле. Кой жайып кеткен.

– Аа, аны алдырып алабыз, – деди Кошмамбет бий.

Кыйбат дасторкон жайып, нан койду да, чоң кара табактагы конок көжөнү чөмүч менен аралаштырып алып, кеселерге куя баштады.

Кошмамбет бий «бисмилланы» айтып, нан ооз тийди да, көжө куюлган кесени кош колдоп кармап эки дем алып жутту.

– Баракелде, суусунду кандыра турган куп сонун көжө экен. Баарыңар ичкиле, балдар! – деп сакал-мурутун сылап туугандарына жылмайды.

Сыйнат келгендердин баарын карап «ушунча көп туугандарыбыз бар турбайбы!» – деп, жүрөгү дүкүлдөп, ар биринин сөзүн дыкат тыңшап, энесинин каптальшан чыкпады.

Туугандар ал-жай сурашып көпкө олтурушту. Ага чейин Мырзалы бай эки жолу үйүнө чакыртты.

– Мырзалы бай кайра-кайра чакыртып жатат. Эми баралы. Туугандарча сүйлөшүп, жытташып, сагынычты тараткандай болдук. Калган сөз болсо, жагдайга жараша көрөбүз, – деп Кошмамбет бий ордунан турду.

Мырзалы бай эшигинин алдынан тосуп алып, жылуу учурашты да:

– Тууганыңарды абдан сагынган экенсиңер! – деп тамаша-чын аралаштыра чымчып өттү.

– Мунуң чын, байым! Тууганды көздөп келгенден кийин анын үйүнө кантип кирбей коебуз – деди Кошмамбет бий. – Жармасын ичип, жайын билип чыктык.

– Туура айтасыз, бийим! Кана үйгө кириңиздер! – деди Мырзалы бай.

Алты канат боз үйдүн ичи салкын. Жасалгасы келишимдүү экен.

Дароо шуулдаган самоор киргизилип, чай сунулду. Чоң чарага куюлган кымыз сапырылып, куурдактар келди.

– Садыкка киши жибердим! Малды өзөнгө айдап түшүп, тезирээк жетип келсин дедим. Бир аздан кийин



келип калат. Ага чейин таанышып олтуралы. Өзүңүздү жакшы билем. Эл-журтка аралашып жүрөсүз. Той-аштарда, жыйындарда сизди көп көрөм. Калган туугандарыңызды билбейт экенмин.

– Тааныштырып коёюн, – деди Кошмамбет бий. – Биздин уруубуз баарын. Анын ичинен баарыбыз анабаарын деген уруктанбыз. Садыктын агалары болобуз. Мына менин оң жагымда олтурган тууганым Жээналы бийдин уулу – Кыял. Айылдын старчыны болуп жүргөн, – деп, кызыл тору толук кишини жаңсады. – Анын жанындагы тууганым – Момундун уулу Отунчу.

– Аа, жанагы атактуу көкбөрүчүбү? Багыш-кытай болуп көк бөрү тартканда, байге бербеген азаматты билем! – деп күлүңдөдү Мырзалы бай, Кыялдын жанындагы буудай ирендүү, кой көздүү, шыңга бойлуу жигитти суктана карап.

– Сол жагымда олтурган жигит – өзүмдүн бир тууган агам Мусабайдын уулу – Койчубай. Бул жаштыгына карабай, жаңы бийликке аралашып, камчысын чаап жүрөт, – деди Кошмамбет бий, эки көзү бакырайган, сулуу жаш жигитти көрсөтүп. – Анын жанындагы өзүмдүн уулум – Алтыбай! – деди узун бойлуу, жотолуу жигитти карап.

– Аа, жакшы болбодубу. Таанышып алгандын зыяны жок. Жол-белде, талаа-түздө жолугушуп калсак, саламдашып, ал-жай сурашып, сый жүрөбүз! – деди Мырзалы бай.

– Аныңыз чын! – деди Кыял сөзгө кошулуп, – бөлөк-бөтөн эмес экенбиз. «Куда деген миң жылдык» дейт. «Жер тамырынан эл тамыры көп» деп бекер айтпаган. Садык бизге тууган болсо, сиздерге – жээн. Бири-бирибизге жөлөк-таяк боло турган жөнүбүз бар.

Аңгыча Садык салам берип, жадырап-жайнап кирип келип, туугандары менен кучакташып көрүшүп, ал-жай сурашты.

– Эл-журт аман-эсен. Баары кулакдар болуп калган экен, «Жаңы тууган качан көчүп келет экен» деп сурап жатышат – деди Кошмамбет бий.

– Биз даярбыз! – деди Садык. – Көптөн бери күтүп жүрөбүз.

– Ой, Садык! – деди Мырзалы бай, – ушул тага журтуңда өнүп-өстүң, үйлөндүң, балалуу-чакалуу болдуң. Анан бир күндө эле кете бересиңби? Дагы беш-алты жыл жүрүп, оокат-аштуу, мал-жандуу болгондо кетсең болбойбу? Мен сени кое бергим жок. Ата-баладай болуп калдык эле.

Мырзалы бай чын көңүлүнөн айттыбы, сөзү муңайыңкы угулуп, Садыкты кыйбай турганы сезилди.

Садык бир аз ойлонуп, муюй түшкөнсүгөнү менен туугандарга деген ыкыласы мурдагысынан да артылгансып, жүрөгү дүрүлдөй сокту.

– Бай аке, айтканыңызда калет жок. Баарыбыздын түбүбүз бир болгону менен тиричиликте сөөм-сөөм дегендей, карыш-карыш дегендей, жакындык, туугандык чоң мааниге ээ болот экен. Өз элде жүрсөң, көп нерсе билинбей өзүнөн-өзү жөндөлүп кетет экен да, башка эл, башка жерде жүргөнүң бат эле сезилип, анын түздөн-түз жүрөгүңдү жаралайт экен. Муну мага окшоп тага журтунда жүргөндөр гана сезе алат. Мен оокат-аштуу болоюн, мал-жандуу болоюн деп туугандарга көчүп барайын дебедим. Байыркы ата-бабам өскөн элжерди күсөп, туугандарымдын жытын жыттап, алар менен моюндаш өсүп-өнүккүм келет. Алар ток болсо



ток болуп, ачка болсо ачка болуп, илгерки кыргыз жоокерлери антташкандай «тирүү болсок бир дөбөдө, өлүү болсок бир чуңкурда бололу» дедим.

– Ап-баракелде, сөздүн ток этер жери айтылды! – деди Кошмамбет бий. – Эми Мырзалы бай, Садыкка уруксатыңды бер. Тиякта эл-журт күтүп жатат. Сага көп жылдар бою адал кызмат кылган экен. Тийиштүү акысын берип, бизди жөнөт.

– Кайсы акысы калган экен? Садыктын өзүнөн сураңыз? Жыл сайын эсептешип, такташып турабыз. Оокат-ашынан кемчил эмес. Кийим-кечектери гана жүдөө дебесеңер. Быйыл Наманган тарапка мал айдатып мата-кече алып келебиз, – деп Мырзалы бай өзүн актап таштады.

– Мырзалы бай! – деди Кошмамбет бий, – баарыбыз эле жалчы жумшап жүргөнбүз. Анын жашырар жери жок. Элдин баарына белгилүү. Байкуштардын акысынан аны-мунуга шылтоолоп кемитпеңиз. Жана өзүң Садык менен ата-баладай болуп калганыңды айттың. Андай экениң чын болсо, өз балаңдын энчисин бөлгөндөй, ыраазы кылып жөнөт!

Мырзалы бай жооп бере албай мелтейди.

– Бай аке, азыр жаңы бийлик күчүнө кирип, кедейлерди колдоп, жалчылардын акысын мол алып берип жатканынан кабарыңыз бардыр, –деди Койчубай. – Мен дал ошол жалчылардын кызыкчылыгын коргогон кемесиянын мүчөсүмүн. Эгер Садыкты өз эркиңиз менен ыраазы кылбасаңыз, анда эки-үч күндө кемесияны чакыртып, мал-дүйнөңүздү эсептетип, Садыктын үй-бүлөсүнө тийиштүү үлүшүн алып бердиребиз.

– Жаңы бийлик ошондой зордукка алып барабы? – деди Мырзали бай көзүн алаңдатып.

– Сиз өзүңүздүн малыңызды бактырганыңыз аз келгенсип, Садыктын апасын, келинчегин кошо жумшап, башка кишилердин эмгегинин эсебинен байып жатасыз. Жаңы өкмөт мунун баарын эбак эсептеп койгон. Азыркы заман байлардын эмес, кедейлердики экенин биле элексизби? – деди Койчубай өктөм үн менен.

Мырзалы байдын башы шылк эте түштү. Буруш байбичеде сөз жок. Өңү кубарып, тизелери калчылдайт.

– Азыр ушу Койчубайга окшогон жаштар көп чыгып, жер-жерлерде жаңы бийликти күчөтүп жатат – деди Кыял.

– Билем, билем... Мен да угуп жүрөм! – деп мукактанды Мырзалы бай. Эшиктен акырын баш баккан Турду эне туугандарга кайрылды.

– Ажыраш аяк берип коелу деп бир улак сойдурдук эле. Эти даяр болуп калды, үйгө жүрүңүздөр.

– Аа, жакшы иш кылыпсыздар. Элдин батасын алып койгонуңуздар абзел, – деди Кошмамбет бий.

Коло-коңшулар бала-бакыралары менен келишип, үйгө батпагандары сыртка салынган таардын үстүнө олтурушуп, тамак жешип, шорпо-шилең ичип, баталарын беришти. Мырзалы бай менен Буруш байбиченин кабактары салыңкы. Өз ара үтүрөңдөшүп, анда-санда бирин-бири катуу нукуп коюшат.

– Мырзалы бай, жообуңду айт. Эрте жарыкта жолубузду улайлы. Эл-журтту күттүрбөйлү. Мына өзүңөрдүн туугандарыңар да, коло-коңшуларыңар да бай жээнин кандай узатар экен деп карап турушат, – деди Кошмамбет бий.

Мырзалы бай Буруш байбичеси менен дагы бир жолу шыбырашып алып жайыраак сүйлөдү.



– Дагы беш-алты жылча жүрсө болот эле... Ага болбоду. Эми жээниме, эжеме берерим – бир кунаажын, беш кой. Ушуга ыраазы болсун.

– Байым, кунаажын бергениң түзүк. Беш кой дегениң болбой калды. Жок дегенде коюңдун башын онго жеткиз. Анан жол баштап барсын, бир эчкинди кошуп бер! – деди Кошмамбет бий.

Мырзалы жооп бере албай, мукактанып буйдалды. Баарын туугандар өз ара көбүрөшө түштү. Жабалактап турган эл-журттун арасында да күңкүл сөздөр күчөдү.

– Бай аке! – деди бир маалда эл-журтка таанылып калган көкбөрүчү Отунчу, – Садык тууганымдын өз келбетине бир карап көрүңүзчү. Эңишке, эр сайышка түшө турган нагыз балбандын бири экен. Анан ушундай эр жигиттин тага журтунан колоктоп жөө кеткени жарашпайт. Бир жарактуу ат мингизип жибергениңиз оң го!

– Баракелде, туура сөз болду! – деп кыйкырып жиберишти Койчубай менен Алтыбай. Жабалактап турган эл да коштоп дуулдашты.

Айласы кургандай ыңкыйган Мырзалы шыр жооп бере албай ынтыга баштаганда, Буруш байбиче анын кулагына шыбырагандай болду.

– Мейли, мейли! – деп булдуруктай сүйлөдү Мырзали бай, – атактуу көкбөрүчү Отунчу таап сүйлөдү. Бирок, жарактуу аттын ылайыгы болбой турат. Өзү кой кайтарганга минип жүргөн көндүм атын минип кетсин. Анан Кошмамбет бий айткандай, койдун саны он болсун, бир эркечти кошуп берейин.

– Аа, болду, болду бай! – деди Кошмамбет бий «пайгамбар барына азыр» деген, ушуга да канымет кылалы.

Көч түштөн кийин күн батышты көздөй, Чымкент айылына багыт алды. Баарын туугандар төөлөрдү жетелеп, малдарын айдап, бир төөгө үй эмерек, идиш-аяк, төшөнчүлөрдү жүктөшүп, экинчи төөнүн үстүндө Сыйнат менен Турду экөө баратты. Ал төөнүн басыгына жараша бирде эңкейип, бирде кайкалай каалгып, бирде көктөгү ак булуттардын калкый көчкөнүн кызыга караса, бирде жердегилердин баары кичинекей болуп көрүнгөнүнө таңданып, энесинен ар нерсени сурап жобурайт...

## ЖЕТИНЧИ БАП

Сыйнат баарын туугандарынын Сарымсактыга келип көчүрүп кеткенин эстеп болгуча, Бурмачач апасы экөө дагы эле мезгилсиз учуп кеткен төрт чүрпөсүнүн канчасы кыз, канчасы уул бала эле? Алар кимге окшош эле? Эгер тирүү болсо, кандай болмок деп жобурашып олтурушуптур.

Эненин ичинен чыккан ар бир чүрпөсүнүн жөн-жөнүн эсине сактап, аларды ара-тородо эстеп ичинен сыздаса да, тагдырдын катаал заңын жое алмакпы? Айласыз көнөт да калган балдарын ойлоп, ошолордун камы менен убара.

– Сен кичинеңден эле бышык болдуң. Оору-сыркого алдырган жоксуң. Көрдүңбү, али да сымбатың келишимдүү, ден-соолугуң мыкты. Ушунуңа шүгүр де, Сыйнаттан беш жашка кичүүсүң, кагылайын. Ал чүрпөлөрдү эстеп, жүрөк сыздатканда табарыбыз эмне? Андан көрө мына силердин бактылуу, камсыз-муңсуз болууңарды тилейли, кагылайын! – деп Бурмачачты кучактап маңдайынан өөп койду.



Сыйнат апасы менен Бурмачачтын эң жакшы маанайда жайбаракат олтурушканына курсант болуп, тестиер кезинде туугандарга көчүп келген күндөрү кайрадан эсине келди.

Туугандар кубана тосуп алышып, өрүлүктөп келгендердин ар кимиси бири төшөк, бири ала кийиз, бири жаздык колтуктап келишип, төрт канат үйдүн ичи жаңырып калды. Көчүп келген жылы туугандардын жанында кышташып, жаз келери менен аларга үй салып, чарбак курууга жер берилди. Ал жерге бакса менен коргончо салышып, бастырма курушуп, жанына боз үйдү тигип алышты.

Атасы Садык Сергей деген орус тамыры менен сүйлөшүп, шерик болуп жер иштетүүгө макулдашыптыр. Ал орустун эки аттык арабасы, кош өгүз чегилген сокосу бар экен.

Сергей эки аттык арабасына аялын, баласын, кызын сала келип, айдалган жерге ар нерселерин тигип беришти. Күзүндө ал жерден көп түшүм алышты. Көрсө алар картөшкө, ашкабак, помидор, пияз сыяктуу жашылчалар экен. Мындай нерселерди өмүрү жеп көрбөгөндөр орустардан үйрөнүп, кийин көнүп кетишти. Сергей жайы менен эки бөлмөлүү там да салып берди. Ал кышкысын жылуу болот экен.

Атасы менен апасы кечкисин ликбезге жөнөшөт да, үйдө наристелер менен калган чоң энеси баласы менен келинин күңкүлдөп тилдеп калат:«Бу эмне деген заман болуп кетти? Эри да, катыны да үйгө токтобой балдарын ыйлатып таштап кетишкени эмнеси, ботом? Ушу да кудайга жагар ишпи?» деп кагынып-силкинип, Сыйнатка да ачууланат. «Буларды какшатпай, сыртка көтөрүп, алаксыт» – деп зиркилдейт.

Кыш кетип, жаз келгенде элдин баары бир жерде иштей турган болушту. Ал «Тоз» деген уюшма экен. Жалпы кедейлер жерди ортоктошуп айдап, сээп оруп алышат. Ошентип, атасы да, апасы да, керели-кечке эл менен кошулуп талаага иштөөгө кетип, балдарды багуу түйшүгү чоң энеси экөөнө түштү.

Жай келип, эгин бышкан маалда, Сергей аялы менен келип, Садык, Кыйбат төртөө түнкүсүн орок орушат. Күндүз чоң энеси, өзү, Сергейдин аялы үчөөлөп оргон эгинди боолошот. Иштеген жерде алачык жасап, балдарды ошол жерге отургузуп коюшат. Атасы менен апасы күндүзү көпчүлүк менен иштешет.

Эгин абдан сонун өскөн экен. Буудайдын боолорун алачыктын жанындагы кырманчага бирден ташый башташты. Сергейдин тестиер балдары да келип, боолорду жипке таңып, кырманга көтөрүп келишет. Эртеси күнү атасы менен Сергей талдан чийне жасашып, буудайдын боолорун эки күндө ташып бүтүштү. Анан боолорду жазып беришти да: «Эми кечке чейин «Оп, майда» деп теминди бастыра бергиле!» – деп көпчүлүктүн ишине кетишет. Сергейдин балдары менен бирге кечке чейин темин бастырышат.

Бала болушса да тирүү жан да, кечке чейин баскан теминди кечки салкында жыйнашып, сапырып, кызылдап коюшат. Кызылдар дөбө-дөбө болуп үйүлүп, Сергей менен теңдеп бөлүп алышты. Кышкы оокатка деп, үрөнгө деп, ороого көөмп коюшту. Кап-кап болуп ун тирелип турат. Буудайдын бакалын да ташып, жыйнап алышты.

Мындай токчулукту көрбөгөн Садыктын үй-бүлөсү жыргалга батып кубанычка балкып турганда, капыстан кырсык басты. Анын төрт баласы бирдей ооруп, оо



дүйнөгө кете берди. «Бул орустун кесири, Тозго барып иштеп жүрүп, балдарын өлтүрүп алышты» – деп оокаттуу, али Тозго кирбеген туугандар ачык да, жашыруун да ушак кыла баштады. Турду эне абдан жаман болуп, чөгүп кетти. Оокатка көңүлү келбей, арыктап, сөөгү эле калды. Апасы менен атасы ыйлап-сыктаганы менен күндүз баягындай эле көпчүлүктүн ишине чыгып кетишет. Кечинде келишкенде энеси күндүз уккан сөзүн айтса, Садык: «Алар айта беришет, ажалы жетти, өлдү. Калган балдарыбыз аман болсун. Андай сөздөрдү укпай эле коюңуз» – деп апасын жоошутуп, эркелеп жомокторду окуп берип күлдүрүп, кабагын ачып коет.

Бир күнү Садык эки ат кошулган шаты араба айдап келип, каптагы буудайларды жүктөп, Кыйбат экөө Жамбылга жөнөштү. Ошол бойдон төрт-беш күн өткөндө келишти. Аябай көп базарлык алышыптыр. Баарына бир сыйрадан кийим-кече, жууркан-төшөктүк маталар, Сыйнатка баркыттан кара кемсел, кызыл баркыттан кызыл кемсел, кызыл сатин, сары сатин, ак сатинден үч көйнөк тигип беришти. Кончу узун ботинке да ала келишиптир.

Эки-үч күндөн кийин «эмгек бере турган болду» деп атасы менен апасы кап алып кетишип, 5-6 кап буудай алып келишти. Кийин ал буудайларды сатып, эки торпок, төрт эчки алышты.

Бир күнү чоң шашкеде Сергей аялы экөө араба менен келишти. Арабага толтура дарбыз жүктөп, үстүн таар менен жаап коюптур.

– Как живешь, тамыр? – деп Сергей арабадан түшүп, Садык менен кучакташып көрүштү.

– Кел, досум, кел! – деп Садык бапырандап жайдары учурашты.

– Булар биздики огороддон, – деди Сергей, – силердики балдар жесин.

– Ушунун баарын бизге алып келдиңби? – деп Садык таң кала сурады. – Муну качан түгөтөбүз.

– Оо, балдар бар. Алар жейт.

– Мейли. Өзүбүз да жейбиз. Туугандарга да беребиз! – деди Садык.

Арабадагы дарбыздарды түшүрүп, жүк жыйылган секинин алдына жыйышты да, дасторкон жайып, эки чоң дарбызды союшту. Кыпкызыл ширин дарбыздын жыты бур этти. Балдар жутуна баштаганда, Садык колун көтөрдү.

– Эң биринчи болуп энеңер ооз тийсин. Анан гана силер киришесиңер. Салт ушундай, – деди да эң биринчи кесимди энесинин колуна карматты.

– Апа, Сергей досумдун өз колу менен өстүргөн дарбызынан ооз тийиңиз!

– Бисмиллахир рахманир-рахим! – деп Турду эне ширелүү муздак дарбызды алып, калтыраган колу менен оозуна жакындатты. – Балам, бу орус баламдын бизге алып келгени адал болобу?

– Адал, апа, абдан адал! – деди Садык, – Сергей досумдун чарбасын өзүм көрүп жүрөм, жерине жылкы менен өгүздөрүнүн кыгын чачып, сокосу менен айдап, өз колу менен чөп, отоосун отоп, күнү-түнү карайт. Бирөөнүн акысын жебейт, колунан келген жардамын аябайт, убадага бекем, айткан сөзүнө турат. Өзүңүз деле көрүп жүрбөйсүзбү, бизге канчалык жакшылык кылды. Анан ушундай кишинин эмгеги адал болбой, кимдин эмгеги адал болот?

– Ким билет, балам?.. – Турду эне дарбызды ооз тийип, ширесинин даамдуулугун сезди.



Самоор коюлуп, дасторконго жапкан нандар үймөлөнүп, куурдак куурула баштады.

– Сыйнат, Кошмамбет чоң атам менен Алтыбай акеңди чай ич деп чакырып кел! – деди Садык.

Сыйнат тызылдап чуркап барып, аларды чакырып келди.

Кошмамбет бий баласы Алтыбай экөө салам айтып кирешти.

– Төргө өтүңүз, чоң ата! – деп Садык орун көрсөттү.

– Оо, мунуң эмне? Дасторконуңдун баары эле кыпкызыл го? – деп Кошмамбет күлүп койду.

– Сергей досум арабасына басып келиптир. Баарыбыз биригип, эки дарбызды түгөтө албай жатабыз, – деп жылмайды Садык. – Сизге жакшысын союп берем.

– Макул, макул! – деди Кошмамбет бий. – Илгери Чымкент базарына барганда, чайханага олтуруп алып, сарттарга палоо бастырып, суусундукка орустардын дарбызын жечү элек.

– Аа, мына, эми ошо дарбыздардын өзү бизге келип отурат, – деди Садык.

– Ийе, заман силердики болду. Буйрусун! – деп Кошмамбет нандан ооз тийип, анан дарбызга өттү.

– Жакшы багыптыр. Жүда ширелүү экен. Бу досуң нагыз дыйкан турбайбы?! – деп мактады Кошмамбет бий Сергейди карап.

– Ырахмат, чоң ата, ырахмат! – деди Сергей.

– Ой, мунуң кыргызчаны да билеби? – деп таңданды Кошмамбет бий.

– Билет, чоң ата! – деди Садык. – Мен буга кыргызча үйрөттүм. Ал мага орусча үйрөтөт.

– Ии, алакаңар жакшы экен, балам! – деди Кошмамбет бий. – Бу досуң жакшы билер, сурачы. Ак,

кызыл болуп согушуп жатат дешти. Бирде ак үстөмдүк кылса, бирде кызыл үстөмдүк кылды дешет. Эми согушу басылыптыр. Деги өкматтын түпкү көздөгөнү эмне?

Сергей бийдин суроосун түшүнүп, кыскача жооп берди.

– Чоң ата, бу өкмат – кедейлердин өкматы. Баары тең болуш керек. Баарысы тең иштеши керек!

– Аа, балам! Түшүндүм. Илгеркидей бай, кедей болбосун, баары тегиз иштеп, тегиз жашасын дейт турбайбы.

– Ошондой! – деди Сергей. – Бул үчүн ар бир киши окуса керек, мектепке барса керек.

– Аа, баары кат таанып, билим алсын дейт турбайбы?! – деди Кошмамбет бий, – түзүк, түзүк!

– Чоң ата, мына бизди Чымкентке туугандарга өзүңүз баштап көчүрүп келдиңиз. Келиниңиз экөөбүз элге кошулуп, түнкүсүн окуп, кат-сабатыбызды жоюп, эми китеп окуп калдык, жазганды да үйрөндүк. Орусчаны да биле баштадым. Өкмөттүн мыйзамдарын түшүндүм. Баягы Мырзалы байдыкында жүргөндөй эмесмин. Эми көзүм ачылып, көкүрөгүм кеңейип баратат.

– Ырас айтасың, Садык балам. Качан да болсо көпчүлүк менен болгула. Каерде калыстык болсо, адилеттик ошол жерде. Биз го картайдык. Заман силердики. Эл тынч болсо, турмуш-тиричилиги тың болсо жакшы да.

Түштөн кийин Сергей арабасын кошуп, жөнөй турган болду. Садык досунун арабасына эки кап буудай салды. Муну көргөн Сергей каршы болду.

– Сага дарбызды бекер алып келдим. Буудай керек жок. – деди ал.



– Биздин салт ушундай, досум! – деди Садык.

– Сен өз чарбагыңдын түшүмүнөн ооз тийгизейин деп дарбыздарыңды тартуу кылдың. Мен сага жооп кылып буудай бердим.

– Жок, Садык, бул жарабайт. Сеники балдар көп. Жаңы тиргилик. Өзүбүздө буудай көп.

– Болбойт, Сергей. Биздин турмуш азыр жакшы. Баары жетиштүү. Садык Сергейдин каршы болгонуна карабай эки кап буудайды алган жок.

Сергей аялы экөө арабага олтуруп коштошоор алдында Садыкты кучактап көпкө сүйлөштү. Анан Сергей Сыйнатты көрсөттү.

– Сеники кызымке башковитая, – деди өзүнүн чекесин черткилеп, – окутса керек.

– Аа, – деп Садык күлүмсүрөп койду. – Жаңы мектеп бүткөнү калды. Окууга анан беребиз.

Турду эне алардын сөзүн жактырган жок.

– Кыз окуп каякка барат эле. Болбогон сөздү койсоңорчу.

Сергей башын кайра-кайра чайкады.

– Она симпатичная, деловая и живая! – деп Садыкка көзүн кысты. – Кызымке окуса керек!

– Макул, досум! – деди Садык. – Кана, жолуң болсун!

Сыйнат орустардын арабага олтурушуп, сол колуна тизгинди алып, оң колу менен Сыйнатты көрсөтүп: «Кызымке окуса керек!» – деп чын көңүлүнөн көк көздөрүн күлүңдөтүп, жылмайып айтып турганы эсинде калды. Китеп каптарын көтөрүнүп бирин-серин мектепке өтүп жүргөн балдарды көрүп, «мен да окусам» деп тилек кылар эле. Бирок үйдөгү кыбыр-сыбыр тиричиликтин көптүгүнөн ал да унутулуп калчу.

Сергей тизгинди тартып «Но – оо!» деп, жүндөрү жылтылдаган эки боз ат, арабаны калдыратып, көчөнүн чаңын буралтып узай түштү...

Сыйнат апасы Кыйбаттын «Ошо орустар келип, бизге жардам берип, өнөктөшүп эгин сээп, көп түшүм алган жылы төрт балабыз катары менен жугуштуу оорудан улам өтүп кетти. «Ана, орустун кесири тийди» – дешип туугандар сөз кылып жиберишти. Атаң «Тагдырга айла барбы?! Калган балдар аман болсун!» – деп белин бекем бууду. Кудайга шүгүр. Ошондон кийин туулган баланын атын «Туугандарга келгенден кийин төрөлдү» – деп Тууганбай койдук. Анын да өмүрү кыска экен, согушка кетип кайрылбай калды. Андан кийин Сатылган, Майрам, Жеңиш төрөлдү. Ошону менен онсуңар» – деп жобурап олтурганын укту.

– Эми, жакшы түшүндүм, апа! – деди Бурмачач. – Мен бала кезимде үй толо бала болгондой, ошолордун арасында бирде күлүп, бирде ыйлагандай элестейберчү.

«Оо, бабыр сиңдим ай! Сөздү дагы деле бүтө элек турбайбы?!» – деп Сыйнат, Бурмачачтын ордунан туруп кара булгаары баштыгын билегине салганда гана анын үйүнө кайтарын байкады.

– Эже, биз кайталы. Эми сиздер жайбаракат эс алыңыздар. Эртең иш күн эмеспи! – деп Бурмачач Сыйнаттын колун кыса коштошту.

– Ооба, жакшы бар, Бүкөн. Бүгүн эң сонун күн болду! – деди Сыйнат.

– Ырас айтасыз, эже! – деп Бурмачач ажарлана жылмайды. Бетинде бир да бырышы жок, кара көздөрү күлүңдөгөн, мүчөсү келишкен сулуу сиңдиси эңкее таазим кылып, акырын гана чыгып кетти.



# СЕГИЗИНЧИ БАП

Сыйнат кызматына илгерки адатынча он-беш мүнөткө эрте келип, бүгүнкү иштерди жоромолдоп, кимдерге кандай тапшырмаларды берерин ойлонуп бир аз олтурду. Жолдон киоскиден алган гезиттерди бир сыйра карап да үлгүрдү.

Эшик акырын ачылып, Жаңыл баш бакты. Ал архивдин кенже илимий кызматкери.

– Кел, Жаңыл! Кире бер! – деди Сыйнат.

– Саламатсызбы? Жакшы эс алып келдиңизби? – деди Жаңыл.

– Саламатчылык, Жаңыл. Өзүң кандай эс алдың?

– Жакшы. Бүгүн сизге СССРдин Эл артисти Даркүл Күйүкованын мамлекеттик архивге тапшырган материалдарын көрсөтүп, жалпы иштин аткарылышын тааныштыралы дедик эле.

– Абдан сонун болот. Демек бүтүргөн экенсиңер да.

– Ооба. Эми классификациялоо, түшүндүрмөлөрдү жазуу жана башка бир катар техникалык иштери калды.

– Материалдары байбы, кызыктуубу? – деди Сыйнат.

– Карап көрөсүз го...

Сыйнат Жаңыл экөө жалпы бөлмөгө киришкенде кызматкерлер орундарынан турушуп ызаат кылышты. Сыйнат баары менен кол алышып, амандык сурашып, айрымдарын тамашалап, эркелетип, төр жактагы орундукка отурду. Жаңыл бир нече жаңы папкаларды көтөрүп келип, Сыйнаттын алдына койду.

– Өмүр баянын өз колу менен жазып бердиби? – деп сурады Сыйнат.

– Ооба, мынакей! – деп Жаңыл бир папканы ачып көрсөттү.

– Ии, Даркүл 1919-жылы Аламүдүн районундагы «Октябрь» колхозунда туулуптур. Менден эки жашка кичүү экен! – деп Сыйнат анын өмүр баянын окуй баштады. 13 жашынан пьесага катышыптыр. 1936-жылы Бакен Кыдыкеева, Сыдыкбек Жаманов үчөө бирге жаш көрүүчүлөрдүн театрында иштөөгө киришиптир. Ал Даркүлдүн өмүр баяны менен таанышып чыгып бир топко ойлонуп олтурду.

– Өмүр баян кыска жана супсак жазылып калыптыр! – деди Сыйнат, – өткөндө СССРдин Эл артисти Ашыралы Боталиевдин материалдарын архивге албадык беле. Ал биз менен көпкө маектешип, өзүнүн башынан өткөндөрүн кызыктуу кылып айтып бербеди беле. Өмүр баянын да мазмундуу жазган. Даркүлдүн өмүр баянында андай кызыктуу учурлар жок дейсиңерби? Бирок ал көп нерселерин ачык айтпай, жашырып койгон. Кийин-кийин архивди барактаган киши ойго алар эч нерсе таба албай, көп суроолору жоопсуз калса, биз күнөөлүү болобуз. Себеби, биз СССРдин Эл артистин сүйлөтө албадык. Анын көп кишилерге белгисиз окуялары калып кетти. Аны ким, кайдан табат?

– Ой, эже, абдан туура айттыңыз. Биз үстүртөн иштеп коюппуз! – деп Жаңыл кемчилигин дароо мойнуна алды. – Ал киши өз колу менен жазып бергенден кийин унчукпай эле кабыл албадыкпы.

– Жазышкан каттарын алдыңарбы?

– Жок, «сакталбай калыптыр» деп койду.

– Мына, дагы бир чоң кемчилигибиз ушул. Жеке фондго материал чогултканда ар ким менен, ар кайсы жылдарда жазышкан каттарын сурап алганыбыз



тарых үчүн табылбас казына болуп калат. Кээ бир кишилер жеке кишинин жеке сыры катылуу бойдон калганы жакшы деп ойлошот. Бирок биз республиканын эң көрүнүктүү ишмерлеринин жашоо-тиричилигин, анын ой-пикирлерин, коомдогу таасирин тарых үчүн сакташыбыз керек. Антпесек, ал баалуу материалдар эски сандыктарда, папкаларда, түйүнчөктөрдө сакталып жүрө берип, кийин айрым урпактары тарабынан бааланбай, керексиз, ашка жүк, башка жүк катары тытылып, өрттөлүп жок болуп кетиши мүмкүн. Андай тарыхый баалуулугу бар нерселер орду-түбү менен жоголуп кетип жатпайбы. Биз архив ишин жакында гана баштадык. Ал эми Англиянын, Франциянын АКШнын, Россиянын, Кытайдын архивдери жөнүндө маалыматыңар болсо билесиңер. Аларда азыр тонналаган алтынга алмашкыс тарыхый архивдик маалыматтар сакталып келатат.

Сыйнат Даркүл Күйүкованын «Жаңыл Мырзанын», «Отеллодо»-Эмилиянын, «Курманбекте» – Айганыштын, «Саманчынын жолунда» -Толгонайдын образдарын жараткан таанымал сүрөттөрүн шашпай карап чыкты.

– «Саманчынын жолун» көрдүңөр беле? –деп сурады Сыйнат баарынан.

– Көргөнбүз! – дешти баары.

– Даркүл аткарган Толгонай, Чыңгыздын чыгармасындагы Толгонай эненин философиялык, трагедиялык эң татаал образын өтө чебердик менен элестүү берe алган. Аны көргөндө жан этиңди жеп, чындап күйүткө батасың. Балдарынын баарын кайсап, жеп бүткөн согушту каргап, Жер эне менен сүйлөшүп, түгөнбөгөн

арманын төккөн Толгонайдын ролун Даркүлдөн терең да, бийик да аткарган артист бизде жок чыгар.

– Ырас эле. Даркүлчөлүк эч ким аткара элек, – деди Жаңыл.

– Эми ошо сүрөттөрдүн жанында Даркүлдүн өзүнүн түшүндүрмөлөрү, эскерүүлөрү болсо... Же, пьесанын авторунун пикири өз колу менен жазылган болсо кандай болор эле. Мисалы, Чыңгыз оюнду көргөндөн кийин Даркүлдү куттуктап, бирдеме дегендир. Ошол кана?!. Материалдарды даярдаганда көңүл бурсак!..

Катарлаш олтурушкан Жеңишкан, Гүлжамал, Зина, Жаңыл баары Сыйнаттын айткандарын кунт коюп угушуп, көпкө чейин унчугушпады. Сыйнат менен курбалдаш Зина бир маалда баш көтөрүп оюн айтты:

– Баарыбыз ар кайсы жумушта жүрүп тажрыйба алганбыз. Архив иштерине кийинчерээк киришип, иште чалагайымдык кетип жатканы чын. Сыйнаттын азыркы терең ойлорун ар кимибиз эсибизге алып, фонд түзүүдө шашпай, дыкаттык менен иштешибиз керек. Ал үчүн ар кимибиз өзүбүздүн билимибизди ар тарап-тан өркүндөтүп, көп окуп, чоң архивдердин иштери менен таанышып алышыбыз керек.

– Зина эже абдан туура айтты, – деди Жаңыл. – Биз көрүнүктүү адамдар менен сүйлөшө албай, көп мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана албай жаткандыгыбызды моюнга алабыз. Эмки көздөгөнүбүз, кыргыз эл акыны Аалы Токомбаевдин архивдик материалдарын өздүк фондго алуу эле. Ушул ишти Сыйнат эже өзүңүз колго алып, баягы Ашыралы Боталиевдикине баргандай, үч-төрт кызматкер чогуу барып иштесек кантет?



– Мен макулмун! –деди Сыйнат. – Бүгүн эле Аалыкем менен телефондон сүйлөшүп көрөйүн. Эгер жакынкы күндөрдө келе бергиле дечү болсо, чогуу бара коебуз.

Сыйнат кабинетине келгенден кийин телефондук аныктаманы барактап, Аалы Токомбаевге чалды. Телефондон коңур үн угулду.

– Ким керек эле, балам?

– Саламатсызбы, Аалыке? Мамлекеттик архивден чалып жатам! – деп Сыйнат өзүн тааныштырып, максатын кенен, шашпай айтып түшүндүрдү.

– Оо, абдан жакшы иш кылып жатыпсыздар. Тарыхта архивдин мааниси өтө чоң. Мунуңуздарды колдойм – деди Аалы.

– Убактыңыз болсо, биз үч-төрт кызматкер болуп сиз менен кең-кесири сүйлөшүп, өзүңүз ылайык деген материалдарыңызды иргеп алсак.

– Бул үчүн мага он чакты күн мөөнөт бергиле. Мен бала-чака, неберелерим менен маслеттешип, үйдөгү көп жыл жыйналган материалдарды иргеп коелу. Анан келсеңер жакшы болот.

– Болуптур, Аалыке. Дал ошондой болсун. Сак-саламатта туруңуз.

Сыйнат Аалы Токомбаев менен макулдашканын, ал ончакты күндөн кийин келгиле деп айтканын кызматкерлерине кабарлады.

– Эми силерден сураныч. Бул ончакты күндүн ичинде Аалы Токомбаевдин өмүрүнө, чыгармачылык жолуна байланыштуу адабияттар менен таанышып, анын ыр, поэмаларын, кара сөздөрүн, публицистикалык макалаларын окуп чыккыла. Анткени ал киши менен жекеме-жеке маектешкенде, айрым нерселер-

ди билбей, же түшүнбөй, жер карап калбайлы, – деди Сыйнат.

– Ооба, ошентели. Эртеңден баштап ал кишинин чыгармаларын кайталап окуп чыгалы – деди Зина.

Сыйнат кызматтан келгенден кийин Аалынын китептерин таап, көп ырларын окуду. Обон чыгарылып, элге таанылган айрым ырларын кыңылдап ырдап да көрдү. Композитор Абдылас Малдыбаев обон чыгарып, өзү ырдап жүргөн бир топ ырлары көңүлүнө жакты. Анан акындын өмүр баянына кызыгып, Үркүндө ата-энеси менен Кытайга качып, кийин кайра кайтканда ата-энесинен, бир туугандарынан ажырап калганы зээнин кейитти.

Акын жетимчиликтин азабын тартып, кийин бой жете баштаганда Кеңеш Өкмөтүнүн жетим-жесирлерге көрсөткөн камкордугун көрүп, элди жапырт билимге үндөп, сабатсыздыкты жоюу боюнча ликбез ачып, чоң-кичине дебей баарынын колуна калем карматканда, Аалы мал айдаган соодагерлерди ээрчип, Ташкентке барып, алты айлык партиялык мектепке кирип сабатсыздыгын жоюп, 1927-жылы Орто Азиялык Коммунисттик университетти бүтүргөн экен.

Сыйнат 1928-жылы, 11 жашында мектеп босогосун аттаганы эсине түштү. Ал окууну канчалык эңсесе да, үйдөн карыш чыга алган эмес...

Атасы Садык: «Кызым окууга бар!» – десе, энеси Турду, апасы Кыйбат ызылдап жиберишет. Анткени айылдагы Сыйнат курактуу кыздар окууга барбайт. Садык Айыл кеңешинин төрагасы болуп шайланып, катчылыгына сары орус жигит дайындалыптыр. Аны атасы үйгө ээрчитип келип, «Бу жигиттин аты Иван, атасынын аты Шевченко. Биздин үйдө жашайт. Өзү



кыргызчаны жакшы билет. Мага орусча сүйлөгөндү, жазганды үйрөтөт» – деди. Атасы экөө кызматтан келгенден кийин түн бир оокумга чейин китеп окушат, жазышат, сүйлөшөт.

Сыйнат атасынын күчү менен окууга барды. Муну энеси Турду менен апасы Кыйбат жактырган жок. «Сендей чоңоюп калган кыздын окуганы уят. Бизди элге уят кылба. Дудук болуп сүйлөбөй койсоң, сени мектептен чыгарып таштайт» – дешти. Алардын тилин алып, мектепте бир айча дудук болуп, таптакыр сүйлөгөн жок. Себеби, аны сыртынан байкап, баарын энеси менен апасына айтып барчу кишилер бар экенин билген. Эгер ал сүйлөп койсо, энеси менен апасы катуу жазалап, этин көгөртө сабамак.

Атасы Айыл кеңешинин иши менен алыскы айылдарга кеткенде Сыйнатты мектепке жиберишпейт. Атасы үйгө келгенде гана мектепке барат да дудук болуп кайра келет.

Ноябрь майрамында мектепте жакшы окуган балдарга сыйлыктар берилди. Бул салтанатта Айыл кеңешинин төрагасы катары президиумда олтурган Садык кызын карап «Сен эмне үчүн сыйлыкка илинбей калдың?» дегендей мурутун сылап, намыстангандай капалуу көрүндү. Сыйнат ызалангандан көзүнө жаш толду. Үйдө чатак чыкпасын деп энеси менен апасынын жоруктарын айтпай жүргөнүнө өкүндү да, бозоруп олтуруп берди.

Ошондон кийин атасы дагы бир жакка кетти. Сыйнат мектепке үч күн барбай калды. Төртүнчү күнү мектепке барайын деп эрте туруп, апасына кол кабыш кылып, мектепке жиберер бекен деп жагынганына карабастан жибербей коюшту. Улуу шашке болуп калган.

Үйдү жыйнап болуп, бастырманын үстүнө чыгып, мектеп жакты көпкө тиктеп, ыйлап олтурду. Бир маалда күн батыш жакты караса, атасы эки-үч киши менен атчан келатышкан экен. Атасын көрө коюп, бастырманын үстүнөн учуп кете таштады. Шатыдан жүгүрүп түшүп, үйгө кирди да, жыйып койгон жүгүн оодара тартып, кайрадан жыя баштаганда, Садык эшикти ачып кирип: «Кызым, эмнеге мектепке барган жоксуң?» – деп сурады.

Кандай жооп айтарын билбеген Сыйнат:

– Жүк жыйнап жатам! – дей салды. Атасы меймандарды башка бөлмөгө киргизип, «Сыйнат» – деп чакырды.

Сыйнат антип-минтип жооп бергенче атасы өзү үйгө кирип:

– Китепкабың кана? – деди.

Сыйнат дубалда илинип турган китепкабын алары менен анын колунан атасы илип алды да:

– Бол, кийинип чык! – деди.

Эшикке чыкканда Сыйнат кемегеде от жагып жаткан апасын көрдү. Ал Сыйнатты акырая караган менен унчуккан жок.

Атасы Сыйнатты бир атка мингизип, үзөңгү боого бутун салды.

– Эми ээрге бекем олтур! – деп, өзү бир атка минери менен:

– Жүр, кеттик! – деди.

Экөө катуу жүрүшүп, мектепке тез эле жетип келишти. Мектептин директору Абдыкеримов Козубек аларды утурлай басты. Саламдашкандан кийин аттан ыргып түшкөн Садык Козубекти далыга таптады.



– Кызың экөөң эмне куушуп келдиң? – деди Козубек. – Же эрте эмес, же кеч эмес.

– Кыз меники, окуучу сеники! Эмне үчүн бул окууга келбей калса, издеп барбайсыңар? Эмесе, мындай макулдашалы. Мен бар боломбу, жок боломбу, эгер кызым окууга келбей калса, өзүң издеп бар, же бирөөнү жиберип айдатып ал! Ал эми сен балам, жакшы окугун. Калганын үйдөн сүйлөшөбүз! – деп атына минип, Сыйнат минип келген атты жетелеп үйүнө жөнөдү.

Мына ушул күндөн баштап Сыйнат дудук болгонду коюп, ачылып окуй баштады.

Сыйнат окуудан келсе, үй ичи буркан-шаркан, энеси Турду буулугуп олтуруптур. Ал китеп кабын койду да, эки чаканы алып сууга кетти. Кайра келип от жагып, чай койду, аңгыча апасы Кыйбат жумуштан келди. Энеси келинин кекээрдеп, чайды да жакшы ичкен жок.

Күн батарда атасы Садык келди. Сыйнат сыртта жүргөн, атасы аны кучактап, маңдайынан сылай:

– Окудуңбу? – деди.

– Окудум.

– Мындан кийин окуудан калуучу болбо!

– Энем урушуп жатат. Сиз кетсеңиз эле окууга жибербей коет – деп ыйлап жиберди.

– Ыйлаба, энең менен сүйлөшөм. Жиберет! – деп Сыйнатты сооротуп койду.

Садык үйгө киргенде, энеси кайрадан буркан-шаркан түшүп, ачуулана баштады. Сыйнат атасынын бир мүнөзүн байкап жүрчү. Апасы ачууланганда, ага катуу сүйлөбөй, унчукпай угуп олтурчу. Бул жолу да ошентип унчукпай угуп олтурду, апасынын ачуусу басаңдаганда:

– Болуптур, апа, Сыйнатты окууга жибербей эле коёлу! – деди.

Сыйнат чоочуп, жүрөгү оозуна тыгыла түшкөндөй капталып, көзүнөн жашы ыргыды.

Атасы аны карап коюп, унчукпай олтура берди. Энеси жоошуду. Кечки оокат да ичилди. Бирок Сыйнат ичимиш болгону менен оокатка табити тартпады. Бир убакта атасы апасынын колун кармалап сылап коюп сөзүн баштады.

– Апа, азыр баягы заман жок. Балшебектер жаңы өкматты курду. Бардык бийлик кедей-кембагалдарга өттү. Алар элдин баарын окутуп, сабатын жое баштады. Мына биз, келиниңиз экөөбүз, көзүбүз болсо да сокурбуз. Катты араң таанып, китепти эжелеп окуйбуз. Кечээ эле байдын койчусу болуп жүрчү элем. Бүгүн болушмун. Орус бала Иван орусча үйрөтүп, окутуп, жаздырып жүргөнүн билесиң. Жаңы Өкмөт эркек менен аялга бирдей укук берди. Баары окуп, көздөрү ачылсын деп жатат.

– Эркек балдарыңды окута бер, кызда эмнең бар? Кызды энеси бийлейт. Ал башка үйдүн бүлөсү! – деп Турду эне кайрадан ачууланды.

– Жок, апа, мени бардык элге баш-көз болосуң, Өкматтын токтомдорун аткарасың. Илгеркидей кылып кыз балдарды эрте күйөөгө бербей, окутасың, буга каршы болгондорго жаза колдоносуң деп шайлаган. Өзүм эл бийлигинин башында туруп, кызымды окууга жибербесем, анда алар мага эмне дешет? Өзүңдүн кызыңа алың келбей жүрүп, биздин кызда кандай ишиң бар десе, эмне деп жооп берем, апа?!



– Баягы күчүм кеткен экен. Балаң тилиңди албагандан кийин тирүү жүрбөй өлүп эле калганым оң! – деп Турду эне буулукту.

– Апа, – деди Садык үнүн жайыраак чыгарып, – кечээ эле Мырзалы байдын ирегесинде жалчы болуп жүргөнүбүздү унутуп коебузбу? Анда кырк жамаачысы бар кичинекей үйдө өлбөстүн күнүн көрүп жүрбөдүк беле? Бүгүн жаңы Өкмөт жер берип, жаңы үйлүү болуп, башка бирөөлөргө кор болбой, өз эмгегибиз өз колубузга тийгенде эсирип кетебизби?

Турду эне баласынын айткандарын угуп көпкө чейин унчукпай мелтиреп олтура берди. Садык апасынын колдорун сылап, башын анын ыйыгына жөлөп, анда-санда көз кыйыгын салат.

Бир оокумда Турду эне баласын башынан сылап акырын сүйлөдү:

– Балам, макул! Сен айткандай болсун!

Садык апасын кучактап өөп алып, ордунан ыргып туруп:

– Апам мына ушундай кеменгер! – деп бакылдады.

Эртең менен Турду эне Сыйнатты эрте ойготту.

-Тур, окуудан кечигесиң! – деди ал.

Чайды да кайнатып коюптур. Тамагын ичирип, бетинен өөп:

– Мейли, оку! Ким болор экенсиң? Көрөрбүз, – деп жөнөттү.

Биринчи май майрамында Сыйнат да сыйлыкка илинип, жоолук алды. Ошондо анын сүйүнүчү койнуна батпай, көзү жашка толуп, атасын карады. Атасы чогулушту башкарган үстөлдүн төрүндө эле. Кызын карап күлүңдөп, мурутун чыйратып койду.

Үйгө келгенде атасы:

– Мына, апа, Сыйнатың окуудан сыйлык алды. Сиз салынып алыңыз! – деп жоолукту апасына берди.

Сыйнат «атама айттырбай, энеме жоолукту өзүм эле бербей» – деп уяла түштү.

Атасы кызынын уялганын байкап, күлүп, көзүн кысып койду.

Энеси жоолукту кайра Сыйнатка карматты.

– Ме, биринчи сыйлыгыңды өзүң салын, мен салынгандай болоюн! – деди ал. Сыйнат аны таберик көрүп, жыртылганча салынып жүрдү.

## ТОГУЗУНЧУ БАП

Сыйнат кайрадан Аалынын китептерин барактап олтуруп, өзү мурдатан окуп жактырган «Күүнүн сыры» аңгемесине токтолуп, аны дагы кайрадан окуп чыкты. Кыргыздардын илгерки жоокерчилик заманданы татаал турмушунун эң жандуу элесин берген бул аңгеме жомок катары сезилсе да турмушта болуп өткөн окуядай күчтүү таасир калтырат.

Ал кайраттуу, намыскөй эрке кыздын жолборско алдырган кайгылуу казасына кадимкидей боору ооруп, ичи ачышты...

... Анан Аалынын басып өткөн жолу менен өзүнүн өмүрүндөгү айрым окшоштуктарды ойлоп таң калды.

Аалы жаш кезинде окууну самап, соодагерлер менен жөө-жалаң мал айдап Ташкентке барып максатына жетсе, Сыйнатты он бир жашка чыкканча чоң энеси менен апасы «кыздар окуп эмнени кыйратмак» дешип



үйгө камашып, ага болбой мектепке барса, «дудук болуп унчукпай койсоң мектептен биротоло куулуп, кутуласың» – дешкен.

Сыйнаттын кайрадан жаш кези эсине түштү. 1932-жылы күзүндө ал кагын менен ооруп төшөккө жатып калды. Айылдык табып, тамырын кармап көрүп, «көк суу ичкин» деп кетти. Апасы суу кайнатып, бир аз табы кайтканда сүт кошуп ичирет. Эки жума ичкенден кийин табып келип көрүп, дагы бир жума ичкенден кийин оңолуп кетесиң деп сүйүнтүп койду. Бир жумадан кийин табып тамырын көпкө кармап көрүп, «эми акырындап аралашасың» деп тоок сойдуруп, анын шорпосун гана ичирди. Ошентип айыгып кетти. Бирок үйдү дагы бир кайгы басты. Колхоздун төөсүн уурдаган ууруларга жол берген, ага шерик болгон деген жалаа менен атасы Садыкты абакка камашты. «Чындап эле камалып кетеби?» – деп үйдөгүлөр чочулап, үрпөйүштү. Туугандар болсо, «Сотко Сыйнатты берип, Садыкты кутултуп алабыз» – деп уу-дуу болуп дүрбөштү. Сыйнат туугандардын тилине көнбөй, «атам менен сүйлөшмөйүнчө, макулдугумду бербейм» деп кан жутуп жүрө берди.

Бир күнү атасы Садыкты айылга алып келишти. Туугандар сотко кошомат кылышып, аны тегеректешип, айтканын аткарып жүрүштү. Алар чарбактын ичине топ ойношуп, ал жерге Сыйнатты да чакырышты. Алар аны сот менен тааныштырмак. Ошондуктан Сыйнат чакырган жерге барбай койду. Туугандар кайра-кайра жанын койбогонунан, «атамды көргөндөн кийин гана ойнойм» – деп жооп берди.

Ошондон кийин аны атасына жолуктурушту.

Сыйнат атасын көрөрү менен бакырып ыйлап жиберди. Атасы аны кучактап, бетинен өөп, үйдөгүлөрдү сурап, өзүнүн ал-абалын айтып берди.

Бир маалда атасы аны тике карап:

– Балам, мен акмын. Төө уурдагандар менен эч кандай алакам жок. Бул мени көрө албагандардын гана жалаасы. Мага ишен, балам! Сени мени бошотуп алмакка сотко күйөөгө беребиз деп жатышыптыр. Эгер мен десең, макул болбогун, андан көрө эрсиз өт! – деди.

Сыйнат атасынын ак экенине мурда эле ишенсе да, эми ого бетер шер байлап, кубаттана түштү.

– Эгер сизди абакка кеспей кутулта турган болсо, сиз үчүн бара берсемби? – деди эле атасынын ачуусу келип, үнүн катуулатты.

– Абакка кескидей мен уурулук кылган жокмун. Күнөөм жок. Мен сени сотко бербейм дегеним үчүн ушинтип жалааны күчөтүп жатышат. Сен эч нерседен коркпо. Андан көрө башыңды көтөрүп, айткан сөздү ук! Мен десең, азыр барып, «сотко тийбейм» деген жообуңду бер! Ошентсең, сага ыраазы болом – деди атасы.

Атасы менен сүйлөшкөндөн кийин Сыйнат топ ойногон жерге барып, топко кошулду. Сотту көрдү. Ал атасы курактуу киши экен. Атасынын айткан сөздөрү ага кайрат бүтүрүп, топ ойногондор менен жүгүрүп, шаңдуу жүрдү. Топ менен сотту айланып эки жолу уруп, оюндан чыгып кетти. Бул анын жактырбаган белгиси эле.

Сыйнат үйүнө барды. Баары ыйлап, кайгылуу. Ал атасынын сөздөрүн шашпай айтып берип баарын соороттуу. Тамак даярдап баарынын курсагын тойгузуп, тынчтандырды. Бирок ошол түнү сот атасын он жылга кести. Баары ыйлап, ызылдап кала беришти.



Ушул жылы кышында Жайылгандык Осмон деген киши Чымкент айылына көчүп келип, Сыйнаттын үйүнүн жанындагы бош үйгө кирипти. Ал парторг болуп келген эле. Үй-бүлөсү аз, турмушу мыкты экен. Аялы Сыйнатка эже болуп, эки үй бириникине бири кирип, үйүр болуп кетишти. Жалгыз баласы Фрунзеде окууда экен. Кышында каникулга келди. Ал кыздар кызыга тургандай өңдүү-түстүү, маданияттуу, жарашыктуу кийинген жигит эле. Коңшу болгондуктан эртели-кеч кездеше берип, Сыйнат экөө ынак боло баштады. Анан каникулдун убагы бат эле бүтүп, жигит окуусуна кетти. Ал жактан Сыйнатка үзбөй кат жазат. Сыйнат да көп узатпай жооп берет. Ошентип алар бара-бара бирин-бири сагына турган болушту.

Жаз да келди. Жигити Сыйнатты «сен да мени менен бирге жүр, экөөбүз бирге окуйбуз» – деп үгүттөй баштады. Сыйнат болсо «атам үйдө болсо, окууга кетип калат элем» – деп ичинен сызат. Экөө кубалашып ойноп жүрүшүп, бир күнү сырдашып олтурганда, Сыйнат ички сырынын баарын ачык айтып жиберди. «Мен сени алам. Ата-энеме айтып, жол кирени да табам» – деп жигити да чын сырын чыгарды.

Жазгы каникул бүтөрүнө жакын калганда жигитинин кабагы салыңкы болуп, эки жакка чыкпай, Сыйнат менен сүйлөшүп олтурганды жактырып жүрдү. Анын мындай өзгөргөнүнө Сыйнат анчалык маани берген жок. Бир күнү эртең менен Сыйнат бир жумуш менен алардын үйүнүн далисине киргенде, жигиттин апасынын чаңкылдаган үнүн угуп, токтоп тыңшап калды. «Алардын турмушу начар, ал сага тең эмес. Маданият эмне экенин билбейт. Ал үчүн жол кире төлөөрүм

жок!» – деген үнду уккаңда, Сыйнат өзү жөнүндө сөз болуп жатканын билип, бүткөн бою дүрүлдөп, көздөрү караңгылап, кулагы дуулдап, далистен атып чыкты. Анын дабыртын угуп калган жигит артынан жүгүрүп чыгып, «Сыйнат, сен барбасаң, мен да барбайм. Апамдын сөзүнө капа болбо» -деп жооткотту. Анын сөздөрү Сыйнаттын кулагына кирген жок. Ыйлай берди.

Бир нече күндөн кийин жигитти ата-энеси зордоп окууга жиберди. Сыйнат айылда калып, колхоздо иштеп жүрдү.

Кышында жигити каникулга келди. Ата-энеси анын сөзүн таптакыр укпай койду. Ал шаарга кетеринде, Сыйнат экөө ыйлап коштошту. «Шаарга барганда иштеп, сени алып кете турган каражат таап келем» – деген убадасын берди. Экөө кат жазышып турду. Сыйнат ызага уугуп, окуу десе жанын берүүгө даяр эле. Ошондуктан, «бирөө окутам десе, турмушка чыгат элем» – деп жеңелерине сыр кылып, оозунан кандай чыгып кеткенин билбей калган.

Көп узабай Осмон кызматынан түшүп, башка жакка көчүп кетишти. Ал отурган тамга айылдык кеңешке төрага болуп шайланган Аязбек көчүп кирди. Аялы Кенже Сыйнатка эже болуп, экөө бат эле жакындашып кетти.

Бир күнү Сыйнат шаардагы жигитинен келген катты алып бастырмада ыйлап олтурса, Кенже келип калды.

– Сыйнат, сага эмне болду? – деп катты колунан жулуп алды. Бирок кат тааныбагандыктан:

– Окучу, угайын! – деп катты кайра берди.

Сыйнат ага башка бир кызга келген кат катары окуп берди эле, ыраазы болуп үйүнө кетти.



Август айынын аягы. Эгин оруп-жыюу кызып, айылда бир киши калбай аңызга чыгып машак терип, кырманга алып келишет. Райондон өкүл келиптир. Чогулуш болот экен деп калышты. Машак тергендердин баары чогулду. Колхоздун башкармасы, айылдык кеңештин төрагасы жана дагы бир кара тору, шыпылдаган жигит үчөө чогулушту башташты. Аңызда машак көп калган, эгер мал жайылса бекерге коромжу болорун айтышып, он кило машак терип келгенге бир килодон дан берилерин эскертишти. Сыйнатка ошол күнү 8 кило буудай тийип, үйгө көтөрүп келди. Аны көргөн Кенже үйгө кирип, Сыйнатты энесинен сурады.

– Чоң эне, үйдө Аязбек жок, жалгыз олтургандан коркуп жатам, Сыйнатка уруксат берсеңиз, күйөөм келгенче мени менен олтура турсун.

– Мейли, бара койсун! – деди Турду эне...

Сыйнат иниси Тууганбайды ээрчитип алды. Кенженин төркү үйүндө дасторкон жайылып, чырагы күйүп турат. Тамагы даяр экен. Аңгыча кырманда чогулуш өткөргөн райондун өкүлү кара тору, шыпылдаган жигит кирип келип, учурашты. Тамак желди. Таанышып, ал-жай сурашты.

Сыйнат чечилип сүйлөгөн жок. Жигиттин айрым суроолоруна жооп да берген жок. Бир аздан кийин иниси Тууганбайды ээрчитип үйүнө кетти.

Эртеси Кенжеге жолукканда Сыйнат таарынычын айтты.

– Эже, сизди бир тууган эжемдей көрүп, сырымды жашырбай айтып жүрсөм, ушундай кыласызбы? Мени алдап чакырып барганыңыз кандай?

– Ии, анын эмнеси бар экен? Элдин баары эле ушинтип таанышат. Зыпыйган, билимдүү жигит экен. Ан-

дан артык кимге бармаксың, – деп Кенже катуу кетти. Сыйнат сөздү ырбатпайын деп сабыр кылды.

Жигитинен эки ай бою кат келген жок. Турмуш да оорлошту. Эптеп бир жерге ишке орношсом дегенде эки көзү төрт. Бир күнү комсомолдун райондук комитетине барып, кызматка орнотууга жардам берүүлөрүн өтүндү. Алар «байкаштырып көрөлү» деп убада беришти.

Эртели-кеч күткөнү кат. Жигити айткан сөзүнө турса, шаарга алып кетмек. Бирок күн өтө берди, андан эч кабар жок. Ошондо: «Энеси экөөнүн сөзү бир экен го. Мени чанган турбайбы. Андай болсо мен да окуп, билим алып, андан өч алайын» – деген ой күнү-түнү тынчтык бербеди.

Райондун өкүлүнүн аты Акиш экен. Ал кат артынан кат жазып жабышып алды. Ага окууга гана бара турганын айтып, катыра жооп жазса да, түңүлтө албады. Аңгыча кыйыр тууганы Алымбек колхозго башкарма болуп, ал да Акиштин таламын талашып, анын мыкты, тактыктуу жигит экенин айтып жанын койбоду.

Сыйнат сүйгөнүн эсинен чыгара албай, күнү-түнү ойлонот. Бирок андан эч кандай кабар жок. Барган сайын: «Ал менден күдөр үзгөн экен. Мени теңине албай чанып кетти» – деген ой үстөмдүк кылып намыстануучу болду.

Ал кайра-кайра кат жазып, жанын койбогон жигитке тийип, окуп, киши катарына кошулуп, мурдагы сүйгөнүнөн өч алгысы келет. Мына ушул оюу басымдуулук кылып, Акиш менен жолугушканда бардык сырын ачык айтты.

– Менин сүйгөн жигитим бар. Бирок ал окутам деген убадасын шарты жогунан аткара албай жылдан-



жыл өтүүдө. Мен окуу дегенде ак эткенден так этем, – деп муңайды.

– Сыйнатжан!.. – деди Акиш ага кынала олтуруп, маңдайынан сылап, – окуйм деп дегдесең, мен окутайын. Ага чейин иш таап бер десең, аны да аткарайын!

Сыйнаттын жүрөгү түрсүлдөп, бүткөн бою ысып, тамылжый түштү. Анын ички сарларын айттырбай түшүнгөн жигиттин ак дилине ишенди.

– Ойлонушуп көрөлү! – деп жооп берди Сыйнат. Жигит да тамылжып, кубанычынан кызарып кетти.

Сыйнат көп ойлонду. «Токтоо, иш билги жигит экен. Сөзү орундуу, өзү сылык» – деп, анын көп жакшы касиеттери бар экендигин байкаган, ага сөз берди. Ошентип 1934-жылдын декабрында энесине да, апасына да билдирбей өз тагдырын өзү чечип, Акишти ээрчип кетти.

Акиштин эки бөлмөлүү үйү бар экен. Жасалгасы жакшы. Жоро-жолдоштору бат эле чогулуп, той башталды. Январда Акиш дем алышка чыгып, Сыйнатты ата-энесиникине алып барды. Фрунзени биринчи көрүшү. Акиш ага дүкөндөрдү кыдыртып, жарашыктуу кийим алып берди. Ал айылдагы кийимин таштап, шаардыктардан айырмасы жок болуп калды.

Шаардан келишкенден кийин Акиш убадасына туруп, Сыйнатты райондук басмаканага терүүчү кылып орноштурду. Анда үч ай иштегенден кийин сберкассага жардамчы текшерүүчү болуп иштей баштады. Бирок басса-турса ойлогону – окуу. «Бир окууну бүтүрүп, кесип алсам» – деп дегдегени дегдеген.

Жаз да келди. Бирок күнү-түнү окууну ойлоп олтуруп, жанына Акиштин басып келгенин да байкабай калды. Ал колун акырын тийгизип:

– Окууга барасыңбы? – деди.

– Жиберсең, барам! – деп ордунан учуп туруп, күлүп жиберди.

– Анда азыр өз колуң менен арыз жаз. Комсомолдун райондук комитети мугалимдерди даярдай турган курска комсомолдорду жибергени жатыптыр.

– Макул! – деп сүйүнгөнүнөн калтырап арызды шашып жазды. Акиш аны комсомолдун райондук комитетине ээрчитип барды.

Кийин Фрунзеге да өзү ээрчитип барып, Ташкент көчөсүндөгү мугалимдерди даярдоочу эки жылдык курска алып барды. Ар кайсы райондордон келген 20 комсомолдон 8 гана комсомол сыноодон өтүп, курска кабыл алынды. Ошонун арасында Сыйнат да бар эле.

Сентябрь айында окуу башталып, Сыйнат бардык дитин окууга коюп, алгачкы күндөрдөн эле алдыңкылардын катарында болду. Кышында Эл агартуу комиссариатынан «жалаң отличниктерден бир топ түзүп, бир жылдын ичинде бүтүрүп чыгаргыла» деген көрсөтмө болуп кыркка жакын курсантты топтоп күнүнө он сааттан сабак бере башташты. Сыйнат окууну эң жакшы баалар менен аяктады.

Аны Киров районундагы Киров орто мектебине мугалим кылып жиберишти. Ал кыргыз класстарына сабак бере баштады. 1936-жылы профсоюздардын республикалык сьезди болуп, анын ишине катышып, пленумдун мүчөсү болуп шайланды.

Сыйнаттын атасы Садык, ал турмушка чыккандан бир айдан кийин облустук соттон акталып, үйүнө келип калган.

Киров орто мектебине мугалим болуп дайындалганын угуп, атайын келген Садыктын сүйүнгөнү укмуш.



Ал Сыйнаттын үйүнө эки күн конуп, Фрунзени сурап, кандай билим алганына кызыгып, өзүнүн ак тилегин айтты:

– Балам, окууну жакшы баалар менен бүтүргөн экенсиң. Эми ак ниетиң менен иште. Окуткан ар бир балаң жакшы билим алсын, сабакка эле көңүл бурбай, анын абдан адептүү, сылык адамгерчиликтүү болушуна тырыш! – деди .

Ошол жылы райондо мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча бир айлык курс ачылып, аларга да сабак берүүнү тапшырышты. Сабак берердин алдында залды карап алып катуу сүрдөдү. Ал мугалимдердин арасында өзүн окуткан мугалимдер да бар экен. Ал өзүн-өзү кармап, кайрат кылып сабагын жакшы өткөрдү. Аны залда олтурган мугалимдер абдан ынтаа менен укканын байкады. Ал бул сабакка алдын-ала абдан даярданып, жандуу мисалдарды келтирип, үнүн да бир калыпта баптап, дабышын көтөрбөй салмактуу бүтүргөн эле. Сыйнат сабагын бүтүрүп, үйүнө кайтайын десе, атасы мектептин жанында аны күтүп туруптур.

– Ой, ата, кимди күтүп турасыз? – деп Сыйнат атасынан таң калып сурады.

– Сени күтүп турам, айланайын! – деди Садык, – Сабагыңды кандай өткөрдүң? Сүрдөгөн жоксуңбу? Жалаң эски, кыйын мугалимдер чогулган экен. Канттиң, балам? – деп кооптоно түштү.

– Сүрдөдүм, ата! – деди Сыйнат чынын айтып, – бирок намыс үчүн кайраттанып, бардык күчүмдү жыйнап, акыл-эсимди токтотуп, шашпай билгендеримди айтып бердим!

– Бали, балам! Абдан туура кылыпсың. Намысты ойлогон киши ар дайым жеңиштүү болот. Терең билим

алган киши гана башка кишиге үйрөтө алат. Эмесе, мен сеникине дагы бир жатып кетейин. Ошолорго берген сабагыңды мага да бер! Мен да ошолор билгенди билейин! – деди Садык.

Сыйнат атасын үйүнө ээрчитип келип, мугалимдерге берген сабагын төкпөй-чачпай айтып берди.

Атасы абдан кунт коюп угуп, ыраазы болуп маңдайынан өөп, көзүнө жаш алып:

– Ушул замандан айланайын! Сени ушундай киши кылды. Бул өкмөткө башың менен жер казсаң да аз. Ишиң ийгиликтүү болсун! – деп батасын берди.

Сентябрь келип, жаңы окуу жылы башталды. Сыйнат сабагын берип, кечке үйүнө келсе Акиш мындай деп калды.

– Сыйнатжан, сен эки сменде окутпай, бир эле сменде окут да, өзүң орус классына кирип, билимиңди өркүндөт!

– Чын айтасыңбы, Акиш? Эгер мектептин директору уруксат берсе, сонун болбодубу. Орусчаны да үйрөнөм, билимимди да тереңдетем – деп Сыйнат күлүпжайнады.

## ОНУНЧУ БАП

Сыйнат кызматка келгенден кийин өзүнө тийиштүү кызматкерлерди кабинетине чогултуп, ал-абалдарын сураштырып, Аалы акындын чыгармачылыгын, өмүр жолу боюнча тааныштыгы канчалык экенин билди.

– Аалыкемдин ырлар жыйнактарынын баарын республикалык китепканадан алып окуп чыктым. Кара сөзүнөн айрым гана аңгемелерин окудум. Өмүр баяны боюнча мурдатан эле тааныш болчумун, -деди Жаңыл.



– Мен ырларын да, кара сөзүн да толук окуп чыктым, -деди Зина Мамбетсеитова. – Биз акын менен жолукканда түрмөдөгү жылдары, ошондо жазылган ырлары жөнүндө көбүрөөк маалыматтарды алсакпы?

– Ооба, ал киши менен шашпай сүйлөшүп, архивге мүмкүн болушунча кызыктуу экспонаттарды алууга аракеттенебиз, -деди Сыйнат, – мен азыр телефон менен байланышып көрөйүн. Убада боюнча бүгүн баарыбыз керек эмес беле.

Сыйнат Аалынын өзү менен сүйлөштү.

– Ооба, ооба. Убада боюнча сиздерди күтүп жатабыз. Келип калыңыздар! –деди Аалы.

Илгерирээкте, 30-жылдары курулган эки кабаттуу үйдүн короосунан аларды акындын кичүү уулу Улан Токомбаев тосуп алды.

– Саламатсыздарбы? Келиңиздер, сиздерди атам чыдамсыздык менен күтүп жатат, – деди күлүмсүрөгөн Улан. Анан ал илбериңкилик менен жол көрсөттү. Далистен эле сырдалган жыгач тепкичтер менен экинчи кабатка көтөрүлүштү.

Алдыда Сыйнат менен Зина, андан кийин Жаңыл бараткан.

– Ий, эже, мен барбай ушул жерде эле күтүп турайынбы!? – деди Жаңыл.

– Ии, эмне болду? – деди Сыйнат.

– Сүрдөп жатам. Атактуу акындын жанында олтура албайм го.

– Ээ... – деп күлүп койду Сыйнат. –«Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» деген макалды уккан жок белең? Аалыкем абдан жөнөкөй, эстүү киши. Жүр, жүрө бер.

Кызарып, тердей түшкөн Жаңыл башын ылдый салып, араң эле кыбырайт.

– Бу киши биздин аталарыбыз менен замандаш. Республиканын биринчи башчыларын көргөн. Алар менен иштеш болгон. Бул кишинин ар бир сөзүн тыңшап, эстеп калалы. Жүрөгүңдү басып, өзүңдү кармап, бир аз тынчыраак отурсаң, көнүп кетесиң. – деди Зина.

Залга киришти. Үстөл үстүнө ак дасторкон жайылып, ак нан, кызыл токочтор, таттуулар, мөмө-чөмөлөр, түрдүү салаттар жайнайт. Эки жерге кооз вазага гүлдесте коюлуптур. Аалыке креслодо отурган экен. Меймандар киргенде, Аалы ордунан турайын деп козголду эле, Сыйнат ага биринчи болуп жете келды.

– Аалыке, ордуңуздан козголо көрбөңүз. Сиз атабыздай кишисиз. Биз, баарыбыз кыздарыңыз болобуз.

– Мейли, мейли. Бу карылык деген ушинтип оңой эле тушап коёт турбайбы, – деди Аалы.

– Кандай, жакшы жүрөсүздөрбү? Ден соолугуңар жакшыбы?

– Жакшы, Аалыке! Биз сизге жолугар күндү күтүп, саатты санап, сагынып келдик,– деп жылмайды Сыйнат.

– Ырахмат, садагасы, – деди Аалы. – Кана, үстөлдөн орун алгыла, чай ичкиле, көкүрөгүңөрдү баскыла.

Эки-үч сыйра чай ичилип, жайбаракат олтурушкандан кийин Аалыке:

– Кыргыздын ата салтын унутпай, ар кимибиз сактап жүргөнүбүз жакшы. Илгертен эле кыргыздар жолоочулап келеби, же бир иш менен келеби, ким келбесин, атын алып, басмайылын бошотуп, конокту үйүнө



ээрчитип кирип, суусунун кандырып, курсагын тойгузуп, эс алып жай олтурганда гана, «Ии, коногум, кай жактан, каякка баратасың? Кайсы эл, кайсы жерден болосуң?» – деп таанышып баштаган.

– Оо, Аалыке, биздин элдин бул асыл салтын, сиз айткандай колдонсок кана? Сабаттуу болобуз, маданияттуу болобуз деп көп жакшы салттарыбыздан акырындап айрылып бара жатканыбызды байкабай калып жатабыз, – деди Зина.

– Туура айтасың. Муну айтып, жазып эле тим болбой, ар кимибиз өз үй-бүлөбүз менен тутунушубуз керек. Эми ишке өтөлү, кана Улан, эжелериңди кабинетке ээрчитип кир!

Улан кабинетти беттеп жөнөгөндө, Сыйнат:

– Аалыке, кабинетиңизге өзүңүз баштаңыз. Сизден кийин гана кирели! – деди.

– Макул, макул! – деп Аалы креслодон акырын туруп, дубалга сүйөлгөн таягын таянып, салмак менен теңселе басып, алдыга түштү. Аалыке өзүнүн жазуу үстөлүнө олтуруп, Сыйнат, Зина, Жаңыл үчөө жанаша орундуктардан орун алышты.

– Аалыке, биздин максатыбыз сизге жакшы маалым. Сиз аны билип, керектүү материалдарды топтоттуруп коюптурсуз. Тиги коңшу үстөлдүн үстү дөбөлөнүп турат. Бала чагыңыз, ата-энеңиз, чыгармачылык жолуңуз жөнүндө өз оозуңуздан уксак деп эңсеп келдик. Себеби, сиздин өмүр баяныңызды толук билсек, архивге сактала турган материалдардын баркы ошончолук артат, – деди Сыйнат.

– Айтып берейин! – деди Аалы шашпай, коңур үнүн таптай чыгарып, – Мен Кеминде төрөлгөн экем. А кез-

де кыргыздарда баланын туулган айы-жылын тактабай жайлоого көчкөндө, кыштоодон келгенде, баланчаны көчкү алганда, түкүнчө бай өлгөндө деп, белгилүү бир окуяларга туштап айтышчу. Менин туулган жылымды атактуу комузчу Муратаалы Күрөңкеев тактап берген. «Сен туулган жылы ак падышаны кичинекей жапандар жеңип алыптыр» – деген сөз тараган. Демек орус-жапан согушу болгон 1904-1905– жылдарда төрөлүптүрмүн. Атам Токомбай жалгыз аттуу кедей чарба болсо да бетке чабар, чорт мүнөз, айтканын бербеген киши экен. Апам Уулбала анын тескерисинче мээримдүү, боорукер, шайыр, жылдыздуу киши болчу. Ал ыржомокторду, кошокту жакшы айтчу. Биздин үйгө жомокчу, ырчы, дубаналар үйүр эле. Ошолордун ичинен эсимде калганы Урак деген манасчы. Ал баарын дубаналар «акургандай» айтчу эле.

1917-жылдын күзүндө башталган ачарчылык 1918-жылдын күзүнө чейин созулуп, көп эл жабыр тартышты. Биздин үйдөгү сегиз жандан мен гана аман калдым.

«Жараланган жүрөк» повестин окуган чыгарсыңар. Анда менин башымдан өткөн окуялар да бар. Бектурган деген карыя кайырчыны ээрчип көп жерлерди кыдырдым. Ысак Шайбековдун «Кайран эл» деген ырын ырдачумун.

– Кайырчылык кылып жан бактыңызбы?– деп таң кала сурады Зина.

– Тоголок жетим болсом, элдин баарын ачарчылык алкымдап турса кандай айла кыласың? Эки жыл кайырчылык кылдым...– деп Аалы мукактанып токтоп калды.



Баары унчукпай дымышты. Бир аздан кийин Аалы мурутун сылап-сылап алып жай сүйлөдү:

– Кыргызда илгертен «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген сөз бар. Ырысым бар экен, көрөр күнүм бар экен.

– Ооба, Аалыке! Кыргыз Кеңеш адабиятынын башатында турдуңуз. Узак жылдар бою Кыргыз жазуучулар жетекчилигинин төрөгасы болдуңуз. Эл акыны атагын алдыңыз. Мындай тагдырга көрүнгөн киши жете бербейт го! – деди Сыйнат.

– Ырас, ырас! – деди Аалы, – менин өмүрүм текке кеткен жок деп эсептейм. Бүт өмүрүм күрөш менен өттү. Ошол мени күчөттү, чыңады. Эми калганы силерге белгилүү чыгар. Окуу китептеринде да жазылып жүрөт.

– Аныңыз чын. Бирок сиздин өз оозуңуздан укканыбыз, айрыкча чоң таасир берди, – деди Зина.

– Эми, материалдарды караганга өтсөк.

– Эң биринчи сиздин кол жазмаларыңызды көрсөк, – деди Сыйнат.

– Чынымды айтсам, кол жазмаларымдын көбү сакталбай калды. Анын баркын кайдан билели? Китеп болуп чыккандан кийин көбүн жараксыз нерсе катары таштап койчубуз. Айрымдары гана бар. Көбү машинкада басылып, айрым жерлери кол менен оңдолгон.

– Ошолордун баарын жанрлар боюнча тактап, өзөзүнчө папкаларда сактайбыз, – деди Сыйнат.

Баары кол жазмаларды карап, иргеп, этияттык менен өз-өзүнчө папкаларга сала баштаHшты. Бул иш ал күнү бүткөн жок. Материалдарды классификациялап тескөө, иргөө бир нече күнгө созулду.

Бир күнү Аалынын түрмөдө олтурган жылдары сөз болуп, ал «Момия» китебин көрсөттү.

– Түрмөдө мурда райкомдун катчысы, нарком болгон көптөгөн адамдар менен жаттым. Алардын баары мага окшоп жалган жалаа менен 1937-1939– жылдары камалгандар эле, – деп эскерди Аалы китебин барактап. – Не бир залкар адамдар кыйноого чыдабай өлүп кетти, айрымдары атылды. Мына ошолор менен бир камерада олтуруп, сырдашып, муңдашып, кээде бир шилтем менен арноо ырларын жазган элем. Алардын айрымдары гана сакталып калды. Калганын кийин түрмөдөн бошонгондордун өздөрүнүн оозунан жазып алган элем.

– Ошондогу кол жазмалардан сакталганы барбы? – деди Сыйнат кызыгып.

– Бир азы гана сакталып калган! – деп Аалы үстөлүнүн суурмасынан бир куту алып чыкты.

– Мына папиростун кагазына латын тамгасы менен жазган ырым. Муну болсо байпагымдын жибин чубап, бетарчыга сайып жазгам. Бурчуна Пушкиндин сүрөтүн саймаладым.

– Кызык! – деп баары моюндарын сунуп умсунушту.

– Буларды да архивге бересизби?– деди Сыйнат.

– Айрымдарын берейин. Айрымдары үйдө сакталып турсун. Кийин мүмкүн үй-музейи ачылып калар...

– Албетте, албетте!... – деди Сыйнат. – Орус класситеринин не бир сонун үй-музейлерин көрүп жүрбөйбүзбү. Бизде да келечекте ошондой деңгээлдеги үй музейлери болушу керек.

– Түрмөдө жатып, ширенкенин күйгөн чийинин көмүрү менен Лениндин сүрөтүн тартып, ага арнаган ырымды жаздым.



– Нандан тоголоктоп Маркстын, Лениндин кичинекей айкелдерин жасаптыр деп уктум эле, – деди Зина.

– Ооба, андай да өнөрүм бар, – деди Аалы күлүп. – Бала кезде жездемден өтүк ултарганды, жыгачтан челек, сөөктөн топчу жасаганды үйрөнгөм. Ошондон кол өнөргө шыгым ойгонуп, жөн олтура алчу эмесмин.

– Бул жагынан атайын билим алсаңыз, белгилүү айкелчи болмок экенсиз, – деди Зина.

– Мүмкүн. Бирок ага шарт болгон жок да... Жыйырманчы, отузунчу жылдарда мамлекетибиз жаңыдан түптөлүп, жаңы заман орноп, эски менен жаңынын күрөшү күчөп турганда алдыңкы катарда болууга туура келди. Ташкенттен окууну бүткөндөн кийин эл агартуу тармагында иштеп, анан «Кызыл Кыргызстан» гезитинин редактору болдум. Ошондо көптөгөн курч макалаларды жазууга туура келди. «Чалкар», «Балка» деген жашыруун ысымдарды ошол жылдары колдонгом. «Тянь-Шандын иттери», «Өгүз шайка», «Кудайкуловго ачык кат» ошол жылдары жазылган. Булар менин журналистикадагы алгачкы иштерим. Бирок негизги максатым, ар дайым адабият болду. Жыйырманчы жылдардын аягы, 30-жылдардын башында «Кызыл учкун» адабий ийримин уюштуруп, андан көптөгөн белгилүү акын-жазуучулар өсүп чыкты. «Чабуул» журналын негиздедим. Республикадагы басма иштерин башкардым. 1934-жылы СССР Жазуучулар союзунун биринчи сьездине катышып, Максим Горький менен жолугуштум.

– Ал киши сизге кандай таасир калтырды? – деди Зина.

– Укмуш десем болот, – деди Аалы күлүмсүрөп, – Ал киши эң төмөнкү катмардан чыккан, көрүнгөндүн

колунда жүрүп, турмуштун азап-тозогун тарткан, өзүнүн башынан өткөргөндөрүн өтө жандуу, көркөм баяндаган сонун чыгармаларды жазган, улуу жазуучу Лев Толстойдун мактоосуна арзыган нагыз пролетариат жазуучу. Ал бизге советтик акын-жазуучуларга үлгү болду. Эл арасынан байыртан бери айтылып келаткан оозеки чыгармаларды жыйноо зарылдыгын да ошол киши көрсөткөн. Мунун натыйжасында биздин адабият укмуш байыды.

– Ооба, – деди Зина. – Максим Горькийге ырахмат. Ал киши көсөмдүк кылбаса, биздин көптөгөн жазуучуларыбыз, көптөгөн акындарыбыз унутулуп калмак экен.

– Аалыке, согуш мезгилинде сизге көп каттар келип турган деп уккан элек. Ошолор сакталганбы? – деп сурады Сыйнат.

– Албетте сакталган! – деди Аалы. – Мен алардын баарын сары майдай сактап жүрөм. Улан, майдандан келген каттарды алып келчи!

Улан чоң таңгакты көтөрүп келди.

Сыйнат, Зина, Жаңыл үчөө таңгакты этият чечишип, ар түркүн конверттердеги, ар кандай кагаздарга, ар түрдүү колдор менен жазылган каттарды көрө башташты.

– Ой, бул Жусуп Турусбековдун Ташкенттен, кырк экинчи жылдын экинчи декабрында жазган каты экен.

Сыйнат ачкан конверттен Мукай Элебаевдин каты чыкты.

– Мукай ага эмне деп жазыптыр? – деп кызыкты Зина.

– Ал киши Саратов областында төрт ай болуптур. «Төрт ай катуу жанчты. Эми мындан эртең согушка



жөнөткөнү жатат. Айтаар сөз алтымыш төөгө жүк, айт-уйтка мезгил, мүмкүндүк жок. Адам көтөрбөй турган кыйынчылык жок көрүнөт» деп жазыптыр – деди Сыйнат.

– Оо, кайран киши, – деди Зина, – аман болгондо, «Узак жолдой» сонун роман жазмак экен да...

– «Айтаар сөз алтымыш төөгө жүк» дегенинин өзү эле айтып турбайбы. Согуш жөнүндө эң сонун чыгарма жазмак. Аттиң, арман дүнүйө! – деп кейиди Сыйнат.

– Ооба, анын колунан келмек! – деди Аалы күрсүнүп.

Жаңыл эки-үч катты топтоп, жайбаракат окуп чыкты.

– Узакбай Абдукаимовдун каттары укмуш экен, – деди Жаңыл. – Колу дагы сулуу. Анан да өтө ойлуу, сабырдуу. Ички сырларын да жашырбай терең казып жазыптыр.

– Кудай жалгап, ал киши аман келип, согуш жөнүндө, тыл жөнүндө жакшы роман жазып кетти. Котормолору да мыкты эле, – деди Зина.

Архивчилердин колунан Темиркул Үмөталиевдин, Райкан Шүкүрбековдун, Жусуп Турусбековдун, Сүйүнбай Эралиевдин жана башка жазуучу-акындардын каттары өттү. Баары айрылбай, бузулбай жакшы сакталыптыр.

Сыйнат бир катты ачып, таң калып окуп чыкты.

– Аалыке, бул катты менин жердеш агам Абдылда Токторалиев 1943-жылы 15-декабрда Тбилисидеги госпиталда дарыланып жатканда жазган экен.

– Эсимде, эсимде... Ал таластык, тың жигиттерден болчу. Адабиятка ышкыбоз эле – деди Аалы.

– Каттарды тактап бүттүк. 123 кат экен. Алар 176 беттен турат, – деди Жаңыл.

– Эми сүрөттөрдү иргейли! – деди Зина.

Аалы Токомбаевдин казактын атактуу уулу жазуучусу Муктар Ауэзов жана орус жазуучусу Всеволод Иванов менен бирге жана 1933–34-жылдары акындар Кубанычбек, Жусуп жана башкалар менен түшкөн сүрөттөрү кызыгууну туудурду. Мындан башка да Аалынын өзүнүн уулун көтөрүп турган сүрөтү бар экен.

– Сүрөткө илгери көп маани бербеппиз, – деди Аалы, өзүнүн сүрөттөрүнүн аз экенине таң калган архивчилерди карап. – Бул биздин кемчилигибиз болгон экен. Тарыхый көп окуялардын күбөлөрүнөн болгон элек...

Архивчилер иргеп, бир нече бөлүмдөргө бөлүп, папкаларга этияттап салган материалдардын көлөмү көбөйгөн сайын Сыйнат ичинен сүйүндү. «Кыргыздын дагы бир атактуу тарыхый адамынын баалуу кужаттарын келечек муундар үчүн сактоого мүмкүнчүлүк болду» – деп ойлоп, бул үчүн Аалы Токомбаевге ыраазычылыгын билдиргиси келди.

– Аалыке, – деди Сыйнат, – бүгүн биздин сунушубузду кабыл алып, узак жылдар бою сактап жүргөн кымбат заттарыңызды мамлекеттик архивге бергениңизге жалпы жамааттын атынан ыраазылык айтам. Биз сиз менен мындан ары да байланышып турабыз.

– Абдан жакшы болот,– деди Аалы күлүмсүрөп, – силер эл үчүн сонун иш жасап жатасыңар!



# ОН БИРИНЧИ БАП

Архивчилер Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаевдин үйүнөн олжолуу кайтышты. Баары көңүлдүү болчу. Бир гана Сыйнат көп сүйлөбөй, эмнегедир кыжаалат болгондой, кабагы салыңкы. Аны байкаган Зина Мамбетсеитова курбусун сөзгө алгысы келди.

– Бир жериң ооруп турабы?– деп этият сурады ал.

– Жок, ооруган жокмун! – деди Сыйнат.

– Анда эмнеге сабырың суз, кабагың салыңкы? Же биз Аалыкемдикинде бир каталык кетирдикпи?

– Жок, жок! – деп жылмаюуга аракеттенди Сыйнат. – Аалыкемдикинде биз сонун иштедик. Бай материал алдык. Ал кишинин 1937-1938-жылдарда түрмөдө айкел жасагандары катуу ойго салып, өткөн күндөрүмдү эстеп тынчым кетти. Менин күйөөм Карадубанаев Акиш да 1937-жылы жайында контр деп камакка алынган эле...

– Ээ...! – деп Зина кейий түштү. – Жөндүү экен... Биз алып келген материалдарды жайгаштыра берели. Сен бир аз эс алып ал!

– Макул, курбум! – деп Сыйнат кабинетинде жалгыз калды.

Ал анда жыйырма жашта эле. Мугалимдик кесипти жаңы өздөштүрүп, окуучуларынын сырын билип, мугалимдерге үйүр алып, үй тиричиликке бышыга баштаганда, анын башына оор сыноо түштү. «Сен контрдын аялысың. Сенин райондун борборунда иштөөгө акың жок» – деп райондон кырк чакырым алыстатты. «Акчий» жети жылдык мектебине жиберишти. Айла жок! Ыйлап-сыктап, жүктөрүн шаты арабага салып, Акчийге көчүп келди.

Сыйнат күйөөсүнүн фамилиясында болбогондуктан, анын контрга тиешеси бары-жогу көпчүлүккө белгисиз эле. Ал ичинен сыздаганы менен сыртынан байкаткан жок. Мектепте «Саринжи-Бөкөй», «Токтогул», Кайгылуу Какей» пьесаларын коюшуп, Сыйнат анда башкы ролдорду аткарды. Алар бир гана Акчий эмес, Крупская, Бакайыр, Жоон-Дөбө айылдарына оюн коюшуп, элдин кызыгуусун туудурду. Ал окуткан 4-класстын окуучулары мектептеги алдыңкы класстардын катарына кошулду.

Мектептин директору чүйлүк Тыналиев Сары жаңы келген Сыйнатка көзү түшүп, «карындаш» деп имерчиктеп калды. Аялы жок болгондуктан, ага үйлөнүүнү каалап, ээн боло калганда тийиштик кылып, сөз айтууга өттү.

Бир күнү мугалимдердин баары сабакка кирип, кеңседе Сыйнат жалгыз калып, келерки сабакка даярданып олтурганда кирип келген Сары бир аз олтургандан кийин алыстан сөз баштады.

– Сыйнат, ден-соолугуң жакшыбы?

– Түзүк эле, – деди Сыйнат, – Өзүңүз деле көрүп жүрбөйсүзбү. Сабактан бошогондо оюн коюп, айрым күндөрү коңшу айылдарга барып келип жүрөбүз.

– Ооба, оюнуңар абдан жакшы. Кадимки чоң артисттерден калышпайсыңар! – деп көтөрө чалып койду директор.

– Ырахмат, байке! – деп китебине үңүлдү Сыйнат.

Сары пакене бойлуу, сары киши эле. Жашы кырктарга чамалап калган. Олуттуу бир сөз айткысы келип, бир-эки жолу жөтөлүп, тамагын кырынып бир аз олтургандан кийин:



– Сыйнат, менин байкоомдо үкөлөрүң менен жашап жүрөсүң. Башың бош баштанат. Жүргөн-турганың тың. Сени көргөндөн бери сыртыңдан көз салып жүрүп, эми жүрөгүм сага байланып калды. Эки бакыр, бир тукур болуп, баш кошуп алсак кантет?

– Жок, байке! Менин башым бош эмес. Күйөөм азырынча алыста – деди Сыйнат.

– Бизге келгениңе эле бир нече ай болоюн деп калды. Ушунча убакыт келбеген күйөө, күйөө болмок беле?! – деди Сары.

– Жок, байке! Менден үмүтүңүздү үзө бериңиз. Экинчи бул жөнүндө сөз болбосун! – деп Сыйнат китептерин жыйнап кеңседен чыгып кетти.

Сыйнаттын үйүндө төртүнчү класста окуган иниси Тууганбай, күркүрөөлүк Султанбектин иниси Чата деген жаш мугалим туруучу. Сыйнат аны бир айылдыкпыз деп оокатын берип, кир-когун жууп, өзүн бир туугандай караар эле.

Сары Тыналиев Сыйнатка болгон ышкысын билдирип, баш кошкусу келгенин айтканда терс жоопту угуп, ызаланганынан эми ага кастыгы козголуп, ар кандай айла-амал колдонуп, аны колго түшүрүү жагын ойлоно баштады. Ал Чатаны өзүнө тартып, айлыгын көбөйтүп берүүнү убада кылып, Сыйнатты багынтуу аракетине өттү. Чата мурда байкап жүргөндүктөн, Сыйнатка келген каттарды ал катып койгон жеринен таап, директорго алып барып берди.

Сары Сыйнаттын күйөөсү Карадубанаев Акиштин контр деп камалып жаткан түрмөдөн жазган каттарын окуп чыгып, бир күнү Сыйнатты кабинетине чакырды.

– Сыйнат, – деди ал. – Мына, менин колумда сенин контр болгон күйөөңдүн түрмөдөн жазган каттары

турат. Мен баарын окуп чыктым. Эгер буларды элге жарыялап, комсомолдорго билдирсем, сени комсомолдон чыгарат. Анан мугалимдиктен дагы ажырайсың. Анда көргөн күнүң эмне болот? Андан көрө менин айтканыма көн. Жабылуу аяк, жабылуу бойдон калсын. Экөөбүз үйлөнүп алсак, турмушубуз жакшырып, сен бактылуу болосуң. Эстүү жансың, ойлонуп көр!

– Менин күйөөм Акиштин элге, партияга эч кандай душмандыгы жок экенине ишенем. Ал душмандарынын жалган жалаасы менен түрмөдө жатат. Кудай калааса акталып чыгат, – деди Сыйнат.

– Контрлардын акталып чыкканын көрө элекмин, – деди Сары Тыналиев кызырандап, – андан көрө жакшылап ойлонуп, өз бакытыңды көздөбөйсүңбү!...

Сары ордунан жай козголуп, үстөлдү айланып өтүп, эшикке умтулган Сыйнаттын алды жагына чыгып, аны кучактап көңүлүн жайгармакка канатын жайганда Сыйнаттын ачуусу келип, катуу түртүп жиберди. Мындай болорун күтпөгөн Сары туруштук бере албай жабылуу турган эшикке урунуп барып жыгылды. Эшик ачылып, кеңседен чыгып келаткан мугалимдер бозала болуп, тике тура албай босогону тырмалаган директорду, ачууланганынан кумсарган Сыйнатты көрүп туруп калышты. Катуу ыза болгон директор Сары Тыналиев эртеси күнү комсомолдун жыйынына комсомолдун райондук камитетинин биринчи катчысы Овчинниковду чакырды. Чогулушта биринчи болуп сөз алган директор Сары Тыналиев көпкө чейин сүйлөдү:

– Биздин арабызда контр болуп камалган адамдын аялы мугалим болуп жүргөнүн билбеппиз. Ал бул ишин жашырып, мыкты мугалим, өздүк көркөм чыгармачылык ийриминин уюштуруучусу болуп жүргөнү менен



бизге жат элемент, эл душманынын аялы катары мындан ары арабызда жүрүүгө акысы жок. Сыйнат Садыкованы комсомолдон чыгарып, мугалимдиктен бошотушубуз керек! – деди ал үнүн көтөрүңкү чыгарып.

Мугалимдер да, комсомол окуучулар да үн-сөзсүз олтуруп калышты.

– Мүмкүн ал жалган жалаа менен олтургандыр, соттон акталып чыгаар? – деп калды карыя мугалимдердин бири.

– Соттун өкүмүн күтүп олтура албайбыз. Эгер муну жогорку органдар билчү болсо «Силер эмне үчүн эл душманына орун бересиңер деп күнөөлөшү мүмкүн» – деди директор.

Комсомолдун райондук камитетинин катчысы Овчинников да Сыйнатты күнөөлөдү:

– Комсомол болуп туруп, өзүнүн күйөөсүнүн түрмөгө камалганын жашырганы үчүн Садыкова айыптуу. Мүмкүн ал ошондуктан күйөөсүнүн фамилиясына жазылбаган чыгар. Ушундай мугалим кантип коммунистик тарбия бере алат, кантип комсомолдун катарында боло алат?

Чогулуш түнкү саат 2 ге чейин созулду. «Комсомолдон чыгарылсын!» деген сунуш колго салынганда, окуучулар бүт бойдон каршы чыгышты, мугалимдердин жарымы гана колдошту. Тыналиев, Чылмамбетов, Чата Сыйнатты комсомолдон чыгарууга кол көтөрүштү.

Комсомолдун көпчүлүгү Сыйнатты колдошуп, аны катардан чыгарууга каршы болгондуктан Овчинников кайрадан чыгып сүйлөдү.

– Араңарда эл душманын колдоп, ага боор ооруган мугалимдер бар экени ачык билинди. Эгер бул жолу да Садыкованы комсомолдон чыгарууга каршы добуш

берсенер, анда айрым мугалимдерди мугалимдиктен четтетүүгө, айрым окуучуларды мектептен чыгарууга туура келет.

– Бул сунушту мен да колдойм, жолдош Овчинников, биз эл душмандарын коргогондордон тезирээк арылуубуз керек! – деди Сары Тыналиев.

Экинчи жолу добушка коюлганда көпчүлүк Сыйнатты комсомолдон чыгарууга макул болушту.

Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Богдановский, анын орун басары Баялиев Момокон, эл агартуу бөлүмүнүн инспектору Ашмачиев Мусалан баары келишип, Сыйнат Садыкованын окуткан окуучуларынын бааларын төмөндөтүшүп, сабакка катышуу жагын азайтышып, мугалимдиктен чыгарууга буйрук чыгарышты.

– Сен буга макул боло бер, – деди эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Богдановский Сыйнатка, – эгер сени контрдын аялы болгону үчүн иштен алынды деп буйрук чыгарсак, анда эч жерде жумушка алынбайсың.

Сыйнат Богдановскийдин сөзүнө аргасыздан макул болду. Башка кандай амал кыла алат? Ал бир тууганы Тууганбайды, анча-мынча буюмдарын атасыныкына жеткирип, кайнатасыныкына көчүп барды. Бирок алар аны батырышпады. Сыйнат үй-тиричилигине пайдаланчу бардык нерселерин кайнатасына калтырып, Фрунзеге келди. Шаардан күйөөсү Акиштин жакшы тааныштарынын бири Икрам акенин үйүндө баш калкалап жүрдү. Икрам акенин аялы Айша апа Сыйнатты өз кызындай көрүп, жакшы мамиле жасады. Сыйнат эч жерден иш таба албай, Пишпек вокзалынан жүк ташып, күнүмдүк оокатын таап, жансактап жүрдү. Кайнатасы да, абысындары да андан бир да жолу кабар алышкан жок.



1938-жылы августта Сыйнат Наркомпроско илгери үмүт менен кызмат табылар бекен деп баш бакты. Бир эшиктин сыртында «Мавлютов» деген фамилия жазылып турганын көрүп сүйүнүп кетти. Ал мурда, мугалимдердин эки жылдык курсунда окуганда сабак берген мыкты мугалимдеринин бири эле. Эшикти акырын тыкылдатып, «кире бериңиз» деген сөздү укканда, жыла басып кирди. Өзү жакшы көргөн агайына туш келгенине эреркеп, ыйлап жиберди. Ал аны сооротуп, көп жакшы сөздөрдү айтты. Маңдайынан сылап, орундукка отургузду.

– Сен биздин эң мыкты курсанттарыбыздан эмес белең. Коомдук иштерге да активдүү катышкан абдан акыл-эстүү, сергек кыздардан элең. Эмне болду? Сени ким ызалады? – деп Мавлютов көптөгөн суроолорду берди.

Сыйнат башынан откөргөн окуяларын бүт бойдон жашырбай айтып берди.

Мавлютов Сыйнаттын ыйлап-сыктап айтып бергендерин шашпай, ынтаа менен угуп, аталык насаатын айтты.

– Сенин айткандарыңды көңүл коюп уктум. Кантебиз? Доор алмашып, жаңы заманды куруп жатабыз. Мындай учурда ар дайым жалаа жабуу, көрө албастык, митаамдык күч алат. Бирок алардын арымы жок. Жаңы бийлик барган сайын күч алып, тамыр жайып баратат. Демек, келечекте өзүңө окшоп, көп азап-тозокторду башынан өткөргөн жаштар жетилип, турмуш оңолот. Ал үчүн көп окуп, көп иштеп, бышуу керек. Эми сага кандай жардам бере алам? Азыр эч жерде бош орун табылбайт. Бир гана кеңешим бар. Жыл аягында кыргыз класстарына орус тилинен сабак берүүчү

сегиз айлык курс ачылат. Ушуга кирип, окууну бүтүрүп алсаң, келечегиң кең болот. Азыр кыргыздар орус тилине суусап турган убагы.

Сыйнат агайы Мавлютовго ырахматын айтып, көңүлү көтөрүлүп калды.

Ошол жылы декабрда сегиз айлык курска кабыл алынып, келерки жылы 1939-жылы июлда сыноо тапшырып жатканда күйөөсү түрмөдөн бошонуп келди. Экөө табышып, сагынычтарын жазышкандан кийин Акиш аны атасыныкына ээрчитип барды. Сыйнат үйгө калтырган кийим-кечеден эч нерсе калбаптыр.Төшөнчүлөрдөн тышкары бир чоң, бир кичине килем таштаган эле, чоң килемди сатышып керектерине жаратышыптыр. Ошентип Акиш экөө кийимден да жок, килемдерден да жок калышып, баарын кайрадан кураштырууга аргасыз болушту.

Акиштин партиялыгын, Сыйнаттын комсомолдугун кайрадан калыбына келтиришип, Акишти Жалал-Абад шаарына сактык кассанын башчысы кылып жиберишти. Экөө таанybаган эл-жерге жетелешип жетип барышты. Облустук финансы бөлүмүнүн башчысы Давлетияров Хамид аялы жок, энеси экөө гана бир үйдө турушкан экен. Ал Акиш менен Сыйнатты үйүнө ээрчитип барып, энеси менен тааныштырды. Энеси жетимиш эки жашка чыгып калса да тириликке тың, боорукер, кең пейил адам экен. Аларды жакшы кабыл алып, бир бөлмөсүнө киргизип койду. Оокат-ашы бир болушуп, ынтымакта жашап турушту. Акиш түрмөдөн бошонгондо ага үч айлык акысын жана жаңы жерге көчүп барып тиричилик кылууга жетерлик каражат берилгендиктен, Жалал-Абаддан үй-тирилигине керектүү буюм-тайымдарды, керебет, төшөнчүлөрдү сатып алышып, кадимкидей жашай башташты.



Сыйнат август айында райондук эл агартуу бөлүмүнө барганда, анын башчысы Маматюсупов Абдырахман аны «Жаңы-Пахта» мектебине жиберди. Ал Сыйнаттын жашаган жеринен беш-алты чакырым алыс болсо да жөө-жалаң барып иштей берди.

1940-жылдын жайында Акишти Жалал-Абаддан Сузак районуна которушту. Сыйнат аны ээрчип барып, мектепке орноштy. Сыйнат иштеген мектепте райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Аалыбаевдин Жамалкан деген эжеси да иштечү. Ал бир күнү Сыйнатты үйүнө ээрчитип барып, дасторконун жайнатып, казанын асып коюп, бал тилге салып мактап аз-аздан ичирип, мас болгондо эшикке чыгарып жибериптир. Сыйнат үйүнө келбей кечиккенинен Акиш багып алган кызы Сайраны коңшусуна тапшырып, издеп чыгыптыр. Ал Сыйнатты таап келгенде, таң атып калган.

Акиш: «Ээ, Сыйнат, ичкиликти оозуңа алчу эмес элең. Кайда болуп, кайда жүрдүң?» – десе, «Жамалкан, Жамал-кан» – дегенден башка сөз айтууга жараган жок. Ошондон кийин Сыйнат катуу уялып, ичимдик ичпеске, сырын жакшы билбеген кишинин бал тилинине берилбеске өзүнө-өзү ант берип, Жамалкандын түшүнүксүз жоругуна алданып калганына намыстанып көпкө чейин арданып жүрдү.

Сыйнаттын мыкты мугалим экендигине, мектепте бат эле кадыр-баркка ээ болгонуна ич тардык кылган Жамалкандын аны жаман атты кылуу үчүн кылган аракетиби, же дагы бир башка арам ойлору барбы, айтор, Сыйнат бул окуяны көпкө чейин ойлонуп, так жообун

таба албады. Ал Жамалканга жолукканда мурдагыларды эстеп, таарынычын айтып ырбатууну каалаган жок. Аны ойлоонун өзү көңүлүн оорутуп, намысын козгоп, уятынан кызарып кетчү.

1942-жылы мартта согуш кызуу жүрүп жаткан учурда, Акишти майданга узатып, кызы Сайра экөө гана калды.

– Эми кандай күн болот? – деп солуктап ыйлаган Сыйнатты Акиш кыса кучактап, бетинен сүйүп, бооруна кайра-кайра тартып сооротткон. – Сен кайраттуу, эстүү жансың, Сыйнатжан. Эч качан кор болбойсуң. Менден күдөрүңдү үзбө. Кудай кааласа, жеңиш менен келебиз!

– Оозуңа май! Ошол күн келсе кана?! – деген Сыйнат.

– Эми сага айтарым. Көп убакыт өткөрбөй Таласка атаңдын үйүнө бар. Мен келгенче ошол жакта бол.

Акиш кийин майдандан жазган каттарында да Сыйнаттын Таласка баруусун туура көрөрүн кайра-кайра эскертип жазып турду.

Сыйнат 1942-жылы мартта атасы Садыктыкына келди. Апрель айында ал Буденный толук эмес орто мектебине орношту.

Мектептин директору Мусабеков Абдыбек «Сыйнат бул жакка соо келген жок. Менин ордумду көздөп келди. Муну ушундайында жалаа жаап, мектептен кубалайын» – деп аялы экөө кеңешип, аялынын атынан «Сыйнат бизге мугалим болуп келгенден бери менин күйөөмө жакындап, аны менден тартып алганы жүрөт» – деп Эл агартуу бөлүмүнө арыз жаздырды. Арыз эки ай бою текшерилип, Сыйнат жалаа менен ушактан



катуу жапа чекти. Бир күнү ал райкомдун төрагасы Аалиев Чотойго кирип, болгон чындыкты төкпөй-чачпай айтып берди. Ал киши Сыйнатка ишене бербей, Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Бейшебаев Абасбекти чакырды. Ал мектептин директору Мусабеков Абдыбектин сөзүн ырастады. Сыйнат райаткомдун төрагасы Аалиев Чотойдун кабинетинен ыйлап чыкты.

Ошондон эки-үч жума өткөндөн кийин түн ичинде эшик катуу тарсылдады. Эшикти атасы барып ачты. Сыйнат ойгонуп, сырттан келген кишинин үнүн угуп, райаткомдун төрагасы Аалиев Чотойдун келгенин билди. Ал атасы менен тамашалашып, бөлмөгө кирди. Бир аздан кийин кобурашкан үндөр угулуп, Сыйнат жаткан бөлмөнүн эшиги ачылды. Анда Сыйнат кызы Сайра менен, иниси Тууганбай, чоң энеси Турду төрдө жатуучу.

– Сыйнат! – деп дабыштады Чотой Аалиев.

Сыйнат башын көтөрдү.

– Жаныңда жаткан ким? – деп сурады Аалиев.

– Ким болмок эле, кызым Сайра. Ары жакта үкөм Тууганбай менен энем жатат! – деди Сыйнат.

Чотой Аалиев шарт бурулуп, бөлмөдөн чыгып кетти.

«Түн ортосунда атамды ээрчитип алып, менин ким менен жатканымды текшерип, шылдыңдайын дегениби?» – деп катуу ыза болгонунан буулугуп, көпкө чейин басылбай ыйлады.

Эртең менен Чотой Аалиев аттанып бара жатып, Сыйнатка «районго кел» – деп кетти. Ал Аалиевдин кабылдамасында күтүп олтурганда, Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Бейшебаев Абасбек менен директор Мусабеков Абдыбек келип калышты.

Абдыбек Сыйнаттын олтурганын көрүп, «Бул шерменде эмнеге олтурат?» – деп калды. Аңгыча Чотой Аалиевдин эшиги ачылып, баарын кабинетке чакырышты.

Чотой Аалиев Абдыбекти көрөрү менен сөгө баштады.

– Кечээ Сыйнатка барам дедиң эле. Бардыңбы? – деди ал. – Түнү менен ошол жерде болом дегенсиң…

Көрсө Абдыбек Мусабеков Жамбылдан Чотой Аалиевге жолугуптур.

– Бүгүн атыр, самын, дагы башка белектерди алып, Сыйнатка алып барып берем – деген экен Абдыбек Чотойго.

Муну билгенден кийин Чотой Аалиев атайын түн жарымында келип, Сыйнатты маскараламак экен.

Ошол күнү Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Сыйнатты Чымкент жети жылдык мектебине окуу бөлүмүнүн башчылыгына жиберди.

## ОН ЭКИНЧИ БАП

1943-жылы сентябрдын экинчи жарымында Сыйнатты партиянын райондук комитети чакыртып алды. Аны чакырткан райкомдун катчысы Громова экен. Ал Сыйнатты кабыл алып, ал-абалын сурап, баары жакшы экендигин билгенден кийин, күлүмсүрөп, сөздү алыстан баштады.

– Согуш катуу жүрүп жатканынан кабарың бар экен, – деди Громова, – азыр өлкөбүздүн баардык жеринде майдандагы жоокерлерге жардам берүү уюштурулуп жатат. Бул жагынан биздин район саал артта калып баратат. Бизге комсомолдордун, жаштардын



арасында ишти уюштурууга чечкиндүү, эрктүү жаш жетекчи керек. Мына ошол ишке сени тандадык. Буга кандай дейсиң?

– Мен мектепте иштөөгө көнүп калдым. Ушул ишимде эле иштей бергим келет! – деди Сыйнат. – Сиз айткан иш абдан оор, ал менин колумдан келеби же келбейби, билбейм.

Громова Сыйнатты унчукпай сынай карап бир аз турду да, сөздүн ток этерин айтты:

– Азыркы убакта эр азаматтардын баары согушта. Ооруkta кары-картаңдар, аялдар, жаш балдар калды. Эми жаштарды, аялдарды уюштуруу иштерин сендей билимдүү жаш комсомолдорго тапшырбасак, кимге ишенебиз? – деген суроону койгондо, Сыйнат анын сөзүнө жыгылып, уяла түштү.

– Александровск МТСнин начальнигинин комсомолдор менен иштөө боюнча орун басары болуп иштейсиң! – деди Громова Сыйнатка.

Эртеси күнү Сыйнат областтык комитетке барып, анын катчылары менен кеңешип, алардын макулдугу менен Александровск МТСинде иштей баштады.

Иш өтө оор. Айыл-айылды кыдырып жаштар менен сүйлөшүп, майданга жөнөтүлүүчү жылуу кийимдерди, кол каптарды, кийиз чокойлорду, байпактарды жасашып, 500дөн ашык посылкаларды даярдашты.

Атайын берилген үйү жок, ар кимдин үйүндө жатып жүрдү. Ал жаш аялдардын күйөөлөрүн кызганып, аны жаман көздөрү менен карагандарын да байкады. Арга жок. Ал өзүнүн актыгына, дилинин тазалыгына ишенди. Партия тапшырган ишти өз убагында, так аткарса, майданга керектүү нерселер көбүрөөк жөнөтүлсө, эри согуштан аман-эсен келсе болду.

1943-жылдын август айында саясий бөлүм жоюлду. Громова аны чакырып, кайда иштөөнү каалаларын сурады.

– Мектептердин бирине жибериңиздер! – деп сурады Сыйнат.

– Макул! – деп жылмайды Громова, – Чоң-Коргон орто мектебинин директорунун орду бош. Ошол ишке дайындайлы.

– Ал чоң орто мектеп. Жамааты да көп. Аны башкаруу колумдан келбес! – деп кооптоно түштү Сыйнат.

– Жок, сен аны башкара аласың. Колуңдан келет, Сыйнат. Сенде лидерлик касиет бар. МТСтеги ишиңден көрбөдүмбү. Күнү-түнү тынбай чуркап жүрдүң. Коркпой, бара бер! – деди Громова.

Ошентип аны партиянын райондук комитетинин бюросунда Чоң-Коргон орто мектебинин директорлугуна бекитишти.

Мектепте 56 мугалим, жыйырмага жакын техникалык кызматкерлер бар экен. Окуу жылына карата ремонту бүтпөптүр. Окуу күнүнө болгону 20 күн калган.

Сыйнат мектептин аянычтуу абалын көргөндөн кийин айылдык кеңештин төрайымына барды. Ал орто жашап калган, чаласабат Күлбү деген аял экен.

– Бизде мектептин ремонтуна бере турган эч кандай каражатыбыз жок. Эмне кылууну билбейм! – деп алаканын жайды ал.

– Сиз өзүңүздүн аймагыңызга караштуу колхоздордун башкармаларын чакырып бериңиз. Алар менен сүйлөшүп көрөлү! – деди Сыйнат.

– Чакыртса чакыртып берейин. Аларда деле эч нерсе жок, – деди Күлбү.



Эртеси айыл кеңешинин мажилиси болду. «Көк-Дөбө» колхозунун башкармасы Касымов, «Май-Төбө» колхозунун башкармасы Бабаева Калича, «Май» колхозунун башкармасы жетимиштеги Токторбай аксакал, Киров атындагы колхоздун башкармасы Примбердиев келишти. Маселе ортого коюлганда баары: «Эч кандай жардам бере албайбыз» – деп көпкө олтуруштү.

– Окуунун башталышына жыйырма гана күн калды. Эгер ушул убакта анын дубалдарын актап, парталарын, тактайларын сырдап, эшик-терезелерин бүтөбөсөк, кышка карата отун камдабасак, райондук комиссия кабыл алууга келгенде, эмне деп жооп беребиз? Баарыбыз уят болобуз да. Бул мектепте өзүбүздүн балдар окуйт эмеспи. Аларга эмне деп айтабыз?

– Айтканың туура, синдим! – деди Калича. – Кандай жардам бере алабыз, кана өзүң айтчы?

– Материалдарын алып бергиле. Ремонтту өзүбүздүн мугалимдердин, техникалык кызматкерлердин күчү менен бүтүрүүгө аракет кылайын.

– Буга макулбуз! – деди Калича. Башка башкармалар да бул сунушка көнүштү.

Сыйнат жүгүрүп жүрүп жыйырмадай мугалимди таап, техникалык кызматкерлерди чакырып, ремонтту башташты. Колхоз берген араба менен кой короолордон көң чаап ташышты. 25-августта ремонт аяктап, райондук комиссия «жакшы» деген баасын берип кетти.

Жаз келгенде мектепке бөлүнгөн жерге жүгөрү, картошка, пияз, помидор, бадыраң, капуста өстүрүштү.

Күзүндө жүгөрүнү буудайга алмаштырып, окуучуларга ысык оокат бериле баштады. Турмушу начар балдарга кийим-кече таратылды. Окууга тартуу планы толук аткарылды.

1944-жылдын февраль айында партиянын райкомунун конференциясы болуп, Сыйнатты райкомдун аялдар менен иштөө бөлүмүнө башчы кылып бекитишти. Райкомдун мүчөлүгүнө шайлашты.

Жаш кездерин сыдыргыга салгандай чубаткан Сыйнат партиянын Киров райондук комитетинин бул конференциясы өткөн кыш күндөрүн айрыкча даана элестетти.

Райкомдун биринчи катчысы Мураталиев конференциядан кийинки күнү Сыйнатты кабинетине атайын чакырды.

Кең кабинеттин төрүндө олтурган, аскердик китель кийген, бакжайган толук киши ордунан жеңил туруп, кой көздөрүн күлүңдөтүп, утурлай басып чыгып, колун берди.

– Кел, Сыйнат! Мына бул жерге олтур! – деп Сыйнатка орун көрсөттү. – Кечээги күнгө чейин Эл агартуу кызматкери болсоң, бүгүндөн баштап, партиялык кызматкерсиң! Мурда бир мектептин ишине жооп берсең, эми бүт райондогу кыз-келиндерге, аялдарга жооп бересиң.

– Ооба, агай! Абдан оор болорун сезип турам! – деди Сыйнат.

– Туура байкаптырсың! – деди ордуна олтургандан кийин. – Жалгыз өзүң күйпөлөктөп чуркай берсең, албетте, оор болот. Сен элге таян.

Партиялык, советтик, комсомолдук уюмдар бар. Өзүңдүн кесиптештериң – мугалимдер бар. Мына ошолордун арасында билимдүү, акыл-эстүү, адамгерчиликтүү кишилер бар. Ошолорду уюштура билүү керек. Ал үчүн жөндөм керек, билим керек жана да эң башкысы, партиянын көрсөтмөсүн туура аткаруу зарыл. Борбордук комитеттин, обкомдун токтомдорун жетекчиликке алып, башкалардын алдыңкы тажрыйбаларын ишке колдоно билсең, бат эле көзгө көрүнөсүң. Мына ошолорду сүйлөшөлү деп чакырдым. Кана айтчы, ишти эмнеден баштасам деп турасың? Менимче, түнү менен уктабай ойлонуп чыккандырсың.



Сыйнат Мураталиевдин анын оюн билгендей таап айтканына таңданды.

-Ырас айтасыз, агай! Түнү менен уят болбой кантип иштейм деп ойлонуп уктабай чыкканым ырас.

– Ийе, ошондо кандай акылга келдиң?

– Эң биринчи жогорку органдардын тиешелүү токтомдору менен жакшылап таанышып алсам, анан айылайылдарды түгөл кыдырып, аялдар менен таанышып, сырдашып, ал-абалдарын өз ооздорунан уксам дейм.

– Мына, мына! Мунуң абдан жакшы акыл. Дал ошент! Дагы айтаарым. Лениндин, Сталиндин эмгектерин оку. Ошондо партиянын саясатын жакшы түшүнөсүң.

– Кеңешиңизге ырахмат, агай!

– Чынымды айтсам, райондун чарбаларынын баары болбосо да көбүндө жылыштар бар. Мамлекеттик пландар аткарылып жатат. Майданда биздин аскерлер күн санап, душмандын мизин кайтарып, жеңиш биз тарапка оой тургандай. Бул элди кубантып, ишибизди илгерилетүүдө. Бирок аялдар арасында иш жүргүзүү солгун. Эрлердин баары майданга кетип, кээ бир көп көн абышкаларыбыз экиден аял алып атканы жакшы эмес. Жаш кыздарын окутпай, калыңга саткандар бар. Ушул көйгөйлөрдү жоё алсак, кандай сонун болот эле?!

– Ооба, агай, сиз айткан көйгөйлөргө баарыбыз биригип күрөшпөсөк, аялдар арасында түшүндүрүү иш-

терин күчөтүп, алардын өздөрүн көтөрүп чыкпасак болбойт.

– Ооба, туура айттың. Биринчи кезекте партиялык, комсомолдук уюмдар аялдар маселесин эч качан унутта калтырбоо керек. Бирок өзүң баш болуп, ар бир айылдагы Аялдар кеңештери демилгени колго алып, активдүү болушса, ишти оңдоого болот. Бул сенин туруктуу бекем позицияңа байланыштуу деп ойлоймун.

– Мен ар дайым көздөгөн максатыма жетмейинче жаным тынбайт, агай.

– Мунуң жакшы, Сыйнат! – деп Мураталиев Сыйнаттын жоопторуна ыраазы болду. «Бу келиндин аяк таштаы жакшы. Ушул калыбынан жазбаса, мындан келечекте жакшы жетекчи кызматкер чыга тургандай. Кээ бирөөлөрдүн көзүн чукуп айтсаң да түшүнбөгөн маңыроо чалыш. Бул маселенин четин чыгарсаң болду, аягын өзү улантып кетет экен» – деп ойлоду ичинен биринчи катчы. Анан Сыйнаттын нурданган жүзүн, жарык маңдайын ойлуу тиктеп туруп, – Ат миңгенге кандайсың, Сыйнат. Бизде азырынча машина жок. Командировкага ат менен барууга туура келет – деди Мураталиев.

– Кыргыз кызы болуп туруп, кантип ат минбейин. Жүрүштүү жакшы ат болсо, кайсы айылга болсо да бара берем, – деди Сыйнат шар сүйлөп.

– Болду анда! – деди Мураталиев күлүп, – азыр баардык эле аялдар ат мине бербейт. Биздин атканада жүрүштүү жакшы аттар бар. Бирин энчилеп алып, минип жүрө бер.

Сыйнат өзү болжогондой, өзүнөн мурда иштеп кеткен башчынын иш кагаздарын, жогорку органдарга берген отчетторун, караштырып, жогорку органдардан



келген токтомдор менен таанышты. Райкомдук партиялык кабинетинен Ленин менен Сталиндин айрым эмгектерин таап, аларды дыкаттык менен кызыгып окуп чыкты. Лениндин аялдардын теңдиги, аларды окутуу, коомдук жумуштарга тартуу, ашканаларды, бала-бакчаларды ачуу, коммуналарды, артелдерди түзүү, жерди иштетүү боюнча жолдоштук уюшмаларды уюштуруу боюнча жазгандары анын көзүн ачып, көп суроолоруна жооп тапты. Москва-Казань темир жолунун жумушчуларынын 1919-жылдын 10-майында, ишемби күнү жумушка чыгышып, акысыз иштеп, мурда бүтпөгөн көп жумуштарды бүтүрүшкөндүгүн жана бул демилге өлкөдө кеңири колдоого ээ болгонун Ленин «Улуу демилге» деген эмгегинде «коммунизмдин өнүмдөрү» деп өтө жогору баалаптыр. Мына «Коммунисттик ишембилик» деп өткөрүлүп келаткан иш-чаралардын төркүнү ушундай турбайбы, бул биздин ашарга окшош экен» – деп ойлоду Сыйнат.

Бир жума бою райкомдун кызматкерлери менен кенен таанышып, айрымдары менен сырдашып, түшүнбөгөн суроолоруна жооп алып, иш кагаздарын аңтарып, отчетторун карап, китеп окуп, Ленин менен Сталиндин эмгектерин үйрөнүп, көзү кадимкидей ачылып калган Сыйнат айылдарды кыдырууну өзү туулуп-өскөн Чымкент айылындагы Сталин атындагы, Тельман атындагы, «III Интернационал» колхоздорунан баштады.

Чымкент айылындагы кызыл үйдүн башчысы Бүбүрайым Ниязалиева мешке көң жагып койгондуктан чакырылган аялдар сырт кийимдерин чечип, кемселчен олтурушту. Сталин атындагы колхоздон Аялдар кеңешинин башчысы Батма Жамангызова, «III Интернационал» колхозунан аялдар кеңешинин башчысы

Ашырбүбү Карабаева, ар кимиси өздөрү чакырып келген аялдардын тизмесин такташып, дагы кимдер келерин сураштырышты.

– Айланайын Сыйнат, чогулушуңду баштай бер, – деди Ашырбүбү бакылдап, – калгандары келсе этек жакка олтурар.

– Туура айтат, баштай бер. Укпагандарга төкпөй-чачпай айтып беребиз! – деди Батма.

Олтурган аялдар бул сөздөрдү кубаттап чуулдап жиберишти.

– Болуптур, апалар, эже-сиңдилер! Чогулушту баштаса, баштай берели.

– Жакында райкомдун конференциясы болуп, анда мени аялдар менен иштөө бөлүмүнүн башчылыгына шайлашты.

– Аа, укканбыз! Ордуң кут болсун! – дешти алды жакта олтурган жашы улуу байбичелер, катамал аялдар.

Сыйнат ордунан туруп сөздү алыстан баштады.

– Партиянын, Кеңеш бийлигинин негизги максаты – биздин өлкөдө эзүүчү тапты жоюп, жерди, завод-фабрикаларды коомдук менчикке алып, аял менен эркектин укугун теңдеп, эркин жана бактылуу жашоо үчүн күрөшүү. Мурда эл бай-манаптарга жалданып иштеп, жарытылуу акы албай, илим, билим менен иши жок караңгылыкта жашап келсе, эми ар бир айылда мектептер ачылды, колхоздор, совхоздор уюшулду. Демек ар кимибиз үчүн окууга, иштөөгө, дем алууга шарт түзүлдү. Жаңы мыйзамдар кабыл алынды. Бирок биз ал мыйзамдарда белгиленген укуктарды пайдалана албай жатабыз. Кептин баары ушунда. Ошондуктан силер менен бетме-бет олтуруп сүйлөшөлү, сырдашалы, акылдашалы, анан бир пикирге келип, ишибизди алга жылдыралы деп келдик. Өзүбүзгө өзүбүз жардам бербесек, бизге башка жактан бирөөлөр келип, ишибизди иштеп бербейт.



– Туура айтасың, айланайын. Илгеркилер айткандай, «Ийри олтуруп түз кеңешели» – деди Ашырбүбү.

– Кана, Ашырбүбү эже, сөздү сизден баштайлы. «III Интернационал» колхозунун аялдар кеңешинин ишин айтып бериңизчи? Колхоздо канча аял бар? Алар кандай иштеп жатышат? Аялдардын укугу тебеленген учурлар барбы? Андайлар болсо, кандай иш чараларды көрүп жатасыздарбы? Чогулуш өтүп турасыздарбы?

– Ой, айланайын, Сыйнат! Сен жабыраган суроолорду берип жибердиң. Анын кайсынысына жооп берем?

– Бир четинен айта бериңиз.

– Чынымды айтсам, биздин колхоздо канча аял бар экенин санаган жокпуз. Бирок баарын өңүнөн тааныйм. Көпчүлүгү тамекиде иштейт. Эмгек күнүн толтургандары да бар, толтурбагандары да бар. Толтурбагандарды чакырып, талкуулап, уяткарабыз. Тамеки планын жыл сайын ашыгы менен аткарып келатабыз. Жайдын күнү аялдар эгин орукка, чөп чабыкка чыгышат.

Анан үй болгондон кийин «Казан-аяк деле кагышат» дегендей, эрди-катындын ортосунда кээде катуурак чатак чыкчу болсо, айылдык кеңештин депутатынан, аялдар кеңешинин мүчөлөрүнөн үчөө-төртөө болуп барып тескөөгө алып, жараштырып коёбуз.

-Мен да ишибизди айтып берейин! – деп кол көтөрдү, Сталин атындагы колхоздун Аялдар кеңешинин башчысы Батма Жамангызова.

– Айта бериңиз! – деди Сыйнат.

– Биздин колхоздогу аялдардын көпчүлүгү тамекиде иштейт. Ушул кезде парникке салынуучу кыктарды топтоп, ташууга жапырт чыгышты. Бир топ билимдүү келиндерибиз колхоздо актив болуп иштеп жүрөт. Бурмачач кой фермасын башкарат, Алчагүл, Айым эсепчи, Асел кампачы болуп иштейт, Тургунбүбү, Күланда, Азина звено башчылары.

Кыздардын баары окууга тартылган. Бирок жетинчи классты бүткөндөн кийин кыздар турмушка эртерээк чыгып жатышат. Аларды токтото албай жатабыз. Биздин айылдык кеңештин аймагында үч айыл эл болсо да орто мектебибиз жок. Ошондуктан кыздарыбыз гана эмес, айрым уул балдарыбыз да шарттары келишпегендиктен алыскы айылдардагы орто мектепке бара албай жатышат.

Анан дагы бир оор маселе бар. Тамекини үзүп-тизүү маалында балалуу жалгыз бой келиндер ишке чыга албайт. Балдарын карай турган киши жок. Бала бакча ачсак дейбиз. Ага ылайыктуу имарат табылбайт. Ошондуктан айла жок кары кемпирлерге жалдырап «балдарды карап берсеңиз экен» дейбиз.Чынында алар ойдогудай карай албайт.

– Батма балам ырас айтат! – деди казы элечек салынган, бели букүрөйгөн, беттерин бырыш тордогон Бурма эне. – Мага үч бала алып келип, эки ай багып бересиң дешти. Бирок бир айга араң чыдадым. Ыйласа, сооротуп көтөрө албасаң, жөргөлөп сыртка чыгып кетсе, артынан жете албасаң, кыйын экен. Бала бакча уюштурчу болсоңор, ал жерге мага окшоп букчүйгөн кары кемпирлерди койбой, субай салт келиндерди койгула. Алардын бири тамак-ашын жасасын, бири кийим-кечелерин жуусун, бири баш-көз болуп карап турсун.



– Жакындары майдандан каза болгондордун үйлөрүнө жардам берилип жатабы? – деп сурады Сыйнат.

– Ооба, андай үй-бүлөлөргө отун-суудан, азык-түлүктөн жардам берилип турат – деди Ашырбү. – Аларды кантип эстен чагаралы.

Сыйнат чогулушта айтылган сунуштарды, кеп-кеңештерди дептерине жазып олтурду. Аялдардын көптөгөн суроолоруна жооп берди, Батма менен Ашырбүбүгө иш пландарын түзүүгө жардам берди.

– Мурда иш план дегенди билбей, учурга карата чогула калып, мындай кылсак кантет деп кеңеше коюп жүрө берчүбүз. Көрсө, бул жакшы турбайбы! – деди Ашырбү.

– Сага ырахмат, Сыйнат. Бизге туура багыт көрсөтүп бердиң. Эми ушул иштерди аткара баштайбыз, – деди Батма.

## ОН ҮЧҮНЧҮ БАП

Сыйнат эки жума бою райондогу бардык айылдарды кыдырып чыкты. Аялдар арасында иш жүргүзүү айрым айылдарда түзүк болсо, көпчүлүгүндө начар экен.

Ишти эмнеден баштарын билбей, шайлангандан бери бир да жолу чогулуш өтпөй жүргөндөр да жолукту. Алар көбүнчө кат-сабаты начар, саясаттан кабары жок немелер болуп чыкты. Андайлар менен аңгемелешип, сырдаша келгенде, «Айланайын, мени ушул ишиңден кутултчу» дегендер да болду. Андай жерлерде аялдардын башын кошуп, алдыда турган чоң максат-

тарды түшүндүрүп, аялдардын көп укуктары чектелип келатканын айтканда, «Ии, ушуларды бир четинен иштей берсек болмок экен» дегендер чыкты. Аялдар кеңешинин башчылыгына жаш, сабаттуу келиндерди шайлашып, алдыда аткарыла турган иштерди чогуу белгилешти.

Райкомдогу кабинетине келгенден баштап, ар бир айылдагы аялдар кеңешинин иштери тууралуу кеңири аныктама жазып бүткөндө, биринчи катчынын кабыл алуусунда болду.

Ал жазган аныктаманы барактап, айрым жерлерин үңүлө окуп таанышкандан кийин, биринчи катчы Сыйнаттын андан кандай сөз чыгарын чыдамсыздана күтүп олтурганын байкады.

– Аныктаманы абдан сапаттуу, жакшы далилдер менен жазыпсың. Партиялык уюмдардын катчыларынын бул иштерден четте калганын да туура белгилепсиң. Муну мен шашпай окуп чыгам. Анан райкомдун бюросунда талкуулап, күнөөлүүлөргө жаза берип, иш чараларды түзүү керек деп ойлойм, – деди Мураталиев.

Биринчи катчыдан мындай мактоону угам деп ойлобогон Сыйнат кубанганынан эмне дээрин билбей кызара түштү.

– Ырахмат,агай! – деп ал биринчи катчыга ыраазычылыгын билдирди.

Бир айдан кийин райкомдун кезектеги бюросунда «Райондогу аялдар кеңештеринин иштери жөнүндө» маселе каралып, ага жер-жерлердеги партиялык уюмдардын катчылары, аядардын кеңештеринин башчылары катышты.

Бюрону биринчи катчы баштан-аяк өзү алып барды.



– Биз ар дайым мамлекеттик пландарды аткаруу, мал чарбасын өнүктүрүү, жазгы талаа жумуштарына даярдык көрүү, эгинди оруп-жыюу, тамеки жалбырактарын үзүп-тизүү сыяктуу чарбалык иштерге көбүрөөк көңүл буруп, катуу талаптарды коюп келдик. Ал талаптар азыр да күчүндө кала берет, – деди биринчи катчы бюрону ачып жатып, – бүгүн биз аялдар кеңештеринин иштерин кеңири талдап, кандай ийгиликтерибиз бар, кандай кемчиликтер кетирилип жатат, ал кемчиликтерди кантип жоюу керек жөнүндө ачык сүйлөшөлү дейбиз.

Талкуунун жүрүшүндө бюро мүчөлөрү, аялдар кеңешинин башчылары, партиялык уюмдардын катчылары кезек менен сүйлөшүп, ишти жакшыртуу боюнча өз сунуштарын айтышты.

Бюродо ар кимдин сөзүн тыңшап, бирок өзү үн катпай, билмексен болуп олтургандарды байкаган кыраакы катчы улам бирин тургузуп, күтүлбөгөн суроолорду берип, алардын мукактанып жооп бере албай кызарып-татаргандарына карабай катуу уяткарды.

– Биз ушул убакка чейин аялдар менен иш жүргүзүүнү аялдардын өзүнө тапшырып коюп, алар кандай иштеп жатканы менен ишибиз болбой, аларга иш жүзүндө жардам көрсөтпөй, акыл-кеңештерибизди айтпай жүрө бериптирбиз. Натыйжада, көп айылдарда Аялдар кеңеши кагазда көрсөтүлгөнү менен иш жүзүндө эч кандай аракет жасалбай, тарап кетиптир. Биз райкомдун Аялдар менен иштөө бөлүмүн башкарууга жаңыдан шайланган Сыйнат Садыкованын эки жума бою эринбестен бүт айылдарды кыдырып, иштин чыныгы жүзүн ачып гана келбестен, ар бир айылда Аялдар кеңештерин кайрадан жаңылап түзүп, аларга практика-

лык жардам көрсөтүп келгенине ырахмат айтабыз. Бул ар бирибиз үлгү ала турган иш, – деп Мураталиев Сыйнаттын ишине абдан ыраазы болду.

Бюро бүткөндөн кийин биринчи катчынын жемесине калып, тилин уккандардын көбү баштарын ылдый салып, кулжуюп басып кетишти. Тельман атындагы колхоздун партиялык уюмунун катчысы Бакыракай Рысматов Сыйнаттын жанынан өтүп бара жатып, токтой калды.

– Оо, карындашым, бүгүн көп кишини туздадың го?! – деди бакырайган көздөрү менен тике карап.

– Ии, туздары кем болсо кантебиз?! – деп жылмайды Сыйнат.

– Ырас кылдың, карындаш. Баарыбыздын көзүбүздү ачтың. Ушул кадамыңдан калбай иштей бер.

– Ыракмат, байке!

– Поздравляю вас! – деп колун берди комсомолдун райкомунун биринчи катчысы Заболоцкая Марина Никитична. – Это большое начало!

– Спасибо, Мария! – деп Сыйнат ага ыраазылыгын билдирди.

– Мен сизге эртең кирем. Сөз бар! – деп жылмайды Мария кыргызча сөздөрдү жайыраак айтып, – надо поговорить.

– Макул, Мария. Шашпай олтуруп сүйлөшөлү – деди Сыйнат.

Эртеси кабинеттин эшигин тыкылдатып, Мария кирип келди. Экөө ал-абал сурашкандан кийин Мария Никитична өз ойлорун айтты. Анын оюу боюнча аялдар арасында иш жүргүзүүдө окуучу кыздар менен иш жүргүзүү чоң мааниге ээ. Кыргыз кыздарынын көбү мектепти бүтө электе эле турмушка чыгып, андан ары



бала төрөп, үй түйшүгүнөн чыга албай калышат. Аларга дүйнөнүн өнүгүү тарыхынан баштап цивилизация жөнүндө, биз курууга багытталган социализм тууралуу кеңири маалыматтарды беришибиз керек. Бул үчүн атайын лекторлор тобун түзөлү. Аларга тажрыйбалуу мугалимдерден, партиялык, советтик, комсомолдук кызматкерлерден кошолу. Атайын график түзөлү. Ал лекторлор тобуна мени да, өзүңүздү да кошуңуз. Бул ишибизди райкомдун пропаганда жана агитация бөлүмү менен акылдашып алалы.

– Мунуң эң сонун иштиктүү сунуш болду. Мен муну толук колдоймун. Кана, лекторлор тобуна кимдерди сунуш кыласың? – деп Сыйнат калем, кагазын даярдап жазууга киришти.

Экөө жыйырмага жакын кишилердин тизмесин түзүп, анан макулдашуу үчүн пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысына жөнөштү.

Райкомдогулар тарабынан колдоо тапкан бул сунуш жакшы натыйжасын берди. Бардык айылдарда, мектептерде комсомол жаштар, окуучу кыздар лекцияларды кызыгып угушуп, көп суроолорду беришип, ар бир лекциянын аягы аңгемелешүүлөр менен аякташ болду.

Сыйнат кабинеттен чыкпай иштөөнү жактырчу эмес. Ал эл аралап, алардын пикирин угуп, талаш маселелерди шашпай талкуулап, ишенимдүү далилдер менен бекемдеп, көзмө-көз сүйлөшүүнү жакшы көрүүчү. Ошондуктан ал тамеки көчөттөрүн өстүргөн парниктерде, тамеки көчөттөрү олтургузулуп жаткан талаааларда, чөп чабыкта, эгин оруп-жыюуда, кырмандарда иштеп жүргөн аялдардын арасына барып, алардын кандай оорчулуктарды башынан өткөрүп жатыш-

канын жакшы билер эле. Бир туугандары, күйөөлөрү майданда жүргөндөр, кимдир бирөөнөн кат келсе жабыла окушуп, куса болушкандыктан ар кимиси өз көйгөйлөрүн айтышып, көлдөтүп жаш төгүшөт, кайра бири-бирин сооротушуп, илгерки жоруктарын эстешип, күлүп да алышат.

– Ээ, Сыйнат, сен окумалсың, райкомдо чоңдор менен иштейсиң. Айтчы, бу кууураган согуш качан бүтө турган? – дейт бири.

Дагы бири суроо салат:

– Гитлер дегениң абдан катуу кирип, Ленинградды курчап, Маскөөнү алкымдап калды эле, Сталинградды ала албай туткунга түшкөндөн кийин бели мертинди баштанат, азыркы абалы кандай?

– Көрүңдө өкүргүр, Гитлер, өздөрүн «Адамзаттын асылыбыз» дейт экен. Асыл кишилер ушинтип жер жүзүнө бүлүк салып, айыл дебей, шаар дебей күлүн көккө сапырып, адам канын суудай агызабы? Алар кайдан чыккан балекеттер? – деп суроо бергендер да бар.

Сыйнат өзү билгендерин шашпай айтып, майдандагы абалды түшүндүрөт.

– Сталин башында турган партия менен өкмөтүбүз заводдордун баарын Уралга көчүрүп, алар күн-түн дебей металл эритип, замбирек, самолет, танка жасашат. «Катюша» деген курал чыгарышкан экен. Ал фашисттерди тирүүлөй куйкалап жатат деп уктум. Элибиз бизге окшоп, ичпей-жебей, баарын майданга жөнөтүп жатса, баарыбыз бир тилекте болсок, душманды кантип жеңбей коёлук. Ушу тапта биздин аскерлер душманды Украина менен Белоруссиядан кубалап чыгайын деп калды.



– Оозуңа май айланайын! –деп жашы улуу аялдар Сыйнатты алкап жиберишти. – Балдарыбыз аман-эсен келер күн кана, атаганат!

– Өзүңдүн күйөөңдөн кат келип турабы? – деп сурады аялдардын бири.

– Эки айдан бери кат ала элекмин. Келип турчу эле, – деп жооп берди Сыйнат.

Сыйнаттын капа боло түшкөнүн, анын кабагын байкай калган улгайган аял өзүн ыңгайсыз сезе калып, шаша сүйлөдү:

– Келип калар. Үмүтүңдү үзбө. Мүмкүн жарадар болуп, чолосу тийбей жаткандыр.

– Мүмкүн, мүмкүн... – деп Сыйнат өзүн-өзү токтотуп, сөздү башка жакка бургусу келди. – Өзүңүз кантип жатасыз?

– Кантмек элем, айланайын. Жалпы элдин башына түшкөн кайгы-касирет мени да кыйгап өткөн жок. Эки баламды узаттым эле. Биринен кара кагаз келген. Эми ошол жалгызымдын чымындай жаны аман болсо экен деп, күнү-түнү кудайга жалынып-жалбарып жүрөм, айланайын. Көптөн калышпай, улгайсам да кол кабыш кылып элдин арасындамын, айланайын!

Сыйнат бул улгайган аялдын кайратына таң кылып чыйрала түштү.

– Атыңыз ким, эже? – деди аны дагы кепке тарткысы келип. – Азыр кимдер менен турасыз? Үй-тирилигиңизде кем-карчылык жокпу?

– Атым Ажар, айланайын. Абышкам согуштан мурда эле көз жумган. Үйдө үч жанбыз. Курман болгон уулумдун келинчеги баласы менен. Ал неберем мектепте окуйт. Аскердеги кенжем үйлөнүүгө үлгүрбөй кет-

ти. Оокат-тиричилик түзүк эле. Саан уюбуз бар. Иши кылып, үйдөн ак үзүлө элек.

– Болсун, болсун! – деди Сыйнат кубанып.

Сыйнат Ажар эжеге окшогон жүздөгөн аялдар менен сүйлөшүп, өзү теңдүү келиндер менен сырдашып алардын ой-санааларына канык болду. Баарынын тилеги согуш жеңиш менен аяктаса, аскерге кеткендердин баары аман-эсен кайтып келсе, анан жай турмуш башталып, жыргал заман орносо... Бул тилектер жакынкы жылдарда орундалып калышы мүмкүн. Себеби биздин аскерлер душманды чек арадан алыс кууп чыга турган күчкө ээ болуп калды деп сүйүнүшкөн аялдар дерденден шип, көздөрү жайнады.

Сыйнат демейки адатынча олтурган аялдардын ар бирине көз салып, алардын кулк-мүнөзүнө, пейилкуюна ой жүгүртөт. Карасаң, биринин да жаңы кийими жок, арзан чыт же сандип, көбүнүкү бөз же катектен тигилген узун этектүү кенен тигилген көйнөктөр. Жоолуктары да жука матадан. Биринде чапан, биринде кемсел, биринде чырмый. Буттарында маасы, же арзан батинке. Өңдөрү шапайыңкы, арык. Улгайган аялдардын баарынын беттери тарам-тарам бырыш баскан. Көбү кой көздүү. Бирин-серини гана көгүш. Жаш келиндер гана кызыл-тазылга жакын, арык болушса да беттери тордолуп, күнгө күйгөн.

«Карачы кайран апаларды, жеңелерди, эже-сиңдилерди! Баары азыр момурап ой-санаага алдырганын. Болбосо тили курч, бетке чабар өткүрлөрү, акылга тунук чечендери, жоош-момундары, айлакер түлкүлөрү, сөз ташыганга уста чеберлери – баары аралашып олтурушат. Баары тең бири-биринен калбай, чарчап-чаа-



лыктык деп кейишпей, бригадирдин сөздөрүн эки кылбай аткарышат» – деп ойлоду Сыйнат.

Сыйнат катуу талап койгондуктан жана анысы жөндүү болгондуктан чарбанын жетекчилери, партиялык уюмдардын катчылары эч кандай шылтоо таба албастан аткарууга киришти. Бир канча өнөктүк учурларында бала бакчаларды ачышты. Бул бала багып, үйдө олтурган бир канча келиндердин ишке чыгуусуна жол ачты. Ал кол күчү жетишпегендиктен бүтүрө албай жатышкан иштерди илгерилеткендиктен жетекчилер да туура иш кылышканына ишеништи.

Аялдар кеңештери жашы жете элек кыздардын турмушка чыгуусуна бөгөт коюу үчүн ата-энелер менен, кыздардын өздөрү менен сүйлөшүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Кыздарын окууга жибербей, калың алып, күйөөгө берүүгө камынгандар менен алдын-ала сүйлөшүп, алар мыйзам боюнча жазага тартылаарын эскертишти.

Сыйнаттын эсинен чыкпай калган дагы бир окуя, 1944-жылдын коңур күзү аяктап, боз кыроо башталган кездерде болуп өттү. Аны партиянын райкомунун кезектеги бюросуна чакырышты. Мурдагы биринчи катчы Мураталиев башка ишке которулуп, анын ордуна Асанакун Бозумов шайланган.

– Биз бүгүнкү бюродо олуттуу жана өтө жоопкерчиликтүү ишти карайбыз! – деп Бозумов бюро мүчөлөрүн сыдыра карап, бир аз тынып алды. Бюро мүчөлөрү биринчи катчынын сурданган өңүн таңыркай карашканы менен бири да үн чыгарбай томсоруп, анын сөзүн чыдамсыздана күтүштү. – Кавказда жашаган бир нече майда элдерди Орто Азия жана Казакстанга көчү-

рүү чечими чыккандыктан, алар темир жол менен жакын арада биздин чек арага – Маймак жана Жамбыл станцияларына келип калат. Биз 105 үй-бүлөнү кабыл алуубуз керек. Бул орто эсеп менен 500 жан.

– Оор маселе экен! – деп күрсүндү бюро мүчөлөрүнүн бири Голдаевич.

– Ооба, жеңил эмес! – деди Бозумов. – Ошондуктан шашпай акылдашып, чыдамкайлык менен талкуулашалы.

Көпкө сүйлөшүп, бюро мүчөлөрүнүн баарынын пикирин угуп, акылдашкандан кийин биринчи катчы ишти жыйынтыктады.

– Баарыңыздардын пикириңиздерди угуп, көчүп келгендерди чарбалардын бакыбаттуулугун жана чабалдыгын эске алып бөлүштүрүүнү туура деп эсептеймин. Мисалы, райондун борборунда Ярослав атындагы колхозго – 20, «Красный Пахарга» – 15 үй-бүлөнү жайгаштырып, калгандарын ар бир чарбага ылайыктап ондон, бештен бөлүштүрсөк.

– Бул сунушту мен толук колдойм – деди райкомдун экинчи катчысы Кудайбергенов, – бул эки чарбада аларды жайгаштырууга толук мүмкүнчүлүк бар.

– Сиздердин ар бириңиздерге экиден чарба бөлүнөт. Жаңы көчүрүлүп келген ар бир үй-бүлөнү жайгаштыруу үчүн ылайыктуу турак жай табуу, аны ондоп-түзөө, актоо жана отун камдап берүүгө толук жоопкерсиздер. Чарбанын жетекчиси, айыл кеңешинин төрагасы көчүп келгендерди иш менен камсыз кылууга милдеттүү. Анткени алар өз үй-бүлөсүн иштеп багышы керек. Көчүрүлүп келгендерди Жамбыл менен Маймак станцияларынан алып келүү үчүн чарбалар 69 ат араба, иш-










50 лет нашей дорогой эже,
ровесница
Октября.









каналар 7 ат араба, Ворошилов МТСи 1 автомашина бөлөт – деди Бозумов. – Эртеңден баштап ар бириңер өзүңүздөргө бөлүнгөн чарбаларга барып конуп-түнөп, бул ишке баш-отуңуздар менен киришесиздер.

Сыйнатка Фрунзе атындагы жана Бакыян колхозу бөлүндү. Биринчисине – 10, экинчисине – 5 үй-бүлө бармак болду.

Сыйнат алгач Фрунзе атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Кирилл Александрович Захаровго кирди.

Ал илгертен кыргыз арасында өсүп-өнгөндүктөн кыргызча жакшы билүүчү. Өзү да сөзгө уста, адамгерчиликтүү, кичи пейил киши болгондуктан эл аны өз атынан айтпай атасынын атынан «Захар» деп кайрылышчу.

– Саламатсызбы, Кирилл Александрович? – деди кабинетке кирген Сыйнат. – Кандай жүрөсүз?

– Саламатчылык! – деп Кирилл ордунан шып тура калып, Сыйнатты утурлай басты. – Түзүк эле. Менин атам Захаров, эл Захар деп атап жүрөт. Буга биротоло көнүп, бышы кулак болуп калгам, – деп күлдү ал. – Мени Захар деп айта бериңиз.

– Болуптур, Захар! – деп жылмайды Сыйнат.

– Ийе, жол болсун! Эртелеп келгениңизге караганда өтө зарыл иш болуп калган го! – деди Захар.

– Ооба, дал ошондой! – деди Сыйнат, анан партиянын райкомунун бюросу болгонун, анын чукул чечимин айтып берди.

– Он үйдү даярдаш керек турбайбы!? – деп ойлоно түштү Захар. – Бизде ошончо үй табылар бекен? Муну бригадалардан сураш керек. Айыл аксакалдарын чакырып, кеңешип көрөлү.

Захар чабармандарды жиберип, тиешелүү кишилердин тез келүүсүн талап кылды.

– Көчүрүлгөндөр кайсы тараптан келатыптыр? – деп сурады Захар.

– Кавказдагы майда улуттар экен – деди Сыйнат.

– Оо, шоруң каткырлар десе! – деп кейиди Захар. – Күн сууй баштаганда келаткандарын карабайсыңбы? Ал үйлөрдү оңдоп, эшик, терезелерин жылуулашыбыз керек.

– Чарбанын курулуш бригадасы барбы? – деди Сыйнат.

– Бар. Алар короо-сарайларды оңдоого жиберилген.

– Эмесе, аларды тез арада алдырыңыз. Он үйдү күнтүн дебей оңдоп, сырдап-бордоп бүтүрүшүбүз керек.

Башкарманын кабинетине чакырылгандардан биринчи болуп, Кара-Суу айылынан Жээнтай Раев кирди.

– Ассалому аллейкум, Захар. Эмне шашылыш болуп кетти. Чабарманың жанымды койбой кууп келди го? – деди Жээнтай бакылдап. Ири денелүү, мурдубарбагай, куйкул муруттуу кызылдуу киши. Ал Захардын бери жагында олтурган Сыйнатты байкай калып, башын ийкеп учурашты да, – эмне болду, бойго жете элек кыздар качыптырбы?

– Жок, Жээнтай! Кыздар үйлөрүндө эле. – деди Захар күлүп.

– Анда эмне шашылыш чакыруу? Өрт болуп кеттиби?

– Өрт да болгон жок. Күйүккөнүңдү басып олтура тур. Угасың. – деди Захар Сыйнатты карап.

Аңгыча Кара-Суудан Кожобек, Балыкчыдан Бейшеналы дубана, Искендер, Бейшекеден Керимбек аксакалдар кирип келишти. Алардын артынан бригадирлер кирип орун алышты.



– Сиздерди шашылыш чакырганымдын себеби бар, – деди Сыйнат. – Кавказдан бир катар майда элдер Орто Азияга жана Казакстанга көчүрүлүп келатыптыр. Сиздердин чарбага он үй-бүлөнү жайгаштыруу үчүн он үйдү таап, аларды оңдоп, жылуулап жашоого ылайыктоо зарыл. Бул үчүн төрт кана күн убакыт берилди. Ал үй-бүлөлөрдү Маймак жана Жамбыл станцияларынан алып келүүгө он ат арабаны жиберишиңер керек.

– Ох, шай-тан!... – деп таң калганда, же бир олуттуу сөз айтаарда дайыма оозуна келе калчу көнүмүш сөзүн айткан Жээнтай сөөмөйүн чочойтту. – Алар тартип бузган бейбаш элдерден го. Болбосо жердин түбүнөн бияка неге көчүрөт?! Илгери биздин элде да чектен чыкканды башка жакка күчтөп көчүрүп жиберишчү.

– Ай, Жээнтай оозар сөзүңдү койбойсуңбу?! – деди Бейшеналы дубана, анын сөзүн жактырбай. – «Бүлүнгөндөн бүчү алба» дегенди билесиң. Ал элдер бүлүнүп, өз үй, өлөң-төшөгүнөн, очогунан айрылып келатса, алдагы сөзүң көңүлүнө кетпейт дейсиңби?... Андан көрө аларды бир туугандарыбыздай көрүп тосуп алалы, колдон келген жардамыбызды берели.

– Дубанам туура айтат, – деди Кожобек карыя. – Илгертен биздин элдин ичи кенен. Алар келе берсин. Батырып алабыз.

– Аксакалдар, биз сиздерди акылдашып, кеңешип алалы деп чакырдык, – деди башкарманын төрагасы Захар. – Райкомдун өкүлү Сыйнат бюро бизге он үй таап, аларды тез арада оңдоп-түзөп, киши жашагандай кылсын деген тапшырмасын айтып берди. Айылыбыз-

да бош үйлөр барбы, эгер бош үйлөр болбосо, жашоого ылайыктуу бир же эки бөлмөлүү жайлар табылаар?

– Балыкчынын этегиндеги Жуман менен Жумагүлдүн үйлөрү бош. Алар Жоон-Дөбөгө, таякелерине көчүп кетишкен. Ээн калган үйлөрдүн терезелерин балдар сындырып, мештин плиталарын кимдир-бирөөлөр алып кетишиптир. Ошолорду оңдоп, шыбап, актап койсо болор эле, – деди Искендер карыя.

– Ырас, айттыңыз, Искендер аке. Аларды оңдотуп алабыз, – деди Захар.

– Кара-Сууда бир тууганыбыз кайын журтуна көчүп кетип, үйү бош турат, – деди Кожобек.

– Биздин чакан жайкы ашкана тамыбыз бар. Ошону бошотуп берсек болобу? – деди Жээнтай.

– Бир үй-бүлө бата турганбы? – деди Захар.

– Албетте, батат.

– Анда болот.

– Биз кампа тамыбызды бошотуп берели. Бирок ага меш салып бериш керек, – деди Бейшеналы дубана.

– Андай кампа там бизде да бар – деди Керимбек карыя.

– Сиздерге чоң ырахмат, – деди Сыйнат, – чын көңүлүңүздөр менен жардам берүүгө даяр экенсиздер. Эми ошол сиздер айткан үйлөрдү өз көзүбүз менен көрүп чыгалы, аларды курулушчуларга дайындайлы. Дагы ылайыктуу үйлөр чыгып калса, алардын ээлери менен сүйлөшүп көрөлү.

Баары тобу менен көчөгө чыгышып, айылдарды кыдырып, көңүлгө жаккан он үйдү көрүп жактырышты.

Сыйнат түштөн кийин «Бакыян« колхозуна барып Шербек, Эшимкан карыяларды баш кылып, бир нече



аксакалдар менен кеңешип, айыл кыдырып ылайыктуу беш үй табышты. Кийинки күндөрү ал үйлөр оңдолуп, эшик, терезелери бүтөлүп, тазаланып бүттү. Эки чарбадан он беш ат араба темир жол станцияларына көчүрүлгөндөр келе турган күндөн бир күн мурда барып тосуп турушту.

## ОН ТӨРТҮНЧҮ БАП

Фрунзе атындагы колхоздун мекемесинин алдына чогулган элдин Кавказдан көчүрүлүп келаткандарды күткөнүнө көп болду. Аларды «жүргүлө» деп чакырган эч ким болгон жок. Биринен бири угуп чогулган элдин карааны улам көбөйө берди. Көпчүлүгү аялдар менен тестиер балдар, карыялар жана колхоздун активдери.

Боз кыроо маалы болгондуктан, күн суук тартып калган. Абышкалар кемселчен белдерин курчанып, ичик, терезелери бүтөлүп, тазаланып бүттү. Эки

анын сыртынан чапандарын кийип, тебетейлерин кулактарын бастыра бапыйышат. Минип келген аттарын, эшектерин жол боюндагы талдарга байлап коюшкан. Кемпирлер ак элечекчен, кара сандип чапандарын кымтышып, ээрчите келген неберелерин алдына алып олтурушат. Кара же көк, күрөң кемселчен, ак жоолук салынып, кыймылдаган сайын күмүш чолпуларын шыңгыраткан келиндер өздөрүнчө чогулуп, бирдемелерди шыбырашып, анда-санда күлүп калышат.

Чогулгандардын арасында көчүрүлүп келгендерди үйүнө киргизүүгө макул болгондор да бар. Алардын бири – Керимбек карыянын аялы Алматай. Ал Сыйнат менен Захар кыдырып келишкенде ичин бошотуп, шыпырып тазалап койгон кампасын көрсөткөн.

– Бир үй-бүлөгө тардык кылбас бекен? – деген ал.

– Жарайт! – деген Сыйнат. – Быйыл убактылуу кыштап чыгышса, жазында күн жылыганда чамалары жетсе, үй сала баштexisting шат. Жер бөлдүрүп беребиз.

Бирин-бири кубалашып ойноп жүргөн тестиер балдардын бир тобунун ичинен эки-үч баланын биринен улам экинчи-үчүнчүсүнөн:

– Келаты-шат! Ке-ла-тышат! Арабалар келатат! – деген кыйкырыктары угулганда, күтүп олтургандар дүр эте түшүп, анча-мынчалары орундарынан козголушту.

– Биздин арабалар экен!

– Катар-катар чубалып алган тура.

– Абдан жай айдашып келатат.

– Чарчашты да. Узак жол оңой дейсиңерби? – деген үндөр угулду.

Аңгыча баягы тестиер балдар чуулдашып, арабаларды карай чуркашып, жакындашканда бирөө башка чапкандай токтой калышты. Арабада олтурушкан түрү-түстөрү, кийим-кечелери гана эмес, тилдери да чоочун кишилерден айбыккан балдар таңыркай карап алып, кайра элди карай чу коюшту.

– Ай, балдар, эмне болду? – дегендерге:

– Коркуп кеттик.

– Айбаттуу чоң кишилер экен.

– Тилдери башкача! – дешип мурундарын шыр тартып, көздөрүн бакырайтышты.

Арабалар биринин артынан бири удаа келип токтоп жатышты. Алды менен токтогон, кош карагер ат чегилген арабадан биринчи болуп секирип түшкөн шамдагай жаш жигит арабакечтин жанындагы олтургучта олтурган сакалдуу карыяга ишарат кылып, өз тилинде



бирдеме деп, анан колтугунан алып, сүйөп түшүрдү. Ал аксакалдан кийин бели эңкейип калган кемпир, колунда баласы бар келин түшүп, баары аксакалдын аркасына туруп калышты.

Алматай куржунун көтөрүп, Сыйнат менен Захардын, карыялардын жанына басып келип, Сыйнатка акырын шыбырады.

– Илгери көч келатканда алдынан тосуп, ак ичирип, нан, боорсок, козунун бышкан этин беришчү эле. Эми мен беш-алты нан жаап, боорсок жасап алдым эле, Керимбекте бир кол чанач кымыз бар. Ошону ырымдасак кантет, – деди.

– Сонун болбойбу!! – деп Сыйнат сүйүнө түштү. – Булар да биздин салтыбызды билсин. Кана, наныңды алып чык.

Алматай куржундун бир көзүнөн жайык жыгач табакты алып чыгып, үч нанды салып, үстүнө боорсокту үймөлөп алып, алдыга өттү.

– Ассалому алейкум! Куш келипсиздер! – деп Кожобек, Бейшеналы, Искендер карыялар мейманга кол беришти. Ал колун төшүнө коюп:

– Ва алейкум ассалам! – деди.

Алматай нан салынган табакты көтөрүп турду. Керимбек карыя эптеп кыймылдап, кол чаначтын оозун кайрып жатып, жыты бур эткен кымызды сыр кесеге толтура куюп аксакалга сунду.

Аксакал боорсоктон чымчып ооз тийип, кымыз куюлган кесени алып, бөксөлөй жутту.

– Добро пожаловать, дорогие братья! – деп кол сунду Захар.

– Спасибо вам, добрые люди! – деп аксакал кавказдык күчтүү акцент менен орусча сүйлөдү да, сакалын

сылап, тамшанып койду. Анан аксакалдарды карап, – Мы чечены, меня зовут Каюм! – деди ал.

– Аа, чечен деген элден турбайбы! – деди кимдирбирөө.

Аңгыча эл аралаша түштү. Арттагы арабалардан улгайган эркектер түшүп келишип көрүшө баштышты. Алар да нан, боорсоктон ооз тийишип, кымыз ичишти.

– Булардын тили буруу болгону менен мусулмандар турбайбы.

– Ошондой, жаштары абдан ыймандуу баштанат.

– Оорулары да бар экен. Онтоп олтурушат.

– Узак жол жүрүү оңойбу. «Жол азабы, көр азабы» деп бекер айтыптырбы, – деп жатты эл.

Сыйнат арабаларды кыдырып көрүп, боору катуу ооруду. Сөөк-саактуу, ири денелүү, мурундары калактай, чап жаак эркектер, калың кара жоолуктарын тумчулап салынып, кең жеңдүү, узун этектүү көйнөкчөн, денесине чыптала жабышкан кемсел кийген аялдар, кыздар көздөрү алайып, өңү-башы кубарып, арыктап жүдөгөн балдар, кыңкыстап таңылчактарга башын коюп кыйшайып жаткан абышка, кемпирлер эки жактарын элеңдей жалдырай карашат. Эриндери кеберсип, ачкалыктан алсырап, араң кыймылдагандары дагы бар экен.

– Среди вас есть врачи? – деп сурады Каюм аксакал.

– Есть! – деп жооп берди Захар.

– У нас есть больные. Хорошо было бы если он осмотрел их.

Захар айылдагы фельдшер, медициналык эки кызматкерди алдын ала чакырып койгон эле. Алар Захардын дабышын угары менен жетип келишти да



оорулууларды карашып, тиешелүү дары-дармектерди беришти.

Захар Каюмга шартты түшүндүрдү:

– Сиздер алыс жолдон чарчап-чаалыгып келдиңиздер, эми көп кармабайлы. Биз он үй-бүлөнүн ар бирине ылайыктап жай даярдап койгонбуз. Азыр ар бир арабага бирден киши кошуп беребиз. Алар силер жайгаша турган орунга алып барат. Ал жерде суу ысытып коюлган. Жуунуп, тазаланып аласыздар.

Арабалар акырындап жылып, айыл-айылга жөнөштү.

Сыйнат туулган жерлеринен ажырап, айласыздан алыс жерге көчүрүлүп, мусапыр болгон бечаралардын абалына жаны ачып, жүрөгү булкуна сокту. Ал көчүрүлүп келаткандарга үйлөрүн бергендерге алкышын айтып, ыраазылыгын билдирген:

– Булар эл-жеринен ооп келаткан мусапырлар. Оокат-ашыңардан каралашып, кийиз, төшөнчү, жууркаҥыңардын ашыкчасы болсо берип, отун-сууңардан кайрылышып койгула. Ал жакшылыгыңар эч качан унутулбайт. Эми биздин эл илгертен эле колу ачык, март, берешен болгон эмеспи.

– Кудай урбадыбы, кантип каралашпай коёлу. Өзүбүз деле жыргап кеткен жокпуз. Ошондо да бул шорбайбыз, – дешти алар.

Сыйнат көчүрүлүп келген чечендердин баары үйлөргө жайгаштырылгандан кийинки күнү эртең менен Захар экөө алардын абалын билүү үчүн кыдырып чыгышты. Алар өз тилдеринде бирдемелерди айтышып, баштарын ийкегилеп, орусчаны чала-була билген айрымдары «Спа-си-бо!», «Бла-го-да-рим вас!» – деп жа-

тышты. Ооруп келип, кечээ фельдшерден дары алып ичкендер бүгүн өздөрүн жакшы сезип калгандарын айтышты. Наараазы болуп, наалыган эч ким болгон жок. Алардын башчысы Каюм аксакал:

– Вам за заботу большое спасибо. Дайте нам два-три дня отдыха. А потом выйдем на работу, – деп сурандЫ.

– Мы вас поняли. Отдыхайте. Наберите силу. А потом вас обеспечим работой! – деди Захар.

Сыйнат ошол күнү райкомго келип, биринчи катчы Бозумовго аткарылган иштердин баарын айтып берди.

– Абдан туура иштепсиңер. Азаматсыңар. Кээ бир чарбаларда жетекчилер бири-бирине шылташып, үй таба алышпай, көчүрүлүп келгендерден көчөдө түнөп чыккандар болуптур. Алар үшүгөнүнөн чарбактарды бузушуп, көчөгө от жагып жылынып, чай кайнатып ичишиптир. Мындайга жол берген жетекчилердин иштерин иликтеп, партиялык жазага тартабыз – деди Бозумов.

Сыйнат үйүнө келгенде төрт жаштагы кичинекей сиңдиси Майрам чуркап келип мойнуна асылды.

– Ии, сагынып калдыңбы, Майрам! – деп күлдү Сыйнат.

– Сагынбагандачы. Көп күн келбей калдың го – деди Майрам.

– Сапарда болдум да. Иш абдан көп болгондуктан келе албай жүрбөдүмбү.

Тестиер болуп, үй тиричилигине кадимкидей жарап калган кызы Сайра да чуркап келип Сыйнаттын мойнунан жыттады. Сыйнат сапарга чыгаарда жууп, талтал кылып өрүп берген чачтары кирдеп, жазылайын деп калыптыр. «Сайранын башын жууп, чачтарын тарап, өрүп беришим керек экен» – деп ойлоду ал. Анан



жанынан чыккысы келбей бекем кучактап турган кызын бооруна катуу-катуу кысты да:

– Сен да сагынып калдыңбы, Сайраш! – деди.

– Ооба, абдан сагындым. Эки күндөн бери Майрам кечинде «Эжем качан келет?» – деп ыйлап, мени кыйнады. Анан коңшунун үйүнө барып, балдары менен ойногондо басылды.

– Ээ, Майраш, сен чоң кыз болуп калбадыңбы. Мындан кийин эжеңди кыйнабай жүр, макулбу? – деп Сыйнат Майрамды өөп, көкүрөгүнө кысты.

– Макул, эже! – деп жылмайды Майрам.

– Эжең сени кандай бакты? Курсагың ачкан жокпу?

– Жок. Курсагым ачкан жок. Эжем жаңы нан бышырып жаткан, – деди Майрам.

– Жаңы нан дейсиңби? Кана барып көрөлүчү, – деп Сыйнат Майрамды колунан жетеледи да Сайраны таңыркай карады. – Камырды өзүң көптүрдүңбү?

– Ооба. Сиз үйрөткөндөй кылып, сууну ысытып, унду элеп, анан шашпай сууга аралаштырып камыр турушту эзип коштум да камыр коюуланганда чоюп көрүп, жылуулап жаап койдум.

– Оо, садагасы десе. Айтканды дароо илип ала коёсуң. Зээндүүсүң! – деп Сайранын маңдайынан өптү.

Маңдайы жарык, бакыракай кара көздүү Сайра апасынын мактоосуна сүйүнүп жадырай түштү.

Очокко каланган көңдүн жарымы жашыл жалын чыгарып күйүп туруптур. Көмөч казандын үстүнө коюлган чоктордун үстү жагы күлгө айланып өчө баштаптыр. Сыйнат көсөө менен көмөч казандын үстүндөгү чокторду акырын кыпчып алып, нанды ачып көрдү.

– Оо! – деп кубана түштү Сыйнат. – Наның бышып калган тура. Саал карабай койсок, күйүп калмак экен.

Сыйнат көсөө менен көмөч казанды кыпчып оттон алып чыгып борсоюп кызара бышкан нанды чыгарды.

– Бали, бали, Сайрашым. Сен чоңойсоң, чоң наабайчы болосуң го деймин! – деп Сыйнат Сайраны бажырая карады. – Кана, эми көмөч казанга экинчи нанды өз колуң менен салчы, мен карап турайын.

– Макул! – деп Сайра көсөө менен жаңы чокторду чогултуп, тегиздеп таптагандан кийин колун жууп, бошогон көмөч казандын ичин тазалап, тоңгон майдан сыйпап, колун кеседеги сууга малып камырдан үзүп алып көмөч казанга салып, үстүнө көмөч казандын экинчи бетин көмөрдү. Анан көсөө менен жаңы чокторду кыпчып алып үстүнө кыдырата коюп чыкты. Сайранын ар бир кыймылын карап турган Сыйнат:

– Жарайсың, кызым. Мындан кийин нанды сен гана бышырасың! – деп далысынан таптады.

– Керогазга чай коёюн – деди Сайра. – Наныбыз бышканча кайнап калат.

– Макул! – деди Сыйнат. – Анда биз Майрам экөөбүз картошка аарчыйлы. Сен Маша эненикине барып жаңы каймак сатып кел. Ысык нанды каймакка малып жейли.

– Ой, каймак кандай ширин! – деп кубанды Майрам.

Сайра акчаны алып, Маша эненикине кетти. Сыйнат картошка аарчый баштады.

Сайра келгенде чай кайнап, дасторкон жазылып, керогазга коюлган табакта картошка куурулуп жаткан.

– Эмне болуп кечиктиң? – деди Сыйнат.



– Маша эне уйларын жайып кетиптир. Ошону күтүп олтурдум.

– Аа, болуптур. Эмесе керогазды өчүрүп, картөшкөнү алып кел. Бышар маалы болду.

Үчөө көпкө чейин божурашып, чай ичишти. Ысык нанды каймакка малып, ырахаттана жешти. Сиңдиси Майрам менен кызы Сайранын төбөлөрү көккө жеткендей болуп, ал жокто көргөн-билгендерин төкпөй-чачпай айтып беришти. Бир маалда Сайра ордунан секирип тура калды.

– Апа, сизге бир кат келген. Мен аны катып бекитип койгом.

– Кимден экен? Кана алып келчи!

– Кимден экенин билбейм. Почточу берип кеткен.

Сайра алып келген катты көрөрү менен Сыйнаттын эти негедир дүр этти. Акиштин катына окшобойт. «Бул эмне болгон кат? Кимден келди экен?» деген ой тынчын алып, акыры ачты...

Кат орусча жазылыптыр. «Рядовой Карадубанаев Акиш пропал без вести» – деген сүйлөм көзгө урунары менен колу шалдайып, көзү караңгылап олтуруп калды. «Бул эмнеси? Ал каякка кетмек эле?» Удургуган ойлор чар тарапка чачырап, эмне кылаарын билбей нес болду.

– Апа, сизге эмне болду? Эмне, жаман кат бекен? Атамданбы же башкаданбы? – деп Сайра апасын карамалап жан-алы калбады. Майрам эмне дээрин билбей, ыйлагысы келип турду.

– Силер коркпогула. Мен төркү бөлмөгө кирип бир аз эс алайын. Дасторконду жыйнай бер, – деп Сыйнат араң туруп, төркү бөлмөгө кирди.

Ал керебетке үстөмөнүнөн кулап, жаздыкты кучактап, бугун чыгара бакырып-бакырып алды да, анан шолоктоп жашын көлдөттү.

Ал жашын кыздарга көрсөткүсү келбеди...

Райкомдогулар Сыйнаттын сабыры суз, көңүлсүз жүргөнүн дароо эле байкашты.

– Сага эмне болду? Бир жериң ооруп жүрөбү?

– Доктурга көрүнбөйсүңбү?

– Күйөөңдөн кат келбегенге капаланып жүрөсүңбү?

– Кимдир бирөөлөр капа кылдыбы? – деп сурап жатышты. Алардын бирине да чын сырын айткысы келбей, «суук тийгизип алсам керек, чыйрыгып жүрөм», «бир аз табым айнып калыптыр» деп жооп берип жүрдү. Ал Акиштин кандайдыр бир кырсыкка учурашын кабыл алгысы келбеди. «Кырк жыл кыргын болсо да бейажал чымын өлбөйт» дегендей, Акиши аман жүргөндүр. Же оор жарадар болуп, кат жазганга чолосу тийбей жаткандыр. Ушинтип ойлогондо, ал өзү барып жүргөн айылдардан көргөн окуялары көз алдына тартыла калат. Кара кагаз келип, аны угузган барган картаң абышка, кемпирлер, айыл активдери баштарын салаңдатып короого кирери менен ач айкырык салып, эси оой түшкөн энелер, аялдын боздогону, жаш балдарынын чурулдап ыйлаганы, аларды жубата албай убара болгон карылардын кемшеңдешип кошо жашыганы элестейт. Куураган куу согуш канчалаган жандардын убалына калды. Ал жакта кан суудай агып жатса, бул жерде ошончолук жаш агып жатат...

Батышта күн-түн дебей айыгышкан согуш жүрүп жатса, тылда күн-түн дебей иш, ичпей-жебей баарын майданга жиберген кары-жаш, бала-чака...



Ушуларды ойлоп Сыйнаттын жүрөгү канап, маанайы чөгөт, жалгызсырайт, муңканат, түпсүз ойлорго батат, анан акырындан сабыр кылып, кайратына келет, үмүттөнөт.

Бир күнү аны райкомдун партиялык бөлүмүнүн башчысы Алыбаев чакыртты. Ал-абалды сурашкандан кийин айтты:

– Сиз өз ишиңизди жолго коюп алдыңыз. Аялдар баардык жерде уюшкандык менен жигердүү иштеп жатат. Лекциялык пропаганданы уюштурганыңыз мага өзгөчө жакты. Ага мыкты мугалимдерди тандаган экенсиз. Аларды уккан аялдардын «Тим эле кулактарыбызга куюп коёт. Көрсө, биз өз укуктарыбыздын көбүн билбей жүргөн турбайбызбы» – деп айткандарын кеп кылып жүрүшөт.

– Жакшы сөзүңүзгө ырахмат! Ал лекторлор аялдардын укуктарын гана айтпастан милдеттерин да айтышат –деди Сыйнат.

– Ооба, ооба, – деп макул болду Алыбаев. – Албетте, укук менен милдет бирдей болушу керек. Эми менин чакырткан ым, «Көк-Сай» совхозунун партиялык уюмунун мал кыштатууга даярдык жүргүзүүдөгү жетекчилиги жөнүндөгү маселе райкомдун кезектеги бюросунда каралат. Ушул маселе абдан дыкат иликтенип, ийнесинен жибине чейин ачык талдалып, жакшы жагы да, кемчиликтери да көрсөтүлүшү керек. Тоют жетиштүү камдалганбы, сарайлар жылуулfavганбы, малчылар үчүн шарт түзүлгөнбү, мал чарбасында иштеген кадрлар туура тандалганбы, айтор, маселе кеңири камтылып, анын баарына акыйкат баа берилүү керек.

– Аракет кылабыз – деди Сыйнат.

Алар «Көк-Сай» совхозунда бир жума жүрүштү. Партиялык уюмдун катчысынын иш пландары менен таанышуудан баштап, иш кагаздарын талдап чыгышкандан кийин кампада канча жем барын, чөп менен самандын канча камдалганын, короо-сарайлардын, малчылардын үйлөрүнүн оңдоп-түзөлгөнүн, алардын азык-оокат, кийим-кечелеринин абалына чейин сурап, көрүп, таанышып чыгышты. Малчылардын, саанчылардын, механизаторлордун пикирлерин угушту. Майданда жүргөн аскерлердин үй-бүлөлөрүнүн абалдарын көрүп, курман болгондордун үй-бүлөлөрүнө көрсөтүлүп жаткан жардамдар жөнүндө билишти. Эми мунун баарын жыйынтыктап, үч кызматкер бир кабинетте олтуруп аныктама жазышып, баары кол коюп, аны менен партиялык уюмдун катчысын тааныштырар алдында чабарман шаша кирип, Сыйнаттын атасы Садыктын ооруканага жатып калганын кабарлады.

– Эмнеси ооруптур? Качан, кайсы ооруканага жатыптыр? – деп катуу чочуган Сыйнат үстөкө-босток суроо берип чабармандын шаштысын кетирди.

– Үйдө төшөккө жатып калган. Анан күчөп кеткендиктен араба менен райондо жеткиздик, жугуштуу оору экен дешти.

– Эмне дейт? – деп Сыйнаттын жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй булкунуп, нес боло түштү. Атасы бир палатада жалгыз жаткан экен. Сыйнат кирери менен башын көтөрүүгө аракет кылганы менен көтөрө алган жок. Арыктап, башы-көзүнөн бери саргайып, эптеп алсыз кыбырайт.

– А-таа! – деп Сыйнат бир бакырып алып, эңкее кучактап, көпкө басылбай ыйлады.



– Эже, доктур келип калса кууп чыгат, эч кимди киргизбе деген! – деп ак халатчан жаш келин ызылдап жиберди. – Ыйлабай, ал-абалын сурап, сүйлөшүп албайсызбы!?

Сыйнат келиндин сөзүн уккан жок, эси-дарты атасында.

– Ата, эмне болуп калгансыз? Каериңиз ооруп жатат?

Садык акырын копшолуп, акырын сүйлөдү:

– Көптөн бери алым кетип, жаным жер тартып салаңдап жүргөм. Анан төшөккө жатып калдым.

– Дароо доктурга көрүнүш керек эле да...

Садык жооп берген жок. Оор дем алып, көзүн жуумп алды. Сыйнаттын айласы кетип, эмне кылаарын билбей атасын тиктеп олтура берди. Бир маалда Садык көзүн ачып, саал кыбырады.

– Ата, ата! – деп Сыйнат дагы ыйлай баштады.

– Кой, кызым! Ый-ла-ба! – деп араң унчукту атасы. – Башка түшкөндү көтөрөбүз. Жашык болбо, айланайын!

Атасынын кыйналып, кыбыратып айткан сөзүнөн кийин эсин жыйган Сыйнат эмне кылаарын билбей шалдырай түштү. Эшик ачылып, доктур кирип келди да Сыйнатты колтуктап, өйдө тургузду.

– Что с вами, Сыйнат? Возьмите себя в руки. Разве слезами поможете?.. – деп Анохина боор тартты.

– Татьяна Ивановна, что будет с моим отцом?...– деп Сыйнат доктурду жалдырай карады.

– Пойдем, Сыйнат! Там поговорим, – деп Анохина аны сүйөп, сыртка алып чыкты.

Анохина кабинетине баргандан кийин Сыйнатка анын атасы өтө жугуштуу оорууга кабылганын, азыркы абалы кылдын учунда турганын ачык айтты.

– Бул ооруну орустар «желтуха», кыргыздар «сарык» деп аташат. Медициналык илимде «вирустуу гепатит» же «Боткин оорусу» дейт. Оорулуу эртерээк кайрылса, айыктыруу мүмкүн. Эми атаңды аман алып калуу үчүн акыркы минуталарга чейин күрөшөбүз...

Анохинанын сөзүнөн кийин Сыйнатта үмүт пайда болду. «Райондогу эң атактуу доктурдун колунан келет. Атам айыгат» – деген ойго жетеленген Сыйнат үйүнө учуп жетти. Апасы балдарынын баарын айылдан ээрчитип келип, Сыйнатты күтүп олтурган экен. Экөө көрүшкөндө бири-биринин кучагынан чыкпай көпкө ыйлашты. Анан Сыйнат Анохинанын «акыркы минуталарга чейин күрөшөбүз» деген сөзү менен апасын жубатып, тоок союп, шорпо жасап, атасына барды.

Атасы шорпону көп иче алган жок. Алсыраган колу менен мурутун сылап, шыпты карап көпкө жатты. Анан оор дем алып, сүйлөөгө аракеттенди. Анын сөзү үзүлүп, бири угулса, бири жакшы угулбай булдурактап калып жатты.

– Ба-лам, са-га ыраа-зы-мын....Мен.... сен... о-ку! Мен... сен... жет! – Атасы сөзүн уланта албай ынтыгып, унчукпай калды.

– Ата, доктур айтты. Сиз айыгасыз!– деп Сыйнат ыйламсырай сүйлөдү.

Атасы жооп берген жок. Көздөрүн жуумп, оор дем алып жатты.

Сыйнат атасынын жигит кезин, узун кайың бакандысун дуруп, эр сайышка чыгып, кашка айгырды алкынтып, эр эңиште мөөрөй алганын, айыл кеңешининин төрагасы болуп, элди колхозго үндөп бакылдап сүйлөп турганын эстеди. Чоң энеси менен апасы аны окууга жибербей урушуп, окууга барса да энелеринин айтуусу менен «дудук» болуп жүргөндө, атасы аны атка мингизип, экөө мектепке шашып чаап барышканы көз алдына тартылды. Дайыма шартылдап, ачык-айрым, жайдары жүргөн, жалган айтканды жактырбаган эр мүнөз атасы кантип ушул ооруга алдырсын?!...



Сыйнат атасынын акыркы сөздөрүн көп жолу эстеп, өзүнчө чечмелеп көрдү. «Мен... сен... оку! Мен... сен... жет!» Акыры тапты: «Мен окуй албадым, сен оку!... Мен жетпегенге сен жет!»...

«Оо, акылыңдан айланайын ата! Сенин акыркы айткан осуятыңды аткарууга бүт өмүрүмдү арнайм!» – деп Сыйнат өзүнө-өзү катуу убада берди.

## ОН БЕШИНЧИ БАП

1945-жылы февралда Сыйнат партиянын Талас облустук конференциясына делегат катары катышып, обкомдун аялдар менен иштөө бөлүмүнө башчы болуп шайланды.

Согуш жүрүп жаткан. «Бардыгы – майданга!» деген ураан ар бир адамдын жүрөгүнөн орун алган. Обкомдун, райкомдун кызматкерлери эки-үч айлап үй беттерин көрбөй эл арасында. Сыйнаттын үйүндө кызы Сайра менен сиңдиси калып, оокат-аштарын өздөрү жасап, кир-кокторун да өздөрү жууганга көнгөн. Аларга коңшулары Мария менен обкомдун кызматкери Арингазиндин аялы Сауле каралашып, көз салып турушат.

Сыйнат Буденный районунун айылдарын кыдырып, Аялдар кеңештеринин иши менен таанышмакка Талас шаарынан жөө чыкты. Бутунда жеңил тапочка,

башында бир байлам кызыл жоолук, көк ала гүлдүү бөз көйнөк, жука кемселчен. Сыйнат кийимдерин бүктөп, тор баштыкка салып алган. Ал шаардан итабар жерге узап, «Кыргызстандын XV жылдыгы» айылына жетип калган. Арт жактан жете келген жеңил машина токтоп шофёру:

– Кайсы жерге баратасыз?– деп сурады.

– Чат-Базарга.

– Анда машинага түшүп алыңыз. Биз да ошол жакка барабыз.

– Ырахмат! – деп Сыйнат машинага олтурду. Шофёрдун жанында жакшы кийинген салабаттуу орус киши олтуруптур. Жашы эр ортолоп калган.

Машина айылга кире бериштеги суунун жээгине келгенде, Сыйнат токтотууну суранды. Айдоочу машинаны дароо токтотту. Сыйнат жуунуп-таранып, жол кийимдерин чечип, тор баштыктагы бүктөлгөн кийимдерин кийинип, райкомдун имаратына басып келди. Чогулуш өтүп жаткан чоң залга кирейин десе, анын оозунда турган жигит киргизбей койду.

– Кирүүгө болбойт. Борбордук комитеттин катчысы чогулуш өткөрүп жатат – деди ал кырданып.

– Мен обкомдун бөлүм башчысымын – деди Сыйнат.

– Фамилияңыз ким?

– Садыкова.

– Азыр... – деп ал залга кирип, бир аздан кийин чыкты.

– Кириңиз! – деп жигит эшикти кененирээк ачты.

– Кечириңиз, мага чоочун кишилерди киргизбе деп катуу дайындашкан. «Таанабасты-сыйлабас» деген ушу да...



– Макул! ... – деп Сыйнат залга киргенде эле анын көзүнө жана өзүн жолдон сала келген машинада олтурган салабаттуу киши урунду. Ал ордунан козголуп, сүйлөөгө камынган экен. Эшиктен жаңы кирип келаткан Сыйнатты карап, таң калганынан унчукпай калды. Сыйнат бош орундардын бирине олтурду.

Буденный райкомунун биринчи катчысы Исабеков жанагы кишиге түшүндүрүп айткандай болду эле, экөө бири-бирине баш ийкешип, Сыйнатты президиумга чакырып алышты.

– Бул киши БКнын катчысы Борис Павлович Яковлев – деп шыбырай сүйлөдү Исабеков Сыйнатка эңкейип, – Кадрлар боюнча катчы.

Сыйнат Борис Павловичтин сөзүн кунт коюп укту. Сөзгө бай киши экен. Ал марксизм классиктеринин эмгектеринен баштап, партиянын сьезддеринин чечимдеринин, БКнын токтомдорунун талаптарын эскертип, кадрларды тандоо, аларды окутуу жана тарбиялоо, көзөмөлдөө иштери Талас облусунда, анын ичинде Буденный районунда кандай абалда экенине токтолду. Сыйнатка Борис Павловичтин окууга, терең билим алууга өзгөчө басым жасап, партиялык жана советтик кызматчылардын терең билимдүү, маданияттуу болуусун талап кылганы жакты.

– Владимир Ильич Лениндин «Окуу, окуу жана окуу!» деген осуятын эч качан эсибизден чыгарбашыбыз керек. Жогорку окуу жайын бүтүрүү менен « Мен жогорку билимге ээ болдум. Баарын билем» деп тынып калуу болбойт. Күн сайын билимиңди терендетип, аны иште колдоно билсең гана сен партиянын мыкты кадры болосуң! – деди Борис Павлович Яковлев.

Чогулуш бүткөндөн кийин Яковлев Борис Павлович райкомдун биринчи катчысы Исабековду машинасына салып алып, колхоздорду кыдырып кетишти. Сыйнат Буденный райкомунун Аялдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы Сагын Сакеева экөө Талды-Булактагы жылкы заводуна келишип, аялдар менен чогулуш өткөрүштү, бала бакча менен таанышып, анан мектепке барышты.

Эртеси күнү Сыйнат Сагын Сакеева экөө Талды-Булактан Көпүрө-Базарды көздөй жөнөштү. Сакеева атын жетелеп алды. Алар Көпүрө-Базарда болуп, аялдар менен чогулуш өткөрүп, бала бакча, мектеп иштери менен таанышып, анан суу ылдый жайгашкан колхоздордо болуп райондун борбору Чат-Базарга барышмак.

– Кана, Сагынтай, узун жолду кыскарт. Көпүрө-Базарга баргыча өткөн-кеткенди сүйлөшүп баралы, – деди Сыйнат өзүнөн жашы кичүү сиңдиси катары сынай карап.

– Менде эмненин сөзү, эже! – деди Сагын күлүмсүрөп, – бул жумушка комсомолдон келдим. Абдан оор экен. Жүдөп да кеттим. Чыдай аламбы, билбейм.

– Жаш киши да жүдөйбү. Таң ата туруп, муздак сууга жуунуп, дене тарбиянын көнүгүүлөрүн жасап, тамак-ашыңды эртерээк камдап, кызматыңа убагында келсең, ушу тартипке көнөсүң да күн өтө бышык боло баштайсың.

– Ой, эже, мен деги эрте тура албайм. Себеби тамакты кечирээк ичип, кечирээк жатабыз. Ошондон уламбы, эртең менен дайыма кечигип ойгоном.

– Мына, өз кемчилигиңди байкаган турбайсыңбы. Бизде «Жатар курсак жармадан айлансын» деген сөз барын уккандырсың. Ошондуктан кечкисин жеңил тамактанып, эртерээк жатуу керек. Дайыма бир мезгилде жатып, бир мезгилде туруп жүрсөң, ошого көнөсүң. Анан өзүңдү сергек сезип, чыйрак болосуң.



– Сиз айтканды кылуу керек экен. Орустар ошентишет деп уккам.

– Ооба, биз илгертен кечкисин конок күтүп, түнү менен тамак жегенге көнүп алганбыз. Анан тамакты аш кыла албай кыйналып чыгабыз. Ошондуктан элге өзүбүз баштап үлгү көрсөтүшүбүз керек да.

– Ырас айтасыз, эже. Мен да ошентип көрөйүн.

Экөө тоо этегиндеги майда кум төшөлгөн чоң жол менен жайбаракат сүйлөшүп бара жатышты. Жолдун эки тарабы тең арпа аянттары. Айрым жерлерине кара-тошка айдалган. Көк жашыл беде аянттары да кездеше калат. Тээ алыстагы дөңсөлөрдөгү жайыттарда мал жайылып жүрөт.

– Эже! – деди бир топ жол баскандан кийин Сагын сөз баштап, – Сиз чогулушту абдан жакшы алып барат экенсиз. Мен сүрдөп сөз таба албай, ар кимиси ар нерсени сүйлөп, негизги маселе талкууланбай эле, ар ким өз көйгөйүн айтып, тарап кеткен убагыбыз болот. Сиз баарын байкап, бирин азыраак, бирин көбүүрөк сүйлөтүп, маселени кабыргасынан коюп, ошону ар тараптан талкуулатып, чечим чыгарганга уста экенсиз. Жылкы заводундагы аялдар менен болгон чогулуш абдан мазмундуу, пайдалуу өттү. Убакытты да көп алган жок.

– Сагын, сиңдим, – деди Сыйнат, – партиялык кызмат өтө жоопкерчиликтүү иш. Ал билимди, тажрыйбаны талап кылат. Бирок баарынан зарылы сенин жүрөгүңдүн, тилегиңдин, ниетиңдин тазалыгы. Өзүңдүн жеке керт башыңдын кызыкчылыгынан мамлекеттин, элдин кызыкчылыгын жогору коё алсаң гана мыкты кызматкер боло аласың.

– Ой-ой, эже, мындай болуш кандай кыйын. Мен сиз айткандай болор бекем?

– Аракет кылсаң, болосуң! – деди Сыйнат Сагындын толкундаганынан кызара түшкөн жүзүн жылмая карап.

Экөө сөзгө алаксып, арт жактан жете келген автомашинаны байкашпай, жандарынан өтүп, чаңы бур этип каптаганда гана чочуп, четке чыга беришти. Сагын жетелеп келаткан ат козголуп да койгон жок.

Автомашинадан райкомдун биринчи катчысы Исабеков ыргып түшүп, Көпүрө-Базар жактан келаткан жалгыз атчанды чакырды. Ал атчан атынан түшүп, колун бооруна алып салам берди. Эскирээк калпагын баса кийип алган көк ала сакалдуу алтымыштардагы чымыр карыя экен.

– Бизди тааныдыңызбы, аксакал? – деди Исабеков.

– Тааныдым. Кантип тааныбай коёюн. Биринчи катчысыз да, – деди ал.

– Аксакал, тааныганыңыз үчүн ыракмат. Эми кичипейилдик кылып мына бул атты райкомго жеткирип бериңиз.

– Макул, жеткирип берейин, – деди карыя.

– Кана, эми машинага олтуруңуздар! – деди Исабеков. Сыйнат менен Сагын машинадан орун алышты.

Алдыңкы орунда Яковлев Борис Павлович олтуруптур. Ал Сыйнат жакка акырын кайрылып суроо салды.

– Кечээ суунун боюна түшүп калган сиз турбайсызбы?

– Ооба,– деди Сыйнат.

– Эмне, дайыма жөө жүрөсүзбү?

– Шартка жараша, Борис Павлович! – деди Сыйнат.



– Аялдар укмуштай өжөр келесиңер, – деди Яковлев, – эркектер отуз километр эмес, үч километрге да жөө баскылары келбейт. Сиздерге ат берилген эмеспи?

– Ортобузда бир кырчаңгы ат бар. Учкашып алсак, көтөрө албайт. Анан жөө жетелеп алабыз – деди Сыйнат.

Яковлев Исабековду ачуулуу карады.

– Жолдош Исабеков!.. – деп Яковлев Исабековго атайын бурулуп бир аз тыныга, анан үнүн катуураак чыгарды. – Сиз мал чарбалуу районду башкарасыз. Анан минүүгө жарактуу аттын жетишпегендиги укмуш нерсе! Мындан кийин мындай иш болбосун! Буларга аттын атын тандап бериш керек. Анткени эң чоң жумушту бүтүрүп жатышат. Азыр талаада болобу, малда болобу, бардык иште аялдар экенин кантип танабыз?!

– Туура айтасың, Борис Павлович. Буларга ат таап беребиз. Катабызды ондойбуз! – деди Исабеков.

Автомашина Көпүрө-Базарга келип, колхоздун мекемесине токтоду. Исабеков колхоздун башкармасынын төрагасынын, партиялык уюмдун катчысын издетип, бир чабарманды жиберди.

Яковлев бош кабинеттердин бирине кирип, Сыйнатты чакырды.

– Жолдош Садыкова, бери келиңиз! – деп ачык эшиктен үн катты. – Убакытты бекер өткөрбөй, бир аз пикир алышалы.

Яковлевдин бет маңдайына Сыйнат олтургучту жылдырып олтурду.

– Сиз жөнүндө Исабеков жакшы сөздөрдү айтты. Мурда Киров райкомунда Аялдар бөлүмүн башкарыпсыз. Андан кийин партиянын областтык конференция-

сында обкомдун бөлүм башчылыгына шайланыптырсыз. Бул абдан жакшы өсүш!

– Ырахмат, Борис Павлович!

– Билимиңиз кандай?

– Педагогикалык орто билимим бар. Мугалим, мектеп директору болуп иштегем.

– Жакшы, жакшы! – деди Борис Павлович, – Бирок сиз жогорку билимге ээ болушуңуз керек. Анткени келечекте партиялык, советтик жетекчи кызматтарга иштөө мөөнөтү келет. Сизде чоң жетекчи боло турган касиеттердин бар экендигин байкадым. Мага жаккан эң сонун касиетиңиз – өжөрлүгүңүз. Негизги максатка жетүү үчүн өзүңүздүн бардык күчүңүздү жумшоого даяр экендигиңиз да, сиздин ак жүрөк экендигиңизди байкатат.

– Борис Павлович, өтө ашыра мактап жибердиңиз го. Менде бир гана максат бар. Ал өз кызматымды жакшы иштөө, партиялык тапшырманы аткаруу – деди Сыйнат.

– Ооба, мунуң жакшы. Эми, сага берер кеңешим – окуш керек. Канчалык билимдүү болсоң, элге ошончолук жакын болосуң, алар менен сүйлөшө билесиң, уюштура аласың.

– Кеңешиңизге чоң ырахмат, Борис Павлович.

– Фрунзеде партиялык мектеп бар. Ошого барууга аракеттен. Андан кийин Москвадагы Жогорку партиялык мектепке өтсөң болот. Ага сырттан да окуй аласың – деди Борис Павлович Яковлев.

Сыйнат БКнын катчысы Борис Павловичтин жакшы кеңешине, агалык камкордугуна ичинен аябай ыраазы болуп, маңдайы жарыла сүйүндү.



Эшиктен Исабеков баш багып, төрага менен партиялык уюмдун катчысы келгенин кабарлады.

– Аа, болуптур. Биздин сөзүбүз да бүтүп калды. Азыр чыгабыз! – деп Яковлев ордунан турду.

– Сизге ыраазымын, Борис Павлович! – деди Сыйнат.

– Эч нерсе эмес, Сыйнат! Жолдош Сталиндин «Кадрлар баарын чечет» деген сөзүн билесиң да. Демек, биз ар бир партиялык, советтик кызматкерлерге дыкаттык менен көз салып турабыз. Ар бир кадрды окутуп, тарбиялап, иштетип, такшалтышыбыз керек.

Сыйнат Фрунзедеги советтик-партиялык мектепке баргысы келерин айтып, обкомдун жетекчилерине бир нече жолу кайрылса да, «Сенин ордуңа ылайыктуу кадрлар жок» деген шылтоону айтып, болбой коюшту. Ошентип, 1946-жыл өттү. Кийинки 1947-жылы жаз айларында обкомдун аялдар менен иштөө бөлүмү жоюлуп, Сыйнат облустук гезитке корректор болуп иштеп калды.

Ал эңсеген окууга барар кез келгенин билип, обкомдун жетекчилерине дагы кайрылды. Бирок эмнегедир бул жолу да окууга жолдонгон жолдоштордун тизмесине кирбей калды. Ошондо августтунону болуп калган. Ал БКга, Яковлевге телефон чалды.

– Борис Павлович, бул мен Сыйнат Садыковамын. Таластан чалып жатам! – деп шашып, толкундана сүйлөдү Сыйнат.

– Угуп жатам, эмне маселе менен? – деди Яковлев.

– Борис Павлович, мени совпартмектепке жибербей жатышат!

– Эмне үчүн эртерээк чалбадың? Бул жакта сыноолор жүрүп жатпайбы?! – деди Яковлев.

– Обкомдогулар мына-ана деп созуп жибериштти.

– Макул. Эртең менен обкомдун экинчи катчысы Шамилинге кир. Мен айтып коём – деди Яковлев.

Эртең менен саат тогузда Шамилинге кирсе, ал жактырбай ачууланды.

– Бизди тоотпой, БКга телефон чалып арызданганың кандай? – деди Шамилин кабагын чытып.

– Сиздерге эки жылдан бери айтып келатам – деди Сыйнат тайманбай. – Убакыт болсо өтүп жатат. Менин окугум келет.

– Болуптур! – деди Шамилин сөздү ырбаткысы келбей, – августтун он сегизинде бюро болот. Ошондо талкуулап көрөбүз.

Августтун он сегизинде партиянын областтык комитетинин бюросу болуп, Сыйнатты совпартмектебине жиберүүгө жолдомо берилди. Ал жолдомону алып, эртеси августтун он тогузунда Таластан У-2 учагына олтуруп, Фрунзеге жетип келди.

Совпартмектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Мансуров:

– Эмне үчүн кечигип келдиң? Сыноолордун көбү өтүп кетти. Анын баарына жооп бере аласыңбы?– деди.

– Берип көрөйүн – деди Сыйнат.

– Анда бүгүн саат экиде географиядан сыноо болот. Ошондон башта – деди Мансуров.

Географиядан сыноо алган мугалим Сапожников Сыйнатты дароо тааныды. Ал педагогикалык окуу жайда окутканын унутпаптыр.

– Кана, Сыйнат, алган билетиңе жооп берчи.

Сыйнат өзүн-өзү токтотуп, дубалда илинип турган СССРдин физикалык картасын шашпай карап, бере



турган жоопторун алгач ичинен кайталап алып, жооп бере баштады.

– Оо, унутпапсың. Жакшы жооп бердиң! – деп Сапожников ага «төрт» деген бааны коюп берди.

СССРдин конституциясы, СССРдин тарыхы, КПССтин тарыхы, орус адабияты боюнча «жакшы» деген баага тапшырып, орус тилинен жазган жат жазуудан «орто» деген баа алды. Эң акыркы сыноону 30-август күнү берип, ошол эле күнү комиссия болду. Ал комиссиянын төрагасы Яковлев Борис Павлович экен.

– Сыйнат, мына үй-бүлөң жөнүндөгү аныктаманды көрүп турам. Үй-бүлөң чоң экен. Кийин кыйналдым деп окууну таштап коюп жүрбө! – деди Яковлев.

– Таштабайм, Борис Яковлевич. Окууну эңсеп жете албай жүрбөйүмбү. Аягына чейин окуйм – деди Сыйнат.

– Андай болсо, өттүң! – деди Яковлев. Комиссиянын мүчөлөрүнүн баары кол көтөрүштү.

## ОН АЛТЫНЧЫ БАП

Фрунзе шаарындагы советтик-партиялык мектепте окуган эки жыл Сыйнат үчүн өтө жеңиштүү болду. Мурда кыска мөөнөттүү курстарда алгачкы педагогикалык билим алып, мугалим болуп, мектептин директору болуп, партиялык-советтик кенже кызматтарды аткарып өзүнүн уюштургуч, жетекчилик жөндөмдүүлүгү бар экендигин көрсөтө алган. Бирок, кызматы улам жогорулаган сайын ал элди башкаруу үчүн терең билим жана тажрыйба керек экендигин сезип, окууну эңсөөсү күчөгөн эле. Анан мектепке кабыл алынгандан кийин ага баш-оту менен кирди.

Лекцияларды өтө кунт коюп угуп, конспектилер, мугалим көрсөтүп берген кошумча адабияттарды окуп, күндөн-күнгө көзү ачыла берди. Партиянын тарыхын үйрөнүп, анын съезддеринин чечимдери менен таанышты. Айрым теориялык-практикалык маселелердеги талаш-тартыштар, марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектери анын билимин байыта баштады. Ал өзүнүн көп суроолоруна жоопторду Ленин менен Сталиндин чыгармаларынан табууну үйрөндү.

Кеңеш доорунда кадрларды даярдоого, тандоого жана анын ишин көзөмөлдөп турууга айрыкча көңүл бөлүнгөн. Партиялык баштапкы уюмдан Борбордук Комитеттин бюросуна чейинки ар бир тепкичте талкуудан өтүп, электен электе эленип, тандалып чыгуу оңой иш эмес. Сыйнат мына ушундай талкуудан кийин Буденный райкомунун үчүнчү катчысынын кызмат ордуна келди.

Райкомдун биринчи катчысы Альчик Ибраев Сыйнатты жылуу кабыл алды. Ал саламдашып, ал-жайды сурашкандан кийин райондогу абалга кыскача мүнөздөмө берди:

– Биздин район облустун алкымында, тоо арасында жайгашкандыктан мал чарбасына көбүрөөк ылайыкташкан. Өрөөндүн ылдый жагында мөмө-жемиштердин түр-түрү өссө, биздин ашууга жакын айылдарыбызда арпа араң бышат. Жери кара топурактуу болгондуктан картөшкө сонун өсөт. Беде, эспарцет айдалат. Эли малга жакын, дыйканчылыкка да уста.

– Билем,билем! – деп күлүмсүрөдү Сыйнат. – Өзүм Таластын төмөн жагында туулуп-өскөнүм менен, обкомдо Аялдар менен иштөө бөлүмүн башкарган жылдарда жөө-жалаңдап бул райондун бир далай айылдарын кыдыргам.



– Ошондойбу? – деп Альчик Ибраев таң кала түштү да, Сыйнат кабинетке киргенде сунган кагаздарын шашылыш барактап, анын өмүр баянына көз чаптырды. – Ооба, ооба... Таластын кызына Таластын эли-жерин тааныштырып кызык болгон турбаймбы!

– Тааныштырганыңыз туура эле, Альчик Ибраевич, – деди Сыйнат. – Эки жыл Фрунзеде окудум. Бул убакта эл-жерде көп жакшы өзгөрүштөр болуптур.

– Ооба, өзгөрүштөр көп, – деп ырастады Альчик Ибраев, – Энгельс атындагы колхоздон эки азаматыбыз Социалистик Эмгектин Баатыры болбодубу, муну мага Фрунзеден биринчи болуп кабарлашты. Указ жарыялангандын эртеси эле радиодон угушкан малчылар биздин Суусамырдагы штабда салтанаттуу чогулуш өткөрүштү. Анан түндөп жол жүрүшкөн эки баатыр Суусамырдан таңга маал жете келишип, Энгельс атындагы колхоздогу салтанатты өзүм ачпадымбы! – деп Альчик Ибраев кубана сүйлөдү. – Ошол чогулушка райондун бардык колхоздорунан өкүлдөр келишкен. Алар эки баатыр менен кучакташа көрүшүп, ыйлашып да, күлүшүп да, ой да бакылдашты десең!... Ал күндү мен өмүр бою унута албайм го!...

– Туура айтасыз. Мындай кубанычтарды унутууга болбойт! – деди Сыйнат аны кубаттап.

– Эми биздин ишибиздин баары эле ушундай деп айта албайбыз. Начар чарбаларыбыз да бар. Партиялык, советтик, комсомолдук, профсоюздук уюмдарыбызда иштей турган иштерибиз көп. Эгер булардын ишинин баарын ойдогудай уюштура алсак, анда об-

ласттагы алдыңкы райондордун катарына кошулган болор элек.

Райкомдун биринчи катчысы райондо билимдүү адистердин, өзгөчө жергиликтүү элдерден чыккан жогорку билимдүү кадрлардын аздыгын өзгөчө белгилеп, мектеп мугалимдеринин адистигин жогорулатууга, окуучулардын мектепке толук тартылуусуна айрыкча маани берүү керектигин айтты.

– Ооба, сиз айткан маселелерге айрыкча көңүл бурабыз, -деди Сыйнат.

Айткандай эле ал алгачкы сапарын мектептердин жаңы окуу жылына даярдыгын көрүүдөн баштады. Көп мектептердеги оңдоп-түзөөлөр бүткөнү менен айрым мектептерде окуучуларды мектепке тартуу, эсепке алуу иштери толук бүткөрүлбөптүр. Жаңы келген мугалимдер үчүн үйлөр камдалбаган, отундары да жетишсиз. Мектептин директорлору, окуу бөлүмүнүн башчылары менен жолугуп, алардын талаптарын да укту. Колхоздун башкармасы, партиялык уюмдун катчылары менен жолугуп, өзү байкаган көп кемчиликтерди айтып, аны жоюу жолдорун сүйлөштү. Баары анын сөздөрүн өтө ынтаа менен угушуп, убада берип жатышты.

– Убада бергениңер жакшы! – деп айтты аларга Сыйнат, – жооп бере турган кез да алыс эмес, мына ошону ойлогула. Уят деген уулу журт, уят болуп калбагыла!

Убада бергендердин айрымдары чындап кооптоно апкаарып, кээ бирлери кызарып-татарып, өздөрүнө катуу ишенген айрымдары көздөрүн ирмебей тике карашты.



Эгин-тегиндер жыйылып, аңыздар бошогон мезгилде жайлоодогу малдар келе баштады. Эки баатырдын Суусамырдан айылга көчүп келгенин уккан Сыйнат Энгельс атындагы колхозго атайын келип, эң мурда Тегерек орто мектеби менен таанышып, мугалимдер жамаатына жолукту. Алардын ал-абалын, муктаждыктарын угуп, аларды жакшыртуунун жолдорун талкуулашты. Анан аларга окуучуларга терең билим жана коммунисттик тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуунун зарылдыгын түшүндүрдү.

– Мен мугалиммин. Бул дүйнөдөгү эң асыл кесиптердин бири деп ойлойм. Ал адамга дүйнөнү таанып, аны үйрөнүүнүн ачкычын берет. Демек эң алгач мугалим өзү өз кесибинин даанышманы, устасы болуу керек. Ал үчүн күн сайын билимин тереңдетип тынымсыз окуп, өөрчүп турбаса, акырындап мокой берет.

Аңгемелешүү аяктап бараткан маалда каалга тыкылдап:

– Кире бериңиз! – деген үн угулганда, Энгельс атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Сыдык Тазабеков баш бакты.

– Уруксат бекен! – деди ал коңур, жагымдуу добушу менен.

– Уруксат, уруксат! – деп жылмайды директор, – сизге кантип уруксат бербей коёлу.

– Мына, айттырбай келген азамат агай! – деп күлдү Сыйнат. – Бери бизге жакыныраак келип олтуруңуз.

– Бу кандай, Сыйнат Садыковна? – деди Сыдык, – райондон келгендердин баары эң алгач бизден баштачу эле. Сиз эч кимге эскертпей, мектепке өтө чыгыпсыз?

– Ооба, анткени дүйнөнүн эшиги мектептен ачылат.

– Туура, туура! – деп карсылдай күлдү Сыдык.

– Күздүк айдап-себүүнү кыдырып келсем, «Райкомдун машинасы мектепке өтүп кетти» деп айтып калышты. Анан райкомдон ким келди экен, мектепке менин да тиешем бар эмеспи» деп келип калдым.

– Абдан туура кылгансыз – деди Сыйнат. – Эки баатыр Суусамырдан көчүп келди деп угуп, аларды куттуктап, мүмкүн болсо жайбаракат олтуруп аңгемелерине канайын, нагыз эмгек эрлеринин ийгилигинин сырларын билейин. Аларды элибизге үлгү кылып, журттун баарына насыйкаттайлы деген максат менен келген элем.

– Оо, абдан сонун максат экен, Сыйнат Садыковна, эки баатырдын конушуна алып барайын, – деди Сыдык Тазабеков.

Сыйнат башкарманын төрагасына мектептин жана мугалимдердин муктаждыктарын айтып, анын жардам берүүсүн өтүндү.

– Жардамдан аянбайбыз. Булар да бизге жардам берип турушат, – деди Сыдык.

Эки баатырдын конушу Куугандыда экен. Суунун жээгинен алысыраак тегизде жанаша тигилген эки боз үйдүн биринин түндүгүнөн созолонгон көк түтүндү көргөн Сыдык:

– Шаршендин Бүкөнү нан бышырып жатса керек, дайыма казан көмөчкө бышырчу эле, – деп калды.

– Нанды сыртка бышырбайбы? Күн анча сууй элек го? – деди Сыйнат.

– Күндүз жылуу болгону менен кечки суук жандан өтөт. Анын үстүнө кечки тамагына камданып жаткандыр? – деди Сыдык.



Машинанын үнүн уктубу, Бүкөн сыртка баш багып, кимдер болду экен дегендей бүшүркөдү. Аңгыча машинадан биринчи болуп түшкөн Сыдыкты көрүп шаша түшүп, ийиле жүгүндү.

– Кудай жалгасын, айланайын! – деди Сыдык.

Кыска жеңдүү, кара сандип кемсел кийген, бадырайган ак седеп топчулары бүчүлөнбөгөн, чачына таккан күмүш чолпуларын шыңгыратып, гүлдүү чыт көйнөгүнүн кең этеги буралган ак жоолукчан буудай ирендүү келин эшикти кең ачып:

– Үйгө кириңиздер! – деди.

Сыйнат жаш келиндин ыйбалуу мамилесине ичи жылыды.

– Шаршен жылкыда жүрөбү? – деди Сыдык.

– Акем экөө эртең менен аттанып кеткен боюнча келише элек. Келип калышабы деп улам жол карап коём – деди Бүкөн.

Үйдө тулгага казан асылып, эт булкулдөп кайнап жатыптыр. Каланган көңдүн көбү күйүп чок болуп, казан көмөчтүн үстүнө коюлуп, анын жанында чөөгүн буркулдайт.

Буларды байкаган Сыйнат «Бали, бали, малчынын аялы болуп, көчүп-конуп жүрүп бүйрөлүккө көнгөн экен» деп ойлонгуча, Бүкөн жүктүн үстүнөн жаңы төшөк алып төргө жая салды.

– Төргө өтүңүздөр!...

Сыйнат менен Сыдык төрдөн орун алганда экөөнүн жанына эки мамык жаздыкча койду.

– Чыканактап, эс алыңыздар. Алыстан жол жүрүп келдиңиздер.

– Ырахмат! – деди Сыйнат Бүкөндүн сыйына ыраазы болуп.

Сыйнат үй ичине жайбаракат көз жүгүрттү. Кереге, ууктары кызыл жошо менен боёлуптур. Үзүк менен туурдугу бир колдон чыккандыктанбы, актыгы да калыңдыгы да бирдей сыяктанды. Үйдө ашыкча буюмдар көрүнбөйт. Күйөөсүнүн ичиги менен тумагы баканга илиниптир. Чыгданга саймаланган чий каланыптыр.

Бүкөн дасторкон жайып, жаңы бышкан көмөч нандарды коюп бир тарелкага конфет, бир тарелкага кант салып келди. Анан чоктун үстүндө шакылдап турган чөөгүндөн гүлдүү ак чайнекке чай демдеп, аны да чоктун үстүнө коюп, чыгданга кирип, ал жактан кызыл сыр кесеге сары май, кырма кесеге курутту үймөлөп салып келди.

Сыйнат Бүкөндүн ар бир кыймылын байкап, анын баарын тыкан жана кылдат аткарып жатканын, бул ага күн сайын иштеп жүргөн көнүмүшү экенин билди. Ал лып олтура калып, пиялаларды кайнак суу менен чайкап, анан таза сүлгү менен сүртүп болгондон кийин дасторкондогу нанды сындырып меймандардын алдына жылдырды.

– Кана, нандан алыңыздар! – деп коюп, пиялага чай куюп, эки колдоп сунду.

«Мына, мына нагыз кыргыз аялы экен. Чайынын жытын кара, пияласынын актыгын кара, жаркылдап турган кабагын кара» – деп кубанган Сыйнат Бүкөндүн сунган пияласын дароо ала койду.

– Сыйнат Садыковна, нандан, сары майдан алыңыз, куруттан ооз тийиңиз. Баары Суусамырдын даамы турбайбы! – деп Сыдык меймандын ооз тийишин күтүп, күлүмсүрөй карады.

– Ооба, ооба!... – деп Сыйнат нанга май сыйпап ооз тийди, – илгери-илгери жайлоодон келгендерди өрүлүктөп барып ооз тиер элек. Мунун оозго тиери менен эригенин кара да, таңдайды такылдатканын кара! – деп күлүп койду.



Сыдык бир курутту сындырып, үч-төрткө бөлүп, Сыйнаттын алдына койду. Өзү дагы бир курутту сындырып, кичинекей сыныгына сары майдан сыйпады да:

– Илгери курутка сары майды ушинтип сыйпап жечү элек, – деди.

– Ооба, биз да ошентип, көпкө чейин майдалап чайнап ырахаттанчубуз, – деп Сыйнат куруттун сыныгына сары майды сыйпап оозуна салып, майдалап чайнады.

– Сары май менен курут, жайлоонун жыттуу чөптөрүнө ышталып, салкын түнүндө сүрсүтүлгөн эттери малчынын кышка камдаган азыгы, – деди Бүкөн. – Кыштын ызгаардуу аязында, бороондуу күндөрүндө жылкычы болобу, койчу болобу, күн-түн дебей мал артында жүргөн жылкы-кычы болобу, сүр этке тоюп, ысык шорпо ичип, шашылыш болгондо, сары май менен эзилген курутка жупка салып берсең, аязга бой бербей, өзүн кубаттуу алып жүрөт.

– Чын, чын! – деп Бүкөндү кубаттады Сыдык, – өзгөчө жылкычыларды айт. Кементайын кийип, түнү ме-
нен көз ирмебей, жылкы четинде болуу оңой иш эмес.
– Ооба, жылкыны анын туягынан катуу киши багат
деп бекер айтпаган да! – деди Сыйнат.

– Ээ, Бүкөн, койлорду кайсы маалда саадыңар? –
деп акырын сурады Сыдык.

Бүкөн Сыдыктын сөзүнүн төркүнүн байкай коюп, шашпай жооп берди:

– Козуларды сүткө тойгузбай, кактап саап алдыңарбы? – деп сурап турасыз го? Жок, биз антпедик.

Козулар отугуп, ирденип, энелерин жаңылта турган болуп калган убакта, жайлоодон кайтаарда энелеринен бөлүп, өзүнчө жайып, аларды башка чабандарга өткөрүп бергенден кийин желиндери ооруп калбасын деп көп малчылар биригип, үч-төрт күн саап, казан-казан сүт бышырып, чара-чара айран уютуп, курут жасап, күбүгө бышма бышып сары май жасап алдык.

– Ооба, ооба, айтканыңыз чын экен, Бүкөн! – деди Сыдык жылмайып, – мен жайлоодон келген кой, козулардын баарын кыдырып көрүп чыктым. Баары эттүү, чыйрак экен.

Алыстан угулган ат дүбүртү жакындап калганда Бүкөн сыртка чыкты. Аттын бышкырыгы чыгып, анан ооздугу шылдырап, үзөңгү шыңгырагандай болду.

– Кимдер келиптир! – деген коңур үн угулду.

Бүкөн акырын жооп бергенсиди.

– Аа, башкарма менен райком дечи! – деди жанагы эле үн.

– Келген Шаршен экен! – деди Сыдык. – Мамбетсалы күзөттө калса керек. Анын дабышы угулбады.

Аңгыча боз үйдүн эшиги серпилип, Шаршен эңкээ кирип келди.

– Ассалому алейкум, Сыдыке!

– Ва аллейкум ассалам! – деп Сыдык ордунан тура калды.

Сыйнат да ордунан туруп, Шаршенди утурлап кош колун сунду.

– Сыйлыгыңыз куттуу болсун, Шаке!

– Кулдугум бар! – деп Шаршен шаша сүйлөдү. – Ордуңуздардан турбай койсоңуздар деле болмок.

– Кантип ошентели, үкөм. Баатыр деген баатыр да! – деп жылмайды Сыдык.



– Жок, Сыдыке, сиздин жашыңыз улук. Анын үстүнө үйүмө келген кадырлуу коноксуздар.

– Макул, макул, үкөм! –деди Сыдык, – райкомдун катчысы Сыйнат Садыковна өзүңдү сыйлыгың менен куттуктоо үчүн атайын келиптир.

– Ырахмат! – деп күлүмсүрөдү Шаршен. – Бүкөндөн уктум. Кымбат убактыңызды бөлүп, атайын келгениңизге ыраазымын.

– Партиянын көздөгөн түпкү максаты – элди бактылуу жашоого жеткирүү, социализмди куруу болгондон кийин бүткүл ниетин, эмгегин, күчүн элден аябай иштеген сиздей баатыр менен таанышып, иш тажрыйбаңызды билип, акыл-кеңешиңизди угуп, аларды элге жайылтуу, башкаларды сиздей болууга үндөөгө убактыбызды жумшаган туура го дейм.

– Албетте, туура! – деди Сыдык Сыйнатты кубаттап, – «Болор бала богунан» деп эл бекер айтыптырбы. Шаршен бармактайынан эмгекке бышкан, ак ниет жигит. Мындай жигитти үлгү кылбаганда, кимди үлгү кылабыз?

– Ой, Сыдыке, катуу мактап ийдиңиз, кана чайга олтуруңуздар! – деп Шаршен үстүндөгү чепкенин чечип, көрпө тебетейин алып баканга илди да такыясын оңдоп, дасторкондун чет жагына олтурду.

Кең далылуу, кашы калың, бет сөөгү чыгыңкы, кунлагы делдегейирээк, чымыр денелүү Шаршендин күнгө күйүп, шамалга тотуккан бети боз үйдүн жылуу абасынан албыра баштады.

Бүкөн каланган отун жыңыртып, ысык чайын куюп, үчөөнүн аңгемесине кулак төшөй олтуруп, бир маалда чайнекти Шаршен жакка жылдырып шыбырай сүйлөдү:

– Шаке, чайды өзүң куюп отур, мен камырга аракет кылайын.

– Макул! – деп Шаршен башын ийкеди.

– Шаке! – деди Сыйнат. – Эс тартканы эмгек менен келатыпсыз, баатыр болом деп ойлодуңуз беле?

– Жок, эч качан оюма келген эмес. Ыймандай сырымды айтайын, эси-дартым эле – ак иштөө, адал мээнет менен жашоо, башкалардан тил укпоо, кандай ишке жумшаса да аны өз убагында так аткаруу болчу.

– Кеп башынан болсун, Сыйнат Садыковна, мен Шаршенден көп улуумун. Аны кенедей чагынан билем. Ошондуктан анын таржымалын мен баштап берейин. Андан калганын өзү толуктап берер, – деди Сыдык.

– Ии, айта бериңиз! – деди Сыйнат.

Сыдык оңдонуп олтурду. Көйнөгүнүн жакасын бошотуп, кемселинин топчуларын чечти. Анан уккулукту үнү менен сөзүн жайыраак баштады.

– Илгерки заман колунда барлардыкы эле. Тыңыраак жашагандар жалчы жумшап, байлардын бир нече койчу, жылкычы, уйчулары болор эле. Силер анын чет жакаларын көрүп калдыңар.

– Ооба, бай-манаптардын мал-мүлктөрү ортолукка алынып, өздөрү сүргүнгө айдалгыча өткөн окуяларды өз көзүбүз менен көрүп калдык – деди Сыйнат.

– Шаршен кол арага жарагандан баштап Куугандыдагы Сейталы байдын койлорун бакты. Ал кездеги койчунун иши белгилүү. Байдын оту менен кирип, күлү менен чыкпаса, көзүнүн агы менен тең айланбаса, зулумдары жүндөй сабап, сыртка ыргытышып жиберүүдөн тайчу эмес.

– Сейталы бай кандай эле? Зулум эмес беле? – деп сурады Сыйнат.



– Жок, ал кишинин зулумдугун көрбөдүм. Мага колу да, тили да тийбеди – деди Шаршен.

– Шаршен бала чагынан эле элпек, кандай жумуш болсо да тез кыймылдап, орду-орду менен иштөөчү. Анан кантип буга сөз тийсин. Кайра мындай баланы колдон чыгарбоого аракеттенишет да, – деди Сыдык.

– Сиз кандайча малга жакын болуп калдыңыз? Азыр башкармалар чабан, жылкычы болчу кишини таппай көрүнгөн кишиге жалдырап жүрүшөт? – деп сурап калды Сыйнат.

– Мен кичинемден козу, улак менен ойноп өстүм. Атамдын азыраак кой, эчкиси бар эле. Ошолорду кайтарам. Айылыбыз тоо арасында болгондуктан, жайытыбыз жакын. Төшкө жайылып чыгып эле жуушап калчу. Эрикчү эмесмин. Асманды карап булуттардын көчкөнүнө кызыкчумун. Алар бирде түлкү болсо, бирде аюу, арстанга окшошот да, анан алыстап кетип көрүнбөй калат. Анын ордуна келген булутту карайм, ал түрмөктөлүп келип туш-тушка бөлүнүп бири жылкыга окшошсо, бири куш болуп көрүнөт. Анан таштарга, алардын арасында өскөн чөптөргө, гүлдөргө кызыгам. Мал кандай чөптү жейт, кайсы убакта суусайт, кайсы маалда жуушайт? Ушунун баарына серп салып жүрүп баары көңүлүмө конуп, жат болуп калды. Малдын тили болбогону менен эстүүлөрү көп. Өзгөчө жылкы малы асыл келет. Алардын ар биринин өзүнө гана тийиштүү мүнөздөрү, касиеттери, көндүмдөрү бар...

– Сейталы байга кандайча койчу болуп калдыңыз?

– Ал киши абдан эстүү, сынчы киши экен. Айылыбыз бир болгондуктан эл аралап, көз салып жүрсө керек. Анан болжолу болгон кезде атама келип, шартын айтып, баасын бычып, мени учкаштырып алып кеткен.

Жана айттым го, колу да, тили да тийген жок. Өз баласындай көрдү. Мен да ага өз баласындай болдум.

– Биздин эл отузунчу жылдардын башында ортоктошуп иштөөгө көнүп, колхозго бириктик, – деди Сыдык. – «Кууганды» колхозу болуп, мени төрагалыкка шайлашты. Чарбада малыбыз жок. Ал кезде «Жоон-Дөбө» совхозунун малы дүркүрөп өсүп, Талас өрөөнүнүн көп чарбаларына сатып турушчу. Кышында ал совхозго барып, 50 токту сатып алып, «Куугандыга» айдап келдик. «Эми токтуларды ким багат? Кимге ишенип тапшырабыз?» – деп айылдын карыяларын чогултуп кеңештик. «Ал жарайт, бул жарайт, тиги жарайт» – деп талкуулашып олтуруп, акыры Шаршенге токтолушту. «Назараалынын уулу жаштайынан кой менен келатат. Абдан элпек, эч кимге жамандыгы жок, ак ниет жигит болду. Ошондон өтөрү жок» дешти. Ошентип Шаршен 50 токтуну аман-эсен асырап, жазында түгөл төлдөтүп, колхозубуз жүз койлуу болду.

1937-жылы баягы 50 токтудан тараган койлордун саны сегиз жүзгө жетти. Ошол жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине шайлоо болуп, эл Шаршенди депутат кылып шайлады.

– Оо, Шакем, Кыргызстандагы алгачкы депутаттардан турбайбы?! – деди Сыйнат.

– Ооба, мурда Таластан алыс чыкпасам, депутат болгондон кийин Фрунзе шаарын көрдүм. Республиканын туш тарабынан шайланып барган депутаттар менен тааныштым, алар менен сырдашып көп акылкеңештерин уктум. Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнө Маскөөгө бардым. Колхозчулардын өтүнүчү менен ферма башчысы, кампачы да болуп иштедим.



Согуштун алдында айылдык кеңештин төрагасы болуп шайландым.

– Шаршен согушта Сталинграддан Германияга чейинки жолду басып, айылыбызга 1945-жылы күзүндө аман-эсен кайтып келди. – деди Сыдык.

– Кызыл кыргындан сак-саламат келгениңиз кандай ажап болгон. Чындыгында да эң бактылуу адам экенсиз – деди Сыйнат.

– Эки жолу жарадар болуп, госпиталда жатып айыктым. Согуш азаптын азабы. Өмүрүндө көрбөгөн кордукту көрөсүң. Эми эле жаныңда жаркылдап турган жолдошуң окко учса, же оор жарадар болуп өлүм менен өмүрдүн ортосунда далбастап жатканын көргөндө жаныңдан түңүлөсүң.

– Ырас, ырас! – деди Сыйнат Шаршендин түнөрө түшкөн кабагын карап.

– Согуштун бети курусун. Көп азаматтарыбыздан, асыл адамдарыбыздан айрылып калбадыкпы, – деди Сыдык.

– Согуштан келгенден кийин мени кайра кампачылыкка коюшту, – деди Шаршен, – бир жылдай иштегенден кийин айныдым, илгертен көнгөн ишиме баргым келип, тоону эңседим.

– Колхоздун отчеттук чогулушу болуп жатканда Шаршен мага бир барак кагазды сунду. Карасам, кампачылыктан бошотуп, малчылыкка жиберсеңиз экен деп сураныптыр – деди Сыдык. – Шаршендин өтүнүчүн элге айтсам, колхозчулар:

– Шаршендин айтканы туура. Ал биздин колхоздун малын көбөйткөн киши. Жылкы фермасын берели – деп кыйкырышты. Анан баарыбыз макул болдук.

– Эл менин тилегимди орундатып, баары бир оздон жылкы фермасын тапшырганына ыраазы болдум да бардык күчүмдү жумшап, ак иштеп, элдин ишеничин актайын деп өзүмө-өзүм бекем убада бердим – деди Шаршен. – Ошондо колхоздо 150дөй жылкы бар экен. Аларды ит-кушка алдырбай аман асыроо максатын койдук. Кыштоолорго жем, чөп жеткирдик. Жабагылар үчүн сарайды жылууладык. Чынымды айтайын, ошол жылы ээрден түшпөдүм. Жылкыларды күн сайын кыдырып көрмөйүнчө жаным тынбайт. Жылкычылардын ар-биринин ишин кылдат байкап, көз салып жүрүп, мыктыларын тандап алдым. Алардын ичинен эң мыктысы Мамбетсалы болду. 1948-жылы 50 бээден 50 кулун алып аман асырадык. Быйыл 65 бээден 65 кулун алып, баары аман-эсен.

– Мунуңар нагыз эрдик! – деди Сыйнат. – Көптөгөн жылкычылар мындай көрсөткүчкө жетише албай жатышпайбы.

– Ооба, ооба!.. –деп Шаршен кыска гана жооп берди. «Бул нагыз ак жүрөк, ак ниет таза адам турбайбы» деп ойлоду Сыйнат.

Бүкөн бышкан этти чоң кара табакка чыгарып, булоолонтуп ашкана жакка койду да, коломтого как жараңкаларды дуулдата жагып,бир аздан кийин казан буркулдай баштаганда, кагаздай жука жайылган камырдын жапырактарын улпагын акырын кагып коюп, шашпай сала баштады...



# ОН ЖЕТИНЧИ БАП

Партиялык жетекчи кызматта иштөө өзгөчө тактыкты жана адилеттикти талап кылат. Ар бир сөзүңдү ойлонуп, абалды кылдат байкап айтпасаң, жаңыласың. Эл сенин баскан-турганыңдан бери сындан өткөрүп, берген көрсөтмөлөрүңдүн туура же туура эместигин таап, аны оңдоонун жолун көрсөтүп, туура жолго салчу болсоң, бул ишиң ооздон-оозго өтүп элге заматта тарап, баркың өсө баштайт.

Сыйнат Буденный райкомунун үчүнчү катчысы болуп бир жарым жылга жакын иштеди. Ал барбаган айыл-кыштактар калган жок. Баардык чарбалардын, ишканалардын жетекчилери, партиялык уюмдардын, уюмдардын катчылары, айылдык кеңештин төрагалары, мектептердин директорлору менен таанышып, көбү менен жакын болуп кетти. Ал өзүнчө эмгектин алдыңкылары менен сырдашып, пикир алмашууну жакшы көрүүчү. Анткени алар иштин көзүн билген малчылар, дыйкандар боло турган. Канткенде иш оңунан чыгарын, канткенде ийгилик болорун билгендиктен жана башкаларга караганда чын дили менен берилип, чарчоону билбей иштөөгө көнүшкөндүктөн дайыма элдин алдында болуп, үлгү көрсөтүшөт. Мындайлар ак көңүл келишет, жайыл дасторкон болушат, жакшы менен жаманды, адал менен арамды тез баамдашат. Ошондуктан кайсы чарбага, ишканага барса да, көпчүлүктүн оюн билүү үчүн эң алды менен иш үстүнө барып, алардын мыктылары менен жолугуп, алардын ой-пикирин билип, көпчүлүк менен талкууга алганды жакшы көрүүчү. Бул адаты аны бат эле элге тааныт-

ты. Анткени, ал элден озунуп сүйлөчү эмес. Маселенин чоо– жайын толук билип, ар түрдүү пикирлерди угуп, анан гана өзүнүн оюн айтат. Москвадан чыккан «Правда», «Известия», «Комсомольская правда», «Сельская жизнь», Фрунзеден чыккан «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» гезиттеринин ар бир санын үзбөй окууга көнгөн. Облустук, райондук гезиттерди да куру калтырбайт. Ошондуктан ал дайыма дүйнөлүк жаңылыктардан айылдык окуяларга чейин кабардар болуп турчу. Анан да айыл чарба адистеринин пикирлерине көңүл буруп, алар менен акылдашып туруунун адат кылып алган эле.

Райкомдун бюросунда каралуучу маселелерге айрыкча маани берип, аны даярдаган кишинин пикири менен таанышып, карама-каршы ойлорду талдап бүтүрүшкөндө гана өз оюн айтат. Сөзүн көпкө созбой, далил менен аныктайт. Ошондуктан анын пикири көпчүлүк учурда колдоого алынып кетер эле.

Сыйнат үйүнө да, кабинетине да көп олтура алчу эмес. Иштин кызуу учурунда күн-түн менен эсептешпей, чарбадан чарбага кыдырып, кайсы жерде иш жүрбөй жатса, ошол жерге жетип, иш башында болууга умтулчу. Мына ушул адатына көнүп алгандыктан 1950-жылдын күзүндө ден соолугунун начарлай баштаганын сезгенде эмгек эргүүсүн алып, Фрунзедеги доктордорго көрүндү. Алар ар кандай анализдерди алып, ооруканага жаткырып дарылагандан кийин кесел жүрөктө экенин, бийик тоолуу аймакта эмес, өрөөндүн пасыраак жагында жашоону жана ашыкча чаалыкпай, режим кармоону сунушташты. «Антпесеңиз, өмүрүңүзгө балта чабасыз» – деп ачык эле айтышты.



Эмгек өргүүсү бүтөөрдө обкомдун биринчи катчысы Абдыш Жаркынбаевдин кабыл алуусун суранып телефон чалды.

– Эмгек өргүүңүз кандай өттү? Кайсы жакта дем алдыңыз? – деп сурады Жаркынбаев.

– Дем ала албадым, агай! – деди Сыйнат.

– Ии, кандайча? – деп чочуду Жыргалбаев.

– Эмгек өргүүгө чыгар алдында өзүмдү начар сезип жүрдүм эле. Фрунзеге барып, ооруканага жатып, дарыланып чыктым.

– Ушундай да болчу беле? Докторго көрүнөм десеңиз, атайын уруксат бербейт белек. Дем алыштын орду бөлөк да!...– деп Жыргалбаев нараазы болду.

– Иш үзгүлтүккө учурабасын деген элем, агай! – деди Сыйнат.

– Ден соолук болсо гана иш болот, Сыйнат Садыковна! – деп бегирээк сүйлөдү Жыргалбаев.

– Анынызы туура, агай! Эми сизге жолугуп кеңешейин дедим эле.

– Макул, келе бериңиз! – деди Жаркынбаев.

Сыйнат кечкурун Таласка барып, мейманканадан орун алды да таң эрте туруп, жуунуп-таранып, кийимдерин үтүктөп кийинип обкомдун имаратынын алдына барып гүлканадагы ар түркүн гүлдөрдү кызыгып карап жүрдү. Эрте ачылгандыктан, эми урук байлап, жалбырактары саргайган гүлдөр да, суук түшүп, боз кыроо болуп калса да чым этип койбой кулпуруп турган көк, кызыл, күлгүн гүлдөр да бар экен. Сыйнат аларды суктана карап бир топ жүрдү. Бир маалда жай басып келаткан Абдыш Жаркынбаевди көрдү.

Ал киши Сыйнатты алыстан таанып түз басып келди да саламдашкандан кийин:

– Биздин гүлкана кандай экен?– деди.

– Бай да, кооз да экен! – деди Сыйнат.

– Мына, эгер ар бир үй дебейин, коомдук жайларда, мекемелердин алдында гүлканалар болсо кандай сонун болор эле.

– Ырас айтасыз. Бул ишти колго алуу керек. – деп макул болду Сыйнат.

Кенен жана жарык кабинет абдан жарашыктуу. Баары орду-орду менен. Кооз вазага жаңы гүлдесте салыныптыр.

– Кана, Сыйнат Садыковна, жакыныраак олтуруңуз, -деп Абдыш Жаркынбаев орундукту көрсөттү. – Кандай маселе жөнүндө кеңешейин дедиңиз эле?

Сыйнат кийинки кездери ден соолугу начарлап, Фрунзедеги ооруканада жатып дарыланып келгенин, докторлор жер алмаштыруунун зарылдыгын талап кылганын шашпай айтып берди.

Абдыш Жаркынбаев Сыйнаттын сөзүн кунт коё угуп, колундагы учталган калеми менен кагаздын бетин чиймелеп, кээде үстөлдүн үстүн акырын тыкылдатып бир топко унчукпай ойлонуп олтурду. Анан Сыйнатты карап жайыраак сүйлөдү. Үнүнөн өкүнүч байкалды.

– Орун алып калдыңыз эле... Иштер жакшы жүрүп баратты эле... Эл журтка алынып...

– Ооба, көнүп калгам, бирок...

– Билем, билем, Сыйнат Садыковна, ден соолук деген – ден соолук. Эми кайсы районго барып иштегиңиз келет? Кандай иш болсо дейсиз?

– Менин эркимде болсо өзүм туулуп-өскөн Киров районуна бармакмын. Бирок Талас, Ленинполь, Покровка райондоруна деле бара берем. Себеби ал райондордун баары эле жайык өрөөнгө жайгашкан. Муну эми сиздер иштин ылайыгына карап көрөсүздөр да. Ал эми иш жагынан... тандабай иштей берем.



– Түшүнүктүү... Сиз эми келечектүү жетекчи кызматкерлердин катарына кошулуп калдыңыз. Ошондуктан даражаңызды жогорулатып, жакшы кызмат издешибиз керек...

– Жакшы пикириңиз үчүн ырахмат, Абдыш Жаркынбаевич.

– Покровка райондук аткаруу комитетинин төрагасы Жунусов ден соолугуна байланыштуу кызматтан бошотуу жөнүндө бир нече жолу маселе койду. Анын өтүнүчүн канааттандырып, сизди ошол орунга жылдырсак.

– Сиздер ишеним көрсөтсөңүздөр, баруруга макулмун.

– Бул жөнүндө азыр эч кимге ооз ачпай туруңуз. Анткени жогорку органдар менен макулдашуу керек экенин билесиз. Башкача пикирлер болуп калышы да мүмкүн.

– Билем, билем! – деди Сыйнат.

Ушул жолугушуудан кийин обкомдун биринчи катчысы Абдыш Жаркынбаев Сыйнат Садykованы Покровка райондук аткаруу комитетинин жетекчилигине дайындоого Кыргызстан Коммунисттик партиясынын (большевиктер) Борбордук Комитетинин макулдугун сурап сунуштама жиберди.

Бул сунуштамага Борбордук комитет макулдук берген жок. Биринчи катчы партиянын Киров райондук комитетинин катчысы Раимкулованын республикалык

советтик-партиялык окууга өткөндүгүнө байланыштуу анын ордуна Садыкова Сыйнатты дайындоого сунуштама жиберип, ага да макулдук алынган жок.

Бул арада эки-үч ай өтүп, 1951-жылдын январында партиянын Талас областтык комитетинин токтому менен ишин жөндөп алып бара албагандыгы үчүн сессияда шайланбай калган Баймендиев Шамшынын ордуна областтык аткаруу комитетинин төрагасынын мал чарбасы боюнча орун басарлыгына Сыйнат дайындалып, бул чечимди бекитүү Кыргызстан КП (б) БКдан суралды. Бул жолу Борбордук комитет обкомдун чечимин кубаттады. Ошентип Сыйнат Талас шаарына келип, жаңы кызматка орноштү.

Ден соолук акырындык менен калыбына келип, жаңы кызматына көнүп, облус аймагын бир сыйра кыдырып, мал чарбасынын абалын көрүп, көптөгөн мыкты чабандар, жылкычылар, саанчылар менен таанышкандан кийин, мал чарбасын өркүндөтүүнүн бирден-бир негизги маселеси тоют маселесин чечүү, малдын асылдуулугун жогорулатуу, малчылар үчүн жакшы шарттарды түзүүнүн зарылдыгын түшүндү. Дайыма ала жүрүүчү блокноту жазууларга толду. Ошондуктан ал сессияларда коюлган маселелерди талкуулоодо, анын негизги маңызын түшүнгөндүгүн жана аны ишке ашыруунун жолдорун жетик билгендигин көрсөтүп, мал чарба адистеринин мыкты сунуштарын колдоого алып, ишти илгерилете баштады. 1951-жылдагы бир сүйүнүчтүү окуясы менен Сыйнаттын эсинде калды. Аны Буденный районунун эмгекчилери Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына кандидаттыкка көрсөтүштү.



Сыйнат кызматынан жаңы эле келип, орундугуна олтурары менен телефон чыр этти. Тыңшагычты алары менен шаңкылдаган үн угулду.

– Ой, эже, депутаттыкка көрсөтүлүшүңүз менен куттуктайм! Кандай бактылуусуз!...

Сыйнат Гүлбүбүнү тааныды. Ал комсомолдун Талас шаардык комитетинин биринчи катчысы. 1948–1949-жылдары комсомолдун Киров районунун биринчи катчысы болуп иштеген. Ачык-айрым, шайыр кыз. Сыйнат Таласка которулуп келгенден бери эжесинди катары кадырлашып, сырдашып турушат.

– Ырахмат, Гүлбүбү. Сен биринчи болуп куттуктадың. Анык сиңдим экенсиң!

– Ой, эже, мурда анык болбой жүрдүм беле? – деп каткыра күлдү Гүлбүбү.

– Мурда деле анык болчусуң. Эми мурдагыдан да анык болдуң! – деп күлдү Сыйнат.

– Ошондой десеңиз. Эми сизге агитатор болуп, Буденный районуна бат-бат барып турсам кантет?

– Андай болсо кана?! Райондогу комсомолдордун, жаштардын баары мага добуш берип калат го.

– Сизге жаштар гана эмес, элдин баары бир кишидей добуш берерине ишенем, эже. Тыным дегенди билбей, жаныңызды сабап иштейсиз. Жаштардын көбү сиздей болгусу келгенин көп эле угуп жүрөм.

– Болду эми, ашыкча мактап жибердиң. Андан көрө өзүңдүн ден соолугуң жакшыбы? Иштериң кандай? Ошону айт!

– Ден соолук мыкты. Иш да жаман эмес, эже!

– Ии, ошондой болсун!

Ушул телефондук сүйлөшүүдөн бир топ өткөндөн кийин Сыйнатты Буденный кыштагына шайлоочулар

менен жолугушууга чакырышты. Ага Гүлбүбү Жаманкулова кошо барды.

Буденный кыштагынын чоң көчөсүнө эл батпай, кыз-келиндер өз-өзүнчө топтошуп шыңгырай күлүшсө, жигиттер жылтырата майланган өтүктөрү менен карды шилей кечип, бири-бири менен кар урушуп бакылдашат. Карыялар чоң чапандарын, кээ бирөөлөр күпсүйгөн тондорун кийип, аттарын куюшкандаштыра байлап коюп чогурашып узун сөзгө киришкен. Клубдун тегерегине желектер илинип, ураандар жазылган кызыл маталар тартылган.

Буденный райондук аткаруу комитетинин төрайымы А.Берикова жолугушууга келген элдин көптүгүн көргөндөн кийин алардын клубга батпай тургандыгын байкап, чогулушту сыртта өткөрүүнү туура тапты. Ал клубдун алдына чоң машинаны токтотуп, бортун ачтырып, үстөл койдуруп, аны кызыл мата менен жаптырып, дароо жасалгалатып жиберди. Ленин менен Сталиндин чоң портреттерин алдырып чыгып, бийик жерге илдирди. Жыгач усталар арыдан-бери машинанын бортуна чыга турган тепкич да жасап жибериши. Даярдык бүткөндө карыялар, аялдар олтурсун деп клубдан олтургучтарды алып чыгышты. Жаштар кыркалай турушуп, андан ары атчандар тизилишти. Алыскы айылдардан кечигип келишкен атчандар арткы катарларды толуктап, элдин карааны аябай көбөйдү. Сыйнат Садыкова машинадан түшүп, жандоочулары менен элди көздөй басканда, ураалаган үндөр жаңырып эл шатырата кол чаап, кубаныч менен тосуп алышты. Чогулушту райаткомдун төрайымы А. Берикова ачты.

– Бүгүн бизде чоң майрам, -деди ал. – Улуулар да, кичүүлөр да келипсиздер. Клубга батпагандан чогу-



лушту ачык жерде өткөрүүнү туура таптык. Республикабыздын эң жогорку бийлигине өзүбүздүн кужурмөн кызыбыз, партия менен өкмөтүбүздүн кажыбас кызматкери Сыйнат Садыкованы өкүл кылып шайлайлы дейбиз. Чогулушту ачык деп жарыялап алгачкы сөздү Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына кондидат Сыйнат Садыкованын ишенимдүү адамы Макешбаевге беремин.

Кол дуулдай чабылып, ураалаган үндөр жаңырып, Макешбаев машинанын бортуна көтөрүлгөндө басылды. Макешбаев бийик үнү менен шаңкылдап, ар бир сөзүн шашпай угумдуу айтып, Сыйнаттын өмүр баяны менен тааныштырды.

– Айланайын көпчүлүк! – деди Макешбаев катуу толкунданганынан үнү термеле түшүп, анан бир аз тыным алды да. – Сыйнаттын туулган күнү Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын күнү менен туш келгенин карагылачы. Ал жаңы заман, жаңы доорубуз менен кошо өсүп-өнүп, билим алып, эл-журт үчүн каруусун казык кылып, күн-түн дебей иштеп, социализмди куруу үчүн элдин эң алдында келатат. Мен анын эң таза, ак ниет, көсөм жетекчи экенине кепилдик берем. Шайлоо күнү баарыңыздарды Сыйнат үчүн добуш берүүгө чакырам!

Аялдардын атынан Подкидышева сөз алды.

– Бүткүл кыргыз эли биздин республикабыздын жогорку органына биринчи кандитат кылып, зор кубанычтуулук жана чын жүрөктөн сүйүү менен жолдош Сталиндин ысмын аташты. Биздин округдун шайлоочулары Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына алдыңкы кыздарыбыздын бири – жолдош Садыкованы

көрсөтүштү. Мен булар үчүн шайлоо күнү биринчи болуп келип өзүмдүн добушумду беремин.

Сөз ирилешкен «Жеңиш» колхозунун башкармасынын төрагасы Ботбаевге берилди.

– Биздин кандидатыбыз жолдош Садыкова – кыргыздын даңктуу кыздарынын бири. Ал биздин райондун экономикасын чыңдоо үчүн, элибиздин турмуш деңгээлин жакшыртуу үчүн көп эмгек сиңирди. Ал депутаттыкка татыктуу. Чарбаларды кыдырып чыкканда, ар бир иштин башында болуп, чабандардын, саанчылардын ар бирининин үйүнө кирип, алардын балачакасы кандай жашап, кандай тарбия менен өсүп жатканына чейин кызыгып, начарларына материалдык жардам бердирип камкордук көрсөтөт. Элдин калың катмарын кең аралап, алар менен кеңешип иштегенди жакшы көрөт. Мындай кандидатка кантип добушубузду бербей коелу.

Жаш шайлоочулардын атынан Алымбеков сөз алды.

– Мен быйыл биринчи жолу добуш бергени турам. Ушул добушумду жалпы эл кадырлаган, партиялык мыкты жетекчи Сыйнат эжеме арнаймын. Бардык жаштар ушул кишидей болуп, эл-журт үчүн талбай иштесек, өлкөбүз гүлдөп өнүгөт.

– Мага сөз бергиле!

– Мен да пикиримди айтайын!

– Сөздү кенен айтууга уруксат бергиле! – деген сөздөр ар жерден айтылып, кээ бирлери турган орундарынан сүйлөсө, кээ бирлери машинанын бортуна чуркап чыгышып, жакшы каалоолорун, куттуктоолорун айтышып, Сыйнаттын кандидатурасын кубаттай тургандыгын билдиришти.



Сыйнат толкуган элди көрүп, алардын өңүндөгү кубанычты байкап, ал жөнүндө жакшы сөздөр айтылып, чоң урмат көрсөтүшкөнүнө жетине албай турду.

Сыйнатка сөз берилгенде, эл дуулдай кол чаап, дүңгүрөп барып басылды.

– Кагылайын элим, кадырлуу карылар, жалындуу жаштар! Сиздердин мен жөнүндө айткан жылуу сөздөрүңүздөр жүрөгүмдөн орун алды. Бир аз кылган эмгегимди көтөрмөлөп, урмат кылганыңыздар үчүн чын дилимден ыраазычылыгымды айтам. Баарыбыз улуу Сталин баштаган Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында жаңы заманды куруп жатабыз. Эгер ушул заманыбыз мындан ары да дүркүрөп өссүн десек, баарыбыз ынтымак менен ак ниетибиз менен иштеп, колхоздорубузду, айыл-кыштактарыбызды байытып, жогорку баскычтарга көтөрүлүшүбүз керек. Эгер мага ишеним көрсөтүп, депутат кылып шайласаңыздар, сиздердин ой-тилегиңиздерди, үнүңүздөрдү Жогорку Кеңешке жеткирип, нагыз өкүл болуп берем!

Эл дүркүрөтө кол чаап, көпкө чейин басылбай турду. Карыялар, элечекчен кемпирлер алакандарын жайып баталарын беришти.

– Элдин толкуганын караңызчы, эже. Мындай көп элди биринчи жолу көрүшүм.Сизди укмуштай сонун сыйлашат экен! – деди Гүлбүбү Сыйнатка жадырай сүйлөп.

Ошол жылдын 18-февралында өткөн шайлоодо Сыйнат Кыргыз ССР Жогорку Советинин III чакырылышынын депутаты болуп шайланды.

Келерки 1952-жылы ал КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепке окууга өтүп, Москвадан

1953-жылдын апрелинде ден соолугуна байланыштуу кайтып келип, окуусун сырттан уланытты. 1953-жылдын сентябрында партиянын Талас облустук комитетинин соода бөлүмүн башкара баштады.

## ОН СЕГИЗИНЧИ БАП

1953–жылы кышында, декабрь айы ортолоп калганда Сыйнатты партиянын Талас облустук комитетине биринчи катчысы Абдыш Жаркымбаев кабинетине чакырды. Ал кандайдыр бир тапшырма берүү үчүн чакыргандыр деп ойлоп калың дептери менен калемин алып кирип барды. Кабинетте Абдыш Жаркымбаев жалгыз олтуруптур.

– Бери жакыныраак келип олтуруңуз. Сүйлөшө турган сөз бар, – деди Абдыш Жаркымбаев Сыйнатка өзүнө жакын турган орундукту көрсөтүп.

Абдыштын бешенеси жарык, көңүлдүү көрүндү. Көздөрү күлүңдөп, кандайдыр бир жагымдуу кабарды айткысы келгендей беттери тымылжыгансыды. Сыйнат анын кечээ партиянын Киров райкомунун конференциясына барганын уккан. Бирок ал кеч бүткөндүктөн жыйынтыгынан кабары жок эле. «Конференция Абдыш ага күткөндөй абдан кызыктуу, мазмундуу өткөн го... Мени эмнеге чакырды экен» – деп ойлонду Сыйнат.

Абдыш сөз баштаар алдында бир аз ойлонуп, өңү өзгөрүлүп сурдана түштү.

– Кечээги конферения өтө курч өттү. Катуу сындар айтылды. Кировдук коммунисттердин деңгээли абдан жогорулап калыптыр. Бул мени сүйүнттү. Бирок би-



ринчи катчылыкка кадр тандоодо алашемдик кетиргенибиз капалантты. Анткени Суранаевди тандоодо жаңылган экенбиз. Бул мен үчүн оор сабак болду... – Абдыштын кабагы салыңкы боло түшүп, үнү да каргылданды, – сыналган мыкты кадрлар аз. Кылычтай өткүр, коргошундай оор салмактуу, көсөм жетекчилер көп болсо кана, атаганат... Киров району облустагы алдыңкы райондордун катарына чыгат эле...

Абдыш Жаркымбаев дагы бир топ унчукпай калып, Сыйнатты алдыртан сынай карады.

– Конференция кандай өткөнүн, Суранаевди кандайча сындашканын билгиңиз келип тургандыр?..

– Ооба, агай...

– Анда шашпай айтып берейин. Бул сизге да жакшы сабак болот.

– Райондун мал чарбасында, тамекичилигинде бир топ жылыштар болгону айтылды. Бирок делегаттар райкомдун биринчи катчысынын кадр тандоодогу олуттуу кемчиликтерин, оройлугун, уюштуруу жөндөмдүүлүгүнүн жоктугун, коммунисттерди коркутуу, кысымга алуу фактылар көп экендигин сынга алышты. Делегат Жаманкулова мурда партиялык кызматта иштеп көрбөгөн Жолдошев дегенди Фрунзе атындагы колхоздун партиялык уюмуна шайлатып, ал ишти алып бара албагандыктан мурда эки жолу партиялык сөгүш алган Баястановду көрсөтүп, Жолдошовду Киров сельпосунун соода бөлүмүнө башчы кылып дайындаганын сынга алды.

– Суранаев кыргыз аялдарын кызматка көтөрүү турсун, кызматчы аялдарга орой мамиле жасайт, – деди Жаманкулова, – бирок өзүнүн аялынын педагоги-

калык билими жок болсо да район аралык педагогикалык-методикалык кабинетке иштетип койгон.

Делегат Анохина: – Суранаев башкарган бюро маселени калыс чечпей, чала иштелген чечимдерди чыгарат. Ал чечимдерге макул болбосоң, кысымга алат, коркутуп, орой сөздөрдү айтып, шылдың кылат. Бул ал үчүн көнүмүш болуп калды – деди.

– Райком жана анын бюросу – деп сүйлөдү делагат Жумагулова, – аял кадрларды тарбиялоого көңүл бурбайт. Райондо бир гана аял партиялык уюмдун катчысы болуп иштейт. Киров атындагы колхоздун партиялык уюмунун катчысы Яхова райкомдун ишин сынга алганы үчүн кызматынан бошотулду. Ошондой эле, Грозный сельпосунун партиялык баштапкы уюмунун катчысы Попованы отчеттук чогулушта кызматтан бошотуу жөнүндө Суранаевден көрсөтмө алдым. Бирок иш башкача болуп чыкты. Коммунисттердин талабы боюнча Попова иш ордунда калтырылды. Мурда Киров айылдык кеңешинде иштеген комсомол мүчөсү Төрөкулованы райондук каржы бөлүмүндөгү көп балалуу жана жалгыз бой энелер төлөмүнө орноштурууга Суранаев түздөн-түз каршы болуп, ал орунга Токсоналиев дегенди жиберди.

Жангазы Суранаевди бюронун отурумун жеке трибунасына айлантып алган, аны сынга алган Мураталиев, Толстунов, Улизко, Панкеев, Юха деген жетекчилерди кысымга алган. Бөлөкбаев, Сарыбаев, Тургунбаев дегендерди колхоздук жетекчиликке бюро мүчөлөрүнүн макулдугун албастан жеке өзү бийлеп жиберген дешти.

– Суранаев өзү эмне деди? Жооп кайтара алдыбы?

– Жок. Түнөрүп угуп олтурду.



– Демек, мойнуна алган экен да.

– Ооба, ооба!.. – деп Абдыш дагы тыным алды да, анан сөзүн жайыраак улады. – Конференциядагы жагдайды түшүнгөндө кийин Фрунзеге тезирээк чалып, Борбордук Комитеттин катчылары менен акылдашып, Суранаевди алмаштырууну туура деп таптык. Бирок ылайыктуу кандидатура табылбай, акыры Кожомуратовго токтодук.

– Ал райаткомдун төрагалыгына жазында эле шайланбады беле?..

– Ооба, тогуз ай иштеди. Курч, кайраттуу жигит. Партиялык жетекчиликте да иштеп көрсүн дедик.

– Анын ордуна ким бармак болду?

– Мына ошол маселени өзүңүз менен акылдашалы деп чечтик.

– Мени мененби? – деп таңданды Сыйнат.

– Ооба, райкомдун катчысы болуп иштедиңиз. Облустук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болдуңуз. Москвадагы Жогорку партиялык мектепте окуп жүрөсүз. Эми жоопту жетекчилик кызматты аткаруу кези келди. Өзүңүз туулуп-өскөн район. Эли-жериңиз тааныш...

– Ойлонуп көрөйүн, Абдыш Жаркымбаевич.

– Ойлоно турган эмне бар, Сыйнат Садыковна? – деди Абдыш үстөмөндөй, – райондун чарбаларында мыкты төрагалар, айыл кеңештеринин тажрыйбалуу жетекчилери бар. Кептин баары ишти уюштура билүүдө, элге туура жолду көрсөтүүдө. Эки –үч жыл бел чечпей иштечү болсоңор, талапты катуу коюп, көзөмөлдөй билсеңер, район облус эмес, республика боюнча алдыга чыга тургандай сезилет мага. Макул дей бериңиз!

Сыйнат жооп бере албай ойлонуп, бир аз олтурду. Абдыш Жаркымбаевич андан көзүн албай, бети тамылжып, маңдайын жаркыратып күтүп калды.

– Макул, Абдыш Жаркымбаевич, иштеп көрөйүн! – деди Сыйнат шаңк этип.

– Мына, мына! Мен дал ушул жоопту күткөм, – деп Абдыш Жаркымбаев кубанганынан кабагы жаркылдады.

Сыйнат Киров райондук аткаруу комитетинин төрайымынын милдетин аткарган алгачкы күнү аппараттагы кызматкерлерди чогултуп, ар бири менен таанышкандан кийин иш тартиби тууралуу сүйлөштү.

– Мен катуу талап койгон кишимин. Ошондуктан ачык-айрым сүйлөшүп алалы. Иш тартиби өтө катуу сакталышы керек. Ар бириңер өзүңөргө тагылган кызматты так аткарасыңар. Ар дайым өз ордуңарда болосуңар. Кызматка кечикмей, эрте кетип калмай жок. Таза жана жарашыктуу кийинесиңер. Мекемеге келген ар бир кишини жылуу ырай менен тосуп алып, сылык жана сыпаа сүйлөшүп, маселесин чечүүгө жардам бересиңер. Бош олтуруп, ушак сүйлөшмөй жок. Анын ордуна газета, журналдарды окуп, радио угуп, күндөлүк, саясий, маданий окуялар менен кабардар болуп, өз кесибиңерди мыкты өздөштүрүүнүн камын көрөсүңөр. Райондогу эң жооптуу мекеменин биринде иштеп жатканыңар дайыма эсиңерде болсун. Иш кагаздары өтө сабаттуу, мазмундуу жана түшүнүктүү жазылышы керек.

Аппарат кызматкерлери Сыйнаттын үнүн көтөрбөстөн бир калыпта, токтолбостон сүйлөгөнүн, өзүн токтоо кармаганын байкашты. Үнү таза жана уккулуктуу



болучу. Баары тең анын катуу талабын түшүнүп, аткара алар бекенбиз деген ойго берилген эле.

Аткаруу комитетинин катчысы, шыңга бойлуу, сары чийкил Вера Никифоровна Жолоб ордунан турду.

– Сыйнат Садыковна, менимче сиз эң туура жана зарыл талаптарды койдуңуз. Аны аткаруу үчүн бардыгыбыз аракет кылабыз. Ансыз болбойт -деди ал.

– Вера туура айтты!

– Аткарабыз! – деген үндөр угулду.

Сыйнат аткаруу комитетинин отурумдарында каралуучу маселелерди алдын-ала терең изилдеп, бышыктап, так далилдерди келтирип, аны чечүүнүн жолдорун көрсөтүү зарылдыгын айтып, ар бир отурумдун белгиленген убакта жогорку деңгээлде өтүшүнө жетишти.

– Биз партиянын райондук комитетинин бюросунда каралуучу маселелерди кайталабоо үчүн жалпы бөлүм иш пландарды түзүүдө райкомдун тийиштүү бөлүмдөрү менен алдын-ала макулдашып, өз компетенциябызга тийиштүү иштерди алып барганыбыз туура болот. Мекемеде көп олтурбастан жер-жерлерде болуп, айылдык кеңештерге практикалык жардам берип, оор маселелер болсо аткаруу комитетинин отурумуна же сессияга алып чыгуу керек – деп эскертти Сыйнат өз кызматкерлерине.

1954-жылдын январь айында Аткаруу комитетинин бир нече отуруму болуп өттү. Анын биринде Бейшеке айыл кеңешинин төрагасы Жээнтай Раевдин жалпыга билим берүү мыйзамынын аткарылышы боюнча эсеби угулду. Бейшеке айыл кеңешинин аймагында мектеп жашындагы балдардын эсеби так жүргүзүлбөгөн. 14 бала окууга тартылган эмес. Алыста жашаган окуучу-

ларды мектепке жеткирүү уюштурулбаган. Бейшеке орто мектебинде 22 жаш кечки окууга эсепке алынган болсо, анын он беши гана окуп жатат. Бейшекеде кат сабаты жоюла элек 62 адам болсо да алар окутулбайт. Газета-журналдар элге кечигип таратылат. Кино сейрек коюлат. Мектептин директорлору Садамкулов менен Төрөгелдиев жалпыга билим берүү мыйзамын аткарууга кайдыгер мамиле жасашкан.

Отурумдун жүрүшүндө айыл кеңешинин төрагасы Жээнтай Раев, директорлор Садамкулов, Төрөгелдиев өз кемчиликтерин толук моюндарына алышып, аны тез арада жоюуга убада беришти.

– Партия элдин турмушун, жыргалчылыгын жогорулатууну негизги милдет катары белгиледи. Эгер биз жалпыга билим берүү мыйзамын аткара албасак, кат сабаты жоюлбаган, терең билим албаган, кесиптик даярдыктары жок кишилер менен колхоздун экономикалык кубатын кантип көтөрөбүз? – деген суроо койду отурумдагы талкуунун жүрүшүндө Сыйнат Садыкова, – сиздер өзүңүздөргө тагылган түздөн-түз милдетиңиздерди аткара алган эмессиздер.

– Туура айтасыз. Мен катуу уялып турам! – деди Жээнтай Раев. – Биз отузунчу жылдары кат-сабатыбызды жойгондо билимге умтулганыбыздан жашыбыздын өткөнүнө карабастан намыстанып окуучу элек. Эми ак мектепке киргизип, жакшынакай партага олтургузуп койсок да, окуудан качкандар бар. Буга ата-энелери да күнөөлүү. Биз эми алар менен катуу иштешебиз.

Отурумдун аягында белгиленген кемчиликтерди жоюу милдеттери ачык-айкын белгиленип, бул ишти көзөмөлгө алуу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы С. Касымбаевге милдеттендирилди.



Январдын аягындагы отурумда райондук сугат тармактар башкармасы тарабынан сунуш кылынган сугатчыларды окутуу программасы талкууга алынды. Кайсы колхоздо канча сугатчы окутулушу керек? Аларды окута турган агрономдун, мелиоратордун жогорку билимдери барбы? Окуу класстары жылуубу? Теориялык сабактар практикалык иштер менен айкалышабы? – деген суроолор кызуу талданды.

– Программаны абдан жакшы түзүпсүздөр. Карапайым сугатчылар сууну каптатып, же жөөк менен жылжытып сугарганды, тук байлап, алыш ачышты, ала теришти билгени менен кайсы өсүмдүктү кайсы маалда, канча жолу сугаруу нормаларын, агротехникалык эрежелерди жакшы билишпейт. Ошондуктан аларды терең билим менен сугара алсаңар гана мол түшүм алууга негиз түзүлөт. Мындай окуулар жыл сайын кыш мезгилинде туруктуу уланып турса дыйканчылык маданияты жогорку деңгээлге көтөрүлөт – деп жыйынтыктады Сыйнат ал отурумду.

1954-жылы 10-февралда Кыргызстан Коммунистик партиясынын VII съезди ишин баштады. Талас облустук партиялык уюмдан делегат болуп шайланып келген Сыйнат съезддин шаңына толкундап олтурду. Республикага атагы чыккан Эмгек баатырларын, атактуу коомдук ишмерлерди, жазуучуларды, окумуштууларды, депутаттарды көрдү.

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин катчысы Искак Раззаковдун докладын айрыкча ынтаасын коюп угуп, блокнотуна өзүнө айрыкча таасир берген маанилүү жерлерин чиймелеп, аларды районго барганда ишке кандайча аткаруу керектигине ой жүгүрттү.

Ал блокнотуна докладчынын КПСС Борбордук Комитетинин сентябрь пленуму мал чарбасынын өнүгүшүндөгү артта калгандыкты тез аранын ичинде жоюу ишин партиялык уюмдардын эң башкы милдеттеринин бири кылып койду. «Биз, малдардын бардык түрлөрүнүн санын кескин түрдө көбөйтүүгө милдеттүүбүз. Маселен, колхоздордо уйлардын саны 1954-жылда гана 23,8 процентке, койлордун саны 23,1 процентке көбөйтүлүүгө тийиш» деген сөздөрдү жазып алды.

И.Раззаков тоютту даярдоого айрыкча көңүл бурууну белгилеп, колхоз, совхоздордун, МТСтин жетекчилери талаа жумуштарын сапаттуу аткарууга, агротехникалык эрежелерди толук сактоого кайдыгер мамиле жасап жүрүшкөндүктөрүн сынга алды. Түшүмдү жогорулатууда жер семирткичтерди колдонуунун, мыкты үрөндөрдү тандоонун артыкчылыгын эске салды.

Кечинде Сыйнат ресторандан тамактанып келгенден кийин креслодон орун алып, радиодон берилип жаткан кыргыз музыкасынын концертин угуп эс алып олтурганда эшик акырын кагылды.

– Кире бериңиз! – деди Сыйнат.

– Эже, уруксат бекен? – деп атлас шайы көйнөгүнүн сыртынан кара баркыт чырмый кийип, гүлдүү бир байлам жука жоолук салынган кара көз, ак жуумал келин баш бакты.

– Кел, келе бер! – деди Сыйнат жаш келинди көрүп.

– Эже, коңшу экенбиз. Жүрүңүз, чайлашып, кобурашып отуралы.

– Мейли. Барайын! – деп Сыйнат ордунан турду. – Ким болосуз? Кайсы жерден келдиңиз?



– Атым Өлмөсхан. Базар-Коргондон болом. – деди ал.

– Аа, Атабековасызбы? Билем, билем. Гезиттердин окуган элем – деди Сыйнат.

– Бирге жаткан шериктерим шаардагы туугандарына зыяратка кетишип, мен жалгыз калдым. Кошулуп баралы дегенине көнбөдүм эле.

Кичинекей үстөлдүн үстүндөгү дасторкондо тандыр нан, өрүк, мейиз, жаңгактар коюлуптур.

– Эже, памил чай демдейинби же көк чайбы? – деди Өлмөсхан.

– Көк чай эле демдеңиз. Мен ресторандан тамактанып келдим эле – деди Сыйнат.

– Аа, жакшы. Көк чай тамакты жүдаа аш кылат – деди Өлмөсхан.

Ал тез кыймылдап, чайнекти кайнак суу менен эки ирет чайкап, анан көк чайды салып, кайнак сууну куюп, чайнекти тасмал менен тумчулап ороп койду. Пиялаларды чайкап, тасмал менен кайра-кайра аарчыды. Сыйнат Өлмөсхандын кыймылына көз салып, «Азамат, абдан чапчаң, илбериңки экен. Тазалыгын айтсаң!» – деп суктанды. «Бул кыз кезинен тың чыгып, эмгекке бышкандыктан сөөгүнө сиңген экен» – деген да ой келди.

– Кана, эже! Тынчтык, ден соолук болсун деп дуба кылалы! – деп алаканын жайып бата кылды.

– Бизде ушундай, эже. Тамакка киришер алдында ушинтип жакшылык тилеп дуба кылышат.

– Аа, билем! – деди Сыйнат. – Согуштун алдында Сузакта жашаганбыз.

– Ээ, биз жакта болгон экенсиз да! – деп Өлмөсхан күлө сүйлөдү. – Көк чайга да ошондо көнгөн окшойсуз.

Сыйнат күйөөсү экөө Жалал-Абадда, Сузакта иштегенин, анан күйөөсү согушка жөнөгөндө Таласка келгенин шашпай айтып берди.

Өлмөсхан чайды пиялага жай куюп, Сыйнатка эки колдоп адеп менен сунду. Сыйнат нанды ооз тийип, ысык чайды акырын ууртап, Өлмөсханды сөзгө тартты.

– «Баатырдын даңкын алыстан ук, жаныңа келсе бир киши» дегендей, абдан чыйрак, элпек экенсиң. Жашыңдан эмгекке бышсаң керек.

– Ооба эже, атам пахта бригадири эле. Сейдикумда жети жылдык мектепти бүтүргөндөн кийин курбуларым менен «окууга барсакпы, же колхозго иштесекпи?» – деп ойлондук. Анда 1943-жыл эле. Мен жыйырма бир жаштамын. Согуш катуу жүрүп жаткан. Оокат тартыш. Кийгенибиз чыт же катек көйнөк. Согушка жарактуу эр азаматтардын баары майданга кетип, чарбадагы жумуштардын баары кары-картаңдардын, аялдардын мойнунда. Ушулардын баарын ойлонуп, жетинчини бүткөн 8 кыз макулдашып, колхоздун пахтасына иштейли деп чечтик. Бизге атам Атабектин бригадасынан 20 гектар жер бөлүп беришти. Кышы менен короолордон кык чогултуп, талаага чачтык. Жазында жер айдалаарда минералдык семирткичтерди бердик. Мунун баарын атамдын айтканындай иштедик. Ал киши өзү башында туруп, жерди терең айдатып, тегиздетип берди. Анан үч күндө 20 гектарды сээп бүттүк. Сепкичти өзүбүз карап, тегиз түшүп жатабы деп көзүбүздү алган жокпуз.

Анан пахтаны суюлттук. Кетмен менен чаап, минералдык жер семирткич берип, сууга кандырдык.



– Дасыккан пахтачылардай иштепсиңер да, – деди Сыйнат.

– Кичинекей чагыбыздан баарыбыз пахта арасында чоңойгонбуз да. Анан билбегенибизди чоңдордон сурап алабыз. Чуркап, жүгүрүп жүрүп иштейбиз. Ошентип түшүмүбүздүн көптүгүнөн араң жыйнап алдык. Элдин баары биздин ишибизге таң калды.

– Жаш болсоңор да жакшы иш кылган экенсиңер, – деди Сыйнат.

– Кийин атамдын ордуна бригадир болдум. Анан 1953-жылы раис кылып шайлашты.

– Раис болгонуңа эки жыл болуп калган турбайбы. Эмки ишиңер кандай?

– Мурда бригаддын иши менен алышсам, эми бүт колхозго жооп берип, жаным тынбайт. Бирок күн өткөн сайын көзүм каныгып, ишке кызыга баштадым. Колхозубуз азыр облустагы алдыңкылардын катарына кошулду.

– Абдан сонун! Эми республикадагы алдыңкы чарбалардын катарына кошулууга аракет кылуу керек.

– Ооба, эже, умтулуп жатабыз. Элге ыңгайлуу шарт түзүп, иштин көзүн таап, туура багыт бере алсаң кантсе да алар ишти, оор милдет болсо да жүзөгө ашыра аларыңа ишенем.

– Туура айтасың. Жетекчи уюштуруучу, камкор жана көсөм болсо эл анын аркасынан ээрчийт. Искак Раззаковдун эсеп баянын уктуң го. Баарын алаканга салгандай дааналап, ийгиликтердин да, кемчиликтердин да себептерин ачык-айкын айтып, келечектеги максаттарга жетүүнүн жолдорун көрсөтүп берди.

– Ой, эже, ал кишидей жетекчи болуу кайда?!

– Ар бир кишинин өз орду бар, сиңдим. Мына ошол ишиңдин өтөөсүнө чыгып, элден алкыш алып, сыйлыгына татыктуу болсоң жакшы эмеспи. Ал үчүн күндүзгү тынчыңды кетирип, түнкү уйкуңду бузуп тер төгүп эмгек кылуу керек. Өз көмөчүңө күл тартпай, «Эң мурда элде болсун, анан менде болсун» десең, мүдөөгө жеткениң ошол да!

– Ооба, эже, менин максатым да сиз айткандай. Ойлогонум эле чарбабыз байып, эл жакшы жашаса экен. Жаңы техникаларды алып, кол эмгегин азайтсак экен дейм.

– Чайга абдан кандык. Эми эс алсакпы дейм. Эртең сьезддин экинчи күнү, уйкуну кандырып алып, сергек олтурганыбыз жакшы го... – деди Сыйнат.

– Ооба, эже, ошентели! – деп макул болду Өлмөсхан.

Эртеси күнү сьездде Сыйнат өзү айткандай абдан сергек отурду. Чыгып сүйлөгөндөрдүн көбү мурдатан даярдап, жазып алгандарын окуу менен чектелишти. Актангандары да, мактангандары да болду. Ага атактуу кызылчачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Зууракан Кайназарова менен даңктуу саанчы, 1941-жылдан баштап Аламүдүн асыл тукум мал өстүрүү совхозунун директору Феодосия Афанасьевна Стрельникованын сөздөрү айрыкча жакты. Экөө тең кагазды карабай, дилиндеги ойлорун ортого салышты.

Зор денелүү, чоң ак жоолук салынган Зууракан эже салмак менен жай басып келип сөзүн баштады.

– Айланайындар, мен чоң окууну окуган эмесмин. Ошондуктан өз оюмду карапайым сөзүм менен эле айтып берейин, – деди Зууракан. Делегаттар дуу дей түшүп, эмне айтар экен деп тым-тым олтуруп калышты.



– Партия бизге бешинчи беш жылдык планды түзүп, алдыбызга чоң милдетти койду. Ошону жабыла иштеп аткарбайлыбы! Тиги-бу деген шылтоону коёлу. Азыр кээ бир министрлер бул жерден чыгып алып актанып жатышпайбы. Андан көрө жабышып иштеш керек. Кемчиликтерди жоюу керек.

Малчы малын билет. Дыйкан жерин билет. Жерди канчалык бапестеп баксаң; семиртсең, убагында айдап, убагында сээп, убагында сугарып, жакшылап карасаң, эч убакта алдабайт. Биз жыл сайын ар гектардан миңден миң бир жүз центнерге чейин түшүм алып келатабыз. Жамбашыбыз жерге тийбейт. Эси-дартыбыз мол түшүм алсак, эл алдында берген убадабызды аткарсак, жүзүбүз жарык болсо деген гана тилек!

Феодосия Афанасьевна Стрельникованын сөзү да эсте калды. Саанчыдан директорлукка көтөрүлгөн, 1941-жылдан бери «Аламүдүн» асыл тукум мал өстүрүү совхозун жетектеп, республикадагы алдыңкы чарбалардын катарына чыккан ишмер аял сөздүн ток этерин айтты.

– Мен да Зууракандай сөздү көпкө созбой айтайын. Бизде эмне көп? Чогулуштар көп. Али районго, али облуска, али республикага чакырышат. Сөз сүйлөнөт, чечимдер кабыл алынат. Анан анын көбү аткарылбай калат. Ошондуктан чогулушту азайтып, бизге иштөөгө мүмкүнчүлүк бергиле. Биз ар бир саанчы, койчу, кызылчачы, механизатор менен сүйлөшүп, алардын пикирин угалы, эмгекти уюштуруунун эң натыйжалуу үлгүсүн табалы, социалисттик мелдештин таасирдүүлүгүн арттыралы. Ар бир коммунисттин жоопкерчилигин көтөрөлү. Ошондо өндүрүшүбүз алдыга жылат.

Феодосия Афанасьевна совхоздун асыл турум мал чарбасынын абалына да токтолду.

– Бизде «Ала-Тоо» тукумундагы асыл уйлар багылып, ар саан уйдан жылына 4300 литрден ашык сүт саап алып жатабыз. Ал эми республика боюнча бул көрсөткүч эки жарым эсе төмөн. Эмне үчүн башка чарбаларда малды асылдандырууга тийиштүү көңүл бурулбай жатат? Эмне үчүн стандарттуу мал сарайлары курулбай жатат? Эмне үчүн көп чарбаларда тоют маселеси чечилбеген? Мына ушул кемчиликтерди жоюуга бардык күч-аракеттерибизди жумшап көрбөйлүбү? Менимче, аларды кадрлар маселесин чечүү менен жоюуга болот. Ар бир иштин башында чыныгы адис, ак жүрөк иштерман мекенчил кадр болсо кандай иш болсо да аткарылбай койбойт.

Сыйнат Зууракан менен Феодосия Афанасьевнанын сөздөрүнөн кийин эки залкар аялдын адамгерчилик сапаттарынын бийиктигине, ишке чын жүрөктөн берилгендигине, кайраттуулугуна суктанды. Ал экөөсү менен таанышып, пикирлешип, сырдашкысы келди.

Кечкурун делегаттар топ-топ болушуп ресторандарга, театрларга, кээ бирөөлөр шаардагы тааныштарына конокко жөнөшүп жатышты. Сыйнат Өлмөсхандын бөлмөсүнө баш бакты.

– Өлмөсхан, бошсуңбу?

– Бош элемин, эже.

– Анда Зууракан эженин бөлмөсүнө барбайлыбы? Таанышып, сүйлөшүп отуруп келебиз.

– Ыңгайсыз болбойбу, эже.

– Эмнеге ыңгайсыз болмок эле. Бүгүнкү сөзү менимче делегаттардын көпчүлүгүнө жакты. Ошону куттуктайлы. Кеп-кеңешин угалы.



Экөө баштыктарына жегилик аны-муну салышып, Зууракандын бөлмөсүнө жөнөштү. Жолдон Феодосия Афанасьевнанын бөлмөсүн сураштырышты эле, ал театрга кеткенин айтышты. Зууракан эже бөлмөсүндө радиодон берилген концертти тыңшап, креслодо отуруптур.

– Уруксат бекен, эже? – деди Сыйнат.

– Уруксат эмегенде, келе бергиле! – деди Зууракан.

– Саламатсызбы, эже! – деп учурашты Сыйнат. – Мен Таластан болом. Атым Сыйнат! – деди ал.

– Саламатчылык, синдим. Кана, орун алгыла.

– Саламатсызбы, эже? Менин атым Өлмөсхан. Жалал-Абаддын Сузагынан болом. – деди Өлмөсхан.

– Абдан сонун. Кана, отургула. Жай отуруп, жай-баракат таанышалы. Киши киши менен киши. Болбосо айбандан айырмабыз болбой калбайбы. Мен эми туруп чай коеюн. – деп Зууракан креслодон козголду.

– Жок, эже! Биз турганда Сизди кантип убара кылалы. Чайды өзүм эле кое салам! – деп Өлмөсхан электр чөөгүнгө суу куюп, токко сайды.

– Мейли, синдилерим, мейли! – деп Зууракан креслого ыңгайлаша жайлуу олтурду.

Чай кайнап, үстөлгө дасторкон жайылып, үчөө жайма-жай сөзгө кириштi.

– Эже, сьезддеги сөзүңүз бизге аябай жаккандыктан Өлмөсхан экөөбүз сизди куттуктап, эки-үч пияла чай ичип, таанышып, сүйлөшүп олтуруп кетели деп келдик, – деп сөз баштады Сыйнат. – Сиз эки заманды көргөн адамсыз. Менин атам сиз куралтуу эле. Көзү өтүп кетти. Анын эжеси, карындашы бар. Эжесинин аты Асел, карындашы Баян. Асел апам сизден эки-үч жаш улуу. Аны айылдагылар «гектирчи Асел» деп

коюшат. Анткени жыл сайын бир гектар тамеки алып аны жалгыз өзү багып, өстүрүп түшүмүн жыйнап берет. Укмуш кайраттуу киши. Жаш кезинде балбанга, эр сайышка да түшкөн экен.

– Оо, ал киши илгерки Сайкалдай экен да, – деди Зууракан.

– Ооба, бою узун, кең далылуу, куду сиз сыяктуу залкар киши.

– Жакшы экен. Ал кишинин бала-чакасы барбы?

– Эки кызы бар. Биринин аты Шарапат, бириники Бутай.

– Болсун, болсун! – деди Зууракан кубанып.

Анан Өлмөсханга кайрылып сурады:

– Өлмөсхан, сенин ата-энең барбы?

– Бар! – деди Өлмөсхан. – Атам Атабек пахта бригадасын башкарып жүрдү. Бул кезде карыды. Апам экөө тең пенсияда.

Зууракан Сыйнат менен Өлмөсхандын аны атайын издеп келишип, урмат көрсөтүшкөнүнө ыраазы болуп, катуу кубанды.

– Экөөңдү көрүп турам, – деди Зууракан, – экөөң тең Кеңеш өкмөтүнүн доорунда туулуп-өсүп, билим, таалимин алыпсыңар. Мен болсо караңгы доордо төрөлүп, билим менен ишим болгон жок. Кара жанды багуу менен убараланып, жалчы болуп күн көрдүм. Менден эмнени сурагыңар келет?

– Айтканыңыз чын, эже. – деди Сыйнат. – Биз билим алып, кат-сабатыбызды жойдук, көп нерсени билдик, үйрөндүк. Бирок турмуш мектеби түпсүз турбайбы. Сизге окшоп анын казанында кайнап, бышып чыккан кишинин айтканы алтындан артык эмеспи?!



– Түшүндүм, Сыйнат, сиңдим, түшүндүм! – деп Зууракан көзүн жумар-жуммаксан болуп ойлоно калып, боор үшкүрүп алды. Анан жайбаракат сүйлөдү:

– Байлардын улагасында курмушуга оронуп жаткан күндөрүм да болгон. Кийин эсейгенде отун алып, бир төөнүн жүгүн көтөрүп келип жүрдүм. Челектеп суу ташып, кир-когун жуудум. Ошондо да жылуу сөз укпай, ысык оокатка жетпей, кешик-кушук менен шорпо-шилеңге алымсынып калчумун.

Багыбыз бар экен. Заман оодарылды. Байлар айдалды. Анын чет жакасын силер да көрүп калдыңар.

– Ооба, эже, ошол байлар айдалганда мен он бирге келип калгам, – деди Сыйнат.

– Мен анда алтыда экенмин, – деди Өлмөсхан.

– Анан эл чакан-чакан топ болуп жер айдап, мал бага баштады. Анан аларды колхозго бириктирди. Анан кызылча чыкты.

– Мурда айдалган эмес беле? – деди Өлмөсхан.

– Мурда буудай, арпа, тару айдалчу. Кызылча дегенди эл билчү эмес.

– Анан кантип түшүм алуу жагынан кыска мөөнөттө эле Союз боюнча алдыга чыга алдыңыздар? – деди Сыйнат.

– Кызылча багуу өтө түйшүктүү иш, – деди Зууракан. – Керели кечке талаалап, белиң уюп, колуң жооруп, терге чыланып жүргөнүң жүргөн. Мына ушундай мээнетке чыдагандар гана ийгиликке жете алышат. Анан жерди бапестеп багышың керек. Биз алгач кыкты капка салып, көтөрүп ташыдык. Анан араба менен, азыр болсо машина менен ташыйбыз. Кызылча кылдай болуп чыгат. Аны суюлтасың, чабасың, сугарасың. Ба-

лаңды баккандай багасың. Анын тамырлары бир метр тереңдикке жетет.

Пахтанын түйшүгү да ушундай оор, – деди Өлмөсхан.

– Дыйкандардын ишинин жеңили жокко дейм. Тамекиде иштөө да жеңил эмес! – деди Сыйнат, – Кептин баары иштин көзүн билүүдө жана жан аябай иштөөдө! Ошондуктан эже Баатыр болду да.

– Сыйнат туура айтат. Мен өзү башынан эле кайсы иш болсо да майын чыгара иштечүмүн.

– Кызылча багууну үйрөнүп алгандан кийин анын түшүмүн көбөйтүүнүн сырын да биле баштадык. Анан украиналыктар алдыңкы орунду бербей келе жатканын укканда, намысыбыз козголуп, атаандашып көрөлү дедик. Ошентип алдыга чыктык!

– Ошондо бир гектардан канчадан түшүм алдыңар? – деп кызыга сурады Өлмөсхан.

– 1947-жылы 15 гектар кызылчанын ар гектарынан 971, 5 центнерден алып бердик.

– Рекорддук түшүм болуптур! – деди Сыйнат.

– Кандай бактылуусуз, эже! – деди Өлмөсхан. – Сизге окшоп байларга жарды, жалчы болуп иштегендер көп болгон чыгар. Бирок алардын көбү баш көтөрө албаган момун, карапайым болгондуктан өз мээнеттеринин үзүрүн көрө алышпады.

– Анын ырас, сиңдим. Алар бай-манаптарды, бийлерди байытты. Карапайым элдин бактысын Кеңеш Өкмөтү ачты. Ишиңе жараша акыңды аласың, жакшы иштесең, сый көрөсүң. Мени 1937-жылы СССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлашты. 1948-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамды беришти. 1939-жылы Москвадагы Бүткүл Союздук



айыл-чарба көргөзмөсүнүн алтын медалын алдым. Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп көп жылдардан бери шайланып келатам. Мындан артык кандай сый болсун! Анан кантип иштебей коесуң! – деп Зууракан сиңдилерин жылмая карады.

Үчөө далайга чейин чай ичип, сүйлөшүп чер жазышты. Кайтаарда Зууракан экөөнүн колдорун кыса кармап, айкалыша көрүшүп маңдайларынан өптү:

– Кайсы ишти болсо да капшыра кармап, майын чыгаргыла. Ошентсеңер, силер да мага окшоп Баатыр болосуңар! – деп жылмайды.

## ОН ТОГУЗУНЧУ БАП

Сыйнат Фрунзеден, партиянын VII съездине катышып келгенден кийин катуу өзгөрүлдү. Ал съезддин президиумунда республикага атагы чыккан коомдук ишмерлер, эмгектин алдыңкылары менен бир катарда олтурду. Атактуу кызылчачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Зууракан Кайназарова, көп жылдар бою республика боюнча эң алдыңкы саанчы болуп жүрүп, «Аламүдүн» совхозунун директорлугуна көтөрүлгөн Стрельникова жана пахта өстүрүү жагынан атагы чыгып, алгач звенону, анан бригаданы башкарып жүрүп, колхоздун жетекчилигине шайланган, азыр колхозун облус эмес, республикадагы алдыңкы катарга чыгара алган Өлмөсхан Атабекова менен таанышып сырдашуу ага көп нерселерди берди. Алардын ар биринин кулк-мүнөзү, жаш курактары ар башка болгону менен ишке, эмгекке, коомго болгон мамилеси окшош болуп чыкты. Иш дегенде ишкен ашын жерге койгон, абдан

намыскөй, убадага бекем, элге боорукер, өтө кайраттуу адамдар экен. «Ушундай асыл адамдардын катарында президиумга шайланганыма шүгүр» – деп ойлонду Сыйнат, – демек райондо жакшы жылыштар бар, аны Борбордук Комитеттегилер байкап, мага дем берип жатышат. Эми мурдагыдан да мыкты иштешим керек. Аны үчүн ар бир ишти алдын-ала терең изилдеп, үйрөнүп, көзүң жеткенде гана катуу талап коюп, үзгүлтүксүз көзөмөлдөп, багытты көрсөтүп, жетекчилик кылуу зарыл».

Эмгекчилер депутаттарынын райондук комитетинин президиумунун отурумдарында экономикалык, социалдык жана башка маселелер күн мурунтан дыкат даярдалып, ар тараптан талкууланып, иштиктүү, калыс чечимдер чыгарыла турган болду. Ал чечимдердин аткарылышына айрыкча маани берилип, иш жүзүндө текшерилип, тастыктала тургандыктан айылдык кеңештер, чарбалардын, ишканалардын жетекчилери мурдагы кенебестиктеринен арыла баштады. Кыш мезгилинде өткөрүлгөн сугатчылардын, механизаторлордун атайын окууларын президиумдун мүчөлөрү бай-ма-бай көзөмөлдөп турушкандыктан көп чарбаларда ийгиликтүү өттү.

Жазында айыл-кыштактарды көрктөндүрүүнүн бир айлыгы жарыяланды. Бул чечимди кабыл алуудан мурда райондогу көчөт өстүрүү чарбасынын жетекчисин кабыл алган Сыйнат, чарбада кандай дарактардын канча көчөтү даяр экенин сурап, аларды кайсы айылга, кайсы кыштакка канча санда бөлүштүрүү, мектептердин, ооруканалардын, дарыканалардын, мекемелердин алдына канчасын отургузуу зарыл экендигин так эсептеп чыгууну тапшырды.



Кийин президиумдун отурумунда бардык жетекчилерге кайрылып: «Отургузула турган көчөттүн ар бири көгөрүп, өсүп-өнүшү үчүн өзүңөрдүн балаңарга кандай камкордук көрсөңөр, дал ошол сыяктуу мамиле жасагыла. Анткени бул көчөттөр кичинекей уруктан, данектен, чырпыктан өнүп, далай мээнет жумшалып өстүрүлгөн. Өз убагында сугарылбаса, жумшартылбаса, отоо чөптөрүнөн арылбаса, мал араласа, куурап, сынып жок болот. Билип койгула! Ар бир көчөт үчүн жооп бересиңер, мен жеке өзүм үзгүлтүксүз көзөмөлдөп турам!» – деп эскерткен.

Ал айткан убадасын аткарды. Кандай маселе менен кайсы айылга барбасын, кайсы кыштакка бокыдырып чыкса да барган айылы болобу, кыштагы болобу, жаңы отургузулган көчөттөрдүн өнгөн-өнбөгөнүнө, каралып-каралбаганына көз салып, ага кайдыгер карагандарды катуу жемелеп, ишти тез арада оңдоону талап кылды.

Апрелдин этегинде райондун эмгекчилеринин жылдык социалисттик милдеттенмелерин кабыл алуу кеңешмесин өткөрүү болжолдонгондуктан райондун экономисттери алдын-ала эсеп-кысаптарын жүргүзүшүп, аны райкомдун бюросу менен аткаруу комитетинин президиумунун биргелешкен отурумунда талкуулашты.

Райкомдун бюро мүчөлөрүнүн айрымдары милдеттенмелердин көбү былтыркы жылга караганда бир топ жогорулатылгандыгын, аны аткаруу кыйын болорун айтып, аларды төмөндөтүүнү сунуш кылышты. Муну райкомдун биринчи катчысы Осмоналы Сооронбаев да колдоп чыкты.

– Чарбалардын көбү чабал. Биз жогорулатылган милдеттенмелерди кабыл алып, анан аткара албай уят

болуп жүрбөйлү. Ошондуктан алыбызга карап, чак-тап кабыл алалы. Көп көрсөткүчтөрдү төмөндөтөлү! – деди ал.

– Мен жолдош Сооронбаевдин пикирине кошула албайм! – деди райондогу алдыңкы Калинин атындагы колхоздун башкармасы Толстунов Василий Иванович, – экономисттер реалдуу эсептешиптир. Биз жыл сайын бир кадам болсо да алдыга жылышыбыз керек эмес-пи. Алар эки кадам алдыга жылууну болжолдошуп-тур. Эгер баарыбыз жалкоолукту коюп, ички резервди таап, аларды билгичтик менен колдончу болсок жаңы чектерди багынта алабыз.

Толстуновдун сөзүн Киров атындагы колхоздун башкармасы Улизко да колдоду.

– Быйыл облустагы алдыңкы район болууга аракет кылып көрбөйлүбү, – деди ал, – дайыма ортодо жүрө-бүз, кээде айрым көрсөткүчтөр боюнча артта да калып калабыз.

Эки башкарманын сөзүнөн кийин мурда каршы бо-луп жатышкан бюро мүчөлөрү да, райкомдун биринчи катчысы Сооронбаев да унчукпай, ойлонуп калышты. Сөз ыңгайы келгенин байкаган Сыйнат ордунан турду.

– Биз үч нерсени ойго албай жатабыз! – деди ал. – Биринчиден, айыл чарбасы мурдагы жылдарга кара-ганда жаңы кубаттуу, өндүрүмдүү техникалар менен толуктала баштады. Минералдык жер семирткичтер менен камсыз болуп жатабыз. Экинчиден, урматтуу Василий Иванович Толстунов айткандай, ар бир чар-бада пайдаланылбай жаткан ички резервдер бар. Ми-салы, органикалык жер семирткичтер көп чарбаларда натыйжалуу пайдаланылбай келе жатат. Эске албай жаткан үчүнчү нерсебиз элдик демилге бизде абдан



күчтүү. Ар бир чарбада, мейли, тамекиде болсун, мал чарбасында болсун, эгинчиликте болсун, облус эмес, республиканын алдыңкылары менен теңтайлаша алчу мыктыларыбыз көбөйө баштады. Мына ошолордун де-милгелерин колдоп, башкаларды үндөчү болсок, кан-дай милдеттенме болсо да аткара алабыз деп ойлойм. Алдыга чоң максат койбой туруп, чымыркана иштебей туруп, кантип алдыга барууга болот?

– Макул, макул, Сыйнат Садыковна! Бул милдет-тенмени кеңешмеге талкуулга салып көрөлү. Ошондон кийин алымча-кошумчасы болор – деди Сооронбаев. – Бирок эсиңизге салып коёюн. Бул милдеттенмени ке-ңешме кабыл алып, колдоочу болсо, анда баарыбыз түн уйкудан безебиз!

– Мен ага даярмын, Осмонаалы Сооронбаевич! – деп күлүмсүрөдү Сыйнат.

Кеңешме Сыйнат күткөндөн да активдүү өттү. Ра-йондун алдыңкылары атаандашып, биринен бири өтүп, чоң убадаларын берип жатышты. «Жоон-Дөбө» совхо-зунун чабаны Төлөбек Досбергенов ар жүз тубар кой-дон 130дан төл, ар бир койдон 4,5 килограммдан жүн кыркып берүүгө милдеттенди. Ушундай эле милдеттен-мени Фрунзе атындагы колхоздун чабаны Жанузакова Алматай да алды.

– Малчынын жумушу оор, биз дем алуу дегенди билбейбиз. Жай саратаны болобу, кышкы чилденин аязы болобу, же көз ачырбаган жааны, бороон-чапкы-ны болобу, күнү-түнү дебей малдын кашында болобуз. Чынымды айтсам, биз, дыйкандар камдап берүүчү жеп-чөпкө да муктажбыз. Эгер алар түшүмүн көбөйтүү үчүн бел чечпей иштеп беришсе, биздин убадабыз да аткарылат, – деди Төлөбек Досбергенов.

Социалисттик Эмгектин Баатыры, Калинин атындагы колхоздун тамекичилик бригадасын башкарган Д.Гребещенко 42 гектар тамекинин ар гектарынан 18 центнерден түшүм аларын айтса, Сталин атындагы колхоздун тамекичилик бригадирлери Түкөш Султаналиев жана Ашырбүбү Карабаева 20 центнерден түшүм алууга милдеттеништи.

– Сиздин сөзүңүз чын чыкты, Сыйнат Садыковна, баары чоң убадаларды берип жатышат. Кеңешмени мен ачтым эле, эми өзүңүз жыйынтыктап коюңуз, – деди райкомдун биринчи катчысы Осмоналы Сооронбаев.

– Макул! – деп Сыйнат сөздү алыстан баштап, партиянын съезддеринин, Борбордук Комитеттин Пленумдарынын айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча чечимдерин аткаруу боюнча милдеттерди айтты.

– Биз бүгүн чоң милдеттенмелерди алдык. Аны ишке ашыруу үчүн жабыла иштөөбүз керек. Ансыз ийгилик жаралбайт. Дыйкан мол түшүм өстүрүп, жем менен чөптү көп даярдап берсе малчынын малы семиз багылып, төлү да көп болот. Ал үчүн механизатор жерди терең айдап, үрөндү тегиз сээп, түшүмдү коромжусуз жыйноосу керек. Көрдүңүздөрбү, иштин баары бирибирине тыгыз байланышкан. Мына эми күн жылып, жер тоборсуру менен каналдарды тазалап, арыктарды чабуу керек. «Ыйлап жүрүп арык чапсаң, ырдап жүрүп суу сугарасың» деген макал бекер айтылган эмес. Кышы менен техникаларды оңдоп, соколорду, сепкичтерди жөндөп койгон камбыл чарбалар жазгы кош айдоону эрте баштап, эрте бүтүшөт. Азыр тамеки парниктеринде көчөттөр жакшы багылып жатат. Айыл чарба адистери, чарбалардын жетекчилери ар бир жумушту



бири-бирине бастырбай өз убагында бүтүрүү үчүн ишти уюштура билүүсү, үзгүлтүксүз көзөмөлдөөсү зарыл. Элдик демилгенин, социалисттик мелдештин күчүн эстен чыгарбагыла. Звенолор, бригадалар, фермалар, чарбалар бири-бири менен атаандашып, намыстанып иштешсе, ийгилик жаралбай койбойт.

Эл өзүнүн сөзүн абдан кунт коюп укканын сезген Сыйнат «туура сүйлөптүрмүн» деп ичинен кубанып калды.

Социалисттик милдеттенме кабыл алынган кеңешмеден кийин Сыйнат бир нече чарбалардын сугат тармактарын кыдырып чыкты. Фрунзе атындагы колхоздун башкармасы Кирилл Афанасьевич Сахно менен Кара-Буура суусунан кайрылган Саркул арыгын чабышкан элдин ишин көрүштү. Арыкка чыккан жүздөй киши, кары-жашы дебей демдүү да шаңдуу. Арык боюна тигилген эки чатырдагы ашпозчулар эки чоң казанга жарма жасашып, самоорлорго чай кайнатып, эки келин тезек каланган казандардын бирине нан жаап, экинчисин отко калап кызартып жатышкан экен.

– Бали, бали! – деп сүйүндү Сыйнат. – Бул арыкка Кара-Бууранын жарым суусу баткыдай го! Заңгырата чаап жатыпсыздар. Ишиңер илгерилеп, түшүмүңөр артыла берсин!

– Айтканыңыз келсин!

– Жакшы тилегиңиз үчүн ыракмат! – дешип арыкчылар шаңдуу жооп беришти.

Кара-Бууранын сол жээгиндеги Сарымсак арык, Кытай арык, Баарын арык, Жал арыкта да Киров атындагы, Сталин атындагы колхоздордун эли жапырт чыгышып, көңүлдүү иштеп жатканын, колхоздун бүт

активдери иш башында экенин, бул жерлерде да тамак-аш жакшы беленделгенин көргөн Сыйнат иш оңунда баратканына төбөсү көккө жеткендей болду. «Эл ушул деминен жазбаса, быйылкы күз абдан берекелүү боло тургандай» деп ойлонду Сыйнат.

Ал кош айдоо башталары менен Киров МТСинин директору В.А.Малькова менен бирге чыгып, жердин терең жана тегиз айдалуусун, аны тегиздеп тапталгандан кийин гана үрөн себүүнү көзөмөлдөп бригададан бригадага өтүшүп, механизаторлор менен чын дилден сүйлөшүп, түшүмдүн ачкычы алардын колунда экенин айтып жүрүштү.

Алар Сталин атындагы колхозго келгенде эки трактордун жер айдап жүргөнүн көрүштү. Малькова айдоонун тереңдигин бир нече жерден өлчөп, анан сызгычын папкасына салып койду.

– Тереңдиги канчадан экен? – деп сурады Сыйнат.

– Нормада. Жыйырма бештен – деди Малькова.

Эки трактор ээрчишип, алардын жанына келип токтошту. Кабинадан ыргып түшкөн, маңдайы жарык, жапалдаш бойлуу чымыр жигит, тиштерин кашкайта күлүп:

– Саламатсызбы, эже! – деп колун сунду.

Сыйнат анын карылуу, майлуу колун кыса кармады.

– Мырзансыңбы? – деди Сыйнат.

– Ооба, эже, Мырзанмын.

– Тиги шеригиң ким?

– Ал Собур.

– Ап, баракелде! Экөөң тең иним турбайсыңарбы. Ден соолугуңар кандай? Кем-карчыңар жокпу? Ысык тамак берилеби?



– Баары жакшы, эже! Жерди кургай электе айдап бүтөлү деп күнү-түнү эки смен менен иштеп жатабыз.

Аңгыча узун бойлуу, зор денелүү Собур салам берип келип калды.

– Ии, Собур иним, сак-саламатта жүрөсүңбү? Ишиң кандай?

– Ишибиз да, ден соолугубуз да жакшы, эже! – деди ал.

– Я вижу оба они прекрасные механизаторы. Отличные работники! – деп мактады В.А.Малькова.

– Мына, силерди МТСтин директору мактап жатат. Айдооңор терең да, тегиз да экен. Топурактар үбөлөнүп түшүп жатат. Эгер калган жумуштар да ушундай тартип менен аткарылса түшүм жаман болбойт! – деди Сыйнат.

– Биз тракторлорубузду кышында МТСте оңдоп-түзөп, атайын окуудан да өткөнбүз, эже! – деди Мырзан.

– Да, да! Я помню этих симпатичных парней. Они хорошо усвоили уроки! – деп кубаттады Мырзандын сөзүн В.А. Малькова

Сыйнат күн сайын чарбаларды кыдырып, кайракы жана жаздык эгиндеринин, кара жана кызыл бobserved делердин үрөндөрүн себүүнүн жүрүшүн агрономдор, бригадирлер, звено башчылары менен кошо көзөмөлдөөнү адат кылып алды. Кээде чарбалардын башкармаларын, айылдык кеңештердин төрагаларын да кошуп алат. Көзөмөл канчалык катуу болсо, тартип да ошончолук бекем сакталып, анын натыйжасы да жакшы болорун билгендиктен Сыйнат убакыт менен эсептешпей, жанынын кыйналганына да кайыл болду. «Айдап-себүүнү ойдогудай жүргүзүп алсак, калган иштерине чыдайбыз. Эң башкысы – мол түшүмгө жетишүү. Анан

кырманга кызыл толгондо – эл өз мээнеттеринин текке кетпегенин көрөт да ийгиликтин ачкычы – иштин көзүн билүү экенине ишенип, дайыма ошентип иштөө керектигин түшүнөт» деген ой ага дайыма дем берет.

Жаздык эгиндер себилип бүткөн жаз күндөрүнүн биринде Сыйнат адаттагыдай кызматка эртерээк келип, үстөлдүн үстүнө коюлган кат-кабарларды, газеталарды карап олтуруп, райондук «Сталиндик туу» гезитинен Тельман атындагы башталгыч мектебинин мугалими Ашымбек Шыйкымбаевдин жазган макаласына көңүл бурду. Ал колхоз уюшулуп, эл отурукташкан 30-жылдардан ушул кезге чейин айылда таза суунун жоктугун, эл кышында карды эритип, жайкысын эгинге келген ак сууну тундуруп ичерин, калган мезгилде айылдын ортосунда казылган ооутта сакталган сууну ичүүгө мажбур экендигин жазып, ушул маселеге райондун жетекчилери жардам берсе экен деп сураныптыр.

Бул макала аны катуу түйшүккө салды. «Кантип жардам берүү керек? Эмне кылуу керек?» – деген суроолор тынчын алып, көпкө чейин ойлонуп отурду. Бир кезде айылдашы Жумабай карыянын кемпири Сейне апанын айтканын эстеди. Сейне апа илгери дал ушул макалада аталган айылга келин болуп түшкөн экен. Өзүнүн төркүнү Кара-Бууранын оозундагы айылдан. Ал жаш кезинен Кара-Буура суусунун жээгинде өсүп, тунук сууга бетин жууп көнгөн эле. Бир күнү аны кайненеси суу алып кел деп жумшайт. Ал суу издеп, сайдан сайга өтүп, эч жерден таппай куру келет. «Сууң кана?» – деп сурайт кайненеси. «Издеп таппай койдум» – дейт Сейне. «Оoутту көргөн жоксуңбу?» – дейт кайненеси. «Сасык көлчүкпү?» – дейт ал. «Ошол



оoут. Биз ошондон алып ичебиз. Бизде аккан суу да, булак да жок!» – дейт кайненеси. Сейне апа оoутка барып, челеги менен сузса, курттар быжырайт. Сууну албай кайра келсе, кайненеси «Казы илеки алып барып, сузуп алып кел» деп кайра жиберет. Анан ошол суудан чай кайнатып ичишет. Эртеси күнү анын тамагы шишип ооруп жатып калат. Анан эки-үч күндөн кийин оңолот да, түндө туруп алып өзүнүн төркүнүнө качып келет. Аны издеп келишет. Бирок ал кайра барбай, коңшу айылга күйөөгө чыгат.

Сыйнат көпкө ойлонуп отуруп, «Барып, эл менен акылдашып көрөйүн» деп чечти да, чоң шашкеде машинасын айдатып, Тельман айылына жетип барды.

– Мектепке айда! – деди ал айылга киргенде айдоочуга.

Мектептен макаланын ээси Ашымбек Шыйкымбаевди тапты.

Ашымбек Сыйнатты көрүп чочуй түштү.

– Саламатсызбы, эже! – деп ал башын ийкеп саламдашты. Үнү калтаарый чыкты.

– Саламатчылык! – деп Сыйнат жайдары карады да, чөнтөгүнөн бүктөлгөн гезитти алып, жазып көрсөттү.

– Бул макаланы өзүң жаздыңбы?

Ашымбек райондук гезитке жиберген макаласынын чыкканын көрүп, иштин маанисин түшүнүп, жүрөгү ордуна келди.

– Ооба, эже! Көпчүлүк элдин өтүнүчүн жазгам.

– Жакшы кылыпсың. Мен гезит колума тиери менен окуп чыктым. Элди чакыр, жайбаракат сүйлөшүп, акылдашып көрөлү. Көпчүлүктүн пикирин угалы. Карыяларды да, жаштарды да, аялдарды да чакыргыла.

– Болот, эже! Заматта чакыра коебуз. Сиз мугалимдердин бөлмөсүнө кирип олтура туруңуз. Мен бош мугалимдерди, үч-төрт окуучуну алып төрт көчөнү түгөл кыдырып чыгабыз! – деди Ашымбек бапырандап. Ал өзүнүн, жалпы айылдыктардын көкүрөгүндө көп жылдардан бери өйүп жүргөн маселе бүгүн эле чечиле кала тургансып сүйүндү.

Жарым сааттай убакыт өткөндө мугалимдер бөлмөсүнө Ашымбек кирип келди:

– Эже, эл чогулуп калды. Жүрүңүз!

Ат сарайдын үстү жагындагы дайыма чогулуш өтүүчү дөңсөгө эл толуп калыптыр. Эң алдыңкы катарда тебетейчен, калпакчан карыялар чоң чапандары менен күпсүйүшүп малдаш токунушуп, өткөн-кеткенден кеп козгошуп, алардан кийин элечекчен энелер, жаш келиндер олтурушат. Жаштар тикелей турушуп, арт жакта атчан тургандар да бар.

Элдин алды жагына кызыл мата жабылган үстөл коюлуп, үч-төрт орундук турат.

Сыйнат көпчүлүккө салам айтып, алдыңкы катардагы карыяларга кол берип учурашты. Баары өзү кичинесинен көрүп жүргөн, атасы катар кишилер эле.

– Оо, өзүбүздүн кызыбыз келген турбайбы! – деп Баймат карыя күлүндөдү.

– Кайран Садык, күпүлдөгөн кандай сонун киши эле. Кызынын ушундай даражага жеткенин карабайсыңбы?! – деп Дүйшөбай карыя адатынча быдылдай сүйлөп, жанындагы Сыйдалы карыяга кылчайды.

– Кантебиз?! Тагдыр да! – деп чүйлүсү буртуйган, эткел Сыйдалы карыянын кабагы салаңдап күрсүнүп койду.

Жыйынды Бакыракай карыя башкарды.



– Туугандар!.. – деп Бакыракай чогулган эл тынчтангыча карап турду. Бири-бирин «Шүк! Тынч! – деп түрткүлөшүп, көңүл буруп калышты.

– Биз көп жылдардан бери сууга зарбыз. Эки жакка көп чыгып жүргөндөр билет. Бу жайкалган кең Таластагы айылдардын көбү тоодон түшкөн тунук суулардын боюна жайгашса, айрымдары жерден чыккан кара суулардын жээктерине же булактуу сайлардын бойлорунда. Биздин айылда ал да, бул да жок. Жалгыз ооутубуз бар. Андан малыбыз да, итибиз да ичет. Кышында кар эритип ичсек, жайында ак сууну тундуруп ичип жүрөбүз. Ачкалыкты көрдүк. Согуштун азабын тарттык. Кудайга шүгүр, эми турмушубуз оңоло баштады. Элибиз өстү. Бирок дагы эле ичкенибиз ооут. Кызмат боюнча районго каттайбыз, базарына барабыз. Ошондо баратып да, келатып да, Чымкент айылынан өтүп, боор-боордон чыккан кайнар булактарына, сай менен шаркырап аккан кара суусуна суктанып шилекейибиз агат. Жата калып суусунан шимирип-шимирип алабыз.

Эл Бакыракайдын сөзүнө муюп, «туура айтат», «ак сөз» деп шыбырашкандар болду.

– Эми суу маселесин чече алабызбы? Кудуктарды казабызбы? Же суулуу жерге көчөлүбү? Мына ушуларды акылдашалы. Ой-пикириңерди, сунушуңарды тартынбай айткыла! – деди Бакыракай.

– Кана, ким чыгып сүйлөйт? – деп Бакыракай экиүч ирет кайталаса да, эч ким унчукпады. Анан Бакыракай Осмонкул карыяга кайрылды.

– Осоке, көп жыл башкарма болуп жүрдүңүз. Иштин көзүн жакшы билесиз. Кандай кылабыз? Топту сиз бузуп бербесеңиз болбой калды.

Коюу кашы көзүнө түшкөн, сакал-мурутун ак аралаган олбурлуу карыя ордунан туруп, эл алдына чыкты.

– Туугандар! – деп Осмонкул карыя каргылданган үнү менен сөз баштап, бир аз тыным алды да – биз баарыбыз өтө бир кыйын абалда турабыз. «Өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат» деген макалды билесиңер – деди. – Төрт көчөбүздүн ар биринен экиден кудук казып алсак болоор эле, бирок ал кудуктардан суу чыгар-чыкпасы белгисиз. Казган кудугубуздан жаздын күнү чыкканы менен жай, күздө тартылып, соолуп калат. Анда сууну кайдан алабыз? Кара суулуу жерге көчүп барсак дейсиңер. Бөтөн эл, бөтөн жерге кантип батабыз? Там-таш салуу оңой дейсиңерби? Киндик каның таамп, кириңди жууган жерди кимиңер кыя аласыңар?!

Осмонкул карыя башын ылдый салып, акырын келип ордуна олтурду.

– Осокем туура айтты! Эч жакка көчпөйбүз. Канча жылдардан бери өлбөй-житпей эле жашап келатабыз го? – деп бакыра сүйлөдү Баймат карыя.

– Сыйдалы, сенин пикириң кандай? – деди Бакыракай. Сыйдалы көлбүгөн боз чепкенинин өңүрүн кымтып жерди ныктай басып ортого барды.

– Менин пикирим эки карыянын пикиринен башкача, – деди ал күрүлдөгөн үнү менен элдин баарын өзүнө каратып. – азыр элдин турмушу оңолуп калды. Көп айылдарда бакса менен курган эски тамдарын бузуп кыш куюп, төрт-беш бөлмөлүү тамдарды сала баштаашты. Аларды илгеркидей кылып саман же камыш менен жаппай, шиферлеп жатышат. Ичине кирсең, дубалдары биздикиндей ийри-буйру эмес, күзгүдөй аппак. Тим



эле көзүң уялат. Таманына тактай төшөп, жалтырата сырдап коюшкан. Айнектери чоң, жарык. Биздикиндей төөнүн көзүндөй эмес. Азыр кудайга шүгүр, бала-чака өстү. Келин алып, небере күтө баштадык. Аларга биздин тамдар тар болуп калды. Анан ушинтип жашай беребизби? Биз ошол жаңы сала турган тамыбызды район макул болуп, суулуу жаңы жер берсе, ошол жерге салбайлыбы?!

Жаштар турган жактан:

– Сыйдакемдики туура!

– Акыйкат сөз! – деген сөздөр угулду.

– Мага сөз бериңизчи? – деп Ашымбек ордунан тура келди.

– Сөз мугалим Ашымбек Шыйкымбаевге берилет. – деди Бакыракай.

– Мен Сыйдакемдин сөзүн колдойм! – деди Ашымбек. – Өзүңөр ойлоп көргүлөчү. Биздин балдар төртүнчү классты бүткөндөн кийин кайсы айылга барып окусам деп башын катырат. Бири таяне-таятасын паалап, Көк-Сайга, бири жездесиникине жүрөм деп Жоон-Дөбөгө, бири жек-жааттарын ойлоп Бакайырга барса, көпчүлүгү коңшу турган Чымкент айылындагы жети жылдык мектепке барат. Аралыгы жети-сегиз чакырым. Кышкы аязда, жазгы жаан-чачын, тумандуу күндөрдө жаш балдар көк муштум болуп калтырап-титиреп барып келишет. Шарты келишпеген көп балдар, кыздар окууларын уланта албай калып калышат. Үч колхоз биригип, борборубуз Чымкент айылы. Колхоздун башкармасы, айылдык кеңештин мекемеси, почта баары ошол жерде. Ал жакка бизден көп активдер барып-келип иштеп жүрүшөт. Бухгалтерия да Чымкент айылында. Колхозчулар эмгек акыларын алуу үчүн

кассага, же кампага барышат. Биздин тегирменибиз да жок. Чымкент айылында кара сууга салынган үч тегирмен бар. Баарыбыз жөө-жалаңдап, же эшек, атыбызга минип алып ун тартып кыйналып жүргөнүбүз жалганбы?

Эки-үч жыл болду, Чымкент айылынын үстүндөгү Терең коону буушуп, көл жасашып, айылдын жогорку жагындагы жүз гектардай талаага суу чыгарып алышты. Ошол жаңы арык менен Чымкент айылынын аралыгындагы жерге орношууга бизге райисполком чечим чыгарып берсе, татынакай жаңы айыл болор эле.

– Жаңы жерден көчө тилип беришсе, барабыз! – деп артта тике турушкан, атчан жаштардын арасынан бирөө кыйкырды. Аны колдогон бир топ жаштар:

– Барабыз анда! – дешти.

Сыйнат чогулган элге баятан бери көз салып, кимдин кандай ойдо экенине, кимдин макул, кимдин каршы болгонуна, ким кайсы тарапка кошуларын билбей, маселе кандай чечилер экен деп күтүп мелтирегенин байкап отурду. «Аялдардын бири да пикирин ачык айтышпады, уялышып жатабы, же тартынышабы» – деп ойлоп, Бакыракайга бирдеме шыбырагандай болуп, анан аялдарга кайрылды:

– Энелер, эже-сиңдилер! Баятан бери бир топ карыялар, жаштар «суу маселесин кантип чечебиз?» – деп ойлорун ортого салып жатышат. Бул маселе боюнча сиздердин оюңуздар кандай? Анткени тамак-ашты жасаган, кир-кокту жууган сиздерсиздер. Мунун баары суу менен болот эмеспи?

– Ырас айтасың, сиңдим! – деп кыймылы чапчаң, арыкчырай ак жоолукчан аял күмүш чолпуларын шыңгыратып басып келди:



– Суусуз жашоого болобу, айланайындар. Ушул убакка чейин ооуттун суусун айласыз ичип келдик. Эми суулуу жерге көчүп барууга мүмкүндүк болуп жатса эмне үчүн барбайлы, барабыз. Биз деле башка айылдагылардай таза суу ичсек болбойт бекен?!

– Барабыз, Малике, барабыз. Барбайбыз дегендер Казырынча тура турушсун! – деп отурган жеринен Кадыралынын Кубанычы кыйкырды. Аны Муса, Кадыр, Жуматай колдошту.

– Маселенин жагдайы белгилүү болду окшойт – деди Бакыракай, – эми сөздү райаткомдун төрайымы Сыйнат Садык кызына берели.

– Кымбаттуу туугандар, илгеркилер айткандай, «Ийри олтуруп, түз кеңештик» – деди Сыйнат, – көпчүлүктүн пикири белгилүү болду. ВКП (б) Борбордук Комитетинин 1950-жылдын май айындагы токтомуна ылайык бүт өлкө боюнча майда колхоздор ирилештирилди. Сиздер коңшулаш үч колхоз бир чарба болуп ынтымак менен иштеп жатасыздар. Мал малга кошулуп, жан жанга кошулуп, акылдашып, атаандашып иштегендиктен мурдагы жылдарга караганда абалыңар жакшырып баратат. Мен сиздердин талабыңыздарды райкомдун бюросунда билдирем. Бюро макул десе, райаткомдун президиуму колдосо, сессия чечим чыгарса, жаңы айылга көчө тилдирип беребиз. Жогорку органдар, тийиштүү министрликтерге кайрылып курулуш материалдарын камсыз кылууга аракеттенебиз. Эч кимди мажбурлабайбыз, каалагандар көчүп барышсын. Калинин атындагы колхозго беш майда чарба кошулду. Алар өздөрү жайгашкан жерлеринде эле жашап жатышат. Айрымдары гана Грозный айылына көчүп барышты. Бул иште шашып, дүрбөлөңгө түшүүнүн

кереги жок. Ар кимиңер колхоздогу өз ишиңерди мурда кандай аткарган болсоңуздар, эми андан да мыкты аткара бересиздер.

## ЖЫЙЫРМАНЧЫ БАП

Сыйнат таң ата туруп, жуунуп-таранып алып, халатын кийип, эшиктин алдындагы гүлдөргө суу чачып, бирин-серин отоолорун отоп жүрдү.

«Эчкили» тоосунун чокусунан кылтыйып чыккан күндүн нурлары тегиз чачырап, жанараак даана байкалбай караңгыланган бакчаны жаркыратты. Картошкөнүн сабактары кара көк тартып, андан бери сарымсак, пияздын түптүз тартылган саптары сонун көрүнөт. Алардын жанына узунунан тартылган эндүүрөөк жөөктө сабиз жабалактап калың чыгыптыр. Помидордун көчөттөрү да тармалдана бутактап, алды гүлдөй баштаптыр. Бадыраңдардын өскөнү да жакшы. Капусталарга түйүн алуу али эрте болсо да жалбырактарын жазып көтөрүлүп калыптыр. Баары чабылып, отолуп, сугарылгандыктан көзгө жакшы көрүнөт. «Апам менен кызым Сайранын иши» – деп Сыйнат абдан ыраазы болду.

– Чай ичели! – деп чакырды Кыйбат апа.

– Азыр, апа! – деп Сыйнат суу сепкичти сарайдын дубалындагы мыкка илип, үйгө кирди.

– Кызым, жаз келгени айыл-айылды күн-түн дебей тынбай кыдырып азып кеттиң. Өзүңдүн жаныңды аяраң боло! – деп Кыйбат апа Сыйнатты аялуу карады.

– Жазында катуу иштебесек, күзүндө эмнени жыйнап алабыз, апа? Ушул баштан көзөмөлдү күчөтүп, ар



бир иштин өз убагында сапаттуу бүтүшүн талап кылабыз. Антпесек, көпчүлүктүн ишине кайдыгер карагандар али көп, апа! – деди Сыйнат.

Кыйбат апа дасторконго жаңы нан, камкаймак, куймак коюптур. Сунган чайынын буусу көтөрүлүп, жыпар жыты бур этти.

– Кыдырганың жакшы дечи, – деп акырын сүйлөдү Кыйбат апа. – Кээде түнкүсүн да кыдырчу болдуң. Уйкуң кемип калып жатпайбы.

– Бүгүн обкомдун катчысы Попова келет. Экөөбүз түнкү сугатты кыдырып көрөлү деп сүйлөшкөнбүз. Түнкү суу бекер кетип жатат. Аны менен Антпесек, түнкү суу бекер кетип жатат. Аны менен кошо түшүм да кемүүдө. Ошондуктан күнү-түнү чапкылап жүрөбүз. Уйкуну кышында толуктайбыз, апа!

Кыйбат апа үнчүкпастан кызын кыйгач тиктеп башын ийкеди.

Обкомдун катчысы Попова чоң шашкеде келди.

– Эки машинени айдатып, убара кылбайлы. Мен атайын төрт дөңгөлөгү тең иштеген, ой-чуңкурга тыгылбай турган машине минип келдим, – деди Попова. – Сиз менин машинеме эле отуруңуз.

– Абдан сонун болот. Түнкү сугатты текшерип көрөлү. Көп чарбаларда суу коромжу болуп жатат деген кабарларды уктум – деди Сыйнат.

– Кайсы чарбадан баштайбыз?

– Василий Иванович Улизконун колхозунан.

– Ага айтылган жок беле?

– Мен кайсы чарбага болсо да айттырбай барам. Ошондо нагыз ишти көрөсүз.

– Абдан туура кыласыз. Анда кеттик, – деди Попова.

Экөө алгач Кара-Буурадагы тамеки аянттарын карашып, анан күздүк сугарылып жаткан талаага барышты. Эки сугатчы кетмендерин күн нуруна чагылтып ала терип жүрүшөт. Төртүнчү сугатчы сууну кийинки алышка которууга камынып, казыктарды кагып, боолонган саман-куурайларды коюп, топурак таштап тебелеп жаткан экен.

– Саламатсызбы? – деп учурашты экөө. – Иш илгери болсун!

– Айтканыңыздар келсин! – деп сугатчы калпагын алып, жеңи менен терин шыпырды.

– Ким болосуз, байке? – деди Сыйнат.

– Атым Керимбай. Сугатчымын. Бригадирибиз Тойчубек – деп ал ала терип жүргөндөрдүн аттарын да атады.

– Түнкү сугат барбы?

– Бар. Ошондуктан арбытып жатабыз. Үч-төрт күндөн кийин экинчи сугатка өтөбүз.

Күздүк текши өсүп, чайлап калгандыктан калың көрүнөт. Суу жакшы сиңгендиктен ала терген сугатчылар аласы бүткөндөн кийин тизелерине чейин ылайга батып калып жатышты. Аны байкаган Попова:

– Вот молодцы, очень совестливые люди! – деп ыраазы болду. Бир аздан кийин ала терген эки сугатчы кетмендерин көтөрүп чыга келишти. Ылайлуу суу чачыраган беттерин аарчып, суу өтпөс матадан тигилген алжапкычтары чамбылала болгон экөө салам беришти.

– Чарчапсыңар го, кана олтуруп дем алгыла! – деди Сыйнат.

– Ай, Сатыбалды, Майтык! Бетиңерди аарчып алгыла, таанылбай калыпсыңар! – деп Керимбай кумганды көтөрүп келди.



– Таанылбай эмне болуптурбуз, эжем мени жакшы эле тааныйт! – деп көзүн жүлжүйткөн Майтык тиштерин кашкайта күлдү.

– Тааныйм. – деди Сыйнат. – Сен Жумабай абамдыкында жүрбөдүң беле. Айылдын бадасын кайтарчу элең.

– Ооба, эже. Сейне апа эжем болгондуктан үйлөнгүчө жүрүп, анан туулган айылым Кара-Буурага келгем. Эми минтип суу сугарып жүрөм.

– Абдан жакшы, – деди Сыйнат. Бу Сатыбалды иним да мага жакшы тааныш. Биздин колхоздун башкармасы Сатыбек акеникинен көрүп калчумун.

– Ооба, ал киши жакын тууганыбыз болгондуктан көп барчу элем, – деди Сатыбалды.

Эки сугатчы беттерин жууп, арыктын кашатына олтурушту.

– Тамак-ашыңар кандай? Ысык оокат берилеби?

– Ысык оокатыбызы бар. Сүт да берилип турат, – деди Майтык.

– Түнкүсүн кайсы убакка чейин сугарасыңар?

– Эрте жарыкта туктарды байлап даярдап алабыз да тамактанып бүткөндөн кийин сууну жаңы алышка которобуз. Айдын жарыгында сугаруу оңой. Ай отуруп калганда асма чыракты колдонобуз. Таң атканда аласын теребиз. Күн көтөрүлгөндө тамагыбызды ичебиз. Суусунга ачыма, чалап бар, – деди Сатыбалды.

– Канчадан түшүм алабыз деп милдеттенген элеңер? – деп сурады Попова.

– Гектарына 18 центнерден алабыз дегенбиз! – деди Керимбай.

Кара-Буурадан кийин Сергей Барвенконун бригадасынын күздүк аянттарын кыдырышты. Баары бир

тегиз өсүп, баш алайын деп калган күздүк талааларынын биринчи сугаттан чыккан жерлери кара көк тартып камыштай шуудурайт.

– Он чакты күн мурда бул жерлерди сугарып жүрүшкөндө көргөн элем. Андан бери бир кыйла өсүп калыптыр! – деп кубана сүйлөдү Сыйнат.

– Жер семирткичти жакшы беришкени көрүнүп турат. Кара көк тартканын карабайсызбы?! – деди Попова.

Этек жактагы арыктын кашатынын боюна тигилген чатырды көрүштү. Жанында токулуу ат байланып, эки киши сүйлөшүп турушат.

– Жакшы болду. Бригадир Сергей Барвенко экен, – деди Сыйнат.

– Сиз баарын таанып алыпсыз! – деди Попова.

– Ооба. Сергей абдан иштерман, кайраттуу киши. Агротехниканы жакшы түшүнөт, – деди Сыйнат.

Саламдашып, ал-жайды сурашкандан кийин бригадир Сергей Барвенко чоңдорду чатырга чакырды.

Чатырдын ичине үстөл коюлуп, узун олтургучтары бар экен.

– Квас ичесиздерби же компотпу? – деп сурады Сергей.

– Компот ичели, – деди Сыйнат.

Ашпозчу аял бөлкө нанды туурап, кружкаларга компот куюп берди.

– Күздүгүңүздөр абдан жакшы экен. Канчадан түшүм алабыз деген оюңуздар бар? – деп сурады Попова.

– Жыйырма центнерден айланат го деп ойлойм, – деди Сергей Барвенко. – Мүмкүн, бир аз ашар. Себеби, биздин бригададагы 430 гектардын баарынын үрөнүн кайчылаштырып сепкенбиз. Калыңдыгын байкаган



чыгарсыздар. Анан баарына жер семирткич бердик. Биринчи сугаты аяктайын деп калды. Эки-үч күндө экинчи сугатын баштайбыз. Эгер экинчи сугатын толук бүтүрүп алсак, анда кырманга кызыл батпай калды дей бериңиздер.

– Түнкү сугатты токтотпосоңуздар, экинчи сугатты толук бүтүрө аласыздар, – деди Сыйнат.

– Ооба, сиз айткандай иштегендигибизден сууну коромжу кылганыбыз жок. Башкармабыз бул ишти абдан катуу көзөмөлдөйт. Ар бир звеного бирден активди бекитип берген. Түндө капысынан келип текшерип турат – деди Сергей Барвенко.

Сугатчылар менен коштошуп, Сталин атындагы колхозго жөнөштү. Жолдон Чоң-Ойдогу күздүктү аралап көрүштү. Коюу себилиптир. Биринчи сугаты жакында эле бүткөнүн топурагынын нымы али кургабаганынан байкашты.

– Барвенконун бригадасындагы күздүктүн сабактары мындан жоонураак болучу. Демек, булар жерди жакшы азыктандыра алышкан эмес экен, – деди Попова.

Айылга жакындаганда чоң сайдагы көпүрөдөн өтүштү. Кара -Суунун эки жээгиндеги саздын чөптөрү тизеден өтүп, аткулактардын жалбырактары далдаят. Эки ат кошулган чөп чапкыч машиналарын шакылдатып, ээрчишип алган эки киши узун камчыларын анда-санда зуу-зуу эткизе шилтеп коюшат. Чабылган чөптөр жалп-жалп жыгылып, салаа-салаа болуп жатат.

– Чөпчүлөргө жолуга кетели! – деди Попова.

Машина суунун жээгине токтоду. Чөп чапкан эки киши да машиналарын токтотушуп бери басып келишти.

– Нурмамбет акем менен Муратай иним турбайбы?! Ишиңиздер илгери болсун! – деди Сыйнат.

– Ден соолукта, жакшы жүрөсүзбү? – дешти алар.

– Канча жердин чөбүн чаптыңыздар? – деди Попова.

– Беде, эспарцет аянттарын трактор менен чабышып жатышат. Бизге табигый чөптөрдү чабуу тапшырылган. Сасык-Булактын сазын чаптык, эми Кара-Суунун сазын чаап жүрөбүз. Буларды бүтсөк, тоого барабыз. Дос-Кайың, Сагызгандыктагы чабынды чөптөрдү чабабыз, – деди Нурмамбет.

– Жакшы иштеп жатыпсыздар! Сиздерге ыракмат! – деди Сыйнат.

– Теперь куда? – деп Попова акырын шыбырады.

– Табаководам! – деп кыска жооп берди Сыйнат.

Алар Күланда, Тургунбүбү, Азина башкарган звенолордун тамеки аянттарын кыдырышты. Ар бир звенодон эки сугатчы тамеки сугарып, калгандары биринчи чабыгын чаап жүрүшөт. Алгач тигилген тамеки көчөттөрү бир карыштай көтөрүлүп, калгандары кадимкидей оожалып, жаңы жалбырактар өсө баштаган. Чабыкчылардын ар бири бирден жөөккө түшүп, көчөттөрдүн түбүн жумшартып, жаңыдан чыгып келаткан отоо чөптөрдү чаап, кетмен тийбей турган жерлердеги чөптөрдү колдору менен отоп, көчөттүн түптөрүнө топурак тартып, жөөктүн ичин зымпыйта тазалап баратышат. Бул ишке абдан машыгып калгандыктан ар бир тамекичинин бири-биринен калышпай тез иштешкени Сыйнатты ыраазы кылды.

– Жер семирткич бергенсиздерби? – деп сурады Сыйнат.



– Сугаттан кийин бергенбиз. Эми чаап бүткөндөн кийин кайра сугарып, экинчи жолу жер семирткич чачып, трактор менен культивациялайбыз, – деди Азина. – Кийин дагы сугарып, экинчи чабыгын чабабыз.

– Они хорошо освоили агрономию! – деди Попова сөз маанисин түшүнүп.

– Да. Им руководит хороший специалист по табаку Эрменбет аке, – деди Сыйнат.

Экөө тамекичилер менен коштошуп, жол боюнда калган машинага келатышканда Сыйнат Поппованын чарчаганын байкады.

– Вы по-моему немного устали? – деди.

– Да, ничего. Потерпим! – деди ал.

– Нет. Мы как следует не позавтракали. Сейчас поедем к моему брату. Там чай попьем, покушаем, отдохнем, а потом проконтролируем ночной полив.

– Пожалуй, ты права, Сыйнат, – деди Попова. – Так и сделаем.

Машина эшиктин алдына келип токтогондо, Сыйнат чоң сүлгүнү карысына илип, кумган менен суу куюп берип жаткан келини Аселди, бел курчоосуна чейин чечинип, жуунуп жаткан иниси Алымбайды көрүп бир аз буйдала түштү.

– В чем дело? Не тот дом? – деди Попова Сыйнатты карап.

– Немного подождем... – деп Сыйнат сөзүн толук бүтүрбөй короо жакты кыйгач карады.

– Ну, да... – деп Попова да дароо түшүндү.

Машинанын токтогонун, анда чоочун, сый кишилер болушу мүмкүн экенин сезе койгон Алымбай сүлгү менен чала-була сүртүнө коюп, шатыда илинип турган майка, көйнөгүн киери менен машинаны көздөй басты.

Машинадан Сыйнат биринчи болуп чыкты.

– Ой, эжем келген тура! – деп Алымбай сүйүнүп кетти, – Кандай жүрөсүз? Ден соолугуңуз жакшыбы?

– Жакшы, айланайын! Өзүң кандайсың? – деп Сыйнат инисин кучактап, чекесинен өптү. – Тиги конокту тосуп ал!

– Добро пожаловать! – деп Алымбай Попова отурган жактагы эшикти ачты.

– Спасибо! Спасибо! – деп Попова түшө калды.

– Жумуштан жаңы келдиң беле? – деди Сыйнат.

– Ооба, эже. Комбайндарды оңдоп, карала-торала болуп жаңы эле келген элем. Сынган жерлерин ширетип бүтө албай жатабыз.

– Орокко чейин бүтөсүңөрбү?

– Бүтөбүз.

– Анда жакшы экен.

Асел конок камын көрүп, үйгө орун салып, дасторкон жазып бүтөрү менен сыртка жүгүрүп чыгып учурашты да үйгө кирүүлөрүн суранды. Анан самоорду алып чыгып суу куйду. Алымбай чотун алып самоорго жагылчу как бутактарды керте баштады.

Экөө бөлмөгө өтүп, төргө кабатталып салынган эки төшөктү көрүштү. Чыканактап отурсун деп экиден жаздык коюлуптур. Дасторкондо эки жапкан нан, айран куюлган эки чыны бар экен.

– Давайте, немного покушаем! – деп Сыйнат нанды туурап, айрандан ууртап коюп, нанды малып жей баштады. Попова да аны көрүп нанды кургак жеп, анан айран ичти.

– Это оказывается не айран, а сметана! – деп Попова тамшана жылмайды.



– Да, очень вкусно! – деди Сыйнат.

Сырттан кызыган майга тууралган пияз салынгандагы чырылдаган үн угулуп, бир аздан кийин куурдактын жагымдуу жыты бур этти.

Попова көргөн-билгендеринен кеп козгоп отуруп, облустун райондорундагы абалды айтты. Анан:

– Если бы все работали как в вашем районе, то наша область вышла бы на первое место в республике. У вас чувствуется большой подьем, есть вдохновенье! – деди ал чечиле сүйлөп.

– Большое спасибо! – деп кубана түштү Сыйнат.

Алымбай шуулдаган самоорду көтөрүп кирди. Бир аздан кийин Асел үч тарелкага салынган куурдакты подносу менен алып келди. Алымбай чайнекке чай демдеп, Асел консерваланган бадыраң менен помидордон салат жасап, үстүнө тууралган пиязды себелеп дасторконго койду.

Меймандар жайбаракат тамактанышып, ал-абалды сурашып, чайга канып, анан эс алышты.

Иңир кирген кезде Сыйнат Алымбайды чакырды:

– Бизге түнкү сугатыңарды көрсөт!

– Макул, эже! – деди Алымбай. – Баарын кыдырып көрөсүздөрбү?

– Баарын көрөбүз.

– Анда Жээналынын оюнан баштап Көк-Салмага, анан Шалтактын алдына барабыз.

Ай көтөрүлүп, түн салкын. Машина кара жол менен шуулдап келатып суу каптаган жерге келгенде жайлап калды.

– Бул мереп суу экен! – деди Алымбай. – Алыштын баш жагына баралы.

Алыштын башына барганда баары машинадан түшүп, резинка өтүктөрдү кийишип, күздүктү аралап, суу жаткан жерге чейин барышты. Айдын нурларына чагылышкан суу жайылып, айрым жерлерин андап, аңырaңдай агат.

– Сугатчылар көрүнбөйт го! – деди Сыйнат.

– Алар сууну чегип коюп кетип калышса керек – деди Алымбай.

– Таң аткыча канча суу агат? Баары бекерге кетип жатат – деп кейиди Сыйнат. – Көк-Салмага баралы.

Көк-Салмада да, Шалтактын алдында да сугатчылар жок болуп чыкты. Ачуусу катуу келген Сыйнат түнөрүп көпкө чейин сүйлөбөй келип, айылга киргенде:

– Партиялык уюмдун катчысы Жармамбеттин үйүнө айдат! – деди Алымбайга.

– Ал уктап жаткандыр, эже. Түнкү саат бир болуп калды – деди Алымбай.

– Ойготуп алабыз! – деди Сыйнат.

Алымбай Жармамбеттин терезесин кайра-кайра такылдатып араң ойготту. Бир маалда ал чырагын күйгүзүп, ак көйнөк-дамбалчан пальтосун желбегей жамынып чыкты.

– Алымбайсыңбы? Эмне болуп кетти? Тынччылыкпы деги? – деди ал шаша сүйлөп.

– Ооба, Алымбаймын, Жаке! Чоңдор келишти.

– Кайсы чоңдор?

– Бизбиз! – деп Сыйнат алдыга чыкты. – Түш көрүп жаттың беле?

– Оо, Сыйнат белең? – деп Жармамбеттин өңү өзгөрүлө түштү. – Келгиле, келгиле!



– Суу тартыш. Түнкү сугатты уюштуруп, экинчи сугатка үлгүрүп калалы деген райком менен райисполкомдун тапшырмасын эстен чыгарганыңар кандай?

– Сугатчылардын баарына түнкүсүн да сугарасыңар деген көрсөтмө берилген.

– Андай болсо эмнеге Жээналынын оюнан да, Көк-Салмадан да, Шалтактын алдынан да бир сугатчыны көрө албадык. Бардык жерде суу бош жатат. Киров атындагы колхоздун бардык бригадаларында күн-түн дебей, суу башында болуп, ар бир звеного бирден актив бекитилип, катуу көзөмөлдөп турушат. Силер жайбаракат уктап, түш көрүп жатасыңар.

Жармамбет башын ылдый салып, уялганынан эки бети кызарып, сөз айта албай жер тиктеп турду. Попова да бир топ катуу сөздөрдү айтты.

– Эртеңден баштап суу башында болобуз. Биз да ар бир звеного жоопту адамдарды дайындайбыз.

– Убадабы? – деди Сыйнат.

– Убада! – деди Жармамбет.

– Это мой одноклассник! – деди Сыйнат Поповага Жармамбетти көрсөтүп, – на этот раз прощаем его?..

– Ладно! – деди Попова.

Эртеси күнү Сыйнат менен Попова Ворошилов атындагы, Калинин атындагы колхоздордо болушту. Кийинки күнү «Көк-Сай» совхозуна, андан кийин «Жоон-Дөбө» совхозуна барышып, ал жерлерде да талааларды кыдырып, уй фермаларын көрүшүп, түнкүсүн сугаттын жүрүшүн текшеришти. Жакшы иштерине сүйүнүп, начар иштерине нараазы болушуп, аларды тез арада оңдоону талап кылышты. «Жоон-Дөбөнүн» экинчи фермасындагы күздүктүн түнкү сугатын көрүшкөндө түн жарымынан ооп калган эле.

– Закругляемся? – деди Попова.

– По дороге заглянем к моему однокласснику. Проверим, держит ли он свое слово или нет?! – деди Сыйнат.

– Хорошо! – деди Попова.

Сталин атындагы колхоздун жол боюндагы күздүк талаасына кайрылганда алыстан жылт-жулт эткен жарыктарды көрүштү.

– Во, смотрите, они с лампами! – деп кубанды Сыйнат.

– Вижу, вижу! – деди Попова.

Машина кара жол менен келатып, арыктын жээгине атын аркандап жаткан кишинин жанына токтоду. Сыйнат анын Жармамбет экенин тааныды.

Жармамбет казыкты кагып, машинаны көздөй басты.

– Кандай, Жаке? Уйку келген жокпу? – деди Сыйнат.

– Уйку качты! – деди Жармамбет. – Бая күнү сен барып кеткенден бери уйку жок. Уялганымдан жерге кирип кете жаздадым. Дароо партчогулуш чакырып, маселени кабыргасынан коюп, активдердин баарын ишке чегип, сугатчылар менен сүйлөшүп, түнкү сугатты баштадык. Ар бир звеного үчтөн асма чырак алып бердик. Тигине күздүктү аралап, аласын терип жүрүшөт.

– Сөзгө турганыңа ыракмат. Эми түшүмгө түшүм кошулат – деди Сыйнат.

– Оозуңа май! – деди Жармамбет жылмайып.



## ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ БАП

1955-жылдын январында Сыйнат партиялык активдин чогулушунда «1954-айыл чарба жылынын жыйынтыктары жана 1955-жылдагы милдеттери жөнүндө» баян жасады.

– Райондун чарбалары 1954-жылы мурдагы жылдарга салыштырмалуу жазгы эгин себүүнү кыска мөөнөттө агротехникалык жогорку деңгээлде бүткөрүштү. Мисалы, Киров атындагы колхоз эгин себүүнү 12 күндө аяктады.

Эгер 1953-жылы район боюнча дан эгиндери 12 миң гектарга айдалса, 1954-жылы 2860 гектарга көп айдалды, эгер 1953-жылы күздүк буудайдын ар гектарынан 10 центнерден түшүм алынса, 1954-жылы ар гектардан 12 центнерден алынды – деди Сыйнат. – Айрым звенолор, бригадалар, мындан да жогорку түшүмдү алууга жетишти. Мисалы, Киров атындагы колхоздун бригадири Сергей Барвенко 430 гектар күздүктүн ар гектарынан 22,7 центнерден, Сталин атындагы колхоздун бригадири Анарбек Нурбаев 20 центнерден түшүм алып беришти.

Район мамлекетке пландан тышкары 6.600 пуд эгин тапшырды. Тамекинин планы болсо 120 пайызга аткарылды. Киров атындагы колхоздо ар бир уйдан сүт саап алуу 1953-жылга салыштырганда 1954-жылы 322 килограммга көбөйдү. «Жоон-Дөбө» совхозунда ар бир койдон 4,5 килограммдан жүн кыркылып алынды. Бул жагынан «Көк-Сай» совхозу да жакшы натыйжаларга жетишти.

Сыйнат чарбаларда агротехникалык эрежелерди туура колдонуунун негизинде түшүмдү жогорулатууга

болоруна айрыкча токтолду. 1953-жылы райондун чарбаларында 1141 гектар аянт тоңдурмаланса, 1954-жылы 2930 гектар тоңдурмаланганын, мунун натыйжасында түшүмдүүлүк жогорулагандыгын далилдеп берди.

Ал 1955-жылы мол түшүмгө ээ болуу үчүн сапаттуу үрөндү камдоонун, техникаларды алдын-ала жөндөөнүн, талааларга органикалык жер семирткичтерди чачуунун зарылдыгын белгиледи.

– Өндүрүштүк бригадаларды, звенолорду комплектөөнү жакын арада бүтүрүп, аларды иш билги адистер менен толуктап, аянттарын бекитип, ар биринин социалисттик милдеттенмелерин тактоо жана дыйкандардын агроокууларын уюштуруу бүгүнкү күндүн талабы – деп түшүндүрдү Сыйнат, – ансыз биз алдыга жыла албайбыз. Анан дагы эскертип коеюн, бул айтылган талаптарды катуу көзөмөлгө алабыз, райком да, райисполком да бул жагынан тикебизден тик турабыз!

1955-жылы жазында райкомдун биринчи катчысы Осмоналы Сооронбаев башка кызматка которулуп, анын ордуна Шахид Кадырович Гайфулин келди. Ал мурда чарба жетекчилигинде көп иштеп, чоң тажрыйба топтогон, талапчыл киши болуп чыкты. Чарбаларды кыдырып, таанышып чыккандан кийин Сыйнат экөө кабинетте көпкө пикир алмашып, районду көтөрүү боюнча ойлорун ортого салышты.

– Райондун көрсөткүчтөрү көп жагынан мурдагы жылдарга караганда бир кыйла жогорулаптыр. – деди Гайфулин, – Эми дагы жогорулатуу үчүн эмнелерди иштесек, бул жөнүндө кандай оюңуз бар? Бул сиздин



бир тууган районуңуз экен. Анын үстүнө жетекчи болуп иштегениңизге экинчи жыл болуптур. Эл аралап жүргөндө сиз жөнүндө абдан жакшы пикирлерди уктум.

– Сын пикирлерди да уккандырсыз! – деди Сыйнат.

– Жок, андайды укпадым. «Өтө катуу талап коет. Тындырбай көзөмөлдөп турат» – дешти. Мен да ал кишидей катуу талап коем дедим.

«Оо, анда бизде уйку болбойт турбайбы?!» – дешти.

– Туура айтыпсыз, Шахид Кадырович, баарыбыз тең туура жол көрсөтүп, катуу талап кое билишибиз керек.

– Мунуңузга кошулам, Сыйнат Садыковна! – деди Гайфулин.

– Менде мындай бир ой бар! – деди Сыйнат. – биздин райондо мал чарбасын да, дыйканчылыкты да өнүктүрүүгө болот. Ал үчүн биринчи кезекте ар бир жумушту өз убагында сапаттуу бүтүрүүгө жетишүү керек. Антпесек, бир жумушту бүтүргүчө экинчи жумуштун кезеги келип, бирин-бири басып калат. Ошондуктан ар бир өнөктүктүн графигин түзүп, аны сөзсүз аткаруу зарыл. Мал чарбасы үчүн сапаттуу жана мол тоют камдасак гана малыбыз семиз жана чыгашасыз асыралат. Төлүн да, азыгын да көп алабыз. Азыр тоют үчүн жүгөрү өстүрүү жөнүндө сөз болуп жатат. Биз да жүгөрүгө жакшы көңүл буруп, көп силос, жем камдап алсак...

– Мына мунуңузду колдойм, Сыйнат Садыковна! Жүгөрүнү айдайлы. Анан чарбаларды кыдырганда мал үчүн стандарттуу сарайлардын аз экендигин байкадым. Райондогу колхоз аралык курулуш уюмун күчөтүп, анан ар бир чарбада курулуш бригадаларынын иштерин жакшыртсак... – деди Гайфулин.

– Абдан жакшы болот. Стандарттуу сарайларды салганда, чабандар үчүн саанчы, бадачылар үчүн да жакшы шарт түзүп, чакан үйлөрдү куруп берсек...

– Эң сонун! – деп жылмайды Гайфулин.

Март айында жүгөрүнүн үрөнү дайындалып, май айында 1450 гектар аянтка себилди.

Райком менен райаткомдун тапшырмасын алган райондун пландоо бөлүмүнүн кызматкерлери талаа жана мал чарба жумуштарын маалына жараша аткаруунун графиктерин түзүп чыгышты. Бул чарбанын жетекчилери, адистери гана эмес, баарына жакшы көмөк берди. Өзгөчө саанчылар үчүн жакшы болду. Анда ар бир ферма кайсыл айда канчадан сүт саап алуу керектиги көрсөтүлгөн. Фермаларда ар бир саанчынын күндүк, он күндүк жана айлык көрсөткүчтөрү бадырайта жазылып, көрүнөө жерде илинип тургандыктан андан кыя өтүшпөй, саан сайын карашып, талкуулашып, атаандаша башташты.

Жаздын күн чубактуу убагы. Сыйнат адаттагыдай кызматына эрте келип, кат-кабарлар менен таанышып олтурганда телефон чыр этти.

– Сыйнат Садыковна, ден соолугуңуз жакшыбы? Мен Фрунзеден, Султан Токтогоновмун! – деген салабаттуу, коңур үн угулду.

– Аа, Султан Токтогонович, ден соолук түзүк. Өзүңүз кандай, сак-саламат жүрөсүзбү? – деп Сыйнат жайбаракат, сылык жооп берди.

– Эсиңизде чыгар. Жогорку Кеңештин сессиясында «убаданы аткарбай жатат» деп мени сынга алдыңыз эле. Сүйүнчүлөп коеюн дедим. Сиздердин райондо эки орто мектептин курулушун планга киргиздик.



– Оо, Султан Токтогонович, ыракмат сизге. Биздин райондо эки гана орто мектеп бар экенин, анда окуучулар үч сменде окуп жатышканын айткан элем. Райондун айылдарында башталгыч жана жети жылдык мектептер гана бар. Алардын имараттары да азыркы стандарттарга жооп бербейт.

– Сыйнат Садыковна, акырындап ал мектептерди да жаңылайбыз. Ошол сессияда МТСтин курулушун бүтүрүү, райондук оорукананы атайын адистер менен толуктоо, курулуш материалдарын көбүрөөк бөлүштүрүүнүн зарылдыгын айткан элеңиз. Алар аткарылып жатабы?

– Эсиңизде бар экен, Султан Токтогонович. Акырындап аткарыла баштады.

– Депутаттык милдеттенмеңизди жакшы аткарып жатасыз. Мындан ары да ишиңизге ийгилик каалайм!

Сыйнат эл агартуу министри Султан Токтогоновго ыраазылык айтып, анын ишине да ийгилик каалады.

Эшикти акырын тыкылдатып «Кире бериңиз!» деген үндү укканда узун бойлуу, арык денесине жарашкан көк гүлдүү көйнөк, боз түстөгү жүндөн токулган жемпир кийген жооптуу катчы Вера Никифоровна Жолоб салам айтып кирди.

– Кел, Вера Никифоровна! – деди Сыйнат.

– Көңүлүңүз куунак го, Сыйнат Садыковна! – деп күлүмсүрөдү Вера Никифоровна.

– Ооба, Вера Никифоровна! Азыр эле эл агартуу министри телефон чалып, биздин райондо эки орто мектептин курулушу башталарын сүйүнчүлөдү. Анан кантип куунак болбоюн.

– Абдан жакшы болгон турбайбы, Сыйнат Садыковна. Жогорку Кеңештин сессиясындагы сөзүңүз таасир берген экен да.

– Ооба.

– Сыйнат Садыковна, биз селолук Кеңештерге барып, иш кагаздарын жүргүзүүгө практикалык жардам көрсөтүп жүргөнүбүздү билесиз. Бүгүн Сайкал экөөбүз «Жоон-Дөбөгө» бармак элек. Уруксат бересизби?

– «Жоон-Дөбөгө» мен да бармакмын. Кыргыздын уяң жүндүү коюн өстүрүп жаткан чабан Төлөбек Досбергеновдун иши менен кенен таанышсам дедим эле. Силерди ала барсам кантет?

– Анда сонун болбойбу, Сыйнат Садыковна. Биз даярдана берели.

– Макул.

Вера Никифоровна кубанганынан жылмайып, ак саргыл жүзү албыра түштү. Анын ачык-айрым мүнөзү, ишке тактыгы, сабаттуулугу Сыйнатка жакчу. Ал кандай иш тапшырса да дайыма өз убагында аткарылып турар эле. Айылдык Кеңештердеги иш кагаздарын сабаттуу жүргүзүүгө, эсеп-кысап иштерин так аткарууга жеринен жардам берүү да Вера Никифоровнанын демилгеси болчу. Орус тилин жакшы билбеген кызматкерлер менен иштешкенде Верага аткаруу комитетинин инструктору Сайкал жакшы көмөк көрсөтүүчү.

Сыйнат эки кызматкерин Ак-Чий айыл кеңешинин имаратынын алдына жеткирип коюп, өзү машинасы менен чабан Төлөбек Досбергеновдун короосуна келди. Төлөбек аштоолордун тузун жаңыртып жүрүптүр. Ал Сыйнатты көрүп, колундагы чакасын жерге коюп басып келди.



– Саламатсызбы, Төкө! Мал-жаныңыз аманбы? – деди Сыйнат.

– Саламатчылык, Сыйнат карындашым. Мал-жаныбыз аман-эсен. Төрт көзүбүз түгөл жүрөбүз. – деп Төлөбек колун сунуп амандашты. Коюу кара каштуу, кара муруттуу, төрт чарчысынан келген кара тору Төлөбектин көңүлү тетик эле.

– Койлоруңуз төлдөп жатканда бир келдим эле. Анда колуңуз анчалык бошобой кенен сүйлөшө алган эмеспиз. Эми сергип калыпсыз. Козулар торолуп, энелерин жаңылтып калгандыр. Жайытка барып, койлорду аралап көрүп келбейлиби?

– Жарайт! Баралы! – деди Төлөбек. – Жазында туулган козулар эми отуга баштады. Кышында туулган биздин козулар энелери менен тең! – деп көздөрү күлүңдөгөн Төлөбек машинага кирип олтурду.

Кызыл-Адырдын этеги бөксөлөнүп барып түгөнөт да андан ары батышты карай чийлүү, боз шыбактуу чалкыган талаа башталат. Машина сай этегиндеги кара жол менен келип, бөктөрлөп жайылган койлордун четине токтоду. Узун долоно таягына жөлөнүп, ар түркүн тоо гүлдөрү ачылган жашыл чөптүү, бадалдуу капталдагы чоң кызыл таштын үстүндө жайылып келе жаткан койлордун алдын тосуп, «кош, ээй, кош!» – деп үн салып турган койчу машинанын койлорду үркүтпөй алысыраак токтогонун байкап, таштан ыргып түшүп, аларды утурлай басты.

– Ауу, Наурузбай, иш калай, ит-куш жокпа? – деп Төлөбек кыргыз-казак сөздөрүн аралаштыра кыйкыра сүйлөдү.

– Ит-куш жок, Төкө. Баары жайында – деп Ноорузбай абалды түшүндүрдү.

– Андай болсо тиги машинага барып, орундукка салынган жер төшөктү акел да, анау чоң таска жая сал! – деди Төлөбек.

Узун бойлуу, тартагай Ноорузбай машинага чуркап барып, жер төшөктү алып келип, чоң таштын үстүнө жайды.

Жыйналып келе жаткан койлор үркпөй-этпей, оттон башын албай чөптөн-чөптү тандап, биринен бири өтүп шабыратып, чоң ташка келгенде эки жакка жарылып өтө баштады.

Сыйнат койлордон көзүн албай таңданып карап турду. Баары эттүү жана жүндүү болгондуктан жумуру көрүнөт. Башынан шыйрагына чейин калың ак жүн каптаган койлордон козулар көп.

– Ауу, Наурузбай, анау койду козусу менен кармашы! – деди Төлөбек жакындап калган кой-козуну көрсөтүп.

Ноорузбай Төлөбек көрсөткөн кой-козуну шыйрактан шып эте кармап токтотту. Төлөбек койдун мойнунан кучактады. Анан колун жон жүнүнө сойлотуп, арасын ачты. Аппак буладай ничке калың жүндүн узундугу төрт элиден ашат. Сыйнат күмүштөй жылтылдаган жүндү сылап, анын өзгөчө жумшактыгын жана жылуулугун сезди.

– Мына, моюн жүндөрүн, сүбөсүн, шыйрагын да карап көр! – деп Төлөбек өзү жүндөрдү ачып көрсөттү.

Укмуш экен! Кебезден да, жибектен да жумшак көрүнөт! – деп жылмайды Сыйнат.

– Эми козуну карап көрөлү. – деди Төлөбек койду бошотуп жиберип.

Энесин ээрчий маарап, тыбырчылаган козунун жүндөрүн да ачып көрсөткөн Төлөбек:



-Бул убагы келгенде энесинен өткөн чоң кой боло тургандай, – деди.

Сыйнат козунун баш-аягын карап, жүндөрүнүн өскөнүн көрүп абдан ыраазы болду.

– Энесине жакындап калыптыр. Жайлоого барып келсе мындан да жакшы өсөт го – деди Сыйнат.

– Жайлоодо энесинен бөлүнөт. Анан жаңы чабанга өткөрүп беребиз. – деди Төлөбек.

Козуну коё беришти. Ал энесин издей маарап, койлордун арасына кирди. Койчу Ноорузбай койлордун алдын күн чыгышты карай кайрыды.

– Ташка чыгып, төшөккө олтуралы, – деп Төлөбек өзү биринчи чыгып, Сыйнатты колунан тартып алды.

Экөө төшөктүн үстүнө олтурушуп, кайрылып жайылып келаткан койлорду кызыга караршты. Бир аздан кийин койлор чоң таштан өтүп, капталдай жайылды.

Төлөбек батыш жакты карап көзү жашылданып, эмнегедир унчукпай калганына түшүнө албаган Сыйнат аны суроолуу тиктеди.

– Төкө, сизди капа кылган жокмунбу? Негедир унчукпай калдыңыз? – деп Сыйнат санааркады.

– Жок, Сыйнат, карындашым! Мен мына алдыбызда созулуп жаткан чийлүү, боз шыбактуу талаанын тээ бүлбүлдөп көрүнгөн мунарыгын тиктеп, өзүмдүн туулуп-өскөн Сары-Суум эсиме түшүп, эзилип кете таштадым...

-Ээ, жөн-жөн! – деп Сыйнат шүк болду.

Төлөбек дагы бир аз унчукпай олтуруп, анан өзүн өзү кармап сырын айтты:

– Мен казак болуп төрөлүп, эми кыргыз болуп калдым. Кыргыз элине ыракмат, биринен да жаман сөз уккан жокмун. Бооруна кысып, жарты нанын бөлү-

шүп, жеңилимди жерден, оорумду колдон алышты. Ушундай элден айланса болот. Анан кантип берилип иштебейин.

– «Жоон-Дөбө» совхозу 1931-жылы уюштурулган экен. Сиз анын алгачкы чабандарынан турбайсызбы?

– Ооба. Андан бери миңдеген койлорду бактым. «Ардак Белгиси» орденин алдым. Жогорку Кеңештин Ардак Грамоталары менен сыйландым. «Социалисттик мал чарбасынын устаты» деген наамга жеттим.

– Кыргыз уяң жүндүү коюнун тукумунун жаралышына кандай катышып калдыңыз?

– Мурдагы кылчыктуу, куйруктуу койлордун жүнүн жакшыртуу максатында окумуштуу Михаил Николаевич Лущихин баш болгон окумуштуу-зоотехниктер көп иштешти. Михаил өзү менден бир жаш улуу. Теңтушум десем да болот. Мага көп нерселерди үйрөттү. Анын айткандарынын баарын ойдогудай аткардым. Өзүбүздүн совхоздун башкы зоотехниги Всеволод Вячеславович Иванов да абдан мыкты адис, жакшы адам. Мына ушул экөөнүн көрсөтмөлөрүн аткардык. Кавказдан, Сибирден алынып келген уяң жүндүү кочкорлор менен кыргыз койлорун аргындаштырдык. Козулары назик болот экен. «Ой, бул биздин кыргыздын катуу суугуна чыдай албайт. Тоо-ташына жүрө албайт» – деп каршы чыкканыбызга окумуштууларыбыз такыр көнбөй коюшту. «Биз дал ошондой катаал кышка, тоо-ташка ылайыктуу тукумду өстүрүп алышыбыз керек» деп көшөрүп туруп алышты. Көп жылдар бою алыштык. Анан койлордун жүнүнүн коюулугун, эттүүлүгүн жакшыртуу үчүн Грозныйдан кочкор алып келишти. Ушундай көп мээнеттен кийин өзүң көрүп турган жаңы тукум – кыргыз уяң жүндүү кою пайда болду.



– Бул койлоруңуз канчадан жүн берет?

– Жакында кыркабыз. Ар бири төрт жарым кило-дон кем бербейт деп ойлойм.

– Эмки максат – бул тукумду көбөйтүп, бүт район, облус боюнча жайылтууга жетишсек жакшы болор эле.

– Албетте, «Көк-Сай» совхозунда, Калинин атындагы, Киров атындагы, Сталин атындагы колхоздордо бул тукум кадимкидей көбөйүп калды. Кептин баары жасалма уруктандырууну туура жүргүзүүчү адистерди үйрөтүүдө, малчылардын бул ишке өтө жоопкерчиликтүү мамиле кылуусунда жана короо-сарайларды жылуулап, тоюттун сапатын жакшыртууда. Мал кышыжайы дени сак, семиз багылбаса, андан жарытылуу төл, жүн ала албайсың. Сталин атындагы колхоздо Талип Сартбаев, Сатыбек Базарбаев деген мыкты адамдар бар. Алар малдын жайын абдан жакшы билишет. Ошондуктан алардын колхозу төл жана жүн жагынан бизди такымдап келатат.

– Ооба, Талип аке менен Сатыбек акени жакшы билем. Абдан чарбачыл, эстүү адамдар, – деди Сыйнат.

– Мына ошондой адамдар көп болсо, анан ишибиз оңолот, – деди Төлөбек.

– Ак сөз, Төкө! – деди Сыйнат.

Сыйнат Төлөбек менен дагы көпкө сүйлөшүп, мал багуунун сырларын билди. Мунун баары ага чоң сабак болду. Кийин чарбаларды кыдырып, малчылар менен жолугушканда алардын кетирген кемчиликтерин таап, аны оңдоонун жакшы жолдорун айтып жүрдү.

Район 1955-жылы мамлекеттик пландардын баарын ашыгы менен аткарып алдыңкы катарга кошулду. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму 1955-жылдын 26-сентябрында Сыйнатты коомдук мал

чарбасынын санын өстүрүүнүн жана анын азыктуулугун жогорулатууда жетишкен ийгиликтери үчүн Ардак Грамотасы менен сыйлады.

## ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ БАП

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын VIII съезди 1956-жылдын 24-26-январь күндөрү Фрунзе шаарында өттү. Борбордук Комитеттин биринчи катчысы Искак Раззаков баян жасады. Ал бешинчи беш жылдыктын пландары мөөнөтүнөн мурда ашыгы менен аткарылганын, республиканын айыл чарбасы, өнөр жайы кескин өсүп, элдин турмуш-тиричилиги жакшырганын белгиледи. Баянда кемчиликтер да, жетишкендиктер да ачык-айкын айтылып, алтынчы беш жылдыкта аткарыла турган иштер даана жана так көрсөтүлдү. Айыл чарбасындагы негизги басым дыйканчылыкты өнүктүрүү, дан эгиндерин көбөйтүү, арпа менен сулунун аянттарын кыскартып, жүгөрүнү көбүрөөк айдоого багыт берилди. Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү ийгиликтер жөнүндө сөз болгондо баяндамачынын Киров районундагы «Жоон-Дөбө», «Көк-Сай» совхоздорун атап, чабан Төлөбек Досбергеновдун иштерин үлгү катары атаганы, Сыйнатты өзгөчө шердентти. Ал чөнтөк дептерине адаттагыдай Искак Раззаковдун айрыкча көңүлгө алып, колдонууга боло турган нускоолорун жазып отурду. Съезд аны жаңы ойлорго байытып, районду алдыңкы катарга алып чыгуунун айкын жолдорун көрсөтүп, ийгиликке шыктандырды.

Съезд күндөрү мурдагыдай эле Зууракан Кайназарова, Өлмөсхан Атабекова менен чер жазыша сүйлөшүп, чайлашып, министр Күлүйпа Кондучалова, ырчы Сайра Кийизбаева менен пикир алышып, достук, курбулук сырларын бөлүштү.



Съездден келгенден кийин анын чечимдерин ишке ашыруу боюнча атайын иш-чаралар, графиктер иштелип чыгып, ар бир айылдык кеңеш – чарба, ишкана, уюмдардын так милдеттери белгиленди. Социалисттик милдеттенмелер кабыл алынды. «Эми бул иштерди тынымсыз көзөмөлдөп, талапты күчөтүп, кеңеш берип, жол көрсөтүп, сүйөмөлөп, жетелеп турбаса иш ойдогудай аткарылбай калуусу мүмкүн. Ошондуктан, бир күн да бошоңдобостон чекте турган жоокердей дайым даяр туруу керек» деп ойлонгон Сыйнат кабинетинде ары-бери басып жүрдү.

Февраль ортолоп, күн жылымдап узара баштады. Кар калың жатса да түнкүсүн гана катуураак суук болуп, күндүзү тийген күндөн кар акырындап жумшарып, чатырлардан тамган тамчылар кеч кире салаңдаган муз болуп тоңуп калат. «Жаз жакындап калды. Эми бир аз күндөрдөн кийин жер тоборсуп, күздүктөрдү, беделерди малалоо, кош айдап-себүү башталат. Ага даярдык кандай? Техникалар оңдолуп, жөнгө келдиби? Үрөндөр тазаланып, дарыланып бүттүбү? Буларды дагы бир сыйра кыдырып көрүү керек?» – деген чечимге келди да Киров атындагы колхозго бармак болду.

Колхоздун мекемесинин алдында жалдуу чабдар ат чегилген чана токтоп туруптур. Тизгини мамыга байлануу. Жүнү жылтылдап, семиз багылган аттын эки көзү жайнап, жер чапчып таноолору дердейип, мойнунан чыккан тер узун жылга болуп карайып, төшүнө жакындап калганы анын бул жерге жаңы эле келгенин

айтып турат. Сыйнат эки жакка көз салып, мекемеге кирип, башкарманын кабыл алуу бөлмөсүн ачканда катчы кыз элпек тура калып:

– Келиңиз, эже! – деп таазим кылды.

– Василий Иванович өзүндөбү?

– Жок, эже, бригадаларды кыдырам деп кеткен.

– Активдерден ким бар?

– Агроном жаңы эле баш багып, анан бухгалтерияга киргендей болду. Чакырайынбы?

– Чакыр.

Боз коен тумак кийген, боз нооту пальточон, кара булгаары өтүгү жылтырата майланган, көгүлтүр көздүү, ак саргыл жигит жетип келди.

– Здравуствуйте, Сыйнат Садыковна!

– Здравствуй, Даниил Ильич, как у вас самочувствие?

– Отлично, Сыйнат Садыковна! Ждем весны.

– Да... весна не за горами! А как идет подготовка?

– Нормально.

– Давай, посмотрим, поглядим...

– Хорошо.

Сыртка чыгышты.

– С чего начнем? – деди Даниил Ильич.

– С техники, потом семена... Садитесь в машину. Пусть ваш конь отдыхает.

Техникаларды көрүштү. Сепкичтер, тырмалар, соколор, арык салгычтар, культиваторлор... баары катарга тизилип, дөңгөлөктөрү көтөрүлүп, акталып, майланып шайма-шай экен. Дүкөндө көөрүк күшүлдөп, дөшүгө барскандар урулуп, кызыл чоктор чачырайт... Кара майлуу кийимдерин жылтыратышып, беш-алты



механизатор айыл чарба шаймандарынын калганын оңдоп жатышат.

– По-моему этот год будет урожайным. Потому что, снега много выпало. Сейчас на полях глубина снежного покроя достигает около сорока сантиметров – деди Даниил Ильич.

– Превосходно! – деп сүйүндү Сыйнат.

Кампага кириште. Үрөндөр кондициядан өтүп, сорт-сорту менен кендиктерге куюлган.

Талаага барышты. Дыйкандар, механизаторлор кык ташып жүрүшөт. Тамеки көчөттөрүн өстүргөн парник-парниктерди көрүштү. Жылуу парник, суук парниктердин баарына уруктар себилип, рамкалар, бойролор менен жабылган. Тамекичилер көчөттөргө суу куюп, отоо чөптөрдү отошуп баары иш үстүндө.

Сыйнат кубанычка батты. «Баары ушулардай иштесе, республикада эң алдыңкы катарга чыгат элек. Калинин атындагы, Сталин атындагы колхоздордо даярдык мынчалык болбосо да, дурус. Башка чарбаларга көбүрөөк барып, сүрөп туруу керек» деп ойлонгон Сыйнат агроном Даниил Ильичке, башкарма Василий Иванович Улизького ыраазы болду. Даниил Ильичти чанасына жеткирип койду. Чабдар аттын тери кургап калыптыр. Ээсин көрүп кишенеп жиберди.

– Ну, вам большое спасибо! Василию Ивановичу привет передайте. Хорошо подготовились! – деп коштошту Сыйнат.

Агроном Даниил Ильич Жевна атайын кыдырып көргөнү үчүн Сыйнатка ыракмат айтты да:

– Мы в этом году соревнуемся с колхозом имени Калинина. Недавно мы были у них. Они тоже хорошо

подготовились к весенним работам. Теперь они приезжают к нам. Их председатель Василий Иванович Толстунов очень башковитый мужик, – деди Даниил Ильич Жевна.

– Да, два Василия... Оба они отличные руководители, – деди Сыйнат.

Кийинки күндөрү Сыйнат башка чарбаларда болуп, жазга карата даярдыктарды текшерип бирде кубанса, бирде кейип, бирин мактап далысынан таптаса, бирин жемелеп жүрдү. Кош айдоо, себүү, сугат жана башка көптөгөн жумуштарды бирине-бирин бастырбай, графиктеги мөөнөттө бүтүртүүгө аракеттенгени жакшы натыйжа берди. Албетте, ал өзү жалгыз иштеген жок. Райкомдун, райаткомдун, МТСтин кызматкерлери жабыла иштешип, партбюро, партактив, сессияларда катуу талкуулар болуп турду.

1956-жылы сүт саап алууну жогорулаткандыгы үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун, Кыргыз ССР Министрлер Советинин жана Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин Өтмө Кызыл Туусун Киров району жыл бою колдон чыгарган жок. Койлордон жүн кыркып алуу боюнча Киров району 1956-жылы биринчи орунга чыгып, ар бир койдон 3,2 килограммдан жүн алды. Экинчи орунга жеткен Каганович району болгону ар койдон 2,5 килограммдан гана алып берди.

1956-жылы августта мамлекетке эгин сатуунун планын мөөнөтүнөн мурда 107 пайызга орундаткандыгы үчүн Киров району республикалык Ардак Тактага жазылды.

1956-жылдын декабрь айында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму коомдук мал чарбасын



өнүктүрүүдө жана анын азыктуулугун жогорулатууда жетишкен жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Сыйнатты Ардак Грамота менен сыйлады.

Ш.К.Гайфулинден кийин райкомдун биринчи катчысы болуп шайланган Досу Шабаев Сыйнатты кызуу куттуктагандан кийин сөзүн азил менен аяктады.

– Сыйнат Садыковна, жыл сайын Ардак Грамота ала берип, үйүңүзгө батпай кетет го?!

– Сыйлыкка орун табылат, Досу Шабаевич! – деп каткыра күлдү Сыйнат.

1957-жылдын 16-февралы Сыйнаттын эсинен чыккыс болду. Ушул күнү ал адаттагыдай эле кызматка эрте келип, кат-кабарлар менен таанышып олтурганда телефон чыр этти. Ала койсо Фрунзеден Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Гүлбүбү Жаманкулованын шаңкылдаган үнү угулду:

– Эже, сүйүнчү! Сиз Баатыр болдуңуз!

– Чын элеби, Гүлбүбү?

– Чын, эже, радиону уккан жоксузбу? Мына бакылдап айтып жатат. Биздин республиканын көптөгөн эмгек алдыңкыларына Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилиптир. Арасында сиз да барсыз.

Сыйнат кол жеткен жерде турган радиону бурары менен СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указын окуп жаткан диктордун үнү чыкты. Жүрөгү алкына түшкөн Сыйнат айрыкча кубанып, аптыкканынан Гүлбүбүгө дурустап жооп бере албай:

– Ыракмат, сиңдим, ыракмат! – дегенден башканы айта албады.

– Ырысыңыз тоодой экен, эже! Мээнетиңиз жанып, эң жогору сыйлыкка ээ болдуңуз. Сиз менен сыймык-

танабыз. Сиздей болуп иштөөгө сиздей болуп жашоого умтулабыз!.. – деп Гүлбүбү тынбай сүйлөп жатты...

Сыйнаттын эки көзүнөн жаш тамчылап, бетинен ылдый жылжып, үстөлдүн үстүнө жайылды.Бир аздан кийин акыркы кабарлар орус тилинде айтыла баштап, диктор СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указын толкунданүу менен, сүйүнүү менен салтанаттуу жарыяланды. Сыйнат дымын чыгарбай тыңшады. Баатырлардын арасынан Өлмөсхан Атабекованын, Зууракан Кайназарованын, Төлөбек Досбергеновдун, Балтабай Мырзагуловдун, өзүнүн ысымын угуп, дагы эле жашы жылжып, эсин жыя албай олтурду. Зууракан Кайназарова экинчи жолу Баатыр деген наам алды. Өзү жакшы көргөн синдиси Өлмөсхан Атабекова менен, айрыкча ардактаган эжеси Зууракан Кайназаровага куттуктоо телеграммасын азыр эле жиберейин деген ой жарк этти.

Аңгыча райаткомдун кызматкерлери – орун басары Жумалы Саткыналиев, жоопту катчы Вера Никифоровна Жолоб баш болуп кирип келишип, кабинеттин ичи бака-шака болуп, күлкүгө толду.

Эртеси Указ республикалык газеталарга жарыяланып, айыл-ападан бери куттуктоолор жаады.

Кыйбат апа адаттагы сабырынан жазбай Сыйнатка акыл айтты:

– Балам, башыңа конгон бакытты кармаш үчүн баштагыдан да сабырдуу бол, эч качан шашылыш чечим чыгарба, алды-артын ойлонуп, абдан калыс, адилет болсоң, зоболоң мындан да озот. Эми дем алыш күнү айылга баралы. Аксакал-көксакалдарга чай берип, батасын алалы.



Айылдын улуу-кичүүлөрү чогулуп, көп сөздөр сүйлөнүп, көп каалоо-тилектер айтылып, баары жайдары отурушту. Көп жылдар бою башкарма, бригадир болуп иштеген Сатыбек Базарбаев, айылдык кеңештин төрагасы Жумабек Абдыкеримов баш болгон карылар, Токтосун, Мусамамбет, Чондубай, Козубак, Асанбек, Алымбай, Дүйшөнбек сыяктуу инилер айткан жылуу сөздөр Сыйнаттын жүрөгүн жылытып, кубат берди.

– Сенин Баатыр болгонуңду, районду башкарган адилет жетекчи болгонуңду атаң Садык көргөндө кандай сонун болмок, айланайын Сыйнатым! Ал киши көрө албаса да мына калың элиң көрүп, сага ыраазыбыз. Элдин атын мына өзүңдөй кеменгер, даанышман уул, кыздар чыгарат. Сага баарыбыз алкыш айтабыз, садагам! – деди Сатыбек карыя.

Сатыбек карыянын сөзүнөн кийин жашын тыя албаган Асел апа ордунан тура Сыйнатты кучактап балалактады:

– Кагылайын, каралдым. Жалгызым Садыктын атын туягы...

Аны көрүп Баян апа ыйлап, Сыйнаттын бир каптальн баса кучактап солуктады.

– Кантсин... Бири Садыктын эжеси, бири карындашы да... – дешти эл.

Жашыбаган киши жок. Баары көздөрүн сүртүп, бир аздан кийин кайра күлкүлөр чыгып, эл батасын берип тарады.

Сыйнат жатар алдында эшик алдына чыгып, таза абада ары-бери басып сергигиси келди. Сыртта кечки суук башталгандыктан калың кара пальтосун жамынып, тыбыт жоолугун салынып, өтүгүн кийди. Асман

ачык болгондуктан жылдыздар жымыңдап, баскан сайын кар кычырайт. Суук аба менен кошо ачуу түтүндүн жыты каңылжарды өрдөп, дароо ичиркентип, бир аз баскандан кийин сезилбей да калды. Талыкшыган денеси жазылып, күнү бою уккан-көргөндөрү эсинен шыпырылгансыды. Ал атасы, Сергей досу экөөлөп курган кичинекей эски тамдын шыбагы түлөгөн дубалын кармаганда, аны окууга жибербей үйдө кармагысы келген чоң энеси Турду менен апасы Кыйбатты эстеп, анан үч-төрт атчан менен коңшу айылдан келген атасынын «Эмне үчүн окууга барган эмессиң, кана, китеп кабыңды алып чык!» – деп атасы экөө аттарды минип, мектепке шашып барганы көз алдына тартылды. Ошондогу окууга деген талабы, билимге умтулуусу, азыркы бактылуу учурунан алда канча кымбат сезилди. «Ал турмуштан эмнени тапты? Эмнени жоготту? Жоготкону көппү? Тапканы көппү?». Сыйнат бул суроолорду ойлоп, катуу күрсүнүп, онтоп жиберди. Сырттан караганда ал эң бактылуу, телегейи тегиздей көрүнгөнү менен кээде өзүн дүйнөдөгү бактысыз бейбактардын катарында эсептеген убактысы болот. «Кана, менин баш кошкон жарым?.. Кана, эмчегимди эмизип, алдейлеп баккан балам?» – деп томсорот да, согуш алдында, Жалал-Абадга Акиш экөө көчүп барганда боюнан түшкөн кызыл эт наристесин эстеп боздоп-боздоп алат... «Согуш канчалаган элдин турмушун бузду. Миллиондогон эл кырылып, алардын көбүнүн изи да калбады. Жазмыштанбы?!! Тагдырданбы?!!»

Сыйнат көп басты. Кар кычырап, түнкү суук акырындап күчөй берди. Ал жымыңдаган жылдыздарды сыдыра карап, ааламдын туңгуюк сырына акылы жете



бербей, бул дүйнөдөн нечен-нечен элдер өткөнүн, дагы канчалар өтөрүн, турмуш адам баласы үчүн өтө катуу сыноо экенин ойлоду. "Турмуштун оор сыноосуна туруштук бере алдымбы? Өз ар-намысымды сактай алдымбы?» – деп өзүнө өзү суроо берди да, «Буларга жообум бар!» деп жиберди.

– Ким менен сүйлөшүп жатасың, балам? – деп сыртка баш баккан Кыйбат апа сүйлөндү.

– Өзүм эле, апа!

– Түн бир оокум болуп калды. Чыйрыгып, суук тийип калбасын. Кире гой, кагылайын!

Сыйнат апасынын жанына келип кучагына бек кысып, моюн-башынан жыттап, апасы да аны кучагына алып, эне-бала кышкы түндө көпкө турушту.

*Чымкент айылы.*
*28-декабрь, 2019-жыл.*

## МАЗМУНУ

Биринчи бап ........ 3
Экинчи бап ........ 11
Үчүнчү бап ........ 32
Төртүнчү бап ........ 45
Бешинчи бап ........ 62
Алтынчы бап ........ 74
Жетинчи бап ........ 88
Сегизинчи бап ........ 97
Тогузунчу бап ........ 108
Онунчу бап ........ 118
Он биринчи бап ........ 129
Он экинчи бап ........ 140
Он үчүнчү бап ........ 151
Он төртүнчү бап ........ 165
Он бешинчи бап ........ 179
Он алтынчы бап ........ 189
Он жетинчи бап ........ 205
Он сегизинчи бап ........ 216
Он тогузунчу бап ........ 235
Жыйырманчы бап ........ 252
Жыйырма биринчи бап ........ 265
Жыйырма экинчи бап ........ 276

*Көркөм-адабий басылма*

**Элүүбай Отунчу уулу**

**СЫЙНАТ**

*Роман*

Редактору *Н. Ногойбаева*
Дизайнери *М.Кадыров*
Компьютерге калып салган *Г. Ниязалиева*